
Жалал-Абадская областная библиотека



Жалал-Абадская областная библиотека


Гүлмира!
Өмүрүң узун
Өрүшүң жайык
болсун! Ардайым
кудай колдосун!
Үч уйлөп кез берип
Бактылуу өмүр сүргүн!
19/II-016-ж. Автор: Нур...
т. 0777323977

*Салкын Нуркулова*

# Аймактын чыгаан инсандары.

*Жалал-Абад 2015 ж*

Жалал-Абадская областная библиотека



## Автор жөнүндө

Мен 1947 – жылы 21 – январда Арстанбап – Ата айыл өкмөтүнө караштуу Бел – Терек айылында төрөлгөм. Бир ата бир энеден тогуз бир туугaн бир үйдө тарбияландык. Төртүнчү класстык билимди өзүмдүн айылымда бүттүм. Бешинчи класстан баштап азыркы С. Далбаев атындагы мектепти ийгиликтүү бүтүп, 1966-жылы Борбуев Черикке турмушка чыктым. 1968-жылы Жалал-Абадагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1971-жылы "Башталгыч класс мугалими" адистигине ээ болдум. 1968-жылы сентябрдан баштап, өзүм окуган мектептен ыр сүрөт мугалими болуп эмгек жолун баштадым. 1970 – 74 – жылдарда үй шартыма байланыштуу (Мичурин) А.Тагаев атындагы мектепте улуу пионер вожатый болуп эмгектендим. 1974-жылы ноябрь айынан баштап №17 - азыркы С.Далбаев атындагы орто мектепте иштеп жүрүп, 1997-жылы 21-январда эс алууга чыктым. Азыркы убакта үч уул, үч кыздын апасымын. Отуз эки неберенин чоң эне, таенесимин. Анча-мынча чыгармачылыкка аралаштым. 1990-жылы Базар-Коргондо "Эмгек жалыны" райондук газетага "Жалган жазган жакшыбы?" деген каяша пикир жаздым. Бирин-терин ырларым райондук газеталардын беттерине чыгып жүрдү. 1997-жылы 15-февралда "Дил" газетасына экологиялык сабакта "Курчап турган дүйнөнү таанып билүүнү үйрөнүү", "Арстанбап жердин сонуну" деген тарбиялык сабагым чыкты. Нуркулова Салкын паспорт боюнча Борбуева, алты балaнын апасы. Тун уулу Борбуев Өморбек Скрябин атындагы айыл - чарба институтунун суу чарба башкармасында 20 жылдан бери эмгектенет. Борбуева Кайлоокан Сузак районунда "Шабданбай Абдырахманов" атындагы мектептин мугалими. Эл агартуунун отличнигинин ээси. Борбуев Талантбек атасынын кесиби аркалаган "чыгаар айдоочу". Борбуева Чынаркан Көк-Тоңду айылында бала-бакчада иштейт. Борбуева Тотукан кесиби боюнча "журналист". Азыркы учурда Жусубали уулу Жолдош мектебинде мугалим болуп иштейт. Эң кичүү уулум Борбуев Тынчтык бул уулум да

атасынын кесибин аркалап "айдоочу". Эң алгачкы китебим 2011-жылы август айында "Жер соорсу Арстанбап санжырасы" аты менен жарык көрдү. 2013-жылы май айында "Айылдык жаш мугалимдерге жардам" аттуу китебим чыккан. Азыркы кезде ардактуу эс алуудамын. Буйруса үчүнчү китебимдин үстүнөн иштеп жатам.

## Аймактын алдынкы инсандары. Иштерман жылы 2013-жыл.

Иштеп журуп из калтырган элине.
Адал иштеп из калтырган жерине
Мезгил менен кошо жүрүп жүгөндөп.
Эл алдында өлбөс эмгек калтырган,
Эскеремин маркумдарды – иштерман.

Эмгектенген ар кесиптин ээлерин
Эл алдында жүзү дайым жап жарык
Эмгегинен баар таап кадырман
Эмгектенип жүргөн алдынкыларды
Элге жазып, таржымалын тактаймын.

Иштеп жүрүп эс алууга чыккандар
Турмуш жолун тайгаланбай баскандар
Тарбиялык маанисине таянып
Жаштар үчүн туура багыт болот деп
Келечектин ээлерине тартуулайт.

**2013-ж 15-март**

## Айылды даңтоо – ар кимдин колунан келе бербейт!

*(Жазуучу, журналист Аким Акжоловичтен сын пикир)*

Урматтуу окурман, мен Базар-Коргон райондук Арстанбап өрөөнүндө жашаган, мугалим эже Нуркуловаын бул китеби. Кыргыз жазуучуларынан айырмаланып нукура айылды адабий



көркөм тартуулайт жана айыл адамдарынын руханий дүйнөсү менен жашоосун эң мыкты билген, аны чыгармачылык менен өздөштүргөн айыл жазуучусу! Эмгек сиңирген эң мыкты деп атасак болот!

Нуркулова көп издеген Айылдын, элдин, адамдын ички психологиясын ачып берүүгө көп аракет жасаган чыгармачыл адам. Анын башка жазуучулардан өзгөчөлүгү ушунда турат.

Салкын Нуркулованын өзгөчө дүйнөсүн, анын бүтүндөй көз карашынын кендигин китепти окуп туруп сезүүгө болот. Мындай жашта китеп жазуу ар кимге да буйруй бербейт. Ийгилик коштосун!

***Аким Акжолов*** ***жазуучу***

## Кыргыз Респубилкасын ын билим берүү жана илим министирлиги

*Жалал – Абад облосунун*
*Базар – Коргон районуна караштуу*
*Могол айыл өкмөтүнүн*
*Кызыл – Суу кыштагынын тургуну*
*С. Нуркуловага*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги Сизди "Жер соолусу – Арстанбап сажырасы" китебиңиздин жана "Айылдык жаш мугалимдерге" жардам аттуу колдонмоңуздун жарык көргөндүгү жөнүндөгү катыңызды терең кунт коюп карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет.

Сизге учурдан пайдаланып көп жылдык эмгегиңиз жаш муундарды тарбиялоого кошкон салымыңыз үчүн ыраазычылык билдирет. Билим берүү жана илим министрлиги бул багыттагы аракетиңизге ийгиликтерди каалайт.

***Министирдин оорун басалы*** ***Н.Ишекеев***
***01.08.2013ж***

Жалал-Абадская областная библиотека

Ошондой эле пикирди Бишкек шаарындагы жогорку кеңештин депутаты КР илим билим берүү министири Каныбек Осмоналиевден алган.

2013 – жыл .

## Салкын эжеге арноо

Тоонун суусу толкуп ташып аккандай,
Жүрөгүнөн чыккан ырлар батпаган.
Кезек келди, мээнет ишин актаган,
Эжекенин даңктуу аты Салкынай.

Мээнет кылдың токтоп калбай чарчабай,
Байтүп алма, алчасындай жаңгактай.
Дайым таасир сөздөрүңө тан берем,
Бирге жүргөн эжекемсиң Салкынай.

Зоолобосун данкың алыс бийиктеп,
Кармап турган жаңы чыккан китебиң.
Арстанбапты даңазалап турасың,
Ишти дагы андан ары улагын.

Түгөнбөсүн аккан суудай булактай,
Созолонсун үнүң шаңдуу кайыктай.
Ырдап жүргүн жазгы чыккан булактай,
Элиң билсин таанып жүрсүн жылдыздай.

***Тагаева Жылдыз 2012-ноябрь***
***С.Гумкана 0777-30-71-70***

## АРНОО

Түйшүгүн мугалимдин тартып келген,
Ачуусу да, таттуусун да татып келген.
Ак дилинде болгон күчүң зор, билемин,
Чүрпөлөргө талыкпастан чачып келген.



Майтарылбас эрк менен, эмгектенип,
50 - жашка бүгүн жетип келди.
30 - жылдык үзүрлүү эмгегинде,
Урпактардын келечегин чечип келди.

О, Салкын кутман курак куттуу болсун,
Үйүңө ырыс таалай бакыт консун.
Көрүп сен карылыктын сан жыргалын,
Койнуңа кубанычтын шаңы толсун!
(Тиркешов Болотбек)

## 50 жашың кут болсун

Мына эми ачып көздү жумганча,
Иш жолуна 30 - жылдай болуптур.
Капкара чач ак бубакка баш ийип,
Ак жүзүңө майда бырыш конуптур!

Кызың Назбан, уулуң Убан болушуп,
Очор-бачар үй-бүлөлүү болушуп,
Кайран жаштык калып артта кайрылбай,
Мына бүгүн 50 - жашка толупсуң.

Дагы айтарым 50 жашың кут болсун,
Турмушуңа жарык маанай кут толсун.
Узак жашап, дагы басып 50нү,
Кошкон жарың бала-чакаң тынч болсун!
( Буайша Абдувалиева )

## *"Жер соорусу Арстанбап санжырасы" китебине карата пикир.*

Урматтуу Салкын эже!
Сиз белекке берген китебиңизге чоң разычылгымды айтам. Биздин китеп канабызга эң керектүү китеп экен.

Жалал-Абадская областная библиотека

Окурмандарга тартуулайбыз, алар да сиздин чыгармачылыгыңызды окуп таанышсын. К. Байялинов атындагы республикалык балдар жана жаштар китеп канасынын окурмандарынын жана жамаатыбыздын атынан рахмат айтабыз. Ден соолукта болуңуз, көп жашаңыз, ырларыңыз чыгып турсун деп сизди урматтоо менен

Китеп кананын директору Роза Султангазиева

21.04.2015ж

## Ийгилик коштосун "Жер соорусу Арстанбап санжырасы" китебинин автору Салкын аяшка

Китебиңди окуп чыктым аяшым,
Жакшы экен дүйнөгө көз карашың.
Сезимтал далалатың абдан зор,
Күйүкчөлүк мүнөзүңдү аядым.

Окуйбуз деп кетип калсак баарыбыз,
Данды, малды карайт элек кайсыбыз.
Жараткандын "теңдемеси" ушундай,
Тагдырларга таң беришибиз парзыбыз.

Да бир китеп чыгарам деп басмадан,
Алектенип жүрөт дешти кайрадан.
Андай болсо ийгиликтер коштосун,
Көп ырларың гүлдөй болсун жайнаган.

**Аким Мырзакматов 2012-жыл**

## Дыйкан Атам жөнүндө баян.

"Нуркул" – деп неге атын койду экен,
Нурдантып Алла Кудай берди бекен.



Чоң атам, чоң энемдер өмүр тилеп,
Энчилеп "Нуркул атын" койгон экен.

Арстанбап айыл округунуна караштуу Бел –Терек айылында жашап өткөн Тагаев Нуркул 1904-жылы төрөлүп өмүр бою сабаты жок болгон. Эл арасында билети жок партия (закончу) дешет эле. Анткени, чындыкты бетке айткан бирөөнүн ала жибин атабаган. Жайында жайлоодо малын алып багып, кыштоодо адал эмгеги, маңдай тери менен жашоо кечирип кара кетменин чаап жер эне сырдашы болуп жүрүп өмүр сүргөн. Улуу Ата Мекендик согуш убагында армияын коммиссариатынын буйругунун негизинде Көк-Жангак шахтысында эмгек фронтунда кызмат өтөгөн. Тогуз бала чоңойтуп өз ордуна койгон. 1978-жылы дүйөдөн кайткан. Апам Айдаралы кызы Бууча 1968-жылы 54 жашында дүйнөдөн өтүп кеткен. Апам сөзгө чебер, кошокчу, ырчы, макал-лакапты жана жомокту көп айтат эле. Турмушка туруктуулукка эмгекке тарбиялаган ооз эки чыгармаларды айтып берчү. Бизди туура тарбиялоого аракеттенген экен.

## Мен дыйкандын кызымын

Жаз алды мен налган кетмендерин,
Сокосун атка майлап кошоор эле.
Дың жерди терең айдап эгин сээп,
Кайракы бышат ушул дээр эле.
Ак эгин кара эгиндин бүт баардыгын,
Зерикпей көп көп кылып эгээр эле.
Күн сайын аңызыңа өзү барып,
Чаңкатпай суусун өзү койор эле.
Аңгыча алтын күздүн берекеси;
"Жыйнап ал" деп адырдан үн созоор эле,
Буудайын оруп топ топ басаарында
Дайыма мени ээрчитип алаар эле.
Моло ташты жалгыз атка кошуп алып,
Үстүнө мени мингизип айландырып,
Майдалап саманынан бөлөөр эле.

Жалал-Абадская областная библиотека

Түн бою жыгач күрөк кармап алып,
Кыпкызыл ак буудайын алаар эле.
Түшүмүн чоң каптарга салбай туруп,
Өзүнчө бир нерсе айтып бата кылып.
Өзүнүн кырманынын чекесине
"Бул акула" – "Бул кепсен" деп, төгүп коюп.
Андан кийин таар капка салаар эле,
Эмне үчүн эмгегиңди таратасын?
- деп карап мен түшүнбөй сураар элем,
- анда атам:
"жан жаныбар" баарыооз тийишин,
Курт-кумурска канаттуулар тоюшсун,
Акыретте тиет мага сообу,
Дүнүйөкөр болбо балам оболу".
Деп жөн гана маңдай терин бир арчып,
Түшүндүрүп берээр эле ал өзү.
Көрсө атам "баба дыйкан" өзү экен,
Бүт турпаты айтканынын баардыгы,
Акыл менен акыйкаттын көзү экен,
Өмүр бою сабаты жок болсо да,
Туруктуу бол эмгекчил бол дегенин
Сыймыктанып толкунданып айта алам,
Эй замандаш! Бул ким экен дебегин,
Бүт дүйнөгө берешендүү жериндей,
Арстанбаптык алп дыйкандын кызымын!
Артында калган уул – кыздары
Баардыгы өз өзүнчө турмуш ордунда,
Уул кыздардын апа, атасы:
Болушуп, уул үйлөп, кыз берип,
Небере чебелерди жетелеп,
Карылыктын мезгилинде өмүр сүрүүдө.





## Нагыз дыйкан

Бегматов Осмонали 1924-жылы Кызыл – Суу кыштагында төрөлгөн. Өмүр бою карапайым дыйкан болуп, жаратылыштын, жер эненин өз баласы болду. Адал эмгеги, маңдай тери менен эмгек ардагери, алдынкы дыйкан болуп эмгектенип өмүр сүргөн. Жубайы Сатымкулова Гүлсана экөө жети уул, эки кызды эрезеге жеткирген. Алардын уулу Жаныбек Осмоналиев 1954-жылы Кызыл –Суу айылында төрөлгөн. Ошол айылдан башталгыч кылассты бүтүп, Мичурин атындагы мектептен 8-классты бүтүп, №17- К.Октябрь атындагы мектептен орто билимге ээ болот.

Ташкент шаарында айыл – чарба институтунан агрохимикти бүтөт. 1975 – жылы Ош областындагы Кашкар – Кыштак айылынан агрохимия лабораториясында агроном болуп эмгек жолун баштайт. 1976 – жылы Ош областындагы Кашкар – Кыштак айылынан агрохимия лабораториясында агроном болуп эмгектенип жүрүп. 1976 – жылы Кара –Суу райондук айыл – чарба башкармасында башкы агроном болуп иштеген. 1976 - 1980 - жылдары Кара –Суу райондук айыл – чарба башкы инженер гидротехник, 1980-1981-жылдары Кара – Суудагы Таширов атындагы колхоздо башкы агроном болуп эмгектенет. 1981-1984-жылдары Кыргыз ССРнин Кара – Суу

РККП комитетинде инструктор, 1982-1984-жылдары Большевик айылындагы Кыргыз ССРнин пахтачылык боюнча тажрыйба стацийасында партиялык уюмдук секретары болуп иштеп туруп, 1988-1990-жылдары Саратов шаарынан Жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1996-жылы Кыргыз ССРнин Кара – Суу шаардык партиялык комитеттинде иштеген. 1991-1992-жылдары Жалал – Абад областтык курулуш башкаруу бөлүмүн жетектейт. 1992-1994-жылдары Аксы райондук мамлекеттик адмиистрациясынын башчысынын акимдин орун басары болот. Кербен айылында 1994-1995-ж областтык аткаруу бийлигинде, Базар-Коргон райондук акимдин орун басары болуп эмгектенген.2002-2005 жылы Жалалабад областык бийликте губернаторду орун басары болуп иштеген.Жалалабад областык бийликте 2012 –жылдан тартып жоопту кызматтарда иштеп келе жатат. Мамлекет тарабынан бир нече ардак грамоталардын, орден медалдардын ээси. Мамлекеттик кызматтык 2 - класс даражасы ыйгарылган. Үй-бүлөлүү үч уулдун атасы алты неберенин чоң атасы.



**Осмоналиев Жаныбекке арнаймын**

Тарбия алып карапайым дыйкандан,
Талыкпастан билим алды Ташкенттен.
Берешен жер эненин баласы,
Так аткарып татаал иштин агасы.



Эл алдында эмгектенип келесиз.
Эринбестен эчен түрдүү эл менен,
Эл ичинде тил табышып эчен жыл.
Элиң үчүн эмгек менен жашайсыз.

Сиз өстүргөн уулдардын бардыгы
Билим алып очор-бачар болушуп,
Адам болсун эл ишине жараган.
Адилеттүү кыргыз элдин жүгүнө,
Майтарылбас түз көз менен караган.

Ишиңизди ийгиликтер коштосун,
Жаратканым кош кол менен колдосун!
Жубайыңыз менен кошо тең карып,
Неберелер, чеберелер ээрчитип,
Ак тойлордо күбө болуп жүрүңүз!

**18.11.2013ж**



**Алдыңкы теримчи ак алтындын устаты.**

Азыркы сөз Жалал – Абад областынын Базар – Коргон районуна караштуу мурдагы Ленин колхозунан, теримчи, эмгек ардагери Мырзахалилова Минавархан эже жөнүндө болмокчу. Бул каарманыбыз 1938-жылы Анжиян областына караштуу

Жалал-Абадская областная библиотека

Пахта – Абадда колхозчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Союз мезгилинде Өзбекстанга барып иштеп жүргөн кыргыз атуулуна турмушка чыгат. 1955-жылы Базар – Коргон районундагы Акман сельсоветине көчүп келип жайгашат. Ошол жылдан баштап колхозго мүчө болуп кирип, өзүнчө жер ажыратып алып, өмүр бою ошол талаада эмгектенет. Жыл алыс төрөп, бала багып чоңойтуп, "Баатыр эне" ардактуу наамына ээ болот. Балдары эми чоңоюп жолго жүрүп калгандан баштап апасына жардамчы болуп иштешет. Кыш мезгилинде гана үйдө болбосо, калган мезгилин жалаң даркан талаасында өткөзөт. Эмгеги текке кетпестен, бир нече мактоо баракчасына ээ болот.

Социалистик эмгектин жеңүүчүсү,төш белгилери;

Коммунисттик эмгектин ударниги

1980-жылы " Жигули" автомашинасы менен сыйланат.

Айылдык кеңешке эки жолу депутат болуп шайланган. "Эмгек ардагери" медалынын, "Баатыр эне" алтын жылдыздын ээси. Айылда ак жоолукчан энелердин насаатчысы. Райондук "эмгек жалыны" газетасын таржымалы чыккан, азыр ардактуу карылыктын доорун сүрүүдө. Он баласы өз алдынча турмуш туткасын кармаган. 38 Небере, 8 чеберенин чоң – эне, таенеси. Бактылуу карылыгыңыз байсалдуу болсун! ***Минавар Эже!***

Жаз алды менен талаага,
Кыктарды чачып кол менен.
Арыкты чаап кол менен,
Суу келтирген эл менен.

Уругун тандап чигитти,
Уктабай чабык чааптыр.
Ак алтынды ак колдор жаратат,
Деген өмүр өкүм сүргөт турганда.

Эмгегин баалап кадырлап,
Сыйлыктарды ээси болду аябай.
Айылынан депутат да болуптур,
Эмгегиңиздин өзүрүн узак жашап көрүңүз



Урматтап баккан балдарың,
Уул кыздардын тойунда
"Умай эне" сиз болуп,
Урмат сыйын көп көрүп,
Узатаарда тойлордо
Ак пата берип жүрүңүз!

**Жазгым келет; *бүт өмүрүн агартууга арнаган мөмөлөрү түш тарапта жайнаган.***



## Бактылуу карыя жөнүндө баян

Базар – Коргон Астанбап жолунда "Кызыл - Октябрь" айылында көчөнүн боюнда эки кабаттуу үй көрүнөт. Ал үйдүн эшигинде "Үлгүлүү үй – бүлө" деген жазууга көзүң түшөт. Ал үйдө жашаган бактылуу карыя Калбеков Бакы ажы ата жашайт. Ал 1925-жылы Мекке – Турпакта төрөлөт. Апасы төрөгөн убакта кара басып каза табат. Атасы Калбек Советскийдеги пахта пунктту салдырып алты жашарында иштеп жүргөн убакта караланып кулакка тартылып, Ошто тирүүлөй жерге көмүлүп

кеткен экен. Тоголок жетим болуп, балалык күнү оор кыйынчылыкта өтөт. Кызыл – Октябрь айлынан 7-классты бүтөт. Үч айлык мугалимдик курсту бүтүп, Базар –Коргондо 1942-жылы Большевик мектебинде иштеп жүрүп, кийин Кабага которулат. 1949-53-жылдары ал айыл көчүрмө болгондон кийин жок болуп калат. Ошого байланыштуу өзүнүн айылына келип Кызыл – Октябрь мектебинде иштеп жүрүп атдактуу эс алууга чыгат. Уул кыздардын бардыгын окутуп турмуш туткасын карматып, алар элдин жүгүн аркалап мекенине кызмат өтөөдө. Улуу баласы Кубанычбек Юрист, Генерал - Майор Юстиция илиминин кандидаты, Москвадагы Ч. Айтматов атындагы коомдун мүчөсү, жазуучулар союзунун мүчөсү, Ж.Мамытов атындагы сыйлыктын лауреаты. Кубанычбектин калемине таандык "Из калтыр", "Кыргызстан" – деген ырларына обон чыгарып Осмонов, Эркин Кайымовдор, ырдап жүрүшөт. Кийинки уулу Сапар политехникалык иниститутту бүткөн. (ГАИ) жол коопсуздук бөлүмүндө иштеп жүрүп, 25 жылдан кийин эс алууда, 3 уул, 2 кыздын атасы. Шарапат Ош мамлекеттик физика матиматика бөлүмүн бүтүп, 1 - май орто мектебинде иштеп жүрүп, эс алууга чыккан, 6 баланы апасы. Ажы атанын уул – кыздары өз алдынча турмуш куруп, мекен алдында кызмат өтөдө. Балдар кыздарынын бардыгынан көргөн неберелери 44, чеберелери 30, неберелеринин ичинен 28и жогорку билимдүү, эмгектенип жүрүшөт. Кийинкилери окуп жатышат. 1993-жылы мусулмандык парзын аткарып, ажы болгон. Бакы ажы ата 2001-жылы "Кызыл – Октябрь" айылына мечит салдырып "Калыбеков Бакы ажы" атындагы мечит болуп аты коюлган. Жалал –Абад облусунун Базар – Коргон районунан кадыр - барктуу ажы аталарыбыз болуп саналат. Сардал экөө балдардын жанында өмүр сүрүүдө. Бактылуу карылыгыңыз байсалдуу болсун!



## Ажы атага

Атадан жалгыз калып бала күндөп,
Өсүпсүз далай-далай өксүктүктө.
Бактылуу балалык күндөрүңүздө,
Туш келет тоголок жетимдикке.

Ыңаалап бул дүйнөгө келген кезде,
Ууз сүтү озуна тиер кезде.
Төрөттөн кара басып каза табат,
Ымырыкайдын киндигин кесип алар кезде.

Көрбөптүр өңү түсүн билбейт кандай,
Калыптыр мээримиңе толук канбай.
Кандай татаал оор турмуш көрсө да,
Калбаптыр заманынан артта калбай.

Алла эгем аябаптыр таттуусунан,
Уул кыздын бүт баардыгы чоңойушуп.
Жогорку окуу жайын бүтүрүшүп,
Мекенге эмгектенет салым кошуп.



Бактылуу карылыгы куттуу болсун!
Балдары бүт бардыгы аман болсун.
Эл үчүн эмгектенип талыкпастан,

Жалал-Абадская областная библиотека

Жакшылыктын үрөөндөрүн себе берсин.

Дүйнөдөн эртерээк отүп кеткен Карамат эжем
Акылдуу коргошундай салмактуу элең.
Уул кыздын бүт баардыгын тарбиялап,
Турмуш жолун карматып койгон элең.

Уулдан урмат кыздан сый
Узак жашап көрүңүз!
Үлгүлүү мурас болчудай,
Кеп-кеңеш айтып бериңиз.



**Айылдын агай Дүйшөнү**

**Тагаев Адиш Тагаевич (өз аты Абдилла)**

1929-жылы 1-январь күнү Базар – Коргон районуна караштуу Могол айыл өкмөтүнүн Кызыл – Суу айылында кедей дыйкандын үй – бүлөсүдө төрөлгөн. Беш бир тууган болгон: Ата – энесинен эрте жетим калып, бир туугандарын бага турган өзү болгон. Агасы Каниет фронко келип курман болгон. 1935-жылы Кызыл – Суу айылында Сабрали аттуу адамдын үйүнде биринчи



мектеп ачылат. Ал мектепте Гумкана, Жарадар, Кызыл – Суу айылындагы окуучулар келип билим алат. Тагаев Адиш агай ушул Сабрали мектебинен билим алып баштаган. Согуш жылдарында 14- 15 жаштагы колхоздо буудай кампасында фронтко жөнөтүүчү учетчик болуп иштейт. Өзүнөн кичине бир тууугандарын өзү багып, аталаш эжелеринин жардамы менен багып чоңойтот. Атасынын биринчи байбичеси өгөй - энеси Бурма кемпир балдарындай көрүп асыраган. Согуштан кийинки жылдарда айылдаштары менен Жалал-Абад интернатына барып билимин улантат. Кадыров Маман, Молдошев Молдосмон, Тагаев Адиш аттуу атактуулар ушул Кызыл – Суу аймагында биринчилерден болуп билим алган атуулдар болгон. Ушул эле атуулдар билимин улантып, Жалал – Абаддагы 2 жылдык педтехникумду ийгиликтүү аякташат да, өз элине келип мугалим, кийин директор болуп иштешет. 1953-жылы өз айылындагы Кочкорова Токтоканга үйлөнөт. Тагаев Адиш агай эмгек жолун Кара – Ой айылындагы Табылды – Ата мектебинен баштайт. Андан кийин №15 - Правда мектебинде иштейт. 1960-жылы Гумкана айылындагы “Дашман” 7 жылдык орус мектебине которулуп, ошол жерде мугалимдик кесибин улантат. 1963-жылы “Дашман” 7 жылдык мектеби Мичурин 8 жылдык мектеби болуп аталат. 1966-жылдан баштап Мичурин мектебине директор болуп Адиш агай дайындалат. 1972-73-жылдары жаңы 192 орундуу мектеп курулуп бүткөрүлөт. 1973-74-жылдары №18 - Мичурин мектеби болуп аталып калат. Ушул эле мектепте Адиш агай 16 жыл директор болуп иштейт. Райондо ошол мезгилде эң алдынкы мектеп болуп аталат. Ошондуктан Адиш агай чоң сыйлыктардын ээси. 43 жыл тынымсыз эл үчүн кызмат кылып эмгек пенсиясына чыгат. 2007-жылы эң алдыңкы ветеран мугалимдин атын өзү иштеген мектебине райкеңештин чечими менен ыйгарат. Ошонтип №18-Жашыл –Көл

мектеби №18 - Тагаев Адиш мектеби деп аталып калган. Азыр Адиш агай 5 кыз, 7 уулдун кадырлуу атасы 50 неберенин барктуу бабасы. Уулдары кыздары ушул эле мектепте ата жолун улап мугалим болуп эмгектенет. Алардын төртөө директор болуп иштейт жана иштешкен. Жубайы "Баатыр эне" алтын жылдыз төш белгисин алат.

Лениндин 100 жылдык медалы
Социалдык мелдештин жеңүүчүсү,
Эмгек ардагери,
"Методист мугалим" төш белгиси менен сыйланган.

2012ж ноябрь

## Тагаев Адиш агай

Кедей дыйкан үй – бүлөдөн төрөлүп,
Кызыл – Суудан Сабралы үйүнөн.
Калем алып кат сабаты жоюлуп
Кат таанып эсепчи болуптур.

Катаал согуш өкүм сүргөн убакта,
14-15 жашта болот бул агай
Ата –энеси экөөнөн тең ажырап,
Эсепчилик кызмат өтөйт колхоздо.

Тылдагы эмгекчилердей,
Далай, далай дан жөнөтөт фронтко.
Чоң агасы Каниет кетип-согушка,
Ошол бойдон дареги жок болуптур.

Инилерин, байбичеси атасынын мурунку,
"Бурма эне" мээрим төгүп асырап,



Кордобостон аман эсен чоңойтот,
Согуш бүтүп тынчтык өкүм сүргөндө.

Билим алган биринчилерден болуптур.
Мама Адиш Молдосмон агайлар бирге ,
Жалал – Абаддан интернаттан улантат
Эки жылдык пед техникумду бүтүп,

Өз айылынан эмгек жолун баштаптыр.
1953-жылы Кочкорова Токтокан экеге.
Баш кошуп, турмуш курупсуз
Табылгы –Ата Көк – Тоңдуга сиз барып

Сабак берип бир далай жыл жүрүпсүз,
1960-жылында Гумканага сиз келип,
Мугалим болуп иштеп жүрүп сиз далай
Директорлук орунга да жетипсиз.

Түйшүгүн тартып талыкпай,
Түйшүктөнүп кызматына зерикпей
Бүт өмүрүн агартууга арнаган.
Адиш ага агартуунун "алпы" деп
Адам затка ачык эле айта алам.

Токойлуу жердин балдарын.
Топтоп бир келип окуткан.
Токойдо жаңы барлардын,
Турмушун тактап иликтеп.
Тоодогу өскөн балдарга,
Таамайлап өтүп сабакты
Табият таануу билимин,
Так сезимге жеткизди.

Жетекчи болуп далай жыл
Жеткичек менен Кадырды
Жакшы жолго үгүттөп,
Жетелеп чыкты катарды.

Өзүнүн уул кыздарын,
Мугалимдик кесипке
Жөндөмүнө жараша,
Каалаган кесиптерине

Билимдүү болду жогорку,
Иштеп жүрүп такшалып,
Жетекчилик орунга,
Жетишти алар учурда,

Жеке турмуш жолунда.
Дагы да узак жашаңыз,
90дон өтүп арылап
Акыл насаат сөз айтып,
Айылда барктуу атасыз!
Кылымга жашап оорубай
Кымбаттуу ала болуңуз.

6/12/2012-жыл



**1959 –жылы туулган 2013 –жылы 24 – августа каза болгон**

## Тагаев Друсбекти эскерүү

Толкушуп турган айга окшоп,
Толуп турган убакта,
Тагдырдын болуп буйругу




Түбөлүк кетти дүйнөдөн.

Артында калды уул кызың,
Армандуу калды ата – энең,
Ар дайым эстеп күн сайын
Ардактап куран окушат.
Артыңда бир туугандарың.

Топурагың торко болсун,
Жаткан жериң жайлуу болсун,
Жаткын элесиң жашай берсин,
Жамаатың окуучуларын,
Жалпы эле жолдошторун.
Жолдошторуң, саналаштарыңдын
Эсинде түбөлүккө жашайсың!

## Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, учкучу жөнүндө сөз!




Айтылуу Арстанбап аймагынын Ооган –Талаа айылынан төбөсү көрүнгөн инсандардын бири Турукбаев Долдой ата болуп эсептелет. Жылкычы Долдой ата менен Өмүржан апа: Тиркеш, Эргеш, Шукурали, Токе, Анарбай, Курманбек аттуу

уулдардын ата – энеси болуп, тарбиялап өстүргөн. Жаңыдан колхоз курулган убактан баштап биринчилерден болуп колхозго кирип, жылкы багып. Күрөбөс, Күмүш, Кең – Кол, Жазы –Жарым ж.б. Жайлоолордон жайлоо көтөрүп, жылкынын санын көбөйтүп, колхоздун түптөлүшүнө зор салымын кошот. Эмгек кызыгын убакта Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Ал согушка Дөлдөй атанын Тиркеш, Эргеш, Шукурали үч эр азамат уулдары эл менен коштошуп согушка жөнөйт. Согуштан Тиркеш аға бутуна ок тийип, майып болуп келип колхозго иштейт. Шукуралиси дарексиз жоокерлердин катарында жок болот. Эми биз сөз кыла турган каармаыбыз Дөлдөев Эргеш ава жөнүндө болмокчу. Дөлдөев Эргеш ага 1921-жылы Ооган – Талаа айылында төрөлгөн. Жаш күнүнөн эле зирек болуп Жалал – Абаддан билим алып келип, мугалим болуп иштейт. Комсомолдун ячейкасын түзүп, Ачы районунда биринчилерден болуп иштеп турганда, эл башына караңгы түн түшүп, Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Жалындаган комсомолдук сезими менен согушка аттанат. Мамажан палван кошо барып бир шаарга түшөт. Аябай суук убак болот. Ал суукта жээкте от көрүнөт, ал отко жетүү аябай кыйын болот. Мамажан палван Мырза- алини жармаштырып етүп кетет. Ошол отко барышып жылынып аман калышат. Отко жетпей калган солдаттардын бир нечеси таңатканга чейин тоңуп калат. Эргеш ава билимдүү болгондуктан, учкучтардын курсуна окутуп, учууга даярдалат. Аны бүткөндөн кийин, абада учуп канчалаган октордy жамгырдай жаадырып, душмандардын мизин кайтарат. Парашют менен түшкөндө ээн токойлорго, сездактарга түшүп кыйынчылыктарды өткөзөт. Ээн эч нерсе жок, көзгө көрүнгөн нерселерди жеп жан сактайт. 1944-жылы КПССтин мүчөсүнө кирет. Согуш бүткөнчө 49 жолу көккө учуп душмандын мизин кайтарат. Эгерде 50 жолу асманга учкан болсо Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наам бермек. Бир учуу жетпей калып "Баатыр" болбой калат. Өмүр башка экен. "Кырк жыл кыямат болсо, бей ажал чымын өлбөйт" дегендей, ошондой жалындаган кызыл оттун ичинде жүрүп жеңишти көрөт. 1946-жылы "аман-эсен келе жатат" – деген кабар`ата –энесине угулат. Базар –Коргонго ат



жөнөтүшөт, жүктөрүн атка артып Украинцев Михаил досу экөө келет. Ошол учурда кудайы кылып жандык сойгонго тыюу салынган экен. Дөлдөй ата менен Өмүркан апа бир эчкини тамдын башына бекитип багышып, түн ичинде союп кудайы өткөзөт. Келип райондо инструктор болуп Большевник мектебинде, Чарбакта директор болуп өз ишин улантат. Ошол мезгилде өтө оор ачарчылык өкүм сүрүп турган экен. Айылдан балдарды уюштуруп Токтогулга данга барып, дан жүктөп келе жатса Ашуудан тосуп өткөзбөй кыйнайт. Ошондо Эргеш ава белиндеги офицердик кемерин чечип тартуулайт. Ошентип, элдин эгин эккенине урук жеткизип, ачарчылыктан аман калат. 1946-жылы Көк –Алма мектебинде бирге иштеген. Сармырзаева Буажар эжеге үйлөнөт. Буажар эже сабаттуу жана эсепке так болгондуктан, колхоздо жетекчилик эсеп учетун ушул эжеге түздүрчү экен. Эженин Көк –Алма мектебинде иштеп жүргөндө окуткан окуучулары алдынкы инсандар болуп өстү. Алардын атасы: айтсак, немец тили китебинин автору Чойбеков Рыскул, биология илиминин кондидаты Рахманов Козубай, Жалал–Абадтагы педогигалык окуу жайынын директору болуп иштеген, билим берүү тармагын жетекчилик кызматта эмгектенген Нышанов Бекболот Нышанов Бекболот, Рахманкулов Ибраим, Абдыкадыров Максат жана ушул сыяктуу _-. Бул эки жубай мезгилинде агартуу тармагында, айылда эмгектенип көчүрүп жүрүп, элдин сабатсыздыгын жоюп, окууга, эмгекке болгон кызыгуусун арттырып элге эмгегин калтырган. 1946-жылы Гумканада иштеп жүрүп уулдуу болушат. Уулун чечен досу "Таирбек", деп коюп берет. Кийин Заирбек, Арстанбек, Арзыкан, Марат, Шермат, Эрмат аттуу балдарды көрүшөт. Кийин Дашманга барып, Мектепти жетектеп иштеп жүрүп эже экөө тең ошол мектептен ардактуу эс алууга чыгат. Айылда эл арасында ар кандай иштерди чечип, уюштуруу иштерин жүргүзүп өттү. Алардын тарбиялап өстүргөн балдарынын баары өз иштерине так. Мекенге кызмат кылуу менен эл арасында кадыр барктуу, үй – бүлөлүү болушуп, турмуш туткасын кармап үлгүлүү өмүр сүрүүдө.



Улуу уулу Эргешов Таирбек 1967-жылы орто мектепти бүтүп, азыркы Арстанбап Ата токой чарбасында "Дашман" токой бөлүмүндө токойчулук кесиптен, эмгек жолун баштайт. 1970-жылдан бери "Ооган талаа" почтасында эмгектенет. 2008-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Кыргыз Республикасынын транспорт, коммуникация Министирлиги тарабынан бир нече мактоо грамоталарды алган. "Эмгек сиңирген ишмер", деген наамга сунушталат. Жубайы Мусабекова Айпери экөө 3 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүп турмуш туткасын карматкан. Айыл арасында кадыр –барктуу. Учурда аксакалдар сотунун төрагасы. 2011-жылы мусулманчылык парзын аткарып, ажыга барып "Таирбек ажы" болуп келди. Эл алдында кадыр – барктуу, узак өмүр сүрүүгө чын жүрөктөн тилектешпиз!

Таирбек атасынын сөзүн пикирин пир тутуп, урпактарынын баарына минтип жеткирүүдө:

"Бирөөнүн ала жибин аттаба, көңүлүн оорутпа!"

" Эмгектен эч качан качпа."


" Карыз болбо, эгер болсң өз учурунда эшигиңе келтирбей жеткирип бер."

" Бирөөнүн үстүнөн жазба, кемчилигин бетине айт."

" Колуңдан келсе элге жардам бер."

" Алсызга берген жардамыңды унут." деген дайыма





"Атамдын ошол сөздөрү, биз үчүн мыйзам болду. Кудайга шүгүр инилерим дагы ошол атамдын эрежеси боюнча жашап келе жатышат"- дешет балдары Улуу баласы Кеңешбек көп жылдардан бери чет мамлекеттер менен иштешип келет. Төрөлүп өскөн айылына ПРООН тарабынан колдоо көрсөтүп, Ооган талаага суу чыгарды. Эргеш аванын кийинки уулу



Эргешов Арстанбек 1953-жылы 17-августа төрөлгөн. 1974-1976-жж Жалалабад Зооветеринардык техникумду "кызыл диплом" менен аяктайт. Базар –Коргон районундагы Ачы токой чарбасына келип сүттовар фермасында учетчик болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Ош областынын Кара

–Суу районундагы мамлекеттик зоотехникалык бөлүмүндө 1978-1984-жж иштейт. 1984-1988-жж Кара – Суу районундагы Калинин атындагы колхоздо башкы зоотехник болуп иштейт. 1988-1991-жж Ош областык мал чарбасынын өстүрүү бөлүмүн жетектейт. 1992-1995-жж Жалалабад областынын Тайгараев совхозунда директор болуп эмгектенет. 1995-1998-жж Швециялыктар менен "Каритас" фирмасында иштешет. 1995-жылы Айылдык советке депутат болот, ушул жылдары 40 макаласы газета, журналдарынын бетине жарык көргөн. Элдик медицина боюнча 2003-жылы 118 беттен турган китеби чыккан. Өз билимин өнүктүрүүдө Монголия, Россия ж.б мамлекеттерге барып 1996-2005-жж сегиз сертификат алып иш практикасында колдонгон. 2006-2008-жж эмгекке эфективдүү кадрларды даярдайт. 2009-2010 жж жабык акционердик коомунун "Мол - Булак" финансылык компаниясынын Токтогул районундагы филиалынын Жалал – Абад областынын кредиттик чарбалыгы боюнча адиси болуп эмгектенет.



Арстанбектин кийинки уулу Асылбек учурда Могол айылдык оору канада чарбаны жетектейт. Келинчеги Айнагүл Жолдошова 2011-2012-жылдын февраль айынан Чарбак айылындагы мектепке





билим берүү бөлүмү директордук кызматка орунга бекитти. Козубай Рахманов орто мектепте директор болуп эмгектенет.

Агартуунун мыктысы
Айылдыктын кызысын,
Адилет менен чындыкта.
Адашпай издеп келесин,
Арадан 65 жыл өткөндө
Атаңдын баскан ордуна
Жетекчи болуп барыпсын
Кызмат орун кут болсун!
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Ынтымак менен достуктун
Сыймыгы болуп ар дайым
Сага ийгиликтер коштосун!
Кызы Арзыкан педагог,
Марат уулу жеке ишкер,
Шермат айылда, дыйкан-чарбада,
Эрмат айылда эмгектенип,
Эли менен өмүр сүрүүдө.

2014-жылы 9-майда өзү жашаган көчөгө аты коомчулук тарабынан коюлду. Ар жылы 9-майда балдары,неберелери менен чогулушуп жеңиш күнүн белгилешет.

## Эгеш авага арноо

Чолпону болуп жылдыздын
Чыгааны болуп кыргыздын.

Самалетту башкарып,
49 жолу көккө учуп,

Душмандын мизин кайтарган.
Жеңиштүү келип элине,
Ачаарчылык жокчулук,
Өкүм сүргөн кезинде.

Токтогулга эл топтоп,
Дан чогултуп алып келип,
Үрөөн сээп өстүрүп,
Токчулукка жеткизген.

Райондо иниспектор болуп,
Айылдык чарбак мектепте
Биринчи директор болуп,
Караңгы элди жарыкка

Сабатын жоюп калкынын.
Канчалаган жаштардын,
Карматып калем колуна
Учуруп койду жолуна.

Өмүрү өрнөк адамдын
Элеси калды элинде,
Эмгеги калды жеринде.
Жыл сайын майрам болгондо,

Айлана көркке келгенде,
Атамдын майрам күнү деп
Белгилешет балдары.
Өткөн күнүн өзгөчө

Бүт баардыгы чогулуп,
Дасторкон жайып олтуруп,
Куранды окуп эскерип,



Ата – энесин эстешип
Дайыма келип кетишет.
Арбактар дайым жар болсун.
Алланын көзү түз болсун!
Ата – эненин бардыгы,
Ушулардай сый көрсүн!



## Билим саяпкери

Аскасы бийик, суусу тунук, жапайы өскөн дарактын 50 ашкан түрү жайгашкан жерибиздин бири, бейиштин төрү болгон сулуу жер, жашыл жайлоо, жапайы жаныбарлардын мекени, туптунук суунун ичинде ойногон балыктардын жайытына айланган айтылуу ажайып кооз жерге жайгашкан, Кызыл – Үнкүр айыл өкмөтүндө 1932-жылы биздин каарманыбыз Нышанов Бекболот жарык дүйнөгө келет. Агасы Канболот 6 жашта, Бекболот агай 4 жашта тоголок жетим калышат. Экөөнү туугандары ээрчитип “Эренче” айылына алып кетип асырашат. Көк –Алма мектебинде Тешебай агай окутат. Башталгыч мектепти бүткөндөн кийин

Жалал-Абадская областная библиотека

"Кызыл - Октябрь" азыркы №17 - С.Далбаев атындагы орто мектептен 7-классты бүтүп, Жалал – Абаддан жатак балдар мектебинде билим алат. 1951-жылы КМУга барып тарых факультетине тапшырат. 1954-жылы эмгек жолун Тажикистандын Нурхан районунан баштаган. Комсомолдук путевка менен эки жыл кызмат өтөйт. 1956-жылы ЗВТда мугалим болуп иштейт. 1962-жылдан баштап Жалал – Абаддагы педагогикалык окуу жайына завуч болуп которулат. Мына ошол жылдан баштап, ошол окуу жайда директор болуп иштеп жүрүп, 1992-жылдан кийин ардактуу эс алууга чыккан. Окуу жайды башкарган убакта, 18 миң мугалим менен мектепке чейинки бөбөктөрдүн тарбиячыларын бүтүрүп, атайын орто билим адистигине ээ болушат. Агай эмгек майданында 20 жылдай жүрүп Жалал – Абад шаардык кеңешке депутат болуп шайлануу менен бирге, шайлоо комиссиясынын башчысы болуп да кызмат өтөгөн. Коомчулук тарабынан колдоого алынып, бир нече ардак грамоталарга жетишкен. "СССРдин эл агартуу отличниги","Атайын орто окуу жайлардын билим берүү отличниги","Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги","Элдостугу орденинин ээси","Эмгек ардагери" Бир нече мактоо грамоталардын ээси. Учурда ардактуу эс алууда. Пери эже экөө бир уул, үч кыздын ата – энеси, 9 небере, 6 чеберелүү болушкан. Айылдын алдынкы инсандары катары өмүр сүрүшүүдө. Агасы Канболот акенин уулу Нышанов Сайдилла Канболотович учурда Жогорку Кеңештин депутаты. Эл шайлаган, эл талабын аткарган депутаттык кызматын өтөөдө!

### Бекболот агайга

Жетелешип ээрчитип,
Жетимдер калат үйүндө.



Канболот аке алты жаш,
Төрт жашта калып тоголок,

Жетимдик менен күн көрөт.
Туугандардын колунда,
Тарбияны алыпсыз.
Балапан куштай талпынып,

Билимге чыйыр жол салып,
Башталгыч мектеп бүткөн соң,
Жети жылдык билимди,
Кызыл – Октябрдан алыпсыз.

Билимдин түшүп артынан,
Жалал – Абад жатак үйүндө,
Орто билимге ээ болуп,
КМУга барып тапшырып,

Тарыхчы болуп калыпсыз.
Дүйнөнүн окуп тарыхын,
Түбөлүк таап азыгын,
Тарбиялап өстүрүп,

Кесипке баарын ээ кылып.
Сересин салып санасам,
Сизден сабак алышып,
Он сегиз миң мугалим,
Самаган ойго жетишиптир.
Коомдон калбай жашапсыз,
Жаш өмүрдүн баардыгын,
"Окуу, билим, эмгек" – деп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Мекен үчүн арнапсыз.
Алланын сүйгөн адамы,
"Билим" – деп баскан кадамы,
Миллиондогон адамдын,

Жүрөгү менен тең согуп,
Жашай берет түбөлүк.
Бул агайдын сабагы.
Эмгеги текке кетипестен,

Коомчулук бүт баалап.
Көкүрөгү толтура,
Төш белги менен медалга.
Эл депутаты болгонун,

Төш белги турат аныктап.
Эс алуу мезгил кут болсун!
Эмгектин көрүп үзүрүн.
Немереден, чеберени жетелеп,

Пери жеңе экөөңүздөр катарлаш,
Бактылуу карылыктын балын тапкан.
Эл ичинде эч оорубай эсен соо,
Уул – кыздын маңдайында жүрүңүз.

Кыргыз элде кылым жашап түбөлүк,
"Саяпкер агай" – биздин деп,
Элимде "аңыз" кеп калсын.
Ак кагазга жазайын,
Артында өчпөс из калсын!





## Илимпоз агай

Козубай Рахманов 1932-жылы Базар – Коргон районунун Кызыл – Үнкүр айылында токойчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. 1940 – 1950 –жж мектепте окуп 10 – классты бүтүргөн. 1950 – 1954 –жж Кызыл – Туу мектебинде пионер вожатый жана башталгыч класс мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1950 – 1958 –жж Ош мамлекеттик пединститутунун химия – биология боюнча адистигинен ээ болуп артыкчылык дипломуналууга жетишкен. 1958 – 1971 – жж Базар – Коргон районундагы №3 орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы жана директор болуп иштеген. 1988 – жылы ноябрь айында Базар – Коргон районуна элге билим' берүү бөлүмүнүн башчы болуп которулган. 1992 – жылы өз арызы менен кызматтан бошоп, Макаренко атындагы орто мектепке директор болуп иштеп жүрүп, 1994 – жылы эс алууга чыккан. Айылдан биринчилерден болуп Ош педагогикалык иниститутун бүтүргөн. Өз билимин өркүндөтүп, Биология боюнча илим жактаган. Биология илиминин кондидаты "доцент" деген илимий даражага жеткен. 2004 – жылы дүйнөдөн өткөн. Өзүнүн айылындагы мектепке 2005 – жылы аты коюлган. Үч

Жалал-Абадская областная библиотека

уул, үч кыздын атасы болгон. Артынан небере – чеберелери калган. Агайдын адамгерчилик касиети түбөлүк элдин жүрөгүндө сакталып, жашап келе берет! Жубайы Иманалиева Токтокан эже экөө үлгүлүү өмүр сүрүштү.

## РАХМАНОВ КОЗУБАЙ АГАЙГА

Жаратылыш жаш – шериктен ойгонгон,
Жалкоолонуп ишин таштап койбогон.
Эмгектенип эчен элдин тагдырын,
Жакшылыкка адамдыкка үндөгөн.

Илимдин түшүп артынан
Ооган Талаа, Чарбактан,
Аспирантурада окуп,
Зерикпей тактап иликтеп.
Аарынын татаал турмушун,
Кагазга жазып түшүрүп,
Диссертация жактаган.

Тоо койнунда төрөлгөн
Ала – Тоо суусунан көгөргөн
Мүнөзү жумшак жөнөкөй,
Коргошундай салмактуу.
Рахманов Козубай.
Биология илимдеринин
Кандидаты аталган.

Канча жыл элим жашаса,
Түбөлүк жашайт бул адам.
Түнкү чолпон жылдыздай



Жарык чачып ааламга,
Тарбия берип жаштарга,
Акылман айкөл агайдын,
Аты калды тарыхта.

**25/1 – 012 –жыл**



## Мырзабек Култаев

Аймактын алгачкы агартуу майданына чыйыр жол салган агайыбыз, эмгектин жана элге билим берүүнүн ардагери Мырзабек агайды Ачы өрөөнүнүн агайы деп коюшат.

Култаев Мырзабек 1926 – жылы төрөлгөн. Эмгек жолун 1946 –жылдан Табылга – Ата мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1949 – жылы Жалал – Абад шаарындагы эки жылдык мугалимдер иниститутуна кирип, аны 1951 –жылы кыргыз тил кыргыз адабиятты адистигинде бүтүп, 1951 – жылы 15 – августа Большевик мектебинде мугалим болуп эмгектенген. 1952 – жылдан

1976 – жылга чейин Чкалов атындагы мектепте директор болуп иштеген. 1974 – жылы Ош педагогикалык инистутунун бүтүргөн. 1976 – жылы 15 – августан баштап №40 - Правда азыркы Жумалы атындагы орто мектепте 1985 – жылга чейин директор болуп иштеген. 1946 – жылдан 1990 –жылга чейин мектептерде мугалим, директор болуп эмгектенген. 1990 – жылы 44 жыл эмгек стажы менен эс алууга чыккан.

Култаев Мырзабек Кыргызстанга белгилүү болгон тунгуч режиссер Кайыпов Балташты окутуп, тарбиялаган. 1976 – жылы Кыргыз Республикасынын эл – агартуусунун отличнигинин ээси болгон. Бир нече ардак грамоталарын алган. Азыркы учурда 84 жашта, ардактуу эс алууда.

Мырзабек Култаев ардагер – педагог. Ал жубайы Бурул экөө уул кыздарын тарбиялоого өзгөчө көңүл бурушкан. Аларды бул багыттагы мээримдүү эмгеги тилектегидей натыйжа берди. Улуу уулу Кемел журналист, Замир уулу райондук ооруканасынын башкы врачы, Эркин уулу бизнесмен келин-кыздары да атайын орто жана жогорку билимдүү адамдар. Келини Батма Кеңеш айылдык амбулаториясынын башкы врачы. Нурлан баласы болсо чарбакер. Өз ата – энесине, кайрымдуу болуп ата энесин кароодо. Башка балдары барган жеринен бакыт тапкан таалайлуу инсандар. Азыр Мырзабек Култаев жаштарга акыл насаат айткан карыя. Айылдын жаштарына кадыр – барктуу аксакал. Пенсия убагында да "Жакшы адамдан бак калат, жаман адамдан так калат" дегендей, бош жаткан жерлерге бак – дарактарды өстүргөн.

Мырзабек агай кийинки муундарга улуу устат, замандаштарына чыгаан атуул катары эл – журтунун сый – урматын аркалаган инсан.



## Мырзабек агайга

Таңкы чолпон жылдыздай,
Тазасы болуп адамдын.
Тарбия берип жаштарга,
Татыктуу өмүр сүрүпсүз.

Тоолуу аймак токой ичин аралап,
Топ жаштарды тартып билим жолуна.
Талабына, жөндөмүнө жараша,
"Адам бол" – деп, жаш муунду үндөптүр.

Канчалаган улан – кызын өрөөндүн,
Калыптантып жетекчилик орунга.
Калкы үчүн, кадрларды өстүрүп,
Кандай гана кесип тобун түзүпсүз.

44 жылдык өмүрүнүн бардыгын,
Мектеп үчүн, инсандарга арнаптыр.
Кудай колдоп Бурул эже экөөңө,
Уул – кызды катарынан бериптир.

Кудай берген перзенттердин бардыгы,
Журналист, дарыгер, юрист, педагог,
Бизнесмен, чарбакер кесиптин,

Ээлери болуп бардыгы,
Өз ишинин устаты.
Үлгүлүү болуп турмуштан,
Ордуларын табышты.
Миңдан бир наркы өмүрдө,

Жалал-Абадская областная библиотека

Уул – кыздардын тоюнда,
Бай – байбиче ээрчишип,
Узактан – узак, көп жашап,
Урмат сыйын көрүңүз!

С.Нуркулова



## Алдыңкы асыл адамдар эле

Рахманкулов Ибрагим 1933 – жылы Базар – Коргон районуна караштуу Могол айыл өкмөтүндө Эренче айылында жарык дүйнөгө келген. Көк – Алма колхозчунун үй – бүлөсүндө айылында 1 – класска 1944 –жылы кирип башталгыч классты бүтөт. 5 – класстан баштап Кызыл – Октябрь (азыркы С. Далбаев) атындагы орто мектебин бүтөт. 1954 – жылы Ош мамлекеттик пед институттун филология бөлүмүнө тапшырып, кыргыз тили адабияты мугалими болуп иштеп эмгек жолун баштаган. Ошол эле мектептен иштеп жүрүп, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1972 – жылга чейин директор, 1973 – жылы Базар –Коргон райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1990 – жылы Ж. Бөкөнбаев атындагы мектеп инернатта директор



болуп иштеп жүрүп, 1995 – жылы ардактуу эс алууга чыкты. Агартуу майданында талыкпаган эмгегин баалап коомчулук тарабынан бир нече мактоо баракчалары жана

Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү
В. И. Лениндик 100 жылдык юбилей медалы
Эл агартуунун отличниги
Эмгектин ардагери

Медалдар менен сыйланган. 2011 – жылы 30 – январда дүйнөдөн кайтты. Жубайы Ибраимкулова Асипкан 1935 – жылы Фрунзе областына караштуу Чоң – Кемин районунда төрөлгөн. Өзүнүн төрөлүп өскөн айылында Карл Маркс атындагы орто мектепти аяктап, Ош growth педининститутта эжеси иштегенине байланыштуу ОМПИге келип окуп калат. Агай экөө студент маалында баш кошуп, Гүлжамал аттуу кыздуу болушуп, жогорудагы айтылган мектептен эмгек жолун баштап, Ооган – Талаа айылында жашап иштеп, үлгүлүү үй – бүлөлөрдөн болушту. 4 уул, 2 кызды тарбиялап өстүрүп, алар өзү сүйгөн кесиптердин ээси болуп, эл керегине жараган атуулдар болушуп эмгектенүүдө. Экөө тең кыргыз тили жана адабият мугалими болгондуктанбы? айтор бул агай менен эжеке экөө тең окуучуларды жалпы эле жамааттарын адам болууга, коомдун өсүшүнө карата канчалаган жаштардын кулк мүнөзүн түздөп алдынкы саптарга кошушту. Агай менен эжекенин окуткан окуучулары дүйнөнүн булуң бурчунда эмгектенип жүрүшөт. Бул асыл агай - эженин жөнөкөй мүнөзү, адамгерчиликтүү касиеттери, меймандостугу жана чыныгы адамдык сапаттары көп адамдын жүрөгүндө калды. Агайдын жамаатчыларга талап коюп так аткаруу жагы менен айырмаланат. Дагы токтолуп айта турган жагы так мүнөзү, алдым жутумдан алыс болуп, ар кандай ишти көпчүлүк

Жалал-Абадская областная библиотека

үчүн, жаш муундар үчүн, эл үчүн эмгектенип ардактуу эс алууга чыгып, бактылуу карылык өмүр сүрүп,Алланын буйругу менен чын дүйнөгө ээрчишип экөө биринин артынан экинчиси кетишти. 2011-жыл 30-январда агай ал эми кийинки жылы тактап айтканда 2012-жылы 16-июньда эжеке бул дүйнөдөн өттү. Алардын артында 6 перзентинен 17 небере, 3 чебере калды.

## Агай менен эжеме

Түгөлөй адам бол деп үндөп жүрдү,
Тентектерди туура жолго жолдоп жүрдү.
Туруктуу түбөлүктүү турмуш жолун,
Тарбиялап сабактарда үндөп жүрдү.

Адабият сабагынын каарманын,
Аткарчу эле он каарман терс жактарын.
Аткарган окуучулар мүнөздөрүн,
Айттырбай өзүн – өзү түзөйт эле!

Адамзат жашоо үчүн бир жаралат,
Эмгеги кулк мүнөзү элде калат.
Агай эже айткан акыл насааттары,
Канча адамдын жүрөгүндө кошо жашап,
Алдыңкы асыл адам, эң алдыңкы,
Канча адамдын жүрөгүндө кошо жашайт.

Алдыңкы асыл адам агай – эже,
Ал дүйнөгө кетти ээрчишип.
Артында калган асыл урпактары,
Алардын сапаттарын сактап калат.



Алла эгем өзү жакшы жерден берсин!
Артыңыздар кайрымдуу болсун!
Артында калган уул кызыңыз,
Акылман айкөл жандар болсун!



## Өзгөнөв Сайдилла агай

Мен, Өзгөнөв Сайдилла 1933 – жылы Жалал – Абад областынын, Базар – Коргон районуна караштуу Чкалов колхозунда Беш – Кыштак кызматкердин үй – бүлөсүндө туулгам. Атам Жолчубаев Өзгөн 1900 – жылы, апам Жолчубаева Төрайым 1888 – жылы туулган. 7 жашка чыккыча ата – энемдин колунда тарбияланып, 1941 – жылы Чкалов мектебине 1 – класска кирдим. 1944 – жылы 4 – классты бүтүп, 1948 – жылга чейи окубай калдым. 1949 – жылы жети жылдык Чкалов мектебине кирип 1951 – жылы 7 – классты бүттүм. Андан кийин 1951 – жылы №3 - Кызыл – Октябрь орто мектебине кирип, 1954 – жылы мектептин толук курсун бүтүрдүм. 10 – классты бүткөндөн кийин, 1954 – жылы Ош Мамлекеттик ОМПИге кирип, 1958 – жылы бүтүп чыкктым.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жалал – Абад облОНОнун жиберүүсү боюнча Базар – Корго районундагы №3 мектепке физика-математика мугалим болуп иштеп жатат.Сайдилла Өзгөновдун өмүр баяныңд ушундайча жазылган

5/09/58ж

Ал 1958 – жылдан 1964 – жылга чейин №3 - орто мектепте иштейт. 1964 – жылы өзүнүн айылы Чкало мектебине которулат. Ошол бойдон эс алууга чыгып, 1992 - жылы Алчалуу – Колоттон 17га жерге өзүнүн пенсиясынан ар түрдүү көчөттөрдү сатып алып, кызы Жамийла уулу Абдырахман, Элмира балдарынын жардамы менен көчөттөрдү көктөтүп койгон.

## Агайга

Эмгек жолун мына ошондон баштаган.
Баардык күчүн жаш муунду өстүрүп ,
Адам бол! – деп, сабак берип кызыктуу.
Такшалдырып далай кыргыз жаштарды,
Калыптантты, окуу эмгек билимге,
Эмгектенет өзү сүйгөн кесипте.

Ал мезгилде айыл жерде окууга,
Кызыгуусу анча жетелек эле.
Күндөн – түндөн эл аралап зерикпей,
Окуучуну мектепке алып келчү эле.

Сабакта да күлкү менен шумданып,
Физикалык кубулушту сүрөттөп.
Окуучунун сезимине жеткизип,



Сабак бүтүп агай чыгып кетчүү эле.
Айыл чарба жумушуна барганда,
Ача мынча окуучунун ичинен.
Машинага чыга албай калганды,
Так көтөрүп агай өзү салчу эле.

Жумшак мүнөз кичи пейил бул агай,
Үй – бүлөдө ушунчалык жөнөкөй.
Жубайына уул кызына камкордуу.
Элинде да, тууган урук, жакта да,
Айкөл мүнөз асыл сөздүү жан эле.

Тагдырдын болду буйругу
Кырсыктан шейит кетиптир.
Аллага башты ийебиз,
Ажал жетсе кантебиз.
Ал жактан Алла берсин деп
"Оомиин" – деп бата кылабыз. **14/2013ж**



## Кимсан Укубаеванын таржымалы

Мен Укубаева Кимсан 1939 – жылы 10 – августа Жалал – Абад облосуна караштуу Базар –Коргон

районундагы Могол айылында төрөлгөм. Атам Укубаев Нармамат 10 жашка чейин эле арап тилин окуп, Совет өкмөтү курулгандан кийин латын тамгаларын үйрөнүп мектептерге мугалим болгон. Болуш болуп иштеп, Ала – Бука районунда райис – полком, анан Ачы районунда райиском болгон. Колхоз, курулганда Чкалов колхозго башкарма болуп, Чкалов токой чарбасынын атындагы бөлүм башчысы иштеп жүрүп, ардактуу пенсияга чыккан. Апам Укубаева Парпи Кыргызбай ажынын кыз небереси болгон, 12 перзент көрүп, 7 кыз 2 уулду тарбиялап өстүрдү. Мен 7 жашка чейин ата – энемдин колунда тарбияландым. 1947 – жылы Кызыл – Октябрь орто мектебине 1 – класска кирип, 1957 – жылы ийгиликтүү аяктап, 1957 – жылы Чкалов айылына "Кызыл бурчта" иштеп калдым. 1958 – жылы Өзгөнөв Сайдиллага турмушка беришти. Ошентип, эки балалуу болгондон кийин 1964 – жылы Ош пединститутунун тарых факультетин сырттан тапшырып, 1964 – жылы сентябрдан мугалим болуп, Чкалов №28 - 8 жылдык мектепте иштедим. Тарых факультетин КМУга которуп жиберип, 1969 – жылы жогорку билимге ээ болду. Мугалим жок орус тилчи болуп иштедим. 1963 – жылы КПССке мүчө болдум. 1979 – жылы 10 жылдык болду. Биз иштеген убакта күздө бир ай окусак пахтага алып, кар жааганда келчүү эле, окуучулар жайда тоют топтоого аял, эркек дебей айдайт эле, баарыбызды. 1969 – жылы окуу бөлүмүнүн башчысы болуп КПССтин мүчөсү болгондуктан баштапкы партиялык уюмдун жетекчиси болуп шайландым. 1969 – жылдан 1984 – жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы болдум. Бул жылдарда пахта терүүдө норма бар эле. Ар бирибиз 500 кг пахтадан сөзсүз түрдө терип берчүбүз. Мурдагы эски мектеп 4 класс болгон. Класстан тышкары иштерди өтүүгө мүмкүн эмес эле. Кийин Айкөкүл Мырзакаримова Базар-Коргон районун жетектеп турган



убакта бизге жаңы мектеп салдырып берди. Ал убакта Өскөбаев Камбыт директор эле, мен завуч элем. Бирок класс комплектиге туура келбей калган. Класстан тышкары иштер өтүлгөн эмес. 1984 – жылы директор болуп дайындалдым, ошол күндөн баштап кошумча мектеп курууга аракет кылдым. Чакан класс куруу үчүн 5 – 6 долбоор түзүп, ал мектептерге кошумча класска ашкана, буфет, мастерской кошуп куруу боюнча районго кайрылдым. Рахманкулов Ибрагим башчысы эле. Исполком Хакимова болчу. Арызданып көп жолу бардым. Келечекте жаш муундарга талапка жооп берип татыктуу тарбиялоо үчүн кошумча класстарды курууга акча которуусун сураныл жатып акыры которулду,Ошондо ашар жолу менен окуучулардын, мугалимдердин күчү менен тургузулсун деген чечим чыкты. 1986 – жылы проект сыздырып мектепти баштадык. Окуучулар, мугалимдер, техникалык кызматкерлер гувала жасадык. Дубалды баштаганда эч кимиси болбойт. Дубал ура албайбыз дешип. Эмне үчүн ура албайсыңар?! –дедим да аппапканы курдуруп; өзүм дубал ура баштадым. Анан мугалимдер мени карап ура башташты. Ошентип ошол жылы мектептин үстүн араң жаптык. 1975 –жылы аялдардын сьездине бардым. Бул сьезден социалистик эмгектин баатырлалы О. Атабекова, Анакыз Жумабаева, жана Козубай Рахманов И. Рахманкулов жана башкалар менен мугалимдердин 8 - сьездине 1976 –жылы катыштым. Ошол учурда көпүрө жок таш - көпүрө менен аттайбыз. Кээде күндө күн алыс районго барам. Ар кандай коомдук иштер менен жетекчи катары катышам. Ушул мезгилдери 4 уул, 2 кыздуу болдум. Түйшүк көп чымырканып иштөө керек уят болбой аткарууга жетиштим. Күндө Алладан сурайм "мен дубал уруп жатканда Кочкоров Жаныш оо! Жеңе сиз Чыңгыз Айтматовдун биринчи мугалимин да өтүп кеттиңиз", – деп айтты. Ошонтип, 1989 – жылы мектепти бүтүп,

ананң пенсияга чыгып кеттим. Мектеп салганда чоң жоопту ишти аткарууда жолдошум Сайдилла көмөктөш болду. Мектеп жамааты Лукумов, Маматов. Ж, Өсөнбеков, Таев, Ж. Абдыразаков, С. Жолдубаева, Атабекова, Таева Тилла, Утурова, ж.б мугалимдер жардам берди. Ата – энелерден Осмонкул Түркмөнов, Жолдош аке Таев ж.б жардам берди. Пенсияга чыккандан кийин, токой чарбасында Бегимкулов Карыбек директор убагында Чкалов 3 – нан 17га жерди арендага алып, 1992 – жылы Алчалуу колтон 10000 түп жаңгак, алма, алмурут, өрүк, бадам эктик. Ар жылы жазда чыгып эгебиз үйдөгү балдарыбыз менен. 9 жылда эгип бүттүк. Көчөтүбүздү пенсиябыздан Гава токой чарбасынан сатып келип эктик. 2001 – жылы Бишкек – Ош жолунда 201кмде авто кыргызстан жолдошум кайтыш болду. Менин жамбашым сынып, 3 жылда бутка туруп басып калдым. Кудайга шүгүр көрөөр күнүм бар экен. Ал жолдошум балдары менен эккен бактар эми мөмө берип, жашыл алма болуп, көрктөнүп өстү. Пенсияга чыккандан кийин, врач сиңдим Кундуздун жардамы менен проект жазып асма көпүрө салдырдым. Азыр деле пайдаланат эл. Балдарымдын баары жогорку билимдүү. 2 кызым бар, 1 балам Бишкекте иштейт. Балдарымдыкында жүрүп; "Замандаш" партиясынын жетекчиси Өмүркулов Мухтар арапча мектеп ачыптыр ошол мектептен окуп, 2011 – жылы арапча окуп калдым. Ушунча жылдык эмгегиме карабастан эч кандай сыйлыгым жок, мен эч кимге акча бербедим сыйлыкка жетпедим. Аз болсо да элде калса болду. Көптөгөн окуткан балдарыма, эжекеме сыймыктанам. Бир туугандарымдын бардыгы жогорку билимдүү, өз алдынча эл катары эмгектенип очор – бачар болуп калды. Кудайга шүгүр!



## Кимсан эжеге

Төрөлүпсүз кызматчынын үйүнөн.
Тарбияланып, ак пейил апа өзүнөн,
Талпынып орто мектепти бүтүп,
Турмуш жолун кармашыпсыз агай менен.
Айылдан кызыл бурчтан эмгек баштап,
Агартуу тармагына максат коюп,
Айтайын ОМПИнин тарых бөлүмүн бүтүп,
Адамы болуп Сары – Булак айылдан.

Ар кандай татаал түйшүккө,
Ар намыс менен иш баштап.
Айылдын көркүн көтөрөт,
Агартууда эмгектеген жамаатка.
Асыл сөздү аракетти аябай,
Аткарыпсыз опол тоодой эмгекти.

Партиянын баштапкы уюмун баштап,
Коом менен кошо иштеп талыкпай.
Канчалаган жаш мугалим кадырга,
Кеңеш айтып, даярдапсыз далайды.

Кимсан эже өзү баштап дубалды.
Колу менен кармап алып ылайды.
Эл алдында кызмат кылдыңыз,
Канчалаган эшиктерди какылап,
Каражаттын райондон алдыңыз,
Каалагандай жаш муунду тейлөөгө
Кошумчалап жаңы мектеп курдуңуз
Кайдыгерлик калыптанган элиме
Канча эмгек өтөт эже жатса да

Жалал-Абадская областная библиотека

Көкүрөктө илип алган белги жок
Көңүл коюп аялдардын ичинде
Кийинки жылы мугалимдин 4 сьездине
Катышып делегаты болгону.
Куру экен наам сыйлык дегенден
Эс алууга чыкса дагы бул эже
Эл үчүн синдиси экөө долбоор жазып,
Асма көпүрөнү Чкаловка куруптур.
Азыр деле пайдаланып.
Ачты токой чарбасынан суранып

17га жерди бөлүп алышып
Бак чарбага айлантышты
Эгишип мөмө жемиш түрүнөн,
9 жыл катарынан бапестеп
Бак болду түшүн берип берешен.

Бак чарбасы мөмө берип жай кылып,
Өсүп жатат жашыл алма сакталып.
Канча жылдар мезгил өтүп кетсе да,
Сайдилла агай Кимсан эже эктирген.
Бак дарагы өсүп жылда жашарсын,
Эл ичинде аты калат сакталып.

Алланын болуп буйругу,
Агай өтүптүр кырсыктан.
Аллага айтып шүгүр,
Арапча окуп учурда.
Айылды үндөп ыйманга,
Атимбүсү сиз болуп.
Ар дайым жүрүп оорубай
Ардактап баккан балдарга
Акыл насаат кеп айтып



Ак тойлорун көп көрүп
Ак байбиче сиз болуп
Алдыда дайым жүрүңүз!





## Алдыңкы агартуу үй – бүлө

Караев Абдыкамал 1946 – жылы 5 – майда дыйкандын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Орто мектепти бүтүп 1965 – жылы Пржеьальски педагогикалык иниститутунун физика – матиматика факультетине тапшырып, 1970 – жылы матиматика бөлүмүн бүтөт. Азыркы Ноокен районундагы “Жаңы турмуш” мектебинен эмгек жолун баштаган. 1973 – жылы (Ленин) азыркы Капарбек №2 – орто мектепте математик болуп эмгектенген. 1979 – жылы кыргыз илимдер академиясында илимий кызматкер болуп иштеген. 1983 – жылы айылына көчүп келип, Ломоносов атындагы мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, тарбиялык завуч жана директор болуп иштеген. 2000 – жылы Бишкектеги Республикалык кесипчилик техникалык окуу жайларынын агенттигинде башкы адис болуп иштеп жүрүп, ошол жерден 2010 – жылы пенсияга чыккан.

Он эки . жолу математика боюнча окуучуларды Республикалык олимпиядага алып чыккам, 20дан ашык

окуткан балдарым областык олимпиядага катышты. 1988 – жылы "Эл агартуунун отличниги" төш белги менен сыйланды. 1997 – жылы Ломоносов мектебинде мен окуткан класста 27 окуучу толук Түрк лицейге өтүп кетишти. Турмуш шартка байланыштуу окуй алышпады. Областык, райондук, республикалык бир нече мактоо грамоталардын ээси.

**Караев Абдыкамал Караевич**

Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык жактан коргоо министирлигинин социалдык коргоо жана профсоюздар кызматкерлеринин кесиптик майрам күнүнө карата Ардак грамота менен сыйланган.

Канчалаган окуучулары жогорку билимдүү болушту. Учураган сайын жылуу сөзүн айтып урматташат. Алдынкы окуучулары Адыкадырова Динара Кыргыз мамлекеттик медециналык институн бүтүп, доценттик наамга жетти. Молдобаева Алима, математика боюнча мугалим политехникалык институнда эмгектенет. Алишеров Калдарбек профессор медицина илимдеринин доктору, академияда жүрөк оорулар дарыгери. Омурзакова Гулзат, Тиленбаев, Тиленбаевалар институтуну бүткөн. Жубайы Караев Зирекан Жапаровна 1949 – жылы туулган. Сузак районуна караштуу Кок – Арт орто мектебине 1967 – жылы бүтүп, 1970 – жылы А.С Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын аяктап, 1970 – 1972 – окуу жылында Көк – Арт мектебинде иштеген. 1973 – жылдан баштап Ломоносов атындагы мектепте иштеп жүрүп пенсияга чыкты. 5 уулдун ата – энеси, 6 небереси бар. Уулдарынын бардыгы өзү сүйгөн ар түрдүү кесиптин ээлери дейт ал..



## Сизге

Колхозчунун үй – шартында төрөлүп,
Жети айда жарык көрүп ыңаалап,
Касиеттүү бешигине бөлөнүп,
Ымыркайдан ырым менен эмделип.

Эс акылдуу чыйрак бала аталган.

Мектепте да алдыңкысы болуптур,
Орто мектеп ийгиликтүү аяктап,
Пржевальски techинститутка тапшырып,
Бүтүп келип эмгек жолун эң алгач,
Ноокендеги "Жаңы турмуш" мектебинен баштаган.

Улам – улам иштеп жүрүп такшалып,
Мугалимдик кесибинен даңкталып
Өзү окуткан окуучудан даярдап,
Алдыңкысы 12 жолу жадабай
Республикалык олимпиадага алып барган.

Өзү тактап математиктерди,
Такшалдырган тапшырманы аткарып,
Далай – далай тентек окуучуларды,
Талап коюп такшалдырып билимге.

Ак - караны ажырата билдирип,
Тарбиялап салды өз – өз жолуна.
Талыкпаган эмгегинин үзүрү
Мугалимдин мөмөсү эмес эмине?
Мугалимдин бийлигине жетишип.

Окуучусу: Профессор , доцент, доктор болгону
Айыл жерде адам болгон адам болгон атактуу
Түш тарапта эмгектенип жүрүшөт,
Өзү сүйгөн кесиптерин аркалап.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Бул агайды көргөн жерден жетелеп**
**Жүрөгүнөн алкыштарды айтышат!**



## Эл мугалими

Алыбаев Кочкор 1935 – жылы 15 – майда Ооган – Талаа айылында төрөлгөн. Ата – энеси колхоздо иштеп келишти. 1941 – жылы 1 – класска кирип, 1948 – 49 – окуу жылы бүттү. Өз билимин өркүндөтүү үчүн Жалал – Абаддагы кыргыз балдар орто мектебине кирип, (интернатта) анын толук курсун 1952 – 53 – окуу жылында,андан соң Жалал – Абаддагы А.С. Пушкин атындагы окуу жайынын кыргыз – тил, адабият факультетин 1953 – 54 – жылы бүтүргөн. 1954 – жылы 15 – августан баштап Базар – Коргон районунун Көк – Алма жети жылдык мектебинде мугалим болуп иштеди. 1954 – жылдын. 19 – ноябрында советтик армияга тартылды. Переслловь – Золесскийде кенже офицерлерди даярдоо курсуна окуп, аны 1955 – жылы бүткөн. Калинин шаарындагы "Миголово" грозныйда оор бомбадировшик жана истребителдик авиацияда механик – электрик болуп кызмат өтөгөн. 1957 – жылдан 24 – ноябрда демболизацияланып келди. Өзүнүн туулуп - өскөн "Кызыл - Октябрь" орто мектебинде ага – пионер вожатый болуп иштеген. Саат аз болгондуктан 1958 – 59 – окуу жылында "Дашман" жети жылдык мектебине мугалим болуп которулган. 1959 – 1961 – жылга чейин "Дашман" жети жылдык мектебинде завуч болуп иштеген. 1961 – 62 – окуу жылында класс комплектинин кыскартып кетилишине байланыштуу Большевник мектебине (азыркы, "Жай - Терек") адабият мугалими болуп которулган. Бирок 1963/64- окуу жылында кайра Мичурин (мурунку Дашман) мектебине которулуп, ушул күнгө чейин кыргыз тил адабият мугалими болуп эмгектенип келди. Атасы 1944 – жылы, апасы 1973 – жылы дүйнөдөн кайткан. Аялы Эрмекова Санталат педагогикалык окуу жайын бүтүп, бирге иштеп жүрүп пенсияга чыкты. 6 баласы бар. Сиңирген эмгегим үчүн 19 жолу командованиеден алкыш алган. 1965 – жылы Ош,педагогикалык институтун сырттан тапшырып, жогорку билимге ээ болду. 1958 – жылдан 1973 – жылга чейин шайлоо комиссиясынын секретары болду. 1970 – жылы эл каттоо инструктор акт катчысы, 1950 – 1963 – жылдарда ВЛКСМдын мүчөсү болгон. 1999 – жылы №18 Жашыл – Көл мектебинде иштеп, пенсияга чыкты. 2006 –жылы оорудан дүйнөдөн каза тапкан. Уул кыздардын урмат – сыйын көрүп өмүр сүрүүдө. Эже бактылуу каарылыгыңыз узак болушун каалайбыз!



### Агайга

Ооган айылына тарбия алып.
Жалал – Абаддан билимге сиз такшалып,
Кыргыз тили, адабият сабагын.
Өмүр шерик кесибине байланат,

Көк – Алмада, Жай – Теректе, Дашманда.
Айыл жерден топтоп келип үйүмө –үй,
Жаш муунду колдон кармап жетелеп.
Колун кармап кат жазууга үйрөткөн.

Ишин таштап кызмат өтөп мекенге.
Советтик Армияны милдетин.
Абийрдүүлүк менен агай аткарып,.

Жалал-Абадская областная библиотека

**Бул агайды көргөн жерден жетелеп
Жүрөгүнөн алкыштарды айтышат!**



## Эл мугалими

Алыбаев Кочкор 1935 – жылы 15 – майда Ооган – Талаа айылында төрөлгөн. Ата – энеси колхоздо иштеп келишти. 1941 – жылы 1 – класска кирип, 1948 – 49 – окуу жылы бүттү. Өз билимин өркүндөтүү үчүн Жалал – Абаддагы кыргыз балдар орто мектебине кирип, (интернатта) анын толук курсун 1952 – 53 – окуу жылында,андан соң Жалал – Абаддагы А.С. Пушкин атындагы окуу жайынын кыргыз – тил, адабият факультетин 1953 – 54 – жылы бүтүргөн. 1954 – жылы 15 – августан баштап Базар – Коргон районунун Көк – Алма жети жылдык мектебинде мугалим болуп иштеди. 1954 – жылдын. 19 – ноябрында советтик армияга тартылды. Пересловь – Золесскийде кенже офицерлерди даярдоо курсуна окуп, аны 1955 – жылы бүткөн. Калинин шаарындагы “Миголово” грозныйда оор бомбадировшик жана истребителдик авиацияда механик – электрик болуп кызмат өтөгөн. 1957 – жылдан 24 – ноябрда демболизацияланып келди. Өзүнүн туулуп - өскөн “Кызыл - Октябрь” орто мектебинде ага – пионер вожатый болуп иштеген. Саат аз болгондуктан 1958 – 59 – окуу жылында “Дашман” жети жылдык мектебине мугалим болуп которулган. 1959 – 1961 –



жылга чейин “Дашман” жети жылдык мектебинде завуч болуп иштеген. 1961 – 62 – окуу жылында класс комплектинин кыскартып кетилишине байланыштуу Большевник мектебине (азыркы, “Жай - Терек”) адабият мугалими болуп которулган. Бирок 1963/64- окуу жылында кайра Мичурин (мурунку Дашман) мектебине которулуп, ушул күнгө чейин кыргыз тил адабият мугалими болуп эмгектенип келди. Атасы 1944 – жылы, апасы 1973 – жылы дүйнөдөн кайткан. Аялы Эрмекова Санталат педагогикалык окуу жайын бүтүп, бирге иштеп жүрүп пенсияга чыкты. 6 баласы бар. Сиңирген эмгегим үчүн 19 жолу командованиеден алкыш алган. 1965 – жылы Ош,педагогикалык институтун сырттан тапшырып, жогорку билимге ээ болду. 1958 – жылдан 1973 – жылга чейин шайлоо комиссиясынын секретары болду. 1970 – жылы эл каттоо инструктор акт катчысы, 1950 – 1963 – жылдарда ВЛКСМдын мүчөсү болгон. 1999 – жылы №18 Жашыл – Көл мектебинде иштеп, пенсияга чыкты. 2006 –жылы оорудан дүйнөдөн каза тапкан. Уул кыздардын урмат – сыйын көрүп өмүр сүрүүдө. Эже бактылуу каарылыгыңыз узак болушун каалайбыз!

### Агайга

Ооган айылына тарбия алып.
Жалал – Абаддан билимге сиз такшалып,
Кыргыз тили, адабият сабагын.
Өмүр шерик кесибине байланат,

Көк – Алмада, Жай – Теректе, Дашманда.
Айыл жерден топтоп келип үйүмө –үй,
Жаш муунду колдон кармап жетелеп.
Колун кармап кат жазууга үйрөткөн.

Ишин таштап кызмат өтөп мекенге.
Советтик Армияны милдетин.
Абийрдүүлүк менен агай аткарып,.

Жалал-Абадская областная библиотека

1967 – жылы Жалал – Абад шаарындагы А.С Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын "башталгыч класс мугалими", - деген билимге ээ болгон. Ошол эле жылы Бешик –Жон айылындагы №7 - Муса Баетов атындагы орто мектебинде башталгыч класс мугалими болуп эмгек жолун уланткан. 1968 – жылы Тагай уулу Камал атындагы орто мектебине которулган. Турмуш шартка байланыштуу 1973 – жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун ийгиликтүү аяктап, "Кыргыз тили адабияты" мугалими кесибине ээ болгон. Абдыкалыкова өзүнүн көп жылдык эмгек жолунда өз милдетин так аткаруу менен окуучуларга чыгармачылык менен терең жана бекем билим берди. Натыйжада окуткан окуучулары, райондук, областык, республикалык олимпиадаларга активдүү катышкан. 1980 – жылы кыргыз тилине байланыштуу речь боюнча жаңы сунуш киргизген, ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын "Эл агартуусунун отличниги", - деген наам ыйгарылган. "Мугалим методист" наамы берилген 1985 – жылы Базар – Коргон районунун "Жылдын мугалими" конкурсуна областык калыстар тобуна мүчө болгон. 1986 – жылы Республикалык, областык аренага таанылган мугалимдерди даярдап, 33 жылдык эмгегинде 10 жолу Ардак грамота менен сыйланат. 1988 – жылы райондук мугалимдердин конференциясында ВАЗ – 2106 жеңил авто машинасы ыйгарылган. 1989 – жылы Кыргыз ССРнин эл депутаттарынын айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган 1998 – 99 – окуу жылында жашы жеткендигине байланыштуу ардактуу эс алууга чыккан. 2007 – жылы Кыргыз Республикасынын президентинин материалдык сыйлыгы стипендиясын алган. 1997 – жылы Бешик – Жон айыл өкмөтүнүн билим берүү бөлүмүнүн администрациясынын сунушу менен Жалал – Абадда "Асылзаада айымдар" аттуу китеп бетине чыккан. Бүгүнкү күндө каада – салт боюнча элге кызмат кылып жөнгө салууда элдин социалдык маселелерин чечүүдө насаачы "Эмгек сиңирген мугалим" наамына сунушталып, 2011 – жылы персоналдык пенсионер "Баатыр эне" наамдарга жетти, Аны Роза Отунбаеванын колунан алган. Бактылуу карылыгыңар байсалдуу болсун! Көп жашагыла! Бул



бактылуу үй – бүлөлөр 4 уул, 4 кыздын ата энеси.Чоң уулу Зайырбек Жалал – Абадда шаардык салык инспекциясында иштейт. Эки кыз эл агартуунун отличниги, кыргыз адабияты мугалими Эргешова Зыягул Сузак районундагы №8 - мектепте, – Энеси 23 неберенин чоң ата, чоң энеси, тайата, тайэнеси. Уул кыздарынын баардыгы жогорку билимдүү, турмуштан өз ордун таап эл үчүн өз кесиби боюнча эмгектенүүдө. Улуу уулу Эргешов Советбек полковник, улуттук коопсуздук комитетинде иштейт. Токтогул районунда Эргешов профком, Эргешов Улукбек Сузак районунда мектепте директор болуп иштейт. Башка уул кыздары да өз кесибине жараша эмгектенүүдө. 2012 – жылы 18 – ноябрь айында уул кыздары ата – энесинин 70 жана 65 жылдык юбилейин салтанаттуу белгиледи. Ошол белгилүү датага классташтарынын атынан Аким Мырзакаримов:

## Экөөңө

Өмүрдүн гүлгүн кездерин,
Окуучуларга бердиңер.
Орчундуу ишти кебелбей
Экөөң бирдей аткарып,
Ай нурундай жап жарык
Агартуунун үрөнүн,
Аябай элге чачтыңар.

Алла эгем берип тартуусун.
Төрт уул, төрт кызды.
Табиялап өстүрүп.
Түбөлүк турмуш туткасын
Тартуулап экөөң кармаштың
Бактылуу кары дооруңар.

Байсалдуу болсун жолуңар.

Мындан бир наркы өмүрдү.
Бапестеп баккан балдардын,
Төрлөрүн көрүп баш болуп,

Неберелер, чеберелер жетелеп.
Эч оорубай экөөңөр бирдей зэрчишип
Элиңердин нарк нускасын көтөргөн,
Элиңердин кеңешчиси болгула!



## Укубаева Турсун эжеге

Тарбиялап сөз айтуудан тажабаган,
Коомдук көз карашы калыптанган.
Эмгеги китеп каптап бөлүнбөгөн,
Менмин – деп, эл көзүнө көрүнбөгөн.
Ал ким? – деп табышмактап сурап калса
Анда мен ал мугалим дээр элем.

## Укубаева Турсун

Үкүбаева Турсун эже 1942 – жылы 14 – февралда Ала – Бука районунда кызматчынын үй.– бүлөсүндө төрөлгөн. Атасын фронтко алып кетип бара жатып каттуу ооруп калат. Фрунзе



шаарында госпиталда жатып дарыланат. Ошол убакта Ала – Букадан Козубай тагам менен Рахманберди акем экөө көчүрүп Ооганга алып келет. Оору - канадан чыгып атам Райисполком болуп Ооган – Талаага которулат. Ошол боюнча Ооган – Талаада жашап Кызыл - Октябрь орто мектебин бүтөт. 1959 – жылы В.В Маяковский адабият бөлүмүнө кирет. Ошол учурда үй шарттына байланыштуу кеттип калган. 1960 – жылы Жалал – Абадтагы А.С Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына орус тил бөлүмүнө кирет. 1963 – жылы бүтөт. 1961 – жылы турмушка чыгат Гумканага. Мичурин атындагы мектепке башталгыч класс география мугалими болуп иштейт. 1965 – жылы Могол айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл – Суу башталгыч мектебине орус – тил мугалими болуп иштейт. 1966 – жылы 1 – класс алып, Ош techинституна география факультетине сырттан тапшырып, 1971 – жылы КТУнун география адистигине ээ болот. 1965 – жылы элдин күчү менен ашар ыкмасы аркылуу бөлмөлүү мектеп салышат. Ошол мектепти Турсун эженин жетекчилиги менен курушат 1966 – жылы 1 – сенябрдан жаңы мектептен иштеп жалаң класс мугалими болуп эмгектенет. 4. жолу өз билимин өркүндөтүү курсунан өтөт. Мичурин мектебинин филиалы болуп 5 – класс ачылат. Эже география мугалими болуп эмгектенип жүрүп 1992 – жылы пенсияга чыгып, дагы 5 жыл иштеп эс алууга чыгат. Үй – бүлөөсүнө кайрылсак, 1961 – жылы студент убагында Жалал – Абаддагы веттехникумунда окуган. Тиленов Райымжан аке менен баш кошуп, 8 балалуу болушат. 1988 – жылы 22 – сентябрда каза болот. Жалгыз бой турмуш кечирип, 5 уул, 3 кызды тарбиялап чоңойткон. 17 небере, 2 чеберенин сүйүктүү энеси. Балдарынын баардыгы өзү сүйгөн кесиптин ээси. Туң уулу Таалай финтехникумду бүткөн. Салык кызматында иштейт. Сырттан окуп бүтүп алган. Айнаш фин.техникумду бүтүп, сырттан окуп жогорку билимдүү Оштогу АКБ банкта иштейт. Күттүбүбү врач стоматолог.
Бакыт фин.техникумду бүткөн үй чарбада. Улук экономист, Арстанбап – ата токой чарбасында эсепчи. Зайнаш

Жалал-Абадская областная библиотека

фин.техникумду бүтүп, Ош пед.институтун сырттан бүтүп, Кызыл – Суу мектебинде завуч болуп иштеп жүрүп, 2005 – жылы турмушка чыгып, Үсөн Сыдыков атындагы мектепте кыргыз тил, адабият мугалими болуп эмгектенет. Жолдошу Тиленов Райымжан аке болсо, 1963 – жылдан баштап Могол айыл өкмөтүндө вет.врач болуп иштеген. Элдин алкышына ээ Ачы токой чарбасында абийирдүүлүк менен аткарган эмгеги элдин эсинде калды. Айыл жериндеги мугалимдин иш тажрыйбасына Москвадан келген текшерүүчүлөрдүн өкүлү баа берип жогорку наамга сунушталган. Бирок, тиешелүү учурдагы жетекчилердин кайдыгерлик көз карашынын негизинде көмүскөдө калган. Элдин алдында кадыр - барктуу эки эмгектин ардагери төш белгиси бар.

## Турсун эжеге

Айылдык жерден мектептен.
Эмгек жолун баштапсыз,
Арстанбап шоссе жолунан.
Канчалап жылдар басыпсыз,

Бала – бакча эшигин.
Түк өмүрдө көрбөгөн,
Кокоч мурун балдарды.
Колдон кармап жетелеп,

Кагаз калем карматып.
Кат сабатын жоюпсуз,
33 жыл зерипей.
Агартууга аеосуз,

Эмгектенип талыкпай.
Эчендеген жаштардын,
Жүрөгүндө калыпсыз.
Үйдө эне, эшикке чыгып эркекче,



Өз перзенттин 5 уул, 3 кыздын.
Жалгыз бойчулук турмушта,
Өзү сүйгөн кесибине окутуп.
Турмуштун жолун карматып,
Туруунa кондуруп.
Ак байбиче болупсуз,

Бул мезгил сизге кут болсун!.
Өмөктүү жакшы иш болсун!
Айылга болуп кеңешчи,
Айылдын көркүн көтөргөн.
Атимбүсү болуңуз!

27/11/2012-ж



## Алыбаев Курманали Ураимович

1942 – жылы 5 – майда Ооган – Талаа айылында төрөлгөн. Атасы Улуу Ата Мекендик согуштан жарадар болуп келип 1944 – жылы каза тапкан. Беш бир тууган, Аманжан апасынын колунда тарбияланат. Кызыл – Октябрь мектебинен 5 – класcты бүткөндөн кийин Советскийде

агасынын үйүндө жүрүп Макаренко орус мектептен бүтүп. 1961 – жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин физика математика бөлүмүн бүтөт. Эмгек жолун Үч – Коргондо мектептен баштайт. Армияга барып келет. Ленин районундагы "Арал" орто мектебинде физика математика мугалими болуп бир жыл иштейт. Окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эки жыл эмгектенет. Директор болуп 5 жыл иштейт. 1979 – жылы өзүнүн төрөлүп - өскөн айылына көчүп кетип, Физик мугалими болуп иштеди С. Далбаев мектебинде 2002 – жылга чейин иштеп жүрүп, деп – соолугуна байланыштуу иштей албай 2002 – жылы 2 – апрелде дүйнөдөн кайтты. Жубайы Максуталиева Салтанат мектепте кошо иштеген, математика мугалими болгон. Мектептерде 32 жыл иштеп 2000 – жылы эс алууга чыккан. Алыбаев Курманали агайдын аты өзү иштеген мектептин математика кабинетине коюлган. Жыл сайын балдары колкабыш кылат. Айылда үлгүлөрдүн катарында бул эки жубай, 3 уул, 3 кызды тарбиялап өстүргөн. Уулу кызы Бактыгүл айыл өкмөттө жоопТуу катчы, уулу Аралбек соодагер, Казакстанда. Эмил экономист, Айнагүл медсестра, Асылбек эколог, Миргүл студент. 2014-жылы Санталат Максуталиева оо дүйнөгө сапар алды.

## Курманали агайга

Балалык күндө калыптырсыз атаңызды.
Тарбия алыптырсыз апаңыздан,
Акыл эстүү тетиктиги билинип.
Агаңыз алып келип орусчага,
Бүтүрүп Макаренко мектебинен.
КМУга барып тапшырып,
Физик – математика кесипке ээ болупсуз.
Үч Коргондон эмгек жолун баштапсыз,
Ата Мекен коргоо ыйык милдетти.
Абийирдүүлүк менен өтөп келгенде,
Аралдыгы чоң мектепке кирипсиз.



Мугалимден баштап агай жумушту,
Директорлук орунга да жетипсиз.
Чоң жамаатты тартип менен башкарып,
Канчалаган жаш муунду өстүрүп.

"Адам бол" – деп айкын жолго салдыңыз,
Үй – бүлөлүү очор бачар болгондо.
Өз айлына көчүп келип бул агай,
Өзү окуган мектебине орноштү.

## Коргоо

Ата – Мекен ыйык милдет экенин.
Эл жигитти эли жерин сүйүүгө,
Калыптанып үйрөтүңүз жаштарга.
Армияга толук кандуу даярдап,
Катардагы жоокерлерге коштуңуз.

"Эч ким, эч качан , эч нерсе унутпайт",
Өчпөс оттун алдында эстелигин тургузуп,
Улуу жеңиш 40 жылдыкка сиз арнап.
Эркиндик залын түзүп, Эркин экөөн иликтеп,

Ошол ачылышы болгондо.
Ардагери Ооган – Талаа айлынын,
Көпчүлүгү толук келип катышып.
"Өчпөс оттун" жанындагы тизмеден,

Кайтпай калган жоокерлерди окушуп.
Отургандар бүт буркурап ыйлашып,
"Рахмат" айтып бата бергени эсимде.
Кайдыгерлик көз караштЫ болгонбу!

Кандай гана эмгек менен издешип.
Кадимкидей "кайрат залын" курду эле,
Кайтпай калган жоокерлерди эскерип.

Жалал-Абадская областная библиотека

Көргөгөндөрдүн көңүлдөрүн бурчу эле,
Каргашалуу кандуу согуш күндөрүн.

Жаш муунду көз алдына тартылып,
Кадимкидей кайрат күчтү берчүү эле.
Жылдар өттү заманыбыз өзгөрдү,

Ошол залдар азыр неге жок болду.
Атаганат өзү тирүү болгондо,
Этияттап ремонттоп жаңыртып.
Койбойт беле кошумчалап толуктап,

Түбөлүктө ошол зал сакталып.
Алыбаев агай түзгөн экен деп,
Жаш муундун жүрөгүндө тизилип.
Калып калмак түбөлүккө сакталат.

**17/10/2012-ж**

## Сакенге

Агартууга экөөң бирдей катарлаш,
Алп урушуп басып келдиң замандаш.
Алла эгем беген уул кыздардың,
Акыл эстүү үй – бүлөлүү болгондо.

Ал дүйнөгө кеттиң экөөң эрчишип.
Жаткан жериң жайлуу болсун,
Артың кайрымдуу болсун деп
Пата кылуу менен Нуркулова Салкын





## Кесиптештер Касымбеков Акимбекти эскерет

Алдыңкы педагог “Физика сабак ыр менен” аттуу усулдук китепченин автору Маркум Касымбеков Акимбекти эскерүү.

Касымбеков Акимбек 1951 – жылы Базар – Коргон районунун Көк – Төңдү айылында колхозчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. 1957 – жылы Правда 8 жылдык мектебинин 1 – классыа кирип, 1965 – жылы 8 – классты бүтүрөт. 1965 – жылы Ленин районундагы Ломоносов мектеп интернатынын 9 – классына кирип, 1967 – жылы бул мектепти аяктайт. Эмгек жолу Ачы токой чарбасында жумушчулуктан башталат . 1968 – жылы Ош мамлекеттик институтунун физмат факультетинин физика бөлүмүнө кирип. 1972 – жылы физика адистигине ээ болот. 1972 – жылы 1 – сентябрынан 1973 – жылдын 1 – майына чейин Советтик Армияда кызмат өтөйт. Мекенди коргоо ыйык милдетин өтөп келет. 1974 – жылдын 1 – сентябрын №17 - орто мектепке келип физика мугалими болуп иштейт. 1988 – жылы 5 – августан баштап , №15 - Правда орто мектебинде физика мугалими катары эмгектенет. Базар – Коргондо өткөн курстун катышуучуларынын сунушу менен, жалпы билим берүү орто мектептердин физика мугалимдери үчүн колдонмо катарында областтык илимий методикалык борбордун кабинетинин башчысы Оганбекова Үлкан тарабынан сунушталып, Касымбеков Акимбектин

Жалал-Абадская областная библиотека

усулдук китепчеси чыккан. Чыгармачылыгы өркүндөп эми изденүүнүн үстүндө иштеп турган убакта капыс шум ажал алып кетти. Эр ортону "50"деп айткандай 51 жашында ал дүйнөгө сапар тартты. Топурагың торко болсун! Оомин!

## Касымбеков Акимбектин жүрөгүнөн чыккан "Физика" ыр саптарын киргизе кетсек ашыкга болоос

Физика! Кандай бийик улуу сөз!
Физика жаратылышка болот баш көз!
Физика – таяныч жана негиз
Баардык илимдерге, баарына тегиз!

Физикада абдан көп, ага – ини, урук – тууган.
Химия, биология, эң улуусу математика.
Кызматташ астрономия тарыхчыга,
Илимдин эң кенжеси сулуусу электроника.

Адамдар тажрыйбадан көп нерсени үйрөнүштү
Оор буюмду ал жөнү күч жумшап сүйрөтүштү.
Сүрүлүүнү жеңүүгө топтолушуп күч жумшашты.
Зарылдыктан үйрөнүштү өз ара сүйлөшүп
Уучулар алып келген ал жоону
Үйрөтүштү ар бирине тепетең бөлүшкөндү.

Ошондуктан окурманым билип алгын,
Байыркы илимдерден экенин физиканын,
Математика илимдин падышасы болгону менен
Эң сонун кызматчысы физиканын.

## С. Далбаев атындагы эмгек жамаатынан эскеребиз асыл сапат кыялын

Эргешов Аким: Акимбек токтоо мүнөздүү өз кесибин сүйгөн жана аны ардактаган. Келечек үчүн күрөшкөн жогорку



аң сезимдүү инсан болуп жашады. Коомдо ар кандай өзгөрүүлөргө мыйзам чегинде мамиле жасаган. Чындыкты бетке айткан алдыңкы көз караштагы педагог. Анын жаркын элеси эч качан эстен кетпейт.

Жолдошова Дилбар Кадырова Гулнара бизге агайдын өзүн токтоо кармагандыгын сабагыбызга киргизип, тең жана туура тандоо бергендигин эсибизге калды. Биз агайдан алган эң жакшы таасилерди турмушта колдонуп келүүдөбүз. Агай бизге өчпөс из калдырды.

Темиров Жанар: - Мен Акимбектин пед институтта окуп жүргөндөн эле билчүүмүн. Мага анын ойлоп табуучулугу чыгармачылыкка ишке болгон дилгирлиги ошондой эле тамашакөйлүгү жакчуу. Мына ушул асыл саптары мени эсимде жашап кала бермекчи.

Тиркешов Болотбек: - Акимбек мен үчүн бир тууган ини жакын сырдаш, ага дос, ини катары менин өмүрүмдө эң жакын болуп калган жана кала бермекчи. Ушунчалык сөзгө бекем инсан катары сезимден түнөк таап жашап келет.

## Кыска жана нуска жашады

Адам эмгектен бааланып эсте калат. Акимбектин эмгек жолу 1972 – жылы №17 - Кызыл – Октябрь орто мектебинде физика мугалими болуп иштөөдөн башталды. Алгачкы кадамдан эле өз кесибин туура тандаган инсан катары таанылa баштады. Мектептин комсомол уюмунун жетекчиси организатордук милдетти да аткарды. Баардык иште тыккан уюштуруучу жана жоопкерчиликти сезе билген кызматкер катары бааланды. Анын натыйжасында көптөгөн алкыштардын ээси болду жана грамоталарга татыктуу болду. Социалдык мелдештин жеңүүчүсү төш белгини алды. №17 - Кызыл – Октябрь азыркы (С. Далбаев) орто мектебинде 16 жылга жакын эмгектенди. Биздин эсибизде Касымбеков Акимбек өз

Жалал-Абадская областная библиотека

кесибинин устаты жана эң жакын жолдош катары кала бермекчи. Анын экинчи өмүрү уул кыздарында, жасап кеткен баа жеткис эмгегинде жашай берет. Кесиптешибиздин жаткан жери жайлуу, топурагы торкоо болсун!

## Эмгек жамааты бейиште болсун гүл десте

Инсан элең кыйынчылыкка чөкпөгөн.
Байлык болсо эсиреп эч көппөгөн,
Калып калдың санаалаштардын жүрөгүндө.
Жылдыз болуп көк асманда өчпөгөн,

Токой чети койнунда булбул сайрайт.
Түркүн гүл теребелде турат жайнап,
Эстен кеткис экерүү болуп калды.
Тал жылгада ойногон "кызыл байрак",

Анык го төрөлүп, кайра өлмөк.
Арадан жакшыларды кайра бөлмөк,
Өтсөң дагы бүгүнкүдөй жашап калдың.
Ышкыртында биз ойногон ак чөлмөк,

Ой чабытты дайыма таштап келип.
Бердиң го окуучуга билим терең,
Кеттин го ыр сабына айландырып.
Физиканы достоштуруп лира менен,

Жаңылармын, жаак барбы жаңылбас.
Буудан жоктур өз үйүрүн сагынбас,
Болсо болоор кийинчерээк а бирок.
Бул өрөөндө сендей физик табылбас,

Сени кандай жүрөк эзилбесин.
Эртели кеч оюмдасын сезимдесин,
Акын кыз Азада айткан өңдүү.



Барктабаса барктабас башка бирөө,
Баркыңды билгендердин эсиндесин.



## Аттиң арман

Аттиң арман кайрандан жарам ырбадыбы?
Өйүтүп жан дүйнөмдү кыйнадыбы?
Баарынан ыйык көрүп бийик турган
Аскадагы асыл затым куладыбы!?

Эми гана 51 жаш курагың,
Балдарыңдын сыйын көрөөр убагың.
Небереңди эркелетип сүйөрдө
Арман ай аргасыздан көз жумганың.

Тагдырым ай, татаал`белең ушундай,
Күнөөң канча эле кудайга үнүң угулбай.
Ойлогондой болбодунго шумкарым
Балапанын уясынан учурбай.

Чындап келди, тигип алды кастарын.
Чыркырадым жан айласын таппадым
Аргасыздан кучактадым боорума,
Боздоп жаным оо дүйнөгө узаттым.
Кош дедиңби кол көтөрүп узадың
Өрт каптады күйүп турду жүрөгүм,

Жалал-Абадская областная библиотека

Оо дүйнөгө аттанаарда түгөйүм.
Каракчылык каптагансып чөйрөмдү,
Кеткен өңдүү кызыгы бул дүйнөнүн.

Жаратканга жаңылбайын
Мен да бир күн бараармын
Ошол жерден сени издеп табаармын
Жүрөгүмдө толгон токой муңумду.
Жолуктурса ошол жерден жазаармын.

Бойго жеткен мостойуп уулуң калды
Томсоруп такыячан кызың калды.
Тоодой жүгүң көтөрүп толгономун,
Арабаны жалгыз тартып жарың калды.

*Маркум Акимбектин жубайы Саламаттын арманы.*



## Жүрөктө калган так (кызына арнаган)

Гүлгүндөн кийсең буралып,
Күлө бир карап кубанып.
Күйүттүң мени күйгүздү,
Гүл бойдон кеттиң куланып.



Кызылдан кийсең буралып,
Кылчактап карайм кубанып.
Кылыгың мени күйгүздү,
Кыз бойдон кеттиң куланып.

Жашылдан кийсең буралып,
Жал - жал бир карайм кубанып.
Жаштыгың мени күйгүздү
Жаш бойдон кеттиң куланып.

## Кызы Айканы эскерүү

Атаңа арчадан бешик чаптырып,
Жасап бир барам дечү элем.
Аваздан боосун чалдырып,
Кадап бир барам дечү элем.

Атаңа күмүштөн бешик чаптырып
Жасап бир барам дечү элем
Күбөктөп боосун чалдырып,
Кадап бир барам дечү элем

*С.Турдуматова*

## Агартуунун алдыңкысы сен элең!

Чоң атасы Айдаралы ата көтөрүп,
Жүргөнүнөн мен билемин эсимде.
Карапайым колхозчунун үйүнөн,
Өз атаңдын өз энеңдин колунан
Тарбия алып, билим алдың коомдон.

Адам болдуң эл ишине жараган
Тандап алган өзү сүйгөн кесипти
Изденүүдөн май тарылбас күч менен
Аттиң арман! Аз өмүрдүн ичинде,
Жашап калаар ишиң калды эл менен.

Өмүр берип алтымышты жашасаң,
Жазбайт бөлең канчалаган эмгекти
Күнүң бүтүп чын дүйөгө жөнөдүң,
Көкүрөктө кетти чиркин арманың!

Өзүңдөн калган балдарга
Өмүрүн берсин кудайым.
Сен жазбай кеткен ырларды
Уул кызың жазсын ылайым.

Арбагың дайым жар болсун!
Ал дүйнө берсин бейишти
Аркаңда калган балдарга
Алаканыңды керип жат
Ак батаңды берип жат.

***5/02/13ж***



**Могол айыл Өкмөтүнүн Чарбак айылындагы №16 К.Рахманов атындагы орто мектебинин директору маркум КОЧКОРОВ РАВШАНБЕКТИН МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

Кочкоров Равшанбек Базар – Коргон районуна караштуу Могол айыл өкмөтүнүн Чарбак айылында дыйкан үй – бүлөсүндө туулган. 1968 – жылы Андижан педагогикалык



институтунун дене – тарбия факультетине сырттан окууга кирет.

Эмгек жолун 1972 – жылы азыркы №16 - К.Рахманов атындагы орто мектебинде дене – тарбия мугалими болуп иштөө менен баштаган.

1996 – жылдын 24 – майында Могол айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси кызматына кабыл алынат. Бир нече жолу айылдык кеңештерге депутат болуп шайланган.

1977 – жылы 13 – мартта Могол айыл өкмөтүнүн башчысынын социалдык маселелер боюнча орун басары, 2001 – жылдын 3 – февралынан айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу болуп иштеген.

2001 – жылдын 16 – декабрында шайлоонун негизинде Могол айыл өкмөтүнүн башчысы кызматына дайындалган.

2006 – жылдын 3 – мартынан баштап Ачы токой чарбасында участка башчысы болуп иштеген.

2009 – жылдын 26 – февралында №16 К.Рахманов атындагы орто мектебине директор болуп дайындалган.

***<u>Ошол жылдары мектепке сиңирген эмгектери:</u>***

Мектептин айланасын тостурган.
Музыкалык зал жана ашкана курдурган
Мектептин көркү болгон 1 гектарда ашык жерге өз колу менен көчөт эгип, бак жараткан. Азыр да бул бак көрктөнүп өсүп калды.
Көп жылдан бери бүтпөй токтоп калган мектептин долбоорун бүткөрүп азыркы учурда бул долбоор ишке түшкөн кезде күтүлбөгөн жерден, иш үстүдө оо дүйөгө кете берди.

***<u>Үзүрлүү мээнеттери бааланып, Өкмөт тарабынан алган сыйлыктары:</u>***

- 1988 – 1989 – жылдары Жаш муундарга билим берүүдө сиңирген эмгектери үчүн Ардак Грамота.

- 1972 – 1975 – жылдары мыкты класс жетекчиси жана үзүрлүү эмгеги үчүн мектеп тарабынан Ардак Грамоталар.
- 2004 – жылы Айыл чарба тармагындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана Могол айыл Өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы.
- 2011 – жылы Кыргыз Республикасынын Жалал – Абад областынын Базар – Коргон раймамлекеттик администрациясы тарабынан "Жаш муундарга билим берүүдө сиңирген эмгеги жана билим берүү тармагындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн" Ардак Грамота.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан көп жылдык үзүрлүү мээнети үчүн – Ардак грамоталар менен сыйланган.
- 2012 – жылы ЮНИСЕФ тарабынан үзүрлүү мээнетине Сертификат берилген.

Үй – бүлөлүү, 6 кызы, 2 уулу 12 небереси бар. Кочкоров Равшанбек 2013 – жылдын 6 – июнунда дүйнөдөн кайткан.

## Равшанбекке арналат

Көптөгөн айыл жаштарды,
Тарбиялап өстүргөн.
Талыкпай иштеп эл үчүн,
Көп улуттуу элдерди,

Ынтымакка үндөгөн.
Кол менен эгип өстүргөн,
Көчөттөрү учурда.
Көз жоосун алып жетилип,
Көрк берди мектеп алдына.
Тагдырга башты ийебиз,



Ажалы жетсе кантебиз.
Иш үстүндө мектептин,
Күтүүсүз келген ажалдан.
Равшанбек мүрт кетти,
Арты кайыр болсун деп,
"Оомин" деп бата кылабыз.

## Тоо койнунан чыккан токой жылдызы



Капарова Алима Абдыкаровна 1953 – жылы 7 – июлда Базар – Коргон районуна караштуу Жайтерек айылында кызматчынын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Жайтерек толук эмес мектебинде окуп орто билимге ээ болгондон кийин азыркы №12 Капарбек атындагы орто мектепте окуусун улантып, 1970 – жылы ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылы Жайтерек мектебинде улуу пионер вожатый болуп иштейт. 1974 – жылы сентябрь айында Мичурин атындагы мектепте иштеген дене – тарбия мугалими Нуркулов Акбарали менен баш кошуп, турмуш шартка байланыштуу пионер – вожатый болуп иштейт. Иштеп жүрүп сырттан тапшырып, Фурунзе шаарындагы В.В Маяковсий атындагы кыз – келиндер институтунан жогорку билимге ээ болот. Ошол Мичурин атындагы мектепте башталгыч класстардын завучу, мектеп директорунун тарбия боюнча орун басары, окуу бөлүмүнүн башчысы. Кийин Жашыл – Көл орто мектептин директору

болуп эмгектенип, 2008 – жылы ардактуу эс алууга чыкты. Ушул күнгө чейин мектепте эмгектенип келе жатат, 3 уул 1 кыздын апасы, 9 небереге чоң эне тайне. Эмгегин коомчулук баалап, "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Эмгек ардагери, ардак грамота жана бир нече мактоо баракчалары менен сыйланган. Уулдары, кызы жогорку билимдүү, эл үчүн эмгектенүүдө үлгүлүү, жүрүм – туруму менен айырмаланат.

## Алиймага

Токойлуу жерден эң алгач.
Билимге көздөй жол тартып,
Кыздардан чыгып биринчи.
Билимдүү болдуң жогорку,

Жамаатты баштан жетектеп.
Канчалаган жаштарды,
Тарбиялап өстүрүп.
Талпынтып күүлөп учурдуң,
Үйдө, сыртка чыгып эркекче.
Коом менен кошо өсүп кармашта,
Келе жатасын заманыңа жараша.

Уулдан урмат, кыздан сый,
Узак жашап, көрө бер.
Уул кыздын балдарын жетелеп,
Узак жашап, урмат сый көрө бер.

Үйүң толо наристенин күлкүсү,
Кош жаңырып музыкадай жаңырат.
Ушул күнүң, куттуу болсун ар дайым,
Үйүңөргө бакыт нуру жагылсын.
Айылдын бүт ажарын көтөрүп,
Ак жолукчан Атимбүүсү болуңуз.



## Оморов Нурмамат



1944 – жылы азыркы Кызыр – Октябрь айлында дыйкандын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. 1 – класссты азыркы Камал Артыгалиев атындагы мектепте 2 – класссты бүтүрүп, Шакафтар (азыркы Жунай Мавлянов) мектеп интернатында 10 – класссты бүткөн. 1962 – жылы өзүнүн туулуп - өскөн айылындагы мектептен улуу пионер вожатый болуп иштеп эмгек жолун баштаган. 1963 – жылы Ош педагогикалык институтка тапшырып, 1965 –жылы бүтүп, андан соң Ошто комсомол комитетинде 1 – секретарь болуп иштеген. 1969 – жылы "Ак бата" сельсоветиндеги "Социализм" мектебинде орус тили, адабияты сабагынан мугалим болуп иштейт. Андан кийин 1973 – жылы азыркы Капар атындагы мектепте эмгек жолун улантат. 1980 – жылы азыркы Алыкулов мектебине организатор завуч болуп иштеген. 1982 – жылы Кеңеш айылдык Советке жооптуу катчы болуп, 1991 – жылы М.Алыкулов атындагы мектепке директор болуп которулат. Он бир жыл директор болуп иштеп жүрүп, 2002 – жылы ден соолугуна байланыштуу директордук кызматынан бошонуп, 2005 – жылга чейин мектепте иштеп жүрүп, 2005 – жылы 1 – май күнү дүйнөдөн өтүп кетти. "35 жыл жолдошум экөөбүз өмүр сүрдүк. Алты балалуу болдук, 3 уул, 3 кыздын ата энеси болдук. Бешөө жогорку билимдүү болду. Бири атайын орто билимдүү. 9 небере көрдүк. Келиндерибиз да жогорку билимдүү. Жолдошум ачык мүнөзү турмушту дагы көрө билген камкоор ата эле.

Балдары дагы режим менен тарбияланган. Өзүнүн ишине жан дили менен күтгөн, так жана жоопкерчиликти сезе билген адам эле. Коомчулук тарабынан бир нече мактоо грамота, алкыштарды ар кандай сыйлыктарды алган. Кыргыз Республикасынын "Эл агартуусунун отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Эртерээк өттү дүйнөдөн. Балдарга берсин өмүрүн. Алладан сураарым ушул," – деп, эскерет жубайы Гүлүйпа.

## Нурмамат агайга.

Бала кезде интернатта калыптырсың,
Билим алып адам болуп такшалып.
Барган жерде билим – тарбия берип,
Барктуу адам жетекчиси болупсун.

Жаш муунга тарбияны берем – деп,
Жамааттарды тартип менен жетектеп.
Жашоодогу өмүрүнүн тазасын,
Жаштар үчүн жанын үрөп арнаптыр.

Эмгегинин үзүрүн эсептеп коомчулукта,
Эчендеген мактоо, ардак грамотанын.
Ээси болуп эл алдына алынып,
"Эл агартуу отличниги белгисин"
Эчак мурун төшкө тагып жүрүпсүз.

Тагдырдын жолу ушу экен
Алтымыш бир жашында
Бул дүйнө менен коштошуп,
Чын дүйнөгө жол тартты.

## Жаткан жери жайлуу болсун!

Канчалаган окуучуларынын, жамаатынын жүрөгүндө жаркын элеси түбөлүккө өчпөй жашай берет! Жубайы



Парманова Гүлүйпа 1949 – жылы Шайдан айыл өкмөтүнө караштуу Жаңы – Турмуш айылында төрөлгөн. Ошол айылда чоңоюп, 8 – классты бүткөндөн кийин азыркы Масы айылындагы №1 - мектепти 11 – классты 1966 – жылы бүтүп, Майлуу – Суу шаарына барып, медициналык окуу жайынын фельдшердик факультетинин 1969 – жылы бүтөт. Ошол эле жылдын 1 – мартынан баштап Ленинскийге келип, азыркы Суеркулов атындагы орууканада эмгек жолун баштайт. 1970 – жылы турмушка чыгып, Социализм айылында акушерка болуп 4 жыл иштеген. 1974 – жылдан баштап Кеңеш айылындагы амбулаторияда акушерка болуп иштеп жүрүп, 1999 – жылы пенсияга чыккан. Азыркы учурда 9 небереси бар. Уул – кыздарга баш болуп өмүр кечүүдө. Балдар кыздарынын баардыгы жогорку билимдүү. Неберелери дагы жогорку окуу жайларда студент.

## Гүлүйпага

Айылдын көркүн көтөрүп
Ак байбиче болуп жүрө бериңиз!
Уул кыздардын урмат сыйын,
Узак жашап көрө бериңиз.

Жокчулук түшүп башына,
Түйшүгүн тартып балдардын.
Түгөлөй барып окутуп,
Турмуштун жолун карматты.

Асыл сөз айтып Минайым,
Ардактап баккан балдардын.
Ак жоолук салып башына,
Айылдын көркүн көтөрүп.

Ак байбиче сен болуп,
Ар дайым сыйдын үстүндө.
Алла эгем берип өмүрдү,
Көп жашагын ылайым!

Жалал-Абадская областная библиотека

## “Өткөн өмүр кайтпас из”



### Абдыкадырова Мастерө

Абдыкадырова Мастерө 1924 – жылы Мака – Турпак айылында колхозчунун үй – бүлөсүндө туулган. 1941 – жылы 7 - классты бүтүргөн. 1942 – жылы 1 жылдык мугалимдик курсту бүтүрүп, Кызыл – Октябрь айылында мугалим болуп иштеген. Бул мектеп ошол аймакта жалгыз мектеп болгон. 1942 – жылы атасы согушка кетип, согуштан кайтпай калган. Атасынын ордун басып үй – бүлөнүн жүгүн өз мойнуна алган. 1945 – 1947 жылдары Мака – Турпак сельсоветинде секретарь болуп иштеген. Ушул жылдары Коммунисттик партиянын катарына өтүп, өмүрүнүн аягына чейин элге ак эмгек Коммунисттик дух менен ар дайым жигерденип иштеген. 1947 – 1951 - жылдары “Коммунизм” колхозунда секретарь болуп иштеген. 1952 – жылдан 1975 – жылга чейин балдар бакчасынын башчысы болуп иштеген. Ал жетектеген балдар бакчасы райондо алдыңкы жетишкендиктерге жетип, башкаларга үлгү болгон. Эмгегинин үзүрүн көрүп, сыйлыктардын, ардак грамоталардын ээси болгонго татыган. Күтүлбөгөн ажал келип, иш үстүндө 1975 – жылы 10 – майда көз жумган. Артында кечирээк көргөн Байкал, Анарбай, Өлмас аттуу уул кыздары калды. Шүгүрчүлүк келтиребиз. Байкалдан 2 кыз, 4 уул, Анарбайдан 3 кыз 1 уул. Өлмастан 3 кыз неберелери бар. Эл катары үлгүлүү өмүр сүрүүдө.



## Мастерө эжеге арнаймын

Төрөлүп Октябрдын таңыда,
Бөлөнөт жаңы коом алдында.
Жаңыдан билим алып айылынан,
Жети жылдык билимдин ээси болот.

Кандуу согуш башталганда,
Мугалимдик курсту бүтүп адис болот.
Абдыкадыр ата кетип согушка,
Бардык жүктү бүт көтөрүп мойнуна.
К – Октябрь мектебинен эмгектенет,

Жаш муундун көзү менен айланып,
Билим берип сезимине жеткизет,
Аталардан “кат кабарлар келгенде”.
Окуп берип балдарды да, элди үндөп.

“Фронт үчүн! Жеңиш үчүн!”
-деген ураан алдында,
Машак терип дан чогултуп,
Батышка уюштуруп далай жолу жөнөткөн.

Согуш бүтүп, катаалчылык убакта,
Мака – Турпак сельсоветте секретарь болуптур.
Чын жүрөктөн элге кызмат кылам деп,
Мастерө эже КПССке мүчө болуп өтүптүр.

Коммунизим колхозунун секретары болуп,
Канчалаган адамдарды туура жолго салыптыр.
Колхозчунун балдары үчүн бала бакча ачыптыр,
Колдоого алып, эже өзү жетектеп,
Көзү өткөнчө өмүрүн бүт арнаптыр.

Эмгеги калды жеринде,
Элеси калды каректе.

Жалал-Абадская областная библиотека

Эртерээк өтүп дүйнөдөн,
Эстелбей калдың эмнеге?!

Шүгүр дейли ушуга.
Атыңды алып жүрөргө.
Кураның окуп күйөөргө,
Уул кыз калды артыңда.

**23/10/14**



## Өмүр баян

Жоробекова Күмүш 6 – сентябрда 1949 – жылы жумушчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Нышанбаев Акимкан үч жашында өтүп кетет. Экинчи атасы Мамаев Жоробектин атына өтүп калган. Мектепке чейин ата – энесинин колунда тарбияланды, №3 - "Кызыл - Октябрь" орто мектебин 1966 – жылы бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы Маяковский атындагы кыз – келиндер педогогикалык институтуна тапшырып өзү бүткөн мектебине келип жаш муундарды тарбиялоодон баштаган. 1967 – жылдан 1971 – жылга чейин башталгыч класс мугалими болгону менен ошол мектепте комсомол комитети болуп иштеди. 1972 – жылы Ленинский районунун комсомол комитетинин 2 – секретарлыгына шайланды. Анда 1975 – жылга чейин иштеди. 1975 – жылдан 1978 – жылдарда Ленинский райком



партиясында инструктор, "Билим" коомунун жетекчиси болуп иштеди. 1978 – жылда Ош областынын Өзгөн районуна караштуу "Курманжан Датка" атындагы мектепте башталгыч класстын балдарын тарбиялап, 2010 – жылга чейин иштеди, 1988 – жылы "Эл агартуунун отличниги" аттуу төш белгисин алды. 1974 – жылы Кыргыз Республикасынын борбордук комсомол комитетинин. Билим берүү министирлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Беш кыздын ардактуу апасы, 9 неберенин таенеси. 2011 – жылы, 10 – майда "Вескулит" оорусу менен ооруп дүйөдөн өттү жолдошу Жалилов Ибрагим ардактуу врач болгон. 2010 – жылдан 5 – июнунда жүрөк оорудан дүйнөдөн кайткан.

## Классташым маркум Күмүш Акимкановага эскерүү

Бактылуу балалыкта бирге өстүк.
Шоктукту да токтоолукту бир өткөздүк,
Агай – эже берген билим тарбияны.
Талкуулап татыктуусун бирге алдык,

Ак лентаны тагып алып чачыбызга.
Китеп кармап дайыма колубузга,
Жүрөт элек жаш балапан чагыбызда.
Мектептин алдындагы багыбызда,

Токтоо мүнөз кем сөз элең жашыңда.
Суктанчу эле көп адамдар артыңда,
Онунчуну бүтүп ошол мектептен.
Иштеп калып түшүп билим артынан,

Сая түшүп билим алдың жогорку.
Партияга мүчө болдуң омоктуу,
Комсомолдун комитетин башкарып.
Райондо иш аткардың жоопту,

Кыз Сайкалдай кызмат өтөп элиңе.
Эмгектендиң өзүң өскөн жериңде,
Акыл эсин токтоп толгон кезинде.
Турмуш курдуң өзүң менен теңине,

Турмуштун сүрдүң жакшысын.
Жашоосун түзүп фактысын,
Беш кыз катар бир төрөп.
Кармадың тактын ачкычын,

Тагдырдын жолу тар экен.
Баш ээн өттү дүйнөдөн,
Багыштап ашын өткөзүп.,
Кураны эми бүткөндө.
Өзүң да кеттиң ээрчишип.

Артыңдан калган кыздарга,
Акыл эс болуп таяныч.
Асырап жүрсөң не болмок,
Айылдан келсе кыздарың.
Алдынан чыгып ал сурап,

Балдарың өпсөң не болмок.
Күнөөкөр пенде айтабыз,
Күнүбүз бүтсө кантебиз.
Кош болгуң Күмүш кош эми,

Алла эгем берсин бейишти.
Торколуу болсун топурагың,
Астейдил жатып уктагың.
Оомин! Арбагың ыраазы болсун.

**2012 – жыл**





## Карбаев Кайбар

Карбаев Кайбар 1925 – жылдын 20 – февраль күнү КазаК ССРнын Кустанай областынын Урицкий районундагы Октябрь колхозунда кызматчынын үй – бүлөсүндө туулган. 1933 –жылы 1 – класска Урицкийдеги орус орто мектебине кирип, аны 4 – классты аяктагандан кийин. Кыргыз ССРнын Жалал – Абад областынын Көк – Жаңгак шаарындагы орто мектебине 5 – класска кирген. Аны толук окуп, ушул мектептин кыргыз классынын 10 – классын жакшы деген баалар менен окуп аяктаган. Андан Жалал - Абад шаарында мугалимдер институна сырттан окуп, аны аяктагандан кийин Ош областынын Ош шаарыдагы techинститутка сырттан окууга кирип, аны толук бүтүп, жогоркубилимине ээ болду.

Эмгек жолун 1941 – жылдын 15 – августунан баштап. Жалал – Абад областынын Чоң орток толук эмес орто мектебинде 5 – 7 – класстарга математика, физика сабактарынан мугалим болуп иштеген.Андан кийин Кашка – Терек толук эмес орто мектебинде завуч жана математика мугалими болуп иштеген. Ушундай эле Ворашилов атындагы мектепте иштеген, Базар – Коргон районундагы Правда, Жай – Терек, Табылгы – Ата, Чкалов атындагы толук эмес орто мектептерде директор, завуч, математика, физика мугалими болуп иштеген. Кийинки күндөрү 1967 – жылдын 15 – августунан баштап Бел – Терек толук эмес орто мектебинде

завуч, директор, математика мугалими болуп иштеген. 1998 – жылдын акыркы күндөрүнө чейин эмгектенип андан кийин ардактуу эс алууга чыккан. Эмгек стажы 57 жыл. 2005 – жылы дүйнөдөн кайткан.

Сыйлыктары. " Эмгектеги артыкчылык" медалы.
"Эл агартуунун отличниги" значогу.
"Ата - мекендик согуштагы" жеңиштиги 50 жылдык юбилей белчиси медалы.
Эмгектин ветераны медалы жана бир топ областтык жана райондук элге билим берүү бөлүмдөрүнүн мактоо баракчасы менен сыйланган.

Жубайы Написа эже орус тилин үйрөтүп өрөөндүн жаштарына татыктуу билим берип, өмүрүн өткөздү. Окуучулардын жүрөгүндө жашай бермекчи.

## Карбаев Кайбар агайга

Төрөлүп казак элинен,
Торолуп кыргыз жеринен.
Талыкпай иштеп мектепте,
Тарбия берип жаштарга.
Таасирдүү өмүр сүрдүңүз,

Казак кыргыз бир тууган.
Эл экенин билебиз,
Абай ата Токтогул.
Чыңгыз менен Муктардан,
Чыгармада иштелип.
Сыймыгы элдин экенин,
Чың жүрөктөн сүйгөнбүз.

Ала – Тоо кыргыз жаштарын,
"Ак боз ат" минип кыдырып.
Үймө үй топтоп чогултуп,
Мектепке тартып окутуп.
Мектепти куруп балдарга,
Оң жолго салып баардыгын.



Омоктуу адам кылдыңыз,

Эмгегинин тактысы .
57 – жылга толуптур,
Билимдүү болуп жогорку.
Агартуунун мыктысы,
Ардактуу наам алыптыр.
Агайдын козү отсо да,
Эккен бак дарактары көгөрүп.
Мөмөсү жерге төгүлөт,
Бак көргөн адам шаңга бөлөнөт.

Агайдын ордун басарга.
Артында калган бир туяк,
Алланын берген перзенти.
Замирбек уулу бар экен,
Журтун сактап өзүнчө.
Уул үйлөп кыз берип,
Ар дайым куран окушуп.
Алдынкы үй – бүлөөдөн болушуп,
Айылда өмүр сүрүүдө.

Эмгекти текке кетирбей.,
Ээрчишип келип мектептен.
Экөөңөр бирдей алдыңкы,
Эл сыйлаган атактуу.
Эл мугалими болгула. ,

***Жазгым келет Жаратылышты коргогон сакчылардын алдыңкысын алардын жалындаган жаш өмүрдүн баардыгын, жашыл аалам токойуна арнаган.***

## Жаратылыш жана мен

Жай. Жайлоого бара жатып, Көк – Белдин карындагы ташка отуруп, айлана чөйрөгө көз чаптырып отурам. Тээ мурдагы балалык кездерим көз алдыма элестеп, жаратылыш жан шеригим экендигиме ынандым. Анткени мен Арстанбап аймагында туулуп өсүп, ушул өрөөндө өмүр сүрүп, очор бачар болуп улгайган убагым болуп калды. Кээ бир дарактар дагы мага окшоп картая баштады. Жок болуп да кеттти. Биз бала кезде ичине кире албаган чытырман токойлор, арасынан кыркылып жүрүп ат чабарга айланган. Андай жерлегин көргөндө кейийсиң. Кээ бир жерлерде көчөтөрдү отургузуп токой байлыгын көбөйтүп, жаш токойлордун мөмөлөп өсүп турганын көрүп сүйүнөсүн. Айрым жерлерде токой душмандарын көрүп ушунчалык учурдун адамдарынын аң сезимине нааразы болосун. Бир түп дарак өстүрүү үчүн канча жылдык эмгек керек. Биздин жерлерибизди бир көрүгө зар болгон эчендеген элдер жүрөт. Биздин жаратылышыбызды "Бейиштин төрү" – деп атап жүрүшөт. Сырттан келген туристтер, изааратчылар ж.б меймандар төгүлгөн мөмө – жемиштерибизди суктануу менен карашат. Жерибизди уулу касиетин таазим этип,сыйынында кетишет. "Колдо бар алтындын баркы жок" дегендей өзүбүздүн элибиздин ичинен толгон токой душмандары чыгып, токойго кол салганын көрүп, нааразы болосун. 2001 – жылы жай мезгилинде, өзүбүздүн желин салган уйубуз жоголуп, эки ай токойду аралап издедим. Атын айтпай эле койойун "Бак" деген токойдон жолуктурдум. Бир чоң жаңгактын түбүн казып (кап) кетиптир. Мөлтүрөгөн көк жаңгактар өрүк как сымал бүрүшүп соолуп жатканын көрдүм. Сөөк байлай элек экен. Жаңгактары төшөлүп чачылып жатат. Ушунчалык токой душмандарынын жырткычтык менен мамиле жасаганын көрүп, өз алдымча каргадым. Ылагым келип үйгө кеттим. Ал жаңгактын уюму кимдин пайдасына алып кетти? Кимдер кыйдырды? Кимдер көрбөй калды? Ал жаңгактын тамыры кайяка кетти!? деген суроо мени көпкө чейин



ойлонтуп жүрдү. Ал жаңгакты койсо канчалаган жылдар өсүп түшүмүн бербейт беле!? Элге Алла Тааланын берген ырыскысы элего! Элдин ырыскысын кыйып, чөнтөгүн толтуруп, кой терисин жамынган карышкырлар дагы эгемендүү болгонубузда күч алды. Жалпы эле тийешелүү өкмөтүн адамдарынын көпчүлүгү ырыс кешигин коюп, көрүп көрмөксөнгө салып, канчалаган жаңгак токой кыркылып кетти. Экологияда иштеген жаратылышты коргогон чындыкты талашкан Абдималик Эламановко окшогондорду күнөөлөп, иш козгоп да көрүшпөдүбү? Ал чындыктын курмандыгы болгондугун эл билет. Жергиликтүү жаштарды күнөөлөгөндөн алысмын. Ишсиздиктин айынан тиричиликтин жетишсиздигинен келип чыккан "кылмыш" эсептөөгө болот. Анткени, тийешелүү чиновниктер кимдир бирөөлөрдүн тымызын буйругу менен кырктырып, жаш өспүрүмдөргө болор болбос тыйын берип жаштарды жаман жолго үйрөтүп, жаратылыштын жырткычтарын пайда кылды. Жаратылышты коргоодо "жашыл патруль" "жаратылышты сактоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз" "кыштоочу куштар досубуз" "канаттуу досторго кам көрүү" ж.а.о.э ар түрдүү темада биз иш жүргүзчү эмес белек. Мектептерде тарбиялык сааттарда колдонулчу эле го. Мурдагы жаңы колхоз уюштуруу мезгилинде эле, эл жаратылышты коргоп келген. Жаңгак майынан жыт чыгарып андан кийин башка ишке иштетишчү: "Алланын берген пенделерине ырыскысы " – деп алдын ала куран окуп, кан чыгарып, мал союп, андан кийин терүүгө уруксат берчү. Кийинки мезгилдерде "сенектик" доор пайда болду, ошол учурда деле жаратылышты коргоп келген. Эгемен болгондон кийин, элге бөлүп бергендиктенби?! Же чоң кызматта туруп тез арада байып "капиталист" болгулары келгенби? Айтор! Жаратылыш душмандары күч алгандан күч алды. Ара күндө эле сын алгыда көрсөтөт. Баланча токойдон жаңгактардын уюлу (кап) колго түшүрүлдү. Түкүнчө токой чарбадан (деловой) колго түштү деген көрсөтүүлөр жана уктуруулар көп эле байма бай көрсөтүлүп жатты. Бирок аз гана санда айып салбаса жоопко тартылган деле жок. Анткени, ал (кап) жаңгак

уюлдары аттуу баштуу эле мамлекетибиздин ишенимдүү кызматкерлеринин буйругу менен кыркылып кетти. Айылдагы ишсиз жүргөн жаштарды бузду. Болор болбос тыйынга азгырылып көбү зыян тартты. Тарбиясы бузулган окуучулар өттү буйрук берген шылуундар: байып, байлыгын батыра албай ойлогон ой максаттарына да жеткендер болду. Мейли мезгили келгенде жаратылыш өзү өчүн алат! Эзртеби кечпи ал Алланын буйругу. Эгемен болбой туруп эле мурдагы токой чарба уюшулгандан баштап, токой сакчылары сактап келген. Мен билгенден алгачкы токой сакчылары: Ачы токойунан Манапбаев Бегмат, Рахманов Ташбай, Арстанбаптан Исламов Эргеш: Ажибай (кара корукчу). Алардын убагында жыгачтын эмес мөмөсүн жегенге тыюу салынган. Улуу Ата Мекендик согуш убагында "Америка: мага сат жеңишке жетиштүү жардам берем" деген сунуш киргизген. Ошондо Арстанбап жөнүндө маалымат берүүсүн эртең мененкиге чейин тактоосун талап кылат. Өзү көргөн эмес экен. Маалыматты алгандан кийин Сталин сатканга жол бербейт. Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин корукту күч алдырып, "жаратылышты коргоо ыйык милдет" экендигин элдин аң сезимине жеткире терең түшүндүрүлгөн. Эсимде Жаз – Жарым жайлоосуна чыкчуубуз, бир түп билектей арчаны ыйык көрүп, касиеттүү бакан жасап аарчып, ашкананын оозуна коюп, бир нерселерди илип койгон. Анан ал конуштарда сегиз үйлүү жайлайт элек шерине жасап козу сойуп, кымыз ичип, чогуу бала – чакалары менен эт жээчү салты бар эле. Ошол күнү биздикинде болуп эл тарай электе форма кийген корукчу Хамдамов Убайдилла аке келди дагы балтаны алып, келип боз үйдүн босогосун эки чаап жиберди, эл кармап калды эмне себептен экенин билбейм. 1952 – 53 – жылдар болсо керек эле. Бир барак кагазды кончундагы көк дептерден айрып алып, бир нерселерди жазып акты түзүптүр. Атамы конторго чакырып алып келип, айып төлөтүп, анан кое берген. Ал учурда корукчулар аз болчу эле. Бирок жаратылышыбыз жап жашыл аалам кооз боюнча тураар эле. Дайыма "Жаз – Жарым" жайлоосунда жайлайт элек. Мөңгүлөрдү зэрчип



кымыздык ышкын, соогон терчүбүз. Ушунчалык сулуу жакшы жайлоо болчу. Эшикте ойноп эс алганыбызда: сонун мукам үндөрдү угабыз. Кара – Журт Кереге таш жактардан Көк дөбөнүн ары жагынан улуу тоодон сайраган уларлардын үнү угулат эле. Ушунчалык мукамдуу жүрөктү эзген үндөр угулат. Бул кандай үн деп сурасам апам: Мекетилле Мадинага барганда сурайт имиш "Улардын үнүн уккан бир барбы? Улуу бир тоого чыккан бир барбы?" – деп дегенде "менмин" десе көп адамдар сыйынышып изарат кылат миш. Бизди жерибиз ыйык, тообуз бийик, Алла Таала берген Кызыр ата, Азиз абилялар аралаган жер. Этияттап сакташ керек деп түшүндүрчү эле. Кайсы жылы экени эсимде жок. Күндөрдүн биринде "Тогуз - Булак" жайлоосунда элек. Жайлоодон кайтаар убагыбыз болуп калган эле. Мөңгү кууп, ышкын кымыздык терип жүрүп, эч көрбөгөн канаттууларды көрдүк. Балапандарын зэрчитип намаздык таштын арка тарабында булактын жандарында оттоп жүрүптүр. Кичинекей иним бирөөнү кармап үйгө алып келди. Апам: бул улардын баласы, убал болот. Этияттап ашканага сактап, эртеси ошол оттоп жүргөн жерине алып барып, оозуна түкүрүп "акыреттик дос болдум" – деп коштуруп келтирген. Мен бул сөздү айтуу менен эмнени айткым келет. Мурдагы адамдардын сабаты жок болгону менен пейли кенен, айлана – чөйрөгө, куурчап турган дүйнөнү көрө билген инсандар экен. Алардын көз карашы убал менен соопту ажырата билген адамдар болгон экендигин эми ынандым. Алар: сууларга кумурсканын уюгуна, сойлоп бара жаткан жыланга тийбе дешээр эле. Аңкыган атыр жыттуу жай чилдеде түркүн куш сайрап, үндөрүн созолонтуп, эркинче балапандарын учуруп, шактан шакка конуп, жаңы телчиге элек канаттуулардын балапандары, жерге түшүп учалбай жатканда, ойноо балдар кармап алып келсек ата – энелерибиз: кое бергиле деп оозуна түкүрүп "акыреттик дос болдум" – деп кое бергизет эле. Улам – улам коом өстү. Көз караштар өзгөрдү. Союз убагы өтүп эгемендүү эл болдук. Мурдагы 1873 – 76 – жылдардагы Базар – Коргон районунун Колот – Кайырмадан чыккан Мергенбай уулу Мамырбек баатыр ошол мезгилдеги бийликке каршы чыгып, ойлогон оюна

жетпей жеңилип калат. Падышачылык бийликтин өкүмү менен дарга асылат. Дарга асылардын алдында аркан алкымына келерде Мамырбек баатыр мындай деп элге кайрылат: "Оо сөөлөтүңдө айланайын Бирке – Тоо! Сен күбөсүң мен эрте өлгөнүмө өкүнбөймүн, элибиздин ынтымакка келе албай, мамлекет кура албай калганына өкүнөмүн! Эртеби, кечпи кыргыз эли өзүнчө мамлекет болот. Өз эркинче сүйлөйт" дегенде аркан алкымына жетип дарга асылат. 1881 – жылы (Мусабеков А. "Заман жоокери" китебинен). Андан бери канча кылым өттү канчалаган доорду басып өттүк. Ошол Биртке – Тоо ушул тообуз. Кудайга шүгүр эгемендүү эл болдук, эл болгонубузга быйыл 24 жылдык майрамды майрамдайбыз. Кымбаттуу кыргыз элим! Эгемендүү эл болуп, элибиз абдан сүйүндү телчигип бутка тура албай талоондо калды жерибиз. Канчалаган атуул кара курсак айынан туш тарапта жүрүшөт, Ала – Тоо жерин сагынып! Айласыз жүрөт жалданып, канчалаган жаштарга иши жок, терс жолдорго барып жатышат. Өз алдынча демократиянын шарданына жамынып алып өзүмчүлдөр көбөйдү. Өз мекенине эмгектенип эл үчүн иштегендердин ичинен кандайдыр кайдыгерчиликтин сазына батып калгандай сезилет. Жогорку жактан кимдир бирөөнүн пайдасы үчүн токой душмандары пайда болду. Кашкайган чындыктын бир мисалын келтире кетейин. Примназаров Кеңеш Жусупович токой чарбаны бүтүп келип Кызыл – Үңкүр токой чарбасына барып эмгектенип жүргөн учурда токой душмандарын б.а (кап) ууруларын кармап, акт жазгандыгы үчүн аны сабап, майып кылып таштап коюп кетишкендигин күндөрдүн биринде ЖРТден көрсөттү. Ошондо көрүп алып, ал баланын тагдыры көпкө чейин көз алдымдан кетпей жүрдү. Адам баласынын ушунчалык "таш боор" жырткычтык абалга келгенин мени аябай өкүнттү. Буга окшогон өкүнүчтүү окуялар ар жерде эл арасында болуп жатат. Тиешелүү кызматкерлердин кайдыгерлигинин кесепетинен нечендеген атуулдар ыйлап, сыздап жүрүшөт. Кырчындай жаш жигиттин майып болуп калганын көрүп, сай – сөөгүң сыздайт. Кайдыгерлик коомубузга нааразы болбой койбойсун! "Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом да таза болот" деп И.Рзаков



айткандай коомубуз качан тазарат? Эгер коомубуз таза болсо, жаш жигиттин тагдыры талкаланбайт эле го чиркин! Таластык акын : "Тоолорум менин жүрөгүм" дегендей "Жаратылыш жашыл аалам" ар бирибиздин жүрөгүбүздүн тереңинен орун алган болсо, эми бизге жакшылык ыроолойт эле го.

Түркүн куш сайрап, үн салган,
Түшүмүн элдер көп алган,
Бүт токойлор кыркылып,
Ат чабарга айланган.

Кой терисин жамынынган,
Карышкырлар сыяктуу.
Буйрук берип чиновник,
Кайран жаңгак жыгачтын
Кыркылып таза сорттору,
Сырт жактарга айдалды.

Токой чарбанын уюшулганына 70 жылга жакындап калды. Мындан ары ар бир токойчу - жаратылыш сакчылары, жаллпы эл жаратылышты сактайлы. Мектептерде "Жаратылыш, жан шеригиң", деген теманын тегерегинде ар түрдүү тарбиялык саатарды өтүп турса жаш муундардын көз карашы дагы калыптанаар беле.

Урпактар муну угуп ал:
Адамга берген жер сууну,
Этият менен сактап ал.

Эчендеп жылдар өтсө да,
Табият берген тартууну,
Тазартып балдар коргоп ал.
Аалы гүлдөн бал алат,
Жылан гүлдөн уу алат.
Асырай бил сактай бил,
Ден соолугуң тазарат.

Сөзүм курук болбос үчүн чындыктын бир мисалын келтирейин. Жаш токойчу Примназаров Кеңештин өзүнөн алган маалыматы келтирейин.



## Примназаров Кеңешбек

Мен Примназаров Кеңешбек Жусупович 1979 – жылы 12 – июнда Жалал – Абад областынын Базар-Коргон районуна караштуу Гумкана айылында туулгамын. 1986 – 96 – жылга чейин Гумкана айылындагы №18 - мектебинде окуп, аяктап, ошол эле жылы Жалал – Абад мамлекеттик университетине тапшырып, 2001 – жылы токой чарба инженерине ээ болдум. Кесиптик жолумда кыргыз - шейцариялык токой чарбаларды коргоо проектисинде башталды. Андан кийин Кочкор – Ата токой чарбасында токой чарба инженери болуп иштедим. 2005 – жылдан Баштап, Кызыл – Үңкүр токой чабасынын Кең – Кол токой бөлүмүнүн башчысы кызматына которулдум. Андан кийин ошол эле токой чарбанын башкы токойчусу болуп дайындалдым. Ошол иштеген учурумда мыйзамсыз даярдалып уурдалып, бара жаткан жаңгак уюлун кармап алып, ошол жаңгак уюлун даярдаган Кызыл – Үңкүр айылынын тургундары А.Кашиев жана Б.Жолдошов аттуу атуулдар менен жаңгак уюлун талашып, мушташып, таяк жеп калгамын. Андан бери барбаган оору канам калган жок. Бир нече жолу операция болдум. Бирок азырынча тыянак чыга элек. Дагы эле өз алдымча баса албаймын. Ошол учурда сот органдарынын



паракорлугунан жана өзүмдүн чындыкты издей албагандыгымдан сот алар тарапка жеңил жаза берүү менен кылмыш иш жабылып кеткен. 2007 – жылы Астанбап ата токой чарбасына токой коргоо жана сактоо инженери болуп, ден соолугума байланыштуу которулдум. Азыркы учурда саламатчылыгымдын айынан үйдөмүн. 2 баланын атасымын.

### Чындыктын арты өкүнүч

Кырчындай убагында капысынан
Кабылдың жырткычтардын тузагына.
Айбанчылык менен сабап уруп,
Кетишти таштап сени өз жолуна.

Адамдын ушунчалык таш боордугун,
Таң калам жардам кылып койбогонун.
Амал таап, тааныш таап, акча сарптап,
Илиннбей эркин сайрап ойлобой жүргөнүнө.

Аттиң ай тагдырың деп кайрат берем,
Жүрөгүмөн көргөн сайын сыздай түшөм.
Жараса эки бутка таяк жасап,
Басканга өзүм жардам бербейт белем.

Жаш токойчу ишин баштайт жан дили менен
Ак дилден мекенине эмгектенген.
Токойдун душмандары чогулушуп,
Жаңгактын тамырын кыркып жаткан.

Учурда жаш токойчу коргойм десе
Кол салып майып кылып таштап койду.
Өзүн билип, өзү билбей үн чыгарса,
Адамдар келип буга жардам кылып,

Эки буту тикеленбей баспай калды.
Уулунун тагдырына сыздап жүрүп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Ата – энеси ак чачтуу адам болду.
Окуткан эже агайлар айылдаштар,
Кайдыгерлик коомубузга наалат айткан.

Кайдыгерлик канча мезгил жашайт экен?
Жаштарга түз тарбия жетер бекен.
Акыйкат тактыка да мезгил жетип,
Жырткычтар өз жазасын алаар бекен.

Жаратылыш жан шерик – деп, ойлогон
Жан дили менен өз токойун коргогон.
Ак эмгектин акыретин көрөм деп,
Чоң максатты койгон эле бул адам.

Максаты талкаланып майып болуп,
Жашоодо эмгектенет башка болуп.
Уул кызын салып алып жолго чыгат
Өзүн өзү алаксытып.

Анча мынча кардарларын жеткизип,
Ак сакал көк сакалдан бата алып.
Аллага ишиң жаксын Кеңеш бала,
Кудайым боору орусун өзү гана.

Эртеби кечпи бир күн шыпаа таап,
Телчигип басып кеткиң өзүң гана.
Жубайың уул кызыңа мээрим берсин,
Жараткан ден соолугуңду кайра берсин.

Акыйкат тактыка да мезгил жетип,
Айбандардын өз жазасы колго тийип.
Амал таппай айласыздан ал зөөкүрлөр,
Алдыңа өзү келсин баш ийип.

Мурдагы акылмандардын сөздөрүн көрүнүктүү жерлерге илип колдонуп, жүрүшөтко жарыя катары:



"Тоону турат чеңгелдеп
Токойдун тамырлары.
Токтоп калмак токойсуз,
Тоо атанын жамгыры.
Анда бүттү дей бергин,
Адам заттын тагдыры."

Улуу ата мекендик согуш мезгилинде согушта жүргөн жоокерлер үй – бүлөсүнө кат жазганда биринчи катарга курчап турган дүйнөнү сүрөттөп жазган. Аны келтире кетейин.

Ак кар кетпес башынан,
Ала – Тоом аман бар бекен.
Жан – жаныбар мекени,

Токоюм аман бар бекен?
Оргуштап чыккан таштардан,
Булактар аман бар бекен?
Улуу бир тоодо сайраган,
Уларлар аман бар бекен?
Жеңиш келип эл журтубуз,
Туш тараптан өнүккөн.
Токой жаратылышыбызды,
Кандай жакшы жашылдадырып,
Жашыл токой аянчалар көбөйдү.

Кагылайын токой чарбада эмгектенген жана жалпы кыргыз элим, улуу Манас атабыздын жети осуятынын бири болгон "Табият менен таттуу мамиледе болуу" - деген, осуятын жүрөгүбүздүн тереңинен орун берип, куурчап турга дүйнөнү кор кылбай сактай билели. Асырайлы, колдон келишинче бак эгип өстүрөлү. Келечек бизден жакшылыкты гана күтөт. Дагы айтарым, эне катары кагылайын калайык калк! Өз жериңди, токойуңду сактай бил! "Жамандан дак калат, жакшыдан бак калат"-дегендей жаш көчөттөрдү отургузуп, көбөйтүүгө салым кошкула. Бирөөлөрдүн буйругу менен токойго бүлүк салганка жол бербегиле. Келечек сиздердики!

Жалал-Абадская областная библиотека

## Жердештериме

Арстанбапка ак тилегимди айткым келет,
Аралап токойуңда баскым келет.
Түркүн куш токойунда сайраганын укканымда,
Жайында боз үй тигип жаткым келет.

Күзүндө мөмө жемиш бышып турат,
Жыт аңкып адамзаттка ырахат сунат.
Эсепсиз жемиштериң бышканында,
Көрбөгөн адам келсе суктанышат.

Ар дайым ак кар кеткис тоосу сонун,
Жап жашыл Жаз – Жарымдай жайлоо сонун!
Мөлтүрөп токсон булак бир чогулуп,
Аталган тогуз булак суусу сонун.

Айтылуу Арстанбаптын жери сонун,
Жапайы өсүп чыккан багы сонун.
Ар дайым мейман келсе эшик ачык,
Ак пейил дастаркондуу эли сонун!

Сыймыгым сулуу жерим Арстанбабым,
Сактарым жаратылыш жан шеригим.
Чырпыгың чынар болуп жетилгенче,
Бак үчүн эмгегиңди аябагын.

2007 – жылы 12 – февралда мараторий жарыяланган. 2012 – жылдан баштап Арстанбап ата токой чарбасынан бөлүнүп, "Дашман" жаратылышты коргоого алынып, токой башаламан кыркылгандан арылып токой корголууда. Ал корукта иштеген токой сакчылары дагы жаңыча иштөөнүн үстүндө алгылыктуу иш алып барууда.

Жашыл аалам жашыл бойдон өсө берсин,
Жапайы канаттуулар уя салсын.
Жапайы жаныбарлар мекендешип,
Жаратылыш көркүнө келе берсин.
Кыргыздын ыйык жери өсө берсин,

Келгиндер көз кумарга тое берсин.
Келечек муундарды жашыл токой,
Кубантып кен байлыгын бере берсин.

Эл ичи эмгектенип жерге тойсун,
Энчилеп алган жерин тегиз сактап.
Эч бир жан жаратылыш бүлүнпөстөн,
Этияттап өз жемишин ала берсин.

23/6/2014ж





### Бегматов Акматалы

Бегматов Акматалы 1927 – жылы Кызыл – Суу айылында төрөлгөн. 3 – классты бүткөндөн кийин өзүнүн зирек – чыйрактыгы менен өзү жашаган айылда табелчи болуп иштеген. Улуу Ата – Мекендик согушта эмгекчилерди уюштуруп үзүрлүү эмгектенет. 1945 – жылы Ачы районунда инструктор болуп иштейт. Базар – Коргондон кечки мектепти бүтүп аттестат алат. 1947 – жылы КПССтин мүчөсү болуп кирет. 1947 – жылы Тосток кызы Өктөмгө үйлөнөт. Экөө 12

балалуу болушат. 1955 – жылы Ачы району жоюлуп кеткенине байланыштуу Сузак районуна которулуп, райкомдо агитация жана пропаганда болумун жетектеп, жогорку ишенимге ээ болот. 1959 – жылы Ачы токой чарбасына жумушчулар комитетинин башчысы болуп которулат. 1985 – жылы ардактуу эс алууга чыгат. Иштеп жүрүп Ташкент шаарындагы айыл чарба институтун сырттан тапшырып токойчулук адистиги боюнча жогорку билимге ээ болот. Эмгек жолунда бир нече мактоо грамоталарын медаль - ордендерди алган. А.Акаевдин буйругу менен "Ардактуу аттуул" наамына татыктуу болгон. Элдин алдында кадыр барктуу эмгегинин орду бар. Бул үй – бүлөнүн өздөрүнүн перзенттеринен 44 невере, 80 ашык чебере көргөн. 2006 – жылы дүйнөдөн өттү, байбичеси "Баатыр эне" Бегматова Өктөм, 2011 – жылы бул жарык дүйнө менен кош айтышкан. Тун уулу Бегматов Тыныбек 1950 – жылы төрөлгөн. Орто мектепти бүтүп, 1967 – жылы Ош педагогикалык институттун физика – математика факультетине тапшырып, 1971 – жылы ийгиликтүү аяктайт. 1971 – жылдан 1977 – жылдарга чейин мектептерде иштейт. 1977 – жылдан баштап органга өтүп, Таш – Көмүр, Ноокен, Токтогул, Жалал – Абад шаарларында милиция башчысы болуп иштеди. Сырттан тапшырып, Карагандадан жогорку милиция мектебин бүтүп, иштеп жүрүп 2000 – жылы пенсияга чыккан. 28 жыл органда иштөө мезгилинде бир жолу да сөгүш алган эмес. "Милициянын Отличниги" төш белгиси, бир нече мактоо баракчасы, СССРнин Н.В.Д.дан Шолоховдун "Ардак грамотасы" менен сыйлаган. УВДда жети жыл бөлүм башчы болуп иштеген. Жубайы Кадырова Уулкан 1950 – жылы төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүткөн, жогорку маалыматтуу аял. Экөө 2 уул, 1 кыздын ата – энеси. Уул – кыздарынын баардыгы жогорку билимдүү. 9 неберенин чоң ата, чоң эне, таята, таенеси.



## Акем менен жеңеме

Бүт өмүрүн эли үчүн арнаган,
Түз айтуудан өз сөзүнөн кайтпаган,
Чындык үчүн, тактык үчүн күрөшүп.
Бүт өмүрүн адилетке арналган.

Өзү өстүргөн уул – кыздын баардыгын
Туш тарапка турмуш жолун карматкан
Тагдырдын жолу ушу экен
Бай – байбиче ээрчишип
Чын дүйнөгө аттанган.



**Т. Бегматовго**

Туруктуу мүнөз оймоктуу
Формачан жүрсө айбаттуу
Ар кандай ишти так иштеп
Эмгектин ардагери болупсуз!

Коомдук тартипти сактап
Чейрек кылым ашыгыраак иштеп
Бир жолу да каккы – сокку албай
Абийирдүүлүк менен иштеп.
"Отличник" төш белгиге жеткен
СССРнин Н.В.Д.дан Шолоховдон

"Ардак грамотасын" алган

Азыркы учурда эми сиз
Неберелер менен байбиченин алдында
Ардактуу эс алуудасыз.
Кут болсун ушул күнүңөр
Ачык болсун көөнүңөр!

Алланын көзү түз болсун
Кыз – уулдардын алдында
Ден – соолук берип кудайым
Ээрчишип Уулкан экөөңөр
Айылдап басып жүргүлө!

26/06/2013ж



## Абдирешев Камчыбек

Көк – Тоңду айылында колхозчунун үй – бүлөсүдө төрөлгөн. Атасы Абдырашов ата Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Балалык чагы жалпы эле согуш каарын көргөн. Тылдагы аялдар жана балдардын турмушун башынан өткөзөт. Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин Абдыреш ата өмүрүнүн акырына чейин колхоздо иштеп жүрүп 1955 – жылы 29 – мартта дүйнөдөн



кайтат. Камчыбек аке 1939 – жылы 1 – класска кирип, 1947 – жылы 9 – классты бүткөндөн кийин окубай эле төрөлүп өскөн айылындагы Правда колхозуна кирип, эмгек жолун баштаган. 1949 – жылы сентябрь айында Чоюнбаш кызы Ырысбу, экеге баш кошот. 1953 – жылы балалуу болушат. 3 уул 4 кызды чоңойтот 1950 – 1959 – жылдарыда колхоздо табелчи болуп эмгектенет. 1959 – жылы 20 – мартта колхоз жоюлуп, Ачы токой чарбасы түзүлөт. 1960 – жылы 1972 – жылга чейин бригадир болуп иштейт. 1972 – жылдын январь айынан баштап 1983 – жылдын 15 – февралына чейин, Ачы токой чарбасында токойчу болуп иштейт. 1983 – жылы Ачы учаскалык почтада почтальен болуп иштеген. 1989 – жылы пенсияга чыккан. Пенсияга чыгып кеткенде кийин, 4 жыл иштеген. Айылда алдыңкы, үлгүлүү карыялардын катарында өмүр сүрдү. Өкмөт тарабыан орден медалдар менен жана мактоо грамоталар менен сыйланган.

Уулу Шамшы Ноокен аймактын ооруканaнын директору болуп эмгектенет. Уул – кыздарын окуткан, жогорку маалыматтуу Акмат РЭСте иштейт Зайир жеке ишкер. Кызы Бактыкан Ачыдагы участикалык оору канада бир топ жылдан бери "Умай эне" болуп эмгектенет. Жогорку билимдүү, үй – бүлөлүү башка кыздары дагы өзүнчө очор – бачар болуп, алдыңкы үй – бүлөлүү болушуп өмүр сүрүүдө.

## Абдырешов Камчыбек акеге (эскерүү)

Бактылуу балалык күндөрүнүз,
Каардуу согушка туш келипир.
Канчалаган согуштун балдарындай,
Кар кечип, кыш чилдеде малды багып,
Жаз болсо, кош айдашып жанчык айдап,
Да жыйнап, машак терип тынымы жок,
Жалпы эле жылдагы эмгекчидей,
Согушка дан жөнөтөт жеңиш үчүн!

Жалал-Абадская областная библиотека

Жеңиштин шаңы келип жергебизге,
Тирүүлөр келип жатты элибизге.
Окко учту эчендеген эр азамат.
Жан берди, өмүр берди, келбей калды,
Кийинки уулу элдин бактысына.
Бактысы бар экен бул адамдын,

Абдыреш ата келет аман – эсен.
1947 – жылы колхозго кирет эң алгач.
Талыкпай иштеп жумушту,
Бой жетип адам болгондо.
Рысбү эже менен баш кошуп,
Турмушун алга сүрөгөн
Үч уул, төрт кыз көрүшүп,
Үлгүлүү өмүр сүрүшкөн.

Табелчи болуп тогуз жыл,
Талыкпай иштейт эл менен.
Такшалган таза жан деген,
Татыктуу сөзгө ээ болгон.

Заманыбыз өзгөрүп 1959 – жылында
Түзүлгөн токой чарбасы.
Он эки жыл чарбада,
Бригадир болуп иштептир.

Иштерман айкөл жан экен,
Он бир жылдык өмүрүн.
Жаратылыш жан шерик деп ойлогон,
Өз токойун чын жүрөктөн коргогон.

Жашыл аалам, жашыл токой ичинде,
Жаш жумушчу инсандарды ээрчитип,
Эчендеген жаш көчөттү эгиптир.
Жайдак жерге жаш токойду өстүргөн.

Эмгекчил адам бекерчиликке жол бербей



Ачыдагы почтасында иштеген.
Кат – кабарды, гезит – журналды көтөрүп,
Он жыл бою эли сүйгөн адамына айланган.

Эс алууга чыкса дагы эл менен.
Төрт жыл толук эмгектенген талыкпай.
9 жылдык билим менен калганга
Өз алдынча өкүнгөн болсо керек.
"Кесипке ээ болгун" – деп, уул – кызына
Багытты берген экен бул баарына.

Татыктуу билим алса деп,
Тарбиялап өстүргөн.
Уул – кызына тилеген
Текке кетпей оюңуз,
Перзенттериңиз баардыгы
Билимдүү адам болуптур.

Өз алдынча очор – бачар болушуп,
Эл үчүн иштеп кызматта,
Кадырман адам болушуп,
Иштеп жүрөт ар жерде.
Кудайым сүйгөн пенде – деп,
Канча бир жылдар өтсө да,
Калкыңда кадыр – баркыңыз
Айтылып жүрөөр атыңыз.

Өрнөктүү өмүр сүрүпсүз,
Өмүрдүн баардык мезгилин.
Эл үчүн иштеп талыкпай,
Жакшылыктын үрөнүн
Көп эле элге чачыпсыз.
Уул – кыздардын баардыгын
Үлпөттөп элге той берип,
Турмуштун жолун карматып,
Өз алдынча болгончо,
Өзүңүз көзөмөлдөпсүз.

Бактылуу кары күндөрдүн
Жакшы эле доорун сүрдүңүз.
Тагдырдын жолу ушу экен
Ээрчишип алып экөөңөр,
Чын дүйнөгө кеттиңиз.
Аллага башты иебиз,

Тагдырга жазса кантебиз?
Эмгеги калды элинде
Эккен бак калды жеринде,
Камчыбек аке эктирген,
Токойлор жашайт жеринде.

Адам зат жашоодо бир жаралат
Эмгеги кулк – мүнөзү элде калат.
Кол жазмам кудай колдоп жарык көрсө
Түбөлүк мурас болуп жашап калат.

**14/08/2012ж**

## Мамбеталиев Мамасадык



Бир өрөөндүн "Бороонун тоскон" атуул эле деген "эл эркин адабияты" (2002 – жылы) жазуучу М. Мойдуновдун макаласында кеңири көрсөтүлгөн. Биз сөз кыла турган каарманыбыз маркум Мамбеталиев Мамасадык ава жөнүндө болмокчу.



Мамбеталиев Мамасадык ава 1927 – жылы май айында төрөлгөн. Жалал – Абаддагы педагогикалык окуу жайында жубайы Эргешова Өктөм эже экөө бирге окуп, баш кошот. Эмгек жолун жаш муундарды тарбиялоодон башташат. Айыл жерде Карл Маркс колхозунда интернат участкасында 1953 – жылы мектепте директор болот. 1954 – жылдан Карл Маркс атындагы колхоздо башкарма болуп иштеген. 1960 – жылы Ачы керек – жарак коомунда башкарма болуп иштеген. 1962 – жылы Киров токой чарбасында жумушчулар комитетин башкарган. 1966 – жылы Кызыл – Үңкүр токой чарбасында директор болуп иштеген. 1969 – жылы Токтогул районундагы Токтогул токой чарбасына директор болот. 1974 – жылы Жаңы – Жол районуна барып, Афлатун токой чарбасында директор болуп иштеген. 1977 – жылы Сузак районундагы Кара – Алма токой чарбасында иштеп жүрүп, каттуу ооруп 1980 – жылы 21 – декабрда дүйнөдөн өтүп кетти. Мамасадык ава кыска өмүрүндө кайсы чарбага барса дагы ишин абийирдүүлүк менен аткарып келген. Эң алгач иш баштаганда колхоздо "Бала Раис" аталып элдин ишенимине жарайт. Ачыдагы керек – жарак соода борборун башкарып, алыскы айылдарды күндөлүк азык – түлүк менен камсыздайт. Шарты оор Жаз – Кечүү, Кызыл – Үңкүр, Жай –Терек, Бел – Терек, Арстанбап, Кош – Терек, Дашман айылдарындагы магазинге түрдүү элге керектүү товарларды камсыз кылган. Кызматта иштеп жүрүп сырттан тапшырып, Ташкенттеги айыл чарба институтунун токой чарба бөлүмүн бүтүп, токой чарбалардын жогоруда аты аталган бөлүмдөрдө иштеген. Кайсы чарба артта калса, ошол жерге партиялык буйрук менен барып, ошол чарбаны оңдоп, "Кызыл Туну" алып иштеген. Жубайы Өктөм эже беш балалуу болгуча мектепте иштейт. Үй кызматында болуп, 7 уул, 5 кызды төрөп, тарбиялайт. Баатыр эне алтын жылдыздын ээси Өктөм эже он эки баланын баардыгын жогорку билимдүү адис болууга жеткизет. Уул - кыздары, келиндери, күйөө балдарынын бардыгы жогорку билимдүү үй – бүлөлөрдү курушуп, өз алдынча түтүн булатып калганда дагы уул кыздарын жогорку окуу жайларда окутуп жатышат.

Жалал-Абадская областная библиотека

Өктөм эже 80 жашында дүйнөдөн өттү. Өзү жеткен ууз, акылман апа болгон экен. Өзүнүн кесибин таштап уул кыздарына татыктуу тарбия берип, Мамасадык акени ошондой даражага жетишине Өктөм эже көмөктөш болгон.
Элге кылган кызматын, элден алган урматын,
Небере чөбөрө көргөн эже."



## Мамасадык акеге

Алгач баштап турмуш жолун педагогдон,
Ээрчитип жаш муунга билим берген,
Билимдин түшүп артынан эмгегин да калтырбай,
Ташкенттеги институтка тапшырып,
Токойчулук кесиптин ээси болуп алыптыр.

Өктөм эже жыл алыс курсак көтөрүп,
Беш балалуу болгуча мектепте эмгектениптир,
Кудай сүйүп буларга 7 уул 5 кызды берип,
Алтындан жылдыз тагынып, "Баатыр эне болуптур".
12си тең жогорку билимдүү болуп,
Үй – бүлөдө толук дипломдуу экен.

Улам – улам коом өссө кошо аке такшалып,
Окуу эмгек экөөнү тең кармаган.
Алла сүйгөн адам экен бул адам,
Адам үчүн жакшылыкка жаралган.



Бала "Раис" атка конуп жашынан,
Өмүр бою эмгектенип эл үчүн.
Бүт өмүрүн мекенине арнаган.

Кайсы чарба артта калса начарлап,
Партиялык буйрук менен ал барып.
Ошол чарба оңолгучо жан үрөп,
Күнү – түнү эмгектенип эл менен,
Алыңкыга кошуп тууну жеңдирген.

Кандай жерге кайсыл элге барбасын,
Тил табышып жакшы сөздөн баштаган.
Түрдүү тилдүү көп улуттуу эл менен,
Бир атанын балдарындай биригип,
Ырыскылуу, ынтымактуу иш баштап,
Опол тоодой эмгектерди жараткан.
Тагдыр экен ичер суусу ченелүү,

54кө эми жашы жеткенде,
Бул дүйнө менен ава коштошуп,
Өтүп кетти чын дүйнөгө жол салып.
"Тун кызым" – деп Айчүрөктөй сулууну,
Төл башчы деп таптап аны өстүрдү,
Жараткан да аны ээрчитип катарлаш,
Жети уул беш кыз катар көрүштү.

Тарбиянын туруктуусун алышып,
12си билим алган жогорку.
Билимдүүнүн адистери болушуп,
Бүт бардыгы очор – бачар орундуу.
Билимдүүнүн үй – бүлөсүн курушуп,
Урпактары билимдүүдөн болсо деп,
Окуу жайда көпчүлүгү студент.

Уул кыздары, бүт баардыгы өзүнчө,
Коом менен кошо жашап жигердүү,
Өз кесибин сүйө билип аздектеп,

Кызмат өтөп эли менен жерине.
Талыкпастан эмгектенип келатат.
Көп улуттуу Кыргызстан элине!

**04/12/2012ж**

Мамасадык ава менен Өктөм эженин балдары:
Айчүрөк, Камболот, Акбермет, Бекболот, Нурийла, Арсланбек,
Курсланбек, Замийра, Шааркул, Даркул,
баардыгы эмгектенүүдө.



Тун кызы Айчүрөк 1947 – жалы Бешик – Жон айылында 11 – ноябрда педагогдордун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Мектеп жашына жеткенден кийин 1 – класстан 7 – классты айылда окуйт. 8 – класстан баштап Жоомарт Бөкөнбаев мектеп интернатынан орто мектепти аяктайт. Ошол эле жылы ОГПИге кирет. 1971 – жылы Кыргыз Мамлекеттик униерситтетин тарых факультетин бүтөт. Оштон бул факультетти КМУга которуп койгондуктан 1976 – жылы бүтүп келип, эмгек жолун ошол Бешик – Жондон азыркы (Муктар Маметалиев) атындагы мектепте 45 жыл иштеген. Азыр ардактуу эс алууда. "Насаатчы", "Методист мугалим", "Ветеран мугалими" төш белгилери бар. 2 уул , 3 кыздын апасы. Жолдошу Токторов Жакыпбек айыл чарба институнун зооветериандык бөлүмүн бүткөн. Союз бузулганча райондо ветврач болуп иштеген. Райондо өз кесибинин алдыңкы адиси болгон.



## Айчүрөккө арноо сөз

Оймок ооз, кара каштуу сулуу кыз,
Бой келбетиң сымбатына жараша.
Комуз чертип өзүн кошуп ырдаса,
Көп адамзат бир көрүүгө суктанган.

Кыргыз элдин тарыхында калгандай,
Акмөөрдөй сулуулугуң бар эле.
Сабактан да жакшы окуп сен өзүң,
Кайталангыс мүнөздөрүң бар эле.

Билим алып өзүң борбордон,
Тарыхчысы болуп, келдиң элиңе.
Өзүң сүйгөн жигитиңе баш кошуп,
Үй – бүлөнү курдуң өзүң теңиңе.

Уул кыздын бүт баардыгын окутуп,
Өз алдынча турмуш жолун карматтың.
Учурунда алар туш тарапта жүрүшөт,
Чын жүрөктөн эмгектенип эл үчүн,

Кол кармашып сүйгөн жар менен.
Азыр эми эс алууга чыгыпсын.
45 жылдык эмгегиңдин үзүрү,
Өкмөт баалап төш белгиси берилип.

Калк ичинде кадыр – барктын белгиси,
Айылдагы артыңдагы муунга.
Акыл насаат айтып берсең элиңе,
Ата – Мекен элиң үчүн эмгегин.
Атыңда калган сенин Мурасың.

Кыргыздын оймо чиймеси,
Кылдаттык менен кармаган.
Кыймылдан кыраат келтирген,

Кыргыздын уударынан экенсин

Жакшылык калтыр элиңе,
Жасап бир койгон кол өнөрүң
Жалпыга өрнөк болчудай
Жайылткан элге кураган

Мындан бир наркы өмүрүн!
Ачык болсун көңүлүң!
Айылдан келсең уул кызың
Алдыңан чыгып ал сурап
Балдарын өөп бетинен
Байбайбиче ээрчишип
Бактылуу кары болгула!

***22/3/2013***



## Долдоев Анарбай токойчу

Долдоев Анарбай 1937 – жылы 20 – мартта төрөлгөн. Жаш курагынанан согуш башталып, балалык күндөрү жалпы эле жаш балдар сыяктуу оор турмушка туш келген. Кызыл – Октябрь орто мектебин бүтөт. 1961 – жылы Пржевальский шаарына барып Киров атындагы айыл чарба техникумуна тапшырып, 1964 – жылы токойчу кесибине ээ болот. Эмгек жолун 1955 – жылы жумушчудан баштаган. 1959 – жылы токойчу болуп иштеген. Кыргыз токой чарбасынын Афлатун,



Өзгөн ж.б чарбалардан алып келип, мөмө жемиштердин жаңы сортторун эгип, өстүрүп бак чарбага айландырган. 1964 – жылы Могол айылдык кеңешке депутат болуп шайланган. 1966 – жылы 17 – майда Кыргызстан Министрлер советинин алдында токой чарбага эмгек сиңиргендиги үчүн, Кыргыз ССРинин токой чарбасынын "отличниги" , төш белгиси менен сыйланат. 1967 – жылы токой өстүрүүгө кошкон салымы үчүн, токой чарба комитетинин Түштүк жаңгак башкармалыгынын "Ардак грамотасы" менен сыйланган. 1974 – жылы Ленин райондук партия комитетинин "Мактоо грамотасын" алган. 1982 – жылы жапайы өскөн алма мөмөсүн тергизип келе жатып, авто кырсыктан каза тапкан. Артында калган уулдары атасынын атын абийирдүүлүк менен алып жүрүшөт. Тун уулу Канатбек айыл өкмөттө иштейт. Өзбекстандын Асеке шаарындагы соода техникумун бүткөн. Муктарбек айыл өкмөтүндө чет элдик инженерлер менен иштейт. Таалайбек Базар – Коргон районунда аким. Оштогу техникалык институттун электротехникалык бөлүмүн бүтүргөн. Элмирбек экономист, учурда Кызыл – Үңкүр токой чарбасынын башчысы. Азизбек ЖАМУнун токой чарба бөлүмүн бүткөн. Жаннат чарбакта үй кызматкери. Булбулкан Ошто медик.



## Анарбай акеге

Балалыкта бапестеп эне – атасы,
Бактылуу балалыктын күндөрүн.

Жалал-Абадская областная библиотека

Еатышта согуш чыгып капысынан,
Барчыңдардан кыргыз элим айрылып.

Согуш бүтүп эл өзүнө эмгектенген
Ошондо бул аке да эл катары
Эмгек жолун киндик каны төккөн жери
Ооган – Талаа айылынан баштаган.

Окуу эмгек экөөнү тең аркалап,
Пржевальский шаарына барып.
Айыл чарба техникумунан,
Токойчулук кесибине ээ болот.

Өз кесибин сүйө билген бул адам,
Туш тараптан ташып сортторун.
Талыкпастан эл менен,
Токйлордун аянттарын көбөйткөн.

Канча жылдар мөмө берип,
Алма бакка айланды.
Куштар сайрап канаттуулар уялап,
Канаттуулар мекенине айланды.

Өкмөт баалап текке кетпей эмгеги,
"Отличник" төш белгисин илишти.
Өмүр бою чарба менен бир өсүп,
Түшүм жыйнап келе жатып кырсыктан.
45 жашта оо дүйнөгө жол тартты

Артындагы калган уул балдары:
Тарбиянын тазасынан алыптыр.
Бүт бардыгы акыл эстүү чоңойуп,
Өзү сүйгөн кесиптерди аркалап.
Эмгекчинин эл адамы болуптур.

Кызматыңар ыманыңар бек болсун,



Ата арбактар, Кызыр ата жар болсун!
Кай жерге бар, кандай шартта болбосун,
Элиң үчүн, жериң үчүн ишиңде.
Эл алдында жүзүң дайым ак болсун.



## Айыл акыны жана ардагери Бегматов Мырзабек аке

Бегматов Мырзабек 1932 – жылы Кызыл – Суу айылында кызматчынын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Бала кезинен эле кенже бала болгондуктан ата – энеси каалаганын аткарып, эрке өстүргөн. Мектептен билим алып жашы жеткенде Украинадан советтик армиянын милдетин өтөп келген. Атасынын жолуң жолдоп, токойчу болуп эмгектенет. Башка чарбанын жумушунун түрү өтөп, эл арасында таанылып келет 1959 – жылы Ачы токой чарбасы уюшулгандан баштап, эс алууга чыкканга чейин ошол чарбада иштеди. Көпчүлүк өмүрүн токойчулук болуу менен бирге Ташкенттен токой чарба институтун бүтүп, жогорку билимдүү адис болот. Үй – бүлөдө камкор ата болгон. Момошова Калы жеңе экөө 10 баланы тарбиялап өстүргөн. Жөндөмүнө жараша өзү сүйгөн кесибине ээ болушат. "Тубаса талат менен тоодогу жылжып аккан булак, убактылуу токтотууга болот, түбөлүк токтотууга мүмкүн эмес" – деген кимдир

биреөнүн сөзүндөй акенин таланты дагы кырк жашка чыккандан кийин илхам келгенде поэзия дүйнөсүнө Кайрылып, ырларды жаза баштаган. Учурунда газета бетинен окуп калганбыз. Таза жүрүп эле "Ажал" деген айтып келбейт экен. 69 жашында капыс эле дүйнөдөн өтүп кетет. Кол жазмаларын сактап койгон жеңемдин сандыгынан алып, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, эл аралык "Тең укуктуулук ишмер" сыйлыгыын ээси. Дүйнө тычтыгына кошкон салымы үчүн, эл аралык "Күмүш көгүчкөн" сыйлыгынын ээси. Кыргыз Республикасынын жана Тажикстандык жазуучулар, журналистер кошундарынын мүчөсү, Москвадагы эл аралык жазуучулар кошундарынын биримдиги мүчөсү. Азия тынчтыгын коргоо боюнча эл аралык башкармачылыгынын мүчөсү, Кыргызстандагы "Ооган согушунун ардагери" союзунун мүчөсү. Кыргыз Республикасынын "Умай эне" руханиятын, жаңылануу партиясынын башкармачылыгынын төрайымы. Эл аралык "Ош". альманахынын башкы редактору бир тууган эжесинин кызы жээни Салима Шарипова. Мырзабек акенин кол жазмаларын кайрадан иштеп чыгып, "Бүркүт шаңшыган – Бабаш атам" аттуу (эл журттума 50 ыр) 2012 – жылы китебин жарыкка чыгарды. 18.08.2012 – жылы өмүрү өрнөктүү адам акын, камкор ата, ардагер адам 23 – мартта мүрт кетти. Тун уулу Манас киши колдуу болуп 23 – ноябрда дүйнөдөн өткөн. Ага каттуу кайгырып жүрүп 6 айдан кийин өзү кетти. Өзү өстүргөн уул - кыздары эл керегине жарап эмгектенүүдө. Чоң кызы Нуркан эсепчи Токтогул районунда. Жылдыз мугалим Ноокенде. Жоодарбейшим Базар – Коргондо соцфонддун башчысынын орун басары. Алмазбек Жалал – Абадда кесипчилик техникалык окуу жайында иштейт. Политехникалык институтту бүткөн. Алмусак токойчу, Жай – Терек токой чарбасында директор. Бактыбек жогорку билимдүү Маманкадыров атындагы мектепте мугалим болуп иштейт. Кыздары Кундуз, Бактыкан, Айнура турмуш жолунда, эл катары жашоодо. Акенин жаратылыш куурчап турган чөйрөсүн жана кытыгылаган ыр дүйнөсүнө аралашып чагылып көрсөтө алган. Өзүнүн ырларынан азырак көрсөтө кетейин.



## Арстанбабым

Арстанбабым токойлоруң кандай сонун
Бабаш – атам кубандырат көздүн жоосун.
Теңдешсиз дүйнөдө асыл жерим,
Ыйыктыгың камтыган аалам зоруң!

Чокулардан өткөн сууң шаркыратма,
Жер жемиш эсепсиз түр анықта.
Жайлоо айыл мөөр сыяктуу аттарында,
Сактап келет болгонун карт тарыхта.

Арстанбабым Рузвальт сат деп кеп кылганын,
Разаков сүрөттөп жооп айтканын.
Жараткан кайталангыс коздугун,
Эртеңи аянычтуу ачык айкын!?

Бизди кордоп (кап) деген кайдан чыкты,
Санитардык тазалоо анын шарты.
Урпактарга не калат балта – аралап,
Жетекчилер турса болуп жигит марты.

Кудайым насип эткен туулган жерди,
Сактайлы бабестеп аздектейли.
Дүйнөдөн өкүмзарлар пикир эмес,
Арстанбапты өзүбүз изилдейли.

***Бегматов Мырзабек акенин калемине таандык.***

## Бегматов Мырзабек акеге арналат

Тун токойч коргочунун үйүнөн,
Төрөлүпсүз бул бийиктин төрүнөн.
Ата – эненин эрке, кенже баласы,

Турмушунда он баланын атасы.

Жаш кезинен ата кесип аркалап,
Эмгектенди эл талабын жактады.
Атка минип, баштык илип мойннуна,
Жаратылыш жан шерик деп сактады.

Ташкентеги токой чарба бөлүмүн,
Иштеп жүрүп ийгиликтүү бүтүрдү.
Өмүр бою эмгектенип эл үчүн,
Камкор ата он баланы өстүрдү.

Ар бирине өзү сүйгөн кесипке,
Кеңеш берип окуганга шарт түздү.
Бүт бардыгы жөндөмүнө жараша,
Эли үчүн эмгектенет учурда.

Тагдырдын жолу ушу экен,
Эртерээк өттү дүйнөдөн.
Бүгүнкү өткөн мааракe,
Небере той болсо не болмок!?

Өзү туруп башкарып,
Меймандарды ээрчитип,
Бакай ата өңдөнүп,
Ак чапан кийип ат минип,
"Ак бата" берсе не болмок!?

Тагдырга башты ийебиз,
Кудайым кылса кантебиз.
Артында калган балдарды,
Уюштуруп башкарган.
"Баатыр эне" жеңеме,

Алкыш айтып баарыбыз:
Узак өмүр ден соолук,
Тилөө менен көпчүлүк,



Рахматты айтабыз!

Арбактардын баардыгы
Ыраазы болсун ылайым.
Уул кыздын бардыгы,
Эл менен иштеп ак дилден.

Урмат сыйдын үстүндө,
Уулдан урмат, кыздан сый.
Узак жашап көргүлө.
Урпактар улап калчудай,
Изиңер калсын артында.

**25/08/2013ж**



## Арстанбап – Ата токой чарбасынын ардактуу атуулу, ардагер Кыргызбев Жакыпбек жөнүндө баян

1936 – жылы 19 – декабрда Жарадар айылында төрөлгөн. 1955 – жылы №3 - Кызыл – Октябрь орто мектебин бүткөн. Ошол айылда эле токой чарбада эмгек жолун баштаган. 1961 – жылы Комунистик партияга мүчө болуп кирген. Ошол жылдан тартып токой чарбада токойчу болуп иштеп баштаган. Эки жыл профкомдун төрөгасы болгон. Токойчу болуп 1976 – жылга чейийн иштеген. Андан кийин токой чарбада зав склад

болуп иштеген. 1980 – жылдан баштап, партиялык уюмдун секретары болгон. 1987 – жылдан тартып 1994 – жылга чейин токой чарбанын эсепчи кассири болуп иштеген. 1994 – жылдан 1998 – жылгы чейин өндүрүштүк бригадада бригадир болуп иштеген. Аталган токой чарбада эмгектенип жүрүп, 25 жыл райондук соттун заседатели болуп иштеген. 1998 – жылы пенсияга чыгып, 10 жыл аксакалдар сотунун төрагасы болду. 5 уул, 5 кыздын атасы, 40тан ашык неберенин чоң ата, тайатасы. Айылдын кадырлуу карыясы. Өкмөт тарабынан 1970 – жылы " Лениндин 100 жылдык юбилейлик" медалы менен сыйланат. Жогорку окуу жайга окубаганы менен токой чарбада иштегенден тартып, кайсы иште болбосун, жакшы иштеп жыл сайын ар кандай сыйлыктар менен сыйланган. 1980 – жылы эмгек ардагери медалына ээ болгон. Жубайы Абыл кызы Канымбү эже экөө эриш аркак болуп он баланы эрезеге жеткизген. Алдыңкы үлгүлүү үй – бүлөлөрдөн болушкан. Тагдырдын буйругу менен 2009 – жылы Канымбү эже дүйөдөн өткөн. 2014 – жылы Жакып аке күзүзүндө чын дүйнөгө жол тартты.

## Жакып акеге

Төрөлүп өскөн айылы Жарадардан,
Торолуп адам болуп өз айылынан.
Токойчудан баштап эмгек жолун,
Токойдо жаш өмүрүн өткөзүптүр.

Жумушчулар комитетин башкарып,
Суроо - талап жоопторун аткарып.
Эсепчи да, завхозу да болуптур,
Эмгекчи элдин бүт талабын аткарып.

Өмүр бою эмгектенип эл менен,
Эл алдында кадыр - баркка ээ болгон.
Чейрек кылым өмүрүндө түгөлөй,
Райондук соттун заседатели,
Болуп иштеп, эл талабын жактаган.



Эс алууга чыкса дагы эл шайлап,
Ак сакалдар төрагалык кызматын.
Он жыл бою өзү аткарып жүрүп,
Көп адамды туура жолго салыптыр.

Жакып аке бир келген жашоо өмүрдө,
Жакшы эле өмүр сүрүпсүз.
Кызматтан өксү болбостон,
Төрт мезгил кышы жаз дебей,
Күн сайын жөнөп кызматка,
Эл үчүн иштеп талыкпай
Өрнөктүн өмүр сүрүпсүз.

Эмгегиңизди эл баалап,
Эмгектин болуп ардагер.
Айылдын көркүн көтөргөн,
Ак сакал адам болупсуз!
Эже экөө Алла сүйгөн жан тура,
Беш уул, беш кыз тең көрүп.
Элге кошуп эрезеге жеткизип,
Өз алдынча турмуш жолун кармаптып.
Ал дүйнөгө кетишти экөөтөн кетти аттанып

## Алланын сүйгөн адамы



Капаров Абдыкадыр аке 1922 – жылы Жай – Терек айылында колхозчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Жети жылдык

билими менен ошол өзүнүн айылында Бальшевник мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. Согуш убагында элге келген кыйынчылыкты жылда эмгектенүү менен өткөзөт. Жеңиш үчүн! Айылдагы жаштар менен биргелешип, уюштуруп дан жыйнап, "фронтко" жөнөтүүгө салым кошот. Согуш бүткөндө кийин Ош шаарына барып, окуп бухгалтердик кесиптин ээси болгон. Жай – Теректе бухгалтер - кассир болуп иштейт. 1966 – жылы Ташкет шаарына барып, айыл чарба техникумуна сырттан тапшырып, 1971 – жылы "Токойчу" адистигине ээ болот. 1972 – жылдан баштап эс алууга чыкканга чейин азыркы (Киров) Арстанбап – Ата токой чарбасында эсепчи болуп иштеп, Жай – Терек токой бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып ардактуу эс алууга чыкканга чейин иштеп жүрдү. Элге өтөгөн эмгеги бааланып, персоналдык пенсияга чыгып жетекчилер "нива" унаасы менен сыйлап ардактуу эс алууга узатышкан. Бактылуу карылыктын доорун сүрүп, 1997 – жылы 17 – январда дүйнөдөн кайткан. Жубайы Малика эже экөө 10 баланы 5 уул, 5 кызды тарбиялап өстүргөн. Бардыгы жогорку билимдин ээлери.



**Арноо**

Ата – эне тарбиялап өстүргөн,
Адам бол деп аң сезимге жеткирген.
Атап биз, сөз кылган каарман,
Алланын анык сүйгөн адам экен.
Жети жылдык билим алып айылдан,
Жеткинчекке билим бере баштаган.



Жетелеп келип жаштарды,
Жетилтип тамга тааныткан.

Эмгекчил элдин ичинен,
Эмгегин тактап иликтейт.
Эч кимдин акын бүлүнтбөй,
Эсепчи болуп так иштейт.

Эл талабын аткарган.
Эсепчи да, сатуучу да болуптур,
Элдин баары кыйын согуш убакта.
Элди үндөп, машак терип дан топтоп,
Эл сыяктуу согушка да жөнөттү.

Согуш бүтүп тынчтык өкүм сүргөндө,
Ошко барып өз билимин өстүрүп,
Бухгалтердик кесибине ээ болот.
Өмүр бою иштеп жүрүп эл менен,
Ардактуу эс алууга чыгыптыр.
Асырап баккан уул кыздын,
Баардыгын окутуп, өз ордуна коюптур.

Жогорку билимдүү болуп,
Жүрүшөт баары эл менен.
Кадыр - барктуу үлгүлүү,
Кадыры болуп коомдун.

Суук көз такыр тийбесин,
Атанын жолун жолдогон.
Адал иштеп эл үчүн,
Ардактуу адам болгула.

Ала – Тоо кыргыз элинин,
Алдынкы сапка кошулган.
Артында изди калтырган,
Адамы болуп жүргүлө!



## Жашыл аалам жаратылыш адамы жөнүндө баян

Асанбеков Маматжан Асанбекович Ош облусуна караштуу Сузак районундагы Кашка – Терек айылында 1948 – жылы 20 – октябрда төрөлгөн. 9 жашка чейин ата – энесинин колунда тарбияланган. Октябрский айылына көчүп барып башталгыч мектепти бүтөт. Көк – Жаңгак шаарындагы №3 - орто мектебин ийгиликтүү "Алтын медаль" менен аяктайт. Борбордук окуу жайларга тапшырып экзамендеп жогорку баалар менен өтөт. 1973 – жылы Украинанын Киев шаарындагы Эмгек Кызыл – Туу ордендүү айыл чарба Академиясын бүтүргөн. Токой чарбасы боюнча инженер адистигине ээ болот. Андан кийин 1988 – жылы Бишкектеги Улуттук Универститетинин экономикалык факультетин бүтүргөн. Асанбеков М.А өзүнүн эмгек жолун 1973 – жылы Сузак районундагы Кара – Алма токой чарбасында Кара – Алма токойчулугунун башчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1973 – 1978 – жылдары Кара – Алма токойчулугунун башчысы 1978 – 1982 – жылдары Аксы районунун Афлатун токой чарбасынын директору 1982 – 1986 – жылдарда Базар – Коргон районунун Киров (азыркы Арстабап - Ата) токой чарбасынын директору болуп иштеген. 1983 – 1984 – 1985 – жылдардын жыйынтыгында Киров токой чарбасы үч жыл катары менен КПСС БКнын СССРдын Министрлер Советинин ,ВЦСПСтин жана Комсомолдун БКнын, өтмө



кызыл туусуна татыктуу болгон. 1986 – 1994 – жылдары Түштүк Кыргызстандагы жаңгак мөмө токойлорунун башкармасынын жетекчиси болуп эмгектенет. 1994 – жылдан тартып 1996 – жылга чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик жаратылышты коргоо комитетине караштуу башкармасынын жетекчиси, 1996 – 1997 –жылдары Жалал – Абад жаңгак токой мөмө токойлорунун башкармасынын жетекчиси жана Ош Жалал – Абад областарынын башкы токой башкармалыгынын Жалал – Абад областы боюнча жетекчисинин орун басары, 1998 – 2003 – жылдары Жалал – Абад областтык Мамлекеттик мүлк фондусунун төрагасынын орун басары, 2003 – 2006 – жылдары Жалал – Абад областынын мамлекеттик жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлкө укуктарды каттоо боюнча борбордун жетекчиси, 2006 – 2009 – жылдары Жалал – Абад аймактык токойду өнүктүрүү жана аңчылык рессурстарын жөнгө салуу башкармалыгынын жетекчисинин орун басары, 2010 – жылдан тартып 2012 – жылдын март айына чейин Жалал – Абад аймактын жетекчисинин орун басары кызматында иштеген. Ал эми 2012 – жылдын 19 – март айынан бүгүнкү күнгө чейин Жалал – Абад региондор аралык жаңгак мөмө башкармалыгынын коргоо жана сактоо жана токойду биргелешип башкаруу бөлүмүнүн бөлүм башчысы кызматында иштеп келе жатат. Асанбекоа М.А өзүнү ээлеген административдик мамлекеттик кызмат ордунда иштеп жүрүп, КР мамлекеттик кызмат мыйзамына ылайык эки жолу 2006 – жылы жана 2008 – жылы Мамлекеттик агенттик аттестатциялык комиссиясына , конкурсуна катышып анын жыйынтыгы менен ээлеген кызматына дайындалып бекитилген. Мамлекеттик кызматтын 2 – класс даражасы ыйгарылган. Асабеков М.А токой чарба тармагында 30 жылдык тажрыйбасы бар адис. Тапшырылган ар кандай ишти жогорку жоопкерчиликти сезүү менен өз убагында так аткарып келе жатат. Өзүнүн кол алдында иштеген кызматкерлерге принципиалдуу талап кое алат. Өлкөнүн экономикалык абалын көтөрүү үчүн чоң салымын кошкон. Токой көчөттөрүн өстүрүү жана токой иштерин дайыма

жоопкерчиликте иштеп келе жатат. Көп жылдык жетекчилик эмгек жолунда жаш кадрларды тарбиялоодо көрсөткөн чоң наасатчы Жалал – Абад областынын токой чарбасы өнүгүшүнө кошкон салымы жана жетишкен ийгиликтери үчүн 2008 – жылы КРнын ардак грамотасы менен сыйланган. Үй – бүлөлүү, 4 баланы тарбиялап өстүрүүдө.

## Сизге

Айылдан эле төрөлүп,
Мектепте болуп алдынкы.
Медалист болуп бүтүрүп,
Сыноодон өтүп такалбай.
Алыскы Киев шаарына,
Академияга кирип
Адиси болуп токойдун,
Алдыңкы адам болупсуз.

Токойчудан иш баштап,
Токойдон токой которуп,
Токойдун түрүн өстүрүп.
Табият сырын билипсиз.

Эмгектен таап сый урмат,
Эчендеген эмгекчилди өстүрүп.
Эл ичинен көрүнүп,
Эмгектен кадыр таапсыз.

Жашыл токой, жашыл аалам аралап,
Жаш өмүрдүн гүлгүн кезин арнапсыз.
Жапайы өскөн бак дарактар мөмөлөр,
Жал жал ооруп карайт мөлтүрөп.

Канчалаган канаттуунун мекени,
Кадимки жаныбарлардын,
Кызыл китепке киргендин.



Колдоого жаратылышты,
Колдоосу менен болгон бейм.
Калкынан чыгып суурулуп,
Кадырман адам болупсуз.

Мындан бир аркы өмүрдү,
Муңайбай дайым көңүл шат.
Музыкадай жагымдуу,
Мыктысын сүрүп доордун.
Мындан кийинки жаштарга,
Мурасчы болуп жүрүңүз.
Алланын көзү түз болсун!
Ар дайым кудай колдосун.
Үй – бүлөңүз, эли журтуңуз тынч болуп,
Үлгүлү кары болуңуз!

***15/3/2013***



## Токойду өнүктүрүү үчүн күрөшкөн инсан

Абдураим Мавлянкулов 1935 – жылы Жалал – Абад областынын Базар – Коргон районундагы Бел – Терек айылында туулган.

Учур мезгилинде көп жылдар бою токой чарба тармагында үзүрлүү эмгектенип келген. Ал кесибин мыкты

Жалал-Абадская областная библиотека

билген тажрыйбалуу адистердин катарында алдыңкылардан болуп, өлкөбүздүн түштүк жергесинде калайык калкка таанылган инсан. Токойду көздүн карегиндей сактоодо, коргоодо, өнүктүрүүдө алдыга койгон милдеттин иш планды жоопкерчиликтүү карап, адилеттүү жана так аткарууда, бир топ өзүнүн салымын кошуп, бүт күч аракетин жумшап келген.

Айтор! Базар – Коргон районуна караштуу Киров азыркы Арстанбап – Ата токой чарбасынын Жай – Терек, Дашман токой коругу бөлүмүн жетектеп келген.

Токойду коргоодогу ийгиликтерди жаратууда, өзгөчөлөнгөн артыкчылыгык эмгеги эл жана жетекчилер тарабынан бааланып, республикалык областтык, райондук деңгээлдеги бир канча ардактуу грамоталарга, медалдарга татыктуу болгон. Мусулманчылык парзын аткарып 2012 – жылы ажыга барып, "Абдыраим ажы" болуп келген.

Учурда Абдураим ажы Гумкана айылынын кадыр барктуу ардактуу ардагери. 2015 – жылы 1 – октябрда 80 жашка толот. Бактылуу ардагер, 11 баланын сүйүктүү атасы. Бир нече неберенин, чеберенин чоң ата, таятасы.

## Абдураим ажы акеме арнаймын

Жумшак сүйлөп жөп жөнөкөй тил менен
Эмгектенди көп улуттуу эл менен.
Жаратылыш жан шеригим деп жүрүп,
Өмүр сүрдү бактылуу үй тургузуп.

Бала бакыт чүрпөлөрдүн баарына,
Бүт бардыгын жогорку окуу жайга окутуп
"Адам бол" – деп туура жолго салдыңыз.
Үлгүлүү жүрүш - турушта урмат сыйга келдиңиз.

Дагы аке көп жашаңыз ылайым,
Ден соолукта өмүр берсин кудайым.
Айпери эже экөөңүздөр ээрчишип,
Айлыбыздын берекесин көтөрүп.
Аппак сакал ажы ата болуңуз.





## Эламанов Абдумалик Исмаилович

***"Кесибиң ырыс кешигиң,***
***Кесибиң өмүр шеригиң."***

Эламанов Абдумалик Исмаилович Сузак районуна караштуу Кара – Алма айылында кызматчынын үй – бүлөсүндө 1969 – жылы туулган. 1976 – 1984 – жылдарда төрөлүп өскөн айылында орто мектепти ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылы 1984 – 88 – жылдарда Ленинград областындагы Лициский токой чарба техникумду бүтүп, "Токой техниги" деген кесипке ээ болот. 1995 – 2000 – жылдарда ЖАМУнун токой чарбанын иженери адистигине ээ болот. 2006 – 2009 – жылдарда Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академиясын Бишкек шаарынан бүтүп, жогорку билимдүү юрист кесибине ээ болот. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын улуттук кадрлар резервине кошулган. Кызматтын кеңешчиси, 2000 - 2005 – жылдарда Сузак райондук кеңешине депутат болуп шайланат. Мамлекеттик токой сакчылыгынын "отличниги", Кыргыз Республикасынын мактоо грамотасы, Жалал – Абад областык мактоо грамоталары менен сыйланган. Токой сакчылыгында көп жыл иштегендиги үчүн 5 жылдык, 20 жылдык төш белгилер менен сыйланган. 1984 – 1988 – жылдарда студент. 1988 – 1990 – жылдары Советтик Армияда жоокердик милдетине аттайт. 1990 – 1991 – жылдары Сузак районундагы Кара – Алма токой чарбасында токойчу болот. 1991 – 1996 – жылдарда Кара – Алма токой чарбасында жаратылышты коргоо

бөлүмүнүн башчысы, 1996 – жылдан 2009 – жылга чейин Сузак токой чарбасында токойчу, 2003 – 2005 – жылдарда Жалал – Абадда токой бөлүм башчысы болуп эмгектенет. Өз кесиби боюнча Баткенде,Жалал – Абадда эмгектенген. Жалал – Абад шаарынын мэриясында вице – мэрлик милдетти аткарат . 2012 – жылдын 12 – июлунан баштап Жалал – Абад региондор аралык жаңгак токой, мөмө башкармачылыгын жетектеген. Учурда борбор калаада эмгектенет.

## Арноо

Айыл жерде төрөлүп,
Ак бешикке бөлөнүп.
Айылдык орто мектептен,
Атестат алып колуңа.
Алыскы Ленинграддан,
Адиси болуп токойдун.
Адамы болуп келиптир.

Ата – Мекен коргоо ыйык милдетин,
Абийрдүүлүк менен өтөп эки жыл.
Тактык менен кызмат өтөп мекенге,
Сержант деген наамга жетиптир.
Кызмат жолун токойчудан баштаган,
Токой үчүн эч нерседен коркпогон.

Жашыл аалам жан шеригим деп жүрүп,
Канчалаган тоскоолдукка туш келген.
Сыналгыдан көрүп өзүм таң калдым,
Кайдыгерлик жасап жаткан коомго.
Кандай наадан көңүл бурбай кое алат,
Камаз менен "капты" жүктөп өтсө да.
Кабадагы шланбапта тургандар
Көрүп туруп көрмөксөнгө салгандар
Кармап алса Эламанов Маликти
Кайра өзүнө күнөө коюп уялбай
Кайра, кайра тергөөлөргө чакырып



Кайырмакка илгилери келишкен.

"Ак ийилет бирок сынбайт" дегендей
Кармашуудан жеңип чыкты илинбей.
Кызыр ата жылоологон жан экен,
Бул замандын Манасындай шер экен.
Кызмат өтөп эли менен жерине
Артка кайтпас анык кыргыз шер экен.

Дагы айтарым: алданбагын
Алдым жутум дүйнөгө
Алданбагын азгырылма сөздөргө.
Жаралгандан таза адам экенсин
Таза бойдон талап койгун ишиңе.
Таза ишиң жашап калсын элиңде
Жигит пири Шахимардан колдосун
Кудай ишти дайым өзү оңдосун!
Алган жарың, бала чакаң тынч болуп,
Эмгек өтө, элиң менен жериңе
Эчен жылдар мезгил өтүп кетсе да,
Үлгүлүү ишти көп калтыр
Түбөлүк жашап калчудай
Кызматта сенде из калсын!

**19/12/2012ж**



## Жашыл ааламга жаш өмүрүн арнаган инсан

Ардагер Акматов Мамаш ава жөнүндө сөз. Акматов Мамаш 1930 – жылы Көк – Тоңду айылында төрөлгөн. Правда

Жалал-Абадская областная библиотека

орто мектебинде 10 – классты 1947 – жылы бүтөт. Жогорку окуу жайына окубай калдым. Колхоздо бргадир болуп эмгек жолу баштадым. Колхоздо жумушчу болдум, 1952 – жылы кара малга счетчик болуп иштедим. 1959 – жылы ачы токой чарбасы уюшулуп, Фрунзедеги айыл чарба техникумуна тапшырып, Кант шаарында окудум, андан Пржевальскийге которду. Адист жетишпей Ташкентке которду. Ташкенттен токой чарба техникуму бүттүм. Ачы токой чарбасында корукчу болуп иштедим. Абдраимов Кадыр аке менен Жунусов Маткарим менен иштедим. Көк – Тоңду токойчулугун 33 жыл иштедим. Өзгөнов Дурус менен эки жыл. Жакыпов Шарап менен иштештим. Шарап директор убагында 100 тонна жаңгак тапшырдым. Канчалаган ачык жерлерге жаш көчөттөрдү эгип, жашыл токойго айланды. Азыр мөмөсүн эл терип пайдаланып жатат. 1997 – жылы эс алууга чыктым. (иштеп жүргөн кезимде) Чеке – Мазардан баштап, Бел – Коргонго чейин жол салдырдым. Ашар коому менен узундугу 30 метр болгон айылыбызга мечит салдырдым. Ошондой эле ашар жолу менен ПАП курдум 25 бөлмөлүү. Эмгек эч качан жерде калбайт. Персоналдык пенсияга чыктым дейт ал. 1952 – жылы Калбаева Рапия эжеге үйлөнөт. Эже 1929 - жылы төрөлгөн. Өмүр бою колхоздо чарбада иштеп жүрүп, экөө эришаркак болуп 7 бала тарбиялап өстүргөн. Чоң уулу Асылбектен 2 уул калган. Акматов Анарбай Ош шаарында тиш даарылоо эмканасынын башчысы. Акматов Замир айыл башчы. Акматов Садир милиция. Акматова Айсулу, Акматова Кишимжан, Акматова Гүлсулутурмушка керектүү татыктуу адистикке ээ болушкан Неберелери Мамашов Канжар экономист, Мамашов Санжар энергетик. 45 неберенин 16 чеберенин чоң ата, чоң энеси.

Кымбаттуу Мамаш жезде, Рапия эже! Кудайдын берген жашын көрүп, балдардын чайын ичип, бактылуу карылыктын балын татып жүрө бериңиздер!

30/11/02012ж





## Мамаш жездеге арноо!

Ата – эненин колунда
Эрке өскөн бала чагында
Эл менен эмгектениптир,
Тылдагы эмгек малында
1947 – жылында орто
Мектепти бүтүргөн.
Бригадир болуп иш баштап,
Жумушчу дагы болуптур.

Рапия эже менен баш кошуп,
Кара малга эсепчиси болуптур.
1959 – жылы Ачы токой чарбада
Корукчу болуп иштептир.

Сыртта окуп тапшырып,
Ташкенттеги айыл чарбадан.
Токой чарба бөлүмүн аяктап,
Өзү сүйгөн кесипке ээ болуптур.

Канчалаган жетекчиге тең келип,
33 жыл токойчулук кесип менен иштептир.
Эмгегинин акы бети такталып,
Персоналдык пенсияга чыгыптыр.

Өмүрлөшү Рапия эже экөө ээрчишип,
Жети бала тарбиялап өстүрүп,
Өз өзүнчө кармап турмуш туткасын,
Эли үчүн кадыр - барктуу адамдардан болуптур.



Тун уулу өтүп кырсыктан,
Кыйын күн өтөт алардан.
Кайрат тутуп 2 уул неберени
Камкор көрүп экөөн тең окутуп

Экөөсү тең адис болуптур.
Үй – бүлөлүү болуп калды балалуу
Кез – кез келет чөбөрөлөр көргөнү.
Көрүп алып кумарларын жазышат.

61 жыл бирге өмүр сүрүшүп,
Бай байбиче болуп балдар төрүндө.
Сый сыпатын көрүп экөө бир жүрүп,
Ал айылдын берекесин көтөрүп

Аппак чачтуу асыл кары болуптур.
Мындан нары дагы дагы көп жашап
Уул кыздын урматсыйын көп көрүп,
Төрдө олтуруп келип кеткен жаштарга
Үлгүлүү сөздөн айтып зерикпей,
Ден соолукта аман эсен болгула!

**31/12/2012ж**





## Касымбекова Сабира

Касымбекова Сабира 1954 – жылы 10 – октябрда Базар – Коргон районундагы Могол айылдык кеңешке караштуу Көк – Тоңду айылында жумушчунун үй – бүлөсүдө туулган. 1961 – жылы Правда орто мектебине 1 – класска кирип, 1969 – жылы 8 – классты бүтүп, андан соң Ош шаарындагы У Салиева атындагы №1 - кыргыз кыздар орто мектебин 1971 – жылы бүтүргөн. Андан кийин Жалал – Абад шаарындагы техникалык окуу жайын айыл чарбачылыгы боюнча бухгалтерия бөлүмүн аяктаган. .1974 – жылы 5 – апрелден баштап Ачы токой чарбасына бухгалтер болуп ишке кирген. Токой чарбалык айыл чарбачылыгы механизация материалдык, мал чарбачылыгы боюнча 2007 – жылга чейин бухгалтер болуп иштеп пенсияга чыккан. Андан соң Могол айыл округуна 2008 – жылдын январь айынан ушул күнгө чейин эмгек акы эсептешүү бухгалтери болуп иштеп келүүдө. 1984 – жылдан бери Могол айыл округунда аялдар кеңешинин төрайымы. Кыргыз токой чарба департаментинин түштүк токой чарба башкармасынан Ачы токой чарбасынын Могол айыл округунун, Базар – Коргон райондук жетекчиликтин бир нече жолу Ардак грамоталары менен сыйланган. 1981 – 95 – жылга чейин Могол айыл округунан депутат болуп шайланган. Базар – Коргон районунун ардактуу атуулу, К.Р.ИИБ юбилейный меделы менен сыйланган. Үй – бүлөлүү, 2 уул , 2 кыздын апасы 8 неберенин бактылуу тайенеси.



## Сабира Касымбековага арноо

Үйүндө эне мээримдүү
Үлгүлүү жигит жарысын
Үлпөттөп баккан уул кызды
Үйлөнүп экөөң баш кошуп
Үйүңдө майрам күндөрдө
Үндөрү чыгат аргендей
Уул кыздан неберенин.

Коомдо сенин ордуң чоң
Кеп кеңеш алып өзүңдөн
Канчалаган аялдар:
Кармашты турмуш туткасын
Кадырың эле таанылып.
Канча жыл жүрдүң эл менен,

Депутат болуп шайланып
Эмгегиңдин үзүрүн
Алган медаль сыйлыгың
Айылдан чыгып суурулуп
Ардактуу атуул болгонуң.

Бир орунда 32 жыл олтуруп
Токой үчүн опол тоодой иш кылдың



Эмгегиңди рахатын көрө бер,
Элиң менен эч оорубай эсен - соо
Өмүрлөшүң Шаршен экөөң тең карып
Небереден чөбөрөңү жетелеп
Уул кыздын урмат сыйын тең көрүп,
Улгайган кезде ээрчишип,
Бактылуу өмүр сүргүлө!

**28/11/2012ж**



## Мамаева Адаш

Ачы токой чарбасынын эсепчиси КПССтин 1973 – жылдан бери мүчөсү, алдыңкы инсандардын бири Мамаева Адаштын өмүр баянын өзүнөн алдым.

Мен Мамаева Адаш Жоробековна 1953 –жылы Кызыл – Үңкүр айылында төрөлгөм. Атымы Айжаңыл деп койгон өзүмдүн атам Нышанбаев Акимкан үй – бүлөдө 3 кыз төрөлгөнүм үчүн эркелетип "Адаш" деп койгон. Атам тез эле өтүп кетет. Убагында күбөлүк албай кийинки атамын атына жазылып калдым. Өзүмдүн атам Акимкан Улуу Ата Мекндик согушка 6 жыл катышып келген. Согуштун заарынан калган дарттан мен төрөлгөндөн кийин дүйнөдөн өтүп кеткен. Мектеп жашына чейин ата – энемдин тарбиясында болдум. Апам Айша өтө зирек

кайраттуу адам болгон. Кийинки атам Мамаев Жоробек да согушка катышкан адам эле. Ал дагы тез эле өтүп кетти. Эки уул, 4 кызды апам жалгыз бой жесирчилик менен тарбиялап өстүрдү. 1968 – жылы мектепти бүтүп Жалал – Абаддагы кесипчилик соода окуу жайына тапшырып, сатуучу деген кесипке ээ болдум. 1970 – жылы эмгек жолумду Кызыл – Үңкүр токой чарбасында бухгалтер болуп иштөө менен баштадым. 1971 – 1973 – жылдары Фрунзе шаарындагы финэкономикалык техникумун бүтүп айыл чарба бухгалтери деген кесипке ээ болдум. 1973 – жылы Ачы токой чарбасында бөлүмдөр боюнча бухгалтер болуп иштей баштадым. Ошол эле жылы КПССке мүчө болдум. 1983 – жылдарда Могол айылдык кеңешине аялдар советин жетектөө менен райондук жана областтык аялдар советине мүчө болдум. 1973 – жылдан 1988 – жылга чейин Базар – Коргон · райондук партиялык пленумдун мүчөсү болуп шайланып жүрдүм. Айылдык кеңешке депутат болуп шайландым. Ачы токой чарбасында баштапкы партиялык уюмдун секретары болуп шайландым. 1978 – жылы башкы эсепчиге жардамчы болуп жүрүп, 1982 – жылга чейин иштедим. 1980 – жылы мен Москва шаарына өндүрүштө жана коомдук иштерде жакшы иштегендигим үчүн Кыргыз Республикасынын токой чарба министирлиги тарабынан СССР токой чарба жана СССРдин бүткүл союздук профсоюздар комитетинин кошмо засиданиясына катышып, ушул эле өткөн келишимдердин "Ардак грамотасына" татыктуу болдум. 1983 – жылы Арстанбап – Ата (Киров) токой чарбасына башкы бухгалтер болуп которулдум. Ал жерде Жай – Терек токой бөлүмүнөн райондук советке депутат болуп шайландым. Аялдардын республикалык сьздине делегат болуп катышкам. Кыргыз Республикасынын токой министирлигинин ардак



грамотасы менен сыйландым. 1987 – жылы Ачы токой чарбасына башкы бухгалтер болуп которулуп, 1990 – жылга чейин иштедим. 1990 – жылдан 1993 – жылдары декреттик отпускада жүрүп, Элдос, Элмурат аттуу уулду болдум. 1993 – жылы сентябрь айында Кызыл – Үңкүр токой чарбасында башкы эсепчи болуп которулуп, 1998 – жылга чейин иштедим. 1998 – жылы Ачы токой чарбасына башкы эсепчи болуп 2011 – жылга чейин иштеп жүрүп, 2008 – жылы пенсияга чыктым. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы токой чарба жана айлана - чөйрөнү коргоо комитети токой кызматында үзүрлүү эмгеги үчүн 10 жылдык, 20 жылдык 30 жылдык төш белгилер менен сыйлады. Республикалык областык акимиятынын ардак грамотасы алкыш баракчасы, областык казына бөлүмүнүн ардак грамотасы, Базар – Коргон райондук акимияттын ардак грамотасы менен 2 жолу райондук казына бөлүмүнүн ардак грамоталары, Арстанбап Ачы, Кызыл –Үнкүр токой чарба ардак грамоталары менен сыйландым. Азыркы күндө ушул эмгегим үчүн эл журтумдун алдында кадырыма ыраазы болуп иштеп жүрөм, дейт Адаш Мамаева өзү туурасында билдирип.

## Адашка

Адашка айтар арноо сөз
Атаңдан калып жашыңдан
Асырап сени Айша эже,
Аппештеп сени өстүргөн.
"Акылдуу болсо кызым" – деп
Аллада күндө тилеген.

Текке кетпей тилеги
Тетик кыз болдуң жашыңдан
Техникумду бүтүп сен

Туулган жериңден баштап
Токой чарбада иштепсиң

Коомдук жумуш аркалап
Калкыңда кадыр баркың бар,
Канча жыл өтүп кетсе да
Кагазда калган сенин атың
Карт тарыхта сакталар.

Эчен жылдан берилеп,
Эсептеп элдин эмгегин
Эч чарчабай жаңылбай
Эстүүлүк менен келгениң
Эмгегиңдин тактыгы

Ар айылдын өзүнүн
Атын алып жүрөргө
Аылмандар бар болот.
Ажайып кооз бейиштей
Арстанбап токой ичинен
Айчүрөктөй кайраттуу!
Адашкыс чыккан билип кой.
Ат салышып, ар кыл адамдар менен
Адашпастан 42 жыл талыкпай
Алып жүрөт эсепчилик кесипти

Өкмөт баалап эмгегиңе ыраазы
Эчендеген баракчасын мактоонун
Москвадан алгандыгың тастыктайт.
СССРдин бүткүл союздук
Токой чарба профсоюздук
Комитеттен сыйлык алып келгениң
Эмгегиңдин үзүрлүгүн аныктайт.
Эс алууга чыкса да,
Эл алдында эмгектенип.
Жүргөнүңдүн өзү эле
Сыймык эмей эмне?



Мыдандан бир наркы өмүрүң,
Уулдарың акыл эстүү шер болсун
Айткаыңдай картайганда сен үчүн,
Мээримдүү келиндерге жолугуп
Небере эмес чөбөрөңү жетелеп

Төшүң толо белгилерин тагынып
Айылды алга көтөргөн ак элечек
Ак байбиче болгунуң!

**20/10/2012ж**



## Досматов Азимжан жөнүндө

Доматов Азимжан Темирбаевич айтылуу ажайып кооз Арстанбап айылыда 1953 – жылдын 23 – январында кызматчынын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Орто мектепти бүтүп, Өзбекстандын Андижан шаарындагы "Пахтачылык" институтунун механизация бөлүмүнө тапшырып, жогорку билимдүү инженер – механик кесибине ээ болгон. 1974 – жылы Фергана областындагы Правда совхозунда инженер механик болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1974 – 1975 – жылдарда эр жигиттин ыйык милдети болгон Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1976 – 1979 – жылдар Базар – Коргон районунун Киров токой чарбасыны автопаркында диспетчер, 1979 – 1984 – жылдар Киров токой чарбасыда инженер – механик. 1988 – 1997 – жылдары

Арстанбап ата токой чарбасынын директорунун орун басары, 2011 – жылдан тартып жеке ишкер. 2012 – жылдын 10 – сентябрынан тартып Ачы токой чарбасын жетектейт. 4 уул, 2 кыздын атасы. 13 неберенин чоң ата, таятасы.

## Азимжанга арнаймын

Арстанбаптын тунук суусун жутуп,
Аралап токойунда чоңойупсуз.
Адамгерчилик менен ыйман жагын,
Ата – энеден айлана чөйрөдө алгансыз.
Мүнөзү абдан жөнөкөй

Такшалып илим билимге,
Так жумушту аткарып
Татыктуу адам болупсуз,
Тоолук элдин өзүнө.

Ар дайым ишиңизде ийгиликтер жаралсын,
Алла өзү түз көз менен карасын.
Адам заттын жүрөгүдө калчуудай,
Адал иштеп артыңызда из калсын!

Мына бүгүн 60 жаш кут болсун,
Үй – бүлөдө ырыс, бакыт кут консун.
Урук – тууган, бала – чака бүт болуп,
Урматташып тилек сыйлар көп болсун.
Дагы жашап, 60ты оорубай,
Азимжан ата болуп жаштарга.
Үгүт насаат тарбияны бериңиз!

28/11/2013ж





## Кимсанов Рыскул

1942 – жылы Кызыл – Үңкүр айлында төрөлгөн. Орто мектепти Фрунзедеги финтехникумун бүтүп, токой чарбада 42 жыл ар түрдүү кызматта эмгектенген. (күзөтчү токойчу, эсепчи , кассир, кампанын башчысы) болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Жубайы Кимсанова Азилат жеңе экөө 7 баланы тарбиялап өстүргөн. 2 уул, 5 кыздын мээримдүү ата – энеси. Уулдары Таалайбек 1968 – жылы төрөлгөн, мергенчилик боюнча инспектор. Кыздары өз алынча турмуш ордун тапкан. Талант ата – энесин асырап, урматтап кароодо. Азыркы учурда ардагер токой чарбанын насаатчысы. Кадырман карыялардын катарында урмат сыйга ээ. 70 жылдык юбилейин белгилөөдө турат.

## Арноо сөз

Башынан ак кар кетпеген,
Даары чөптөр көп өскөн.
Түнт токойдо таңшыган,
Түркүн куш сайрап үн салган.

Түбөлүктүү сулуу жер,
Табигат берген улуу жер.
Кызыл – Үңкүр айлында,
Төрөлүпсүз 70 жыл илгери.

Ооган – Талаадан,
Толук билим алыпсыз.
Эсепчилик окуу жайда,
Борбордон билим алыпсыз.

Бүтүп келип Бишкектен,
Туулуп өскөн айылга.
42 жылдык өмүрдүн,
Баардык кымбат мезгилин,

Эмгектенип өтүпсүз.
Турмуш менен кызматты,
Кошо кармап жетелеп,
Азилат жеңем экөөңөр

Эки уул беш кызды
Тарбиялап өстүрүп
Туурунa кондуруп,
Бактылуу кары болупсуз.

70 жаш сизге кут болсун!
Ырыс-кешик жуп болсун!
Катарлаш салган үйүңүз,
Кут береке, небереге жык толсун!

Дагы жашап 20 жыл, 30 жыл
Жеңем экөөң уул кыздын,
Урматсыйын бир көрүп,
Неберенин чүрпөлөрүн ээрчитип,
Айылыңардын берекесин көтөргөн
Алла сүйгөн аталардан болуңуз!

**20/08/2010ж**





## Айылдын алдыңкы уулу

Эрмеков Бактыбек Зулумбекович 1969 – жылы 21 – июнда Бел – Терек айылында төрөлгөн. 1984 – жылы Бел – Терек толук эмес орто мектебин аяктайт. Артыкчылык күбөлүгүө ээ болот. Ош областындагы совхоз техникумуна тапшырып, 1988 – жылы огрономия бөлүмүн бүтөт. 1988 – 90 – жылдарда жоокердик милдетин өтөйт. 1990 – жылы Арстанбап пансионатында экскурсовот болуп, эмгек жолун баштайт. 1988 – жылдан баштап, Арстанбап токой чарбасында бригадир тококойчу директору кызматтарда 2012 – жылга чейин иштеген. 2003 – жылда Бишкектеги "Скрябин" атындагы айыл чарба университетинин агрономия факультетинин токой чарба бөлүмүн бүтүп, инженер адистигинне ээ болгон. 2012 – жылы март айынан баштап, Жалал – Абад аймакты курчап турган чөйрөнү коргоо башкармалыгынын жетекчиси болуп иштеп келе жатат. Жалал – Абад аймактык курчап турган чөйрөнү коргоо башкармачылыгынын "Ардак грамотасы" менен 2010 – жылы сыйланган. 2011 – жылы ПРООНдун программасынын "Ардак грамотасы" менен сыйланган. 2012 – жылы айлана - чөйрөнү коргоонун "Мыкты кызматкер наамын алуу менен төш белги менен сыйланган. Үй – бүлөлүү 2 баланын атасы.

### Бактыбекке арнаймын

Бийик жерден, тунук суудан жаралган,
Билим алдың адис болдуң калаадан.

Бала кезден чыйрактыгың билгизип,
Башкалардан зиректигиң көрүнгөн.

Армиялык милдетин да өтөп сен,
Арстанбаптын жери менен элине.
Адал иштеп, Алла ишинди оңдоп,
Адам болдуң, эл ишине жараган.

Жаш болсоң да эл талабын жактаган,
Эмгекчил бол эч бир артка кайтпаган.
Куурчап турган дүйнө менен сырдашып,
Кесибин сүйө билген адис бол,тапталган

Азирети Арстанбап – Ата колдосун!
Ар дайым Кызыр ата бир болсун!
Арам ойлуу адамдарың бар болсо,
Амал таппай өз ордунан жок болсун! **29/02/2013ж**



## Кыпчаков Ырысмамат

Элдин уулу үлгүлүү үй – бүлөөлөр Кыпчаков Ырысмамат (Садабай) Болушович. 1950 – жылы 10 – октябрда Арстанбап айыл өкмөтүнө караштуу Жай – Терек айылында жумушчунун үй – бүлөсүндө туулган. 1964 – жылы Жай – Терек



8 жылдык мектебин бүтүп, 1964 – 68 – жылдары Жалал – Абад педагогикалык окуу жайында атайын орто билимдүү болуп, эмгек жолун мугалимдик кесиптен баштаган. 1970 – 1976 – жылдары СССРдин 50 жылдыгыатындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин сыртан бүтөт. 1973 – 1975 – жылдары Ош обком партиясынын эки жылдык партиялык мектебин бүтөт. 1968 – 1970 – жылдары Жай – Теректе мектепте мугалим музыкант, 1973 – 1978 – жылдарда Жашыл – Көл мектебинде тарых мугалими директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп иштеген. 1978 – 1981 – жылдарда Арстанбап айылдык советинин төрагасы. 1990 – 1992 – жылдары чарбада катчы, 1992 – 1994 – жылдары Киров токой чарбасынын директорунун орун басары. 1994 – 98 – жылдары Киров токой чарбасында жумушчулар комитетинин төрагасы, 1998 – 2001 –жылдары Гумкана айылынын айыл башчысы, 2002 – 2007 – жылдары Арстанбап айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары. 2007 – 2009 – жылдары Гумкана, Жарадар айылдарында айыл башчы болуп иштеген. 2011 – жылдан бери ардактуу эс алууда. 1978 – 2009 –жылдары 31 жыл айылдык кеңештин депутаты, 3 жолу рай кеңештин депутаты болуп, эл менен эмгектенди. 1996 – 2009 – жылдары Арстанбап айыл округунун аткаруу комитетинин мүчөсү болгон. 1980 – 1998 – жылдары КПССтин мүчөсү. 1998 – жылдан бери Кыргызстан компартиясынын мүчөсv, СССР токой чарбасында "Социалистик мелдештин жеңүүчүсү" төш белгиси , СССР токой чарбасынын жана ВЦСПСтин Кыргыз Республикасынын токой чарба министрлигинин жана профсоюздарынын бир нече жолку Ардак грамоталары менен сыйланган. Гумкана айылынын эли 2014 – жылы апрель айында райондун "Ардактуу атуулу" наамын берүүгө бир добуштан көрсөтүштү. 12 – февраль, 2015 – жылы туулуп - өскөн айылы Жай – Теректин чоң көчөсүнө райондук администрациясы тарабынан сунушталып, Кыпчаков Ырысмамат Болушовичтин аты коюлду. Үй – бүлөлүү, "Вазир жакшы, хан жакшы, аял жакшы эр жакшы" дегендей жубайы Ысмайлова Калиман 1950 – жылы Ноокен районундагы Бүргөндү айыл өкмөтүндө жумушчулардын үй – бүлөсүндө

Жалал-Абадская областная библиотека

туулган. Жалал – Абад пед окуу жайын экөө бирге окуп жүрүп, баш кошушкан. Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили, адабияты факультетин сырттан окуп бүтүп, мектепте мугалим болуп иштеп жүрүп, "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси, бир нече мактоо грамоталардын ээси болгон. 5 уулдун ата – энеси. 5 уулу тең жогорку билимдүү. Өздөрү сүйгөн кесипти аркалашып, эл менен иштеп жүрүшөт. 6 небере, 1 чебере көрөүшүп бактылуу карылыктын балын татып өмүр сүрүүдө!

## Экөөңө арнаймын

Студент кезде баш кошуп,
Түйшүктү тартып, бир басып.
Окуу эмгек экөө тең аркалап,
Турмушту алга сүрөшүп,

Эчен жыл иштеп эл менен,
Эс алууга чыгышып,
Эл алдында кадырлуу
Эсендикте өмүр сүр

Өзүңөр көрүп өстүргөн
Беш уул, беш келиндин
Сыйын көрүп, ар убак,
Узактан узак көп жашап,
Урматтуу кары болгула!

**15/03/2013ж**





## Кудайбердиев Жусумамат

Кудайбердиев Жусумамат 1952 – жылы 12 – июнда Кызыл – Үңкүр кыштагыда төрөлгөн. 1959 – жылы мектепке кирип, орто билимге ээ болот. 1970 – жылы эмгек жолун Кызыл – Үңкүр токой чарбасынын Кызыл – Үңкүр токой бөлүмүндө токойчу болуп иштөө менен баштаган. 1971 – 1973 –жылдарда жоокердик милдетин аткарат. 1975 – жылы Алма – Атадагы айыл чарба институнун токой чарба бөлүмүнө сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып 1981 – жылы бүтүп, жогорку билимдүү токойчу кесипке ээ болот. 1977 – жылы өкмөттүн буйругу менен Чаткал районундагы "Чаткал" токой чарбасында инженер болуп, 1980 – жылга чейин иштейт. 1980 – жылы Ачы токой чарбасына токой инженери болуп дайындалат. 1982 – жылы Кызыл – Үнкүр токой чарбасында Токой сактоо жана коргоо инженери болуп иштейт. 1984 – жылы Кең – Кол токой бөлүмүнүн бөлүм башчысынын орун басары болуп дайындалат. 1990 – жылы ошол токой чарбанын токойчулук боюнча инженери болуп которулат. 1995 – жылы ошол токой чарбанын Кара – Үңкүр токой бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп журуп, 1998 – жылы өз ыктыяры менен бошоп, Базар – Коргон районунун Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу "Жакып" дыйкан чарбасына мүчө болуп кирген. 2012 – жылдан баштап эс алууда. Иштеген ишин баалап Токой сактоонун 20 жылдык төш белгиси менен сыйланган. Жубайы Пиязова Кундуз экөө үч уул, үч кыздын ата – энеси. Кенже уулу, Жусумамат уулу

Аким 1992 – жылы 27 – майда төрөлгөн. 2010 – жылы Капарбек атындагы мектепти ийгиликтүү аяктап, окуткан эже – агайлары да, Аким өзү дагы келечекте аким болом деген жакшы тилек айтышчу. Россияга барып жумушта турган жеринен каза тапкан. Эркүүлүк менен зордукчуларга баш ийбестен, бандиттердин колунан каза болду.

Эгемендик алган кыргыз элине, Ала – Тоолуу кен байлыктуу жеринде фабрика, завод жок канчалаган жаш өспүрүм кыз – жигит ишсиздиктен туш тарапка тарады.



## Кыргыз элге кайрылуу

Эгемендик алган кыргыз элиме,
Ала – Тоолук кен байлыктуу жерине.
Өндүрүштө, фабрика, завод жок,
Канчалаган жаш өспүрүм кыз жигит.
Ишсиздиктен туш тарапка тарады.

Ойлон кыргыз, ойлон кыргыз ойлонгун,
Башка улутка мандикерчи болбогун.
Кандайдан чыкты "мигранттар" деген сөз
Кайда барба өз мекениң Ала – Тоо,
Коргоймун деп ачык сөздү көздөгүн.
Тирүүлүктүн көр оокатын айынан,

Канчалаган үй – бүлөөлөр айрылган.
Ыймандуу уул, эстүү кыздар кырчындай,
Жумуш издеп, сырт жактарга барышып



Жаш өмүрдөн ажыраган дагы бар.

Сөзүм куру болбош үчүн тактайын
Көзүм менен көргөндөрдү айтайын.
Жаңы эле орто мектепти аяктап,
Келечекте банкир болом апа деп,
Новосибирскийге иштегени барыптыр.

Эми иштеп өз алдынча пул кармап,
Магазиндин сатуучусу болуптур.
Сырттан кирип кара маскачан адам,
Акча бер деп, зордук менен сураптыр.
"Жок" эле деп айткан бир ооз сөз үчүн
Так бооруна атып чыгып кетиптир.

Ошол бойдон 20 жаш убакта
Аким бала "шейит" кете бериптир.
Буга окшогон өкүнүчтөр көп эле,
Болуп жатат кыргыз элинде дагы эле.
Канчалаган атуулдун сөөгү

Келип жатат кварталда кур эмес.
Оо кагылайын кыргыз элим!
Касиеттүү берекелүү кыргыз жерим!
Өз элиң алтын бешигиң,
Эмгегиң ырыс кешигиң,
Экендигин эсти жыйып ,билели.
Маңдай тердеп эмгектерди кылалы,
Акыл менен эмгектенсек зерикпей
Өмүрүндө ошол берет убайы.

"Бирөөнүн элинде султан болгуча
Өз элинде ултан бол"
"Алыскы жердин нанынан,
Жакынкы жердин саманы"
Артык экенин туюп ал

**25/11/2012ж**



## Койлубаев Сардарбек

Мен Койлубаев Сардарбек Калдарович 1961 – жылы Ош областынын Өзгөн районунун Салам – Алик айылында төрөлгөмүн. 1978 – жылы Кызыл – Кыргызстан орто мектебин аяктап, 1979 – жылы Советтик Армияга чакырылып, мекенди коргоо ыйык милдетимди 1981 – жылы өтөп келдим. 1983 – жылы Казак ССРнен токой чарба техникумуна тапшырып, 1987 – жылы аяктадым. 1987 – жылы Өзгөн токой чарбасынын Ак – Терек токойчулугуна токойчу болуп ишке орноштум. 1996 – жылы Жазы токойчулугуна башкы токойчу кызматына иштей баштадым. Ошол эле жылы билимимди өркүндөтүү үчүн Ош МИге сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 2001 – жылы инженердик кесипке ээ болдум. 2006 – жылы Кызыл – Тоо токойчулугуна башкы токойчу болуп которулуп, ал жерде токойчулукту алдыңкы токой участкасына чыгардым. Ушул кызматымда иштеп жүрүп, бир жолу айылдык кеңешке, эки жолу эл ишенимие ээ болуп, депутатыкка шайландым. Областык райондук, републикалык ардак грамоталардын ээси болдум. 2009 – жылы "Кара – Шоро" жаратылыш паркынын директорлук кызматына которулдум. 2011 – жылы Ош Баткен областынын жан – жаныбарларды коргоо бөлүмүнүн өкүлү болуп дайындалдым. Андан кийин турмуш шартка байланыштуу 2013 – жылы Кара – Шоро жаратылыш паркына башкы токойчу кызматына которулдум. Азыркы мезгилде ушул кызматты аркалап келе жатам. Жубайым Султанова Замира Райимовна жогорку , башталгыч класс мугалими. 5 баланын ата – энесибиз. 3 уул, 2 кыз бардагы жогорку билимдүү.



Султанова Замира эл агартуунун отличниги.

**08/10/2014ж**

### Сардарбекке

Кыргыздын сулуу жерин суктандырып,
Көзүңдүн карегиңдей сактай билгин.
Көрүүгө эс алууга келгендерди
Кадырлап жылуу, жумшак тейлей бергин.

Жараткан Алла берген жаратылыш,
Жан шерик экендигин түшүндүрүп
Жашыл аалам жаратылыш мекениңди,
Жан дилден бүлүндүрбөй сактай билгин.

Уул үйлөп, кыз берип
Урмат сыйын тең көргүн
Үй – бүлө толо чоң бакыт.

Үлгүлүү өмүр сүргүнүң
Эл үчүн кызмат кыла бер,
Эстүүлүк менен өмүрдө
Элинде жашап алчуудай
Эскирбес сенден из калсын

**20/08/2014**

***Жазым келет Ден соолуктун сакчысын, Өмүр үчүн, ажал менен кармашкан ак халачандар дарыгердин жакшысын.***



## Караев Ырысбек

Караев Ырысбек Кекенович 1948 – жылы Базар – Коргон районунун Акман айыл өкмөтүнүн Жараке айылында төрелгөн. 1966 – жылы Ленин мектебин бүтүп, Фрунзедеги мамлекеттик мединститутуна кирип, терапия бөлүмүн бүтөт. 1974 – жылы мамлекет тарабынан жолдомо менен Араван районуна караштуу Төө – Моюн совхозуна барып, 3 жыл башкы врач болуп эмгектенет. Кийин жубайы бала бакчага орношуп, экөө тең эмгекчил болуп, элдин алдында жылуу пикирге ээ болот. 1975 – жылы Базар – Коргондук тупдиспенсерде врач болуп иштеп жүрүп агасы Караев Жусуп каза табат. Ошол учурда агасынын ордуна келип, ренгенолог болуп калат. Көп жыл эмгектенгенден кийин 1981 – жылдан баштап, жугуштуу оорулар боюнча башкы врач болуп 17 жыл эмгектенет. Ташкент, Самарканд, Пенза шаарларына барып, өз билимин өркүндөтүп келген. 2001 – жылы Пенза шаарында 6 ай окуп келип, өпкөдөн суу алуунун ыкмасын үйрөнүп келип, иш тажрыбасында колдонгон. Ошонун негизинде " Эмгек сиңирген врач" наамын алууга жетишкен. Бир нече жолу мактоо баракчаларын алган. Бир канча жыл Кеңеш айыл кеңешине депутат болгон. Жубайы экөө тең жогорку билимдүү болуп, 5 баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Экөө тең өзүнүн кесибинин отличниги болуп, Орункүл Ак бермет балдар бакчасын 40 жылдан ашык жетектеп бала бакчага аты коюлуп ардактуу эс алууга чыгып кетти. Учурда бактылуу карылыктын мезгилин сүрүүдө. Өздөрүнүн 2 кыз, 3 уулун жогорку билимге ээ кылып, азыркы учурда неберелеринин чоң ата, чоң энеси. Кийин өрезеге жеткенде Ырысбек өз апасын таап, жакшы эне бала болуп катташып калганда апасы бул дүйнөдөн өтүп кетет. Узакка созулган оорунун айынан Ырысбек 2014 – жылы июль айында дүйнөдөн кайтты .



### Ырысбек Караевке

Үч жашта каза таап атасы,
Апасын төркүнү алып кетет.
Ырысбекти карындашы экөөнү
Садык аке өз баласындай асырайт.

Балалык күндөн тартып татаалдыкты
Баарлашып өмүр сүрбөй "эне – ата" деп
Бир tуугaн атасынын инисинде
Бой жетет ага жеңе кароосунда.

Борбордон билим алып дарыгерлик
Кесипке ээ болуптур өзү анык
Араван районго жөнөтүптүр
Комсомолдук жолдомону колго берип

Жаңыдан баш кошкон эки жубай
Башташат эмгек жолун Аравандан
Бири врач, бири болуп педагог
Кадыр таап келе жаткан убакта

Күтүүсүздөн каза болуп Жусуп аке
Шарттуу түрдө көчүп келет элине
Диспансерде агасынын ишин улап
Ренгенолог болуп калат

Көп жылдык эмгектен кийин
Диспансерге башкы врач болуптур
17 жыл башкы врач болуп иштеп
Ташкент, Самарканд, Пенза шаарга

Өз билимин өркүндөтүп 6 ай окуп келиптир
Өпкөдөн суу алуунун ыкмасын өздөштүрүп
Натыйжалуу колдонуп иш жолунда,
Эл алдында көрүнүп эмгектенип,

"Отличник" төш белгисин алыптыр.
Экөө бирдей өз ишинин устаты
Үй – бүлөө отличник ээлери
Эмгектенип, эмгегинен баар таап

Эли менен эс алууда убагы
Бактылуу карылыктын мезгилинде.
Бала – чака уул – кыздын чайын ичип
Жүрүшөт экөө алар сый үстүндө.

**26/05/2013**

### Орункүлгө

Омоктуу басып жумуштан
Ордуңду таап турмуштан.
Опол тоодой иш жасап,
Коомчулук бүт колдоп,
Түбөлүк атың сакталат,
Эгемен кыргыз калкында.

Жарк эткен жарык дүйнөдө,
Жакшылык ишиң көп экен.
Жаш наристе бөбөктүн жүрөгүнө жеткизип,
Жөнөкөй жумшак тил менен
Жаратылыш айбанатты
Жаныбарлар кататтууну сүйлөтүп,
Жомок айтып сезимине жеткизип,
Жүргөндүрсүн бөбөктөргө үйрөтүп.

Тарбиялык сөз айтуудан тажабай,



Таттуу тилин так сүйлөтүп жадабай.
Таарынчаака тартынчаака тил таап,
Тактап ырдап үйрөткөнсүн аябай.

Түркүн мүнөз келин кызды жетектеп,
Башчы болуп далай жылдар иштепсин.
Жөндөмүнө талабына жараша,
Келечектин кадырларын таапсын.

Эми мына текке кетпей эмгегиң,
Коомчулук кошүү кол менен колдошуп,
Көп улуттуу кыгыз элге жар салып,
Өзүң иштеп эмгектенген бакчага
Атың коюп салтанаттуу калтырдың.

Мындан бир наркы өмүрүң,
Ачык болсун көңүлүң.
Эли журтуң бала чакаң тынч болуп,
Айылдын көркүн көтөргөн,
Ак жоолук салып башыңа
Ак байбиче болгунуң.

**27.01.2014ж**



### Атадан калган туяк

Эми сөз кезеги Жалал – Абад областынын Базар – Коргон районуна караштуу райондук тиш дарылоо

Жалал-Абадская областная библиотека

эмканасынын башчысы Ниязалиев Токторали жөнүндө болсун, Ниязалиев Токторали 1955 – жылы 19 – июньда Базар – Коргон районундагы Могол айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл – Суу айылында төрөлгөн. Атасы Ниязалы мурда эркек бала көрбөгөн. 1955 – жылы 19 – июнда уулдуу болсо, токтоп калаар бекен деп Токторали коюптур. Бала 1 жашар болгондо атасы Ниязалы дүйнөдөн өтүп кетет. Апасы Инаят энени төркүнү Сузак районуна караштуу Кара – Көлгө көчүрүп кетет. Токторали 3 жашар болгондон кийин Сузак районунун Соку – Таш айылындагы Найманбай аттуу кишиге турмушка чыгат. Ошол Найманбай атанын тарбиясын алат. Ага мектепте окуп жүргөндөгү мугалимдин жакшы тарбиялык сөздөрү турмушка туура тарбия берет. Орто мектепти бүтөт. Армияны бүтөт. Эки жыл жогорку окуу жайына өтпөй өндүрүштөгү колхоздо иштейт. Андан кийин Фрунзе шаарындагы мамлекеттик медициналык инниституттун тиш дарылоо бөлүмүнө кирип, 2 – курста окуп жүрүп,үйлөнөт Юлдашова Розага анын кесиби мед айымга болот. Ал жети бир туугандын бири эле. Шахтердун үй – бүлөсүндө, тарбияланган. Тарбиясы таза инсандардын кызы, мединститутту бүткөнчө Алмаз, Наргиза аттуу уул, кыз көрөт. 1982 – 1983 – жылдары Ош шаарында иштейт. 1990 – жылы Базар – Коргон районуна келип, ушул мезгилге чейин эмгектенүүдө. 2011 – жылы мусулманчылык парзын аткаруу үчүн, Ажыга барып ийгиликтүү аткарып келди. 2012 – жылы “Саламаттыкты сактоо отличниги” төш белгиси менен сыйлаган. 2012 – жылы октябрдан баштап Базар – Коргон райондук тиш дарылоо эмканасынын башчысы болуп эмгектенет. Эмгектин негизинде бир нече мактоо грамоталар менен сыйлаган. Өзүнүн туулган жерине келүүнү эңсегенТокторали 1990 – жылы Базар – Коргон районундагы Кеңеш айылынын Достук көчөсүнө үй салып, өзүнүн 3 уул, 1 кыз үйлөп атайлап турмуш туткасын карматкан. Жубайы Юлдашова Роза болсо ак халатчан мээримдүү мед айым. Жугуштуу оорулар бөлүмүндө (дубдиспантерде) 15 жылдан бери эмгектенип, бир нече мактоо баракчалардын ээси болуп иштөөдө. Уулу Алмаз энергетик, кызы Наргиза Жалал – Абадда



кесиби юрист сотто иштейт, Болотбек тергөөчү, Алтынбек ата кесибин улантып, өзү менен бирге иштейт. Уул кызы баардыгы жогорку билимдүү. 8 неберенин чоң ата, чоң энеси, таята, тайенеси.

## Үлгүлүү үй – бүлөңөр кут болсун
## Токого

Атадан калган туяк деп,
Асырап сени өстүргөн.
Ардактап багып өстүргөн,
Апаңа абдан ырахмат!

Атымды алып жүргөнгө,
Артыңдан калар бекен деп,
Атыңды тандап ырымдап,
Токторали коюптур,

Тагдырдын болуп буйругу,
Бир жашка эми толгондо.
Бул дүйнө менен коштошуп,
Ал дүйнөгө кетиптир.

Бир жашта калган баланы,
Бапестеп багып жетелеп.
Билимдин түшүп артынан,
Билимдүү адамга кошуп,

Ата – Журтка жөнөтөт.
Студент кезде үйлөнүп,
Турмушта алга сүрөгөн.
Төркүнү болот себепкер,

Туруктуу мүнөз , аз сөздүү.
Роза мыкты жан экен.
Жугуштуу оорулар менен,

Жалал-Абадская областная библиотека

Он беш жылдан бери иштеп,
Кадыр баркка жетиптир.
Турмуш сени эркелетип койбоптур,
Төө мингизип жөө жүргүзүп ойноптур.
Өзү ойлоп тилеп айткан максатка,

Алла колдоп мына эми жетиптир.
Эмгегинен баар тапкан экенин,
Төшүндөгү "Отличник" белгиси,
Атадан калган эркек жалгыз Токо,
Үч уулду үйлөп, кызын узатып.

Ыйык перзент неберелер атасы.
Майрамдарда бир чогулуп калышса,
Үй толо каткырыктын калаасы,
Атадан уул калсын деп.

Абалтан айтат элибиз!
Ниязалы уулу деп,
Сүйүнөт ага саяк элибиз,
Мусулмандык милтетин.

Ийгиликтүү аткарып,
"Токторалы ажы" деп.
Тарыхта калат атыңыз.
Алланын көзү түз болсун!

Кызыр ата жылоолоп,
Мындан бир наркы өмүрүң
Ар дайым көңүлүк шат болсун!
Кошконуң менен тең каарып,

"Токо ажы" ата деп,
Калкыңда дайым айтылаасың!
Уулдан урмат, кыздан сый,
Узак жашап көргүлө.





## Сейитова Зулфия

Сейитова Зулфия 1949 – жылы 8 – мартта Жай – Терек айылында төрөлгөн. Атасы Сейит согуштун азабын тартып, оорулуу болуп келгендигинен кайтыш болгон. Зулфия апасы Бүзейнеп менен Кызыл – Октябрь айылына келет. Тайне Бурма эне тарбиялап өстүрүп, Ж.Бөкөмбаев атындагы жатак мектебине тапшырат. 8 – классты бүткөндөн кийин, Ош облосттук У. Салиева атындагы кыргыз кыздар мектеп интернаттын бүткөн. Үй – бүлөлүү, 3 баланын апасы.

Булбулдар бакта сайрап безеленген,
Жапайы жаратылыш мекедеген.
Жараткан бизге берген энчилеп деп,
Жай – Терек жашоочулар айтып келген.

Тоо койнунда токой ичи түркүн дарак,
Торгойлор түркүн куштар обон салат.
Тун кызы Зулфияны Сейит ата,
Так ошол айылынан перзент табат.

Бактылуу турмуш көрүп баштаганда,
Бала ээрчитип баарлашып басканда,
Бейтаптык өмүр сүрүп чырмаганда.
Бул дүйнөдөн алып кетти бир заматта.

Жалал-Абадская областная библиотека

"Аталап" кусаланып канча ыйлады,
Арманын айтып кызы көп зарланды.
Алланын буйругуна башты ийип,
"Адам" болуп өссөм деген ойго келди.

Апасы жапжаш келин сулуу эле,
Айтканга анча – мынча адам өзү,
Айбыгып сөз айтууга батына албай,
Акырын артка кайтып кетээр эле.

Көңүлү түшүп бир адам айылдан,
Баш кошуп ала кетти калаабызга.
Зулфияны тайнеси тарбиялап,
Жатак балдар үйүнө жайгаштырат.

Балдар үйдө окуп калган "5" менен,
Тарбияга суугарылды кеп менен
"Дарыгер" болуп өзүм чоңойуп,
Адам заттын ден соолугун сактаган.
Ажал менен өмүр бою кармашкан,

Доктур болом ак халатын актаган,
Деп өзүнө антты берди шерденип.
Уркуя орто мектептен шаттанып.
Медицина институтка,
Ийгиликтүү аяктаптыр окуну.
Ардактуу дарыгери болуптур.

Ошол күндөн, ушул күнгө жеткенче,
Адам заттын өмүрүнө арнаптыр.
Көп жылдык эмгектерин эске алып,
Дарыгердин мыктысы деп белгилеп,
Төш белгисин көкүрөккө тагынып,

Өзү сүйгөн жигитине баш кошуп,
Нурбаев Болотко 2 кыз, 1 уул
Перзеттерди төрөп бериптир.



Жубайы экөө эмгектенип эл үчүн,

Эми мына эс алууга чыгыптыр!
Эл алдында эмгегинин үзүрүн,
Эсен жүрүп эл ичинде көрө бер!
Эне болуп ыйык перзент небереден,

Эми көрүп чеберени жетелеп,
Элибиздин берекесин көтөргөн,
Ак элечек эне болуп көп жашап,
Өз элине жарык маанай бере бер!



## Ак халатчан үй – бүлөлүү Артыкбаев Асанбек жөнүндө баян

Аскасы бийик суусу тунук, айтылуу Арстанбап – Ата айыл өкмөтүнө караштуу деңиз деңгээлинен 2500 м бийиктикте турган "Бел - Терек" (Жапаш) айылда жайгашкан. Ал айылдын жашоочулары улуу саяк элинин өйдө чектисинин чиркей баласынан беш уулу болот.

1. Бөрүбай уулу
2. Бекибай уулу
3. Тогузбай уулу
4. Кичик уулу

5. Багыш уулун иниси деп санжырага киргизишкен экен. Элдин айтуусу боюнча эң улуусу деп айтылып жүрөт. Алардын ичинен Тогузбай уулу Көк – Тондуга (Правдага) көчүп кеткен. Азыркы ортоңку айылдын башына жайгашкан. Жакшылык жамандык каттоо калың эле. Биз сөз кыла турган ак халатчан үй – бүлөнүн башкы каарманы Артыкбаев Асанбек Нышанбаевич . Артыкбаев Нышанбай аке Чиркейдин кичик уулунан болот. Кызматына байланыштуу колхоз совхоздордо эмгектенген. Эмгек ардагери болгон.

Мен Артыкбаев Асанбек Нышанбаевич 1964 – жылы 3 – августа Ош областына караштуу Ленин районунун "Арал" совхозунда кызматчынын үй – бүлөсүндө төрөлгөм. Атам Артыкбаев Нышанбай башкы агроном болуп эмгектенген. Апам Бүзейнеп үй кызматында болуп, эжелерим Саткынай, Алтынайды тарбиялап өстүрдү. 1971 – жылы мектептин босогосун аттадым. 1980 – жылы орто мектепти аяктап, ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы, КММИна тапшырып, 1987 – жылы тиш даарыгер бөлүмүн аяктап, бир жылдык иш тажрыйбамды Ош шаарындагы №1 стом тиш дарылоо эмканасында өтөгөм. 1989 – жылдан баштап Базар – Коргон районунда Досмуратов Машрап атындагы тиш – дарыгерлер эмкана караштуу Кеңеш айыл өкмөтүндө эмгектенип жатам. Келинчегимдин кесиби лабарант Ражапова Шарапат Талиповна Базар – Коргон районуна караштуу учук оору канасында диспансерде лобарант болуп эмгектенет. 2 уул , 2 кыз, 1 неберебиз бар!Анын өмүр баянында ушундайча жазылган.

Өз кесибин сүйгөндүктөн, улуу баласы Артыкбаев Алибек ата кесибин улантып, КММА тиш – дарыгер бөлүмүн аяктап, атасы менен кошо эмгектенүүдө. Кичүү уулу Артыкбаев Нурсултан КММАда 5 – курста дарылоо бөлүмүндө окуп жатат. Чоң кызы Артыкбаева Назгүл биология факультетин бүтүп, турмушта, бир кыздын энеси. Кичүү кызы Артыкбаева Нургүль Жалал – Абад шаарында ЖАМУнун фармацефт бөлүмүндө 2 – курста окуйт. Ынтымактуу үй – бүлөлөр. Адам өмүрү үчүн эмгектенүүгө ден соолук сакчылары катары уул кыздарын дагы тарбиялап өстүрүп жатышат.



Асанбек кичи пейил, сылык сыпаа мамилеси, адамгерчилик жөнөкөйлүгү менен элдин алкоосуна ээ болгон. Жөнөкөй мүнөз эмгекчил болуп өсүшүнө, Бүзейнеп апасынын тарбиясы деп эсептейбиз. Асанбектин эжелери Зулфиянын Саткынайдын ак халат кийип дарыгер болуусуна апасы Бүзейнеп эненин эмгеги зор.

"Катуудан тиш оорубасын,
Жумшактан көз оорубасын!"
Түйшүгүн тартып түгөйлөр,
Турмушту көрүп жүрдүңөр.
Түгөйлөш уул кыз көрүп,
Тарбиялап өстүрүп,
Талпынтып жолго салдыңар.

Байсалдуу болсун жолдору,
Бакыттын кушун кондуруп.
Балдарың менен кыздарың,
Баш кошуп акыл эстүүгө,
Бактылуу өмүр сүрүшүн.
Ак тилектен каалаймын.

Ата – эне болуп экөөңөр,
Асанбек, Шарапат баш болуп,
Алла эгем берген өмүрдүн
Күз мезгили келгенде

Ыйык перзент неберелер жетелеп,
Жар чакырып жалпыга
Небере тойду бергиле!
Кудайдын көзү түз болсун!

Кыйык көз такыр тийбесин.
Кудай колдоп ийгиликтер көп болуп,
Ак халатчан үй – бүлөнүн иши деп,
Артыңарда жашап калчу из калсын.

**22.04.2014ж**

Жалал-Абадская областная библиотека

**Жазгым келет** ***Улуу согуш кармашынын айынан***
***Дареги жок жоокерлерди эскерип:***
***"Атам келет эркелеп эт" деп жүрүп,***
***Алар эми өксүү менен карыган.***



## Айзада эже атасын күтөт

Алыбаев Токтогул 1917 – жылы Көк – Тоңду айылында төрөлгөн. Колхоздо кампа башчысыные эсепчи болуп иштейт. Ошол эле айылдан 1938 – жылы мугалим Касымова Шарапат эжеге үйлөнөт. Экөө тең комсомолдун мүчөсү болот. Токтогул аке 22 жашта Шарапат эже 18 жаш куракта баш кошуп, 1941 – жылдын 10 – апрелинде Айзада аттуу кыз төрөлөт. Тун баланын таттуу үнүн угушуп, бешикке салып бактылуу өмүр сүрүп жаткан убакта Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Алгачкылардан болуп, кошуна Мундуз ава Кайназар, Токтогул үчөө бир жөнөп, Таш – Көмүрдөн эл узатат. Ошол бойдон Токтогул ава согушка кетет. Мундуз, Кайназар авалар калып калат. Кеткен боюнча бир нече жолу кат келген экен. Атадан калган туяк деп Айзада эже менен маектештим. Эженин өмүр жолуна токтолсок 1941 – жылы 10 – апрелде Көк – Тоңду айылында интелегенттин үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Касым менен таятасы Үмүт тайэнесинин колунда тарбияланат. 7 – класcты бүтүп, 1960 – жылы Жалал – Абаддагы педтехникумга тапшырып, 1963 – жылы бүтөт. Турмушка чыгып, окууга сырттан тапшырып финтехникумунда



бүтөт. 1969 – жылы Ленин жолдо сактыкбанкта кассир болуп иштейт. 1970 – жылы сактыкбанка эсептөө кассири болуп иштеген. 1975 – жылы Ош областтык Экобанкта бухгалтер болуп иштеген. Өзгөндө коммерциялык банкта касса башчысы болуп 1985 – 1987 – жылдары иштеген. 1996 – жылы пенсияга чыккан. 35 – жыл банк тармагында иштеген. Турмуш шарттка байланыштуу төрөлүп - өскөн айылы Көк – Тоңдуга көчүп келген.

-35 жыл бир кесипте иштепсиз. Өкмөт тарабынан эмгегиңиз бааландыбы?-деп суроо узаттык

- Райондук областык, республикалык Ардак грамоталарды көп эле алдым. "Эмгек ардагери" төш белгим да бар. Жазгүл аттуу кызым, 3 неберем бар, Максат, Турат деген уул балдарым бар.

-Эне атаңыз жөнүндө уккан кабар барбы?

-Биздин айылда кийинчерек Айдаров Жакып аттуу согушка барган экен. Ошол адам үйүнө кат жазганда "Пенза" шаарында бир таштын бетине " Алыбаев Токтогул" деген жазууну окудум деп келген дешет. Бирок , ал жоокер дагы согуштан кайтпай калат.

- Апам болсо Улуу Ата Мекендик согуш жылдагы мугалим болот. Мектепте да,таалада да иштеп орок оруп "Фронту үчүн" "Жеңиш үчүн" деген ураанды алдында эмгектенет. Атам кеткенден кийин 10 жылдан ары турмушка чыгат. Тагдыры тайкы экен, балаа жок, ар түрдүү жумуштарда иштеп жүрүп, 1969 – жылы Ташкенттен айыл чарба техникумунун токой чарба бөлүмүнө тапшырып, 1972 – жылы бүтөт. Райондо Жибек бригадир болуп иштеди. Сатуучу да болду, пенсияга чыгып эмгек ардагери болуп, 2002 – жылы 24 - январда дүйнөдөн өтүп кетти.

-Эже сизге өкмөт тарабынан көңүл бурулдубу?

Апамдын нике туралуу күбөлүгүнүн негизинде атамдын дарегин билүүгө өзүм арыз менен кайрылгам. Базар – Коргон райондун аскер комиссариатынан Т Сатыбалдыевдин колунан "Книга памяти 1941 - 1945 – жылдар" деген китепти тактама алдым. 1944 – жылы 28 - сентябрда дүйнөдөн кайткан. №217 дарексиз жоокерлердин катарында экен. 2010 – жылда 22- яньварынан

Жалал-Абадская областная библиотека

баштап соцфонттон жеңилдик акча 1000 сом берилет.

Тагдыры тайкы Айзада апа,
Далай жыл узап кетсе да.
Кусалык менен жол карап,
Дагы эле күтөт атасын.

## Айзада эже атасын күтөт

Жарык көрүп бул дүйнөгө келгенде,
Ак бешикке эми гана бөлөнүп.
Бешик ырын ырдап эне эмизип,
Бактылуу өмүр сүрөбүз.
Бакыттын кутту конду деп,
Бирине бири ант берет.

Ошондой сонун күндөрдө,
Батыштан Гитлер кол салат.
Чакырылып жигиттер,
Согушка жөнөп аттанат.

Токтогул ата жөн жатпай,
Согушка жөнөйт биринчи болуп,
Айзада кызын бешиктен,
Бетинен сылап, бир жыттап.
Коштошуп алган жарына,
1941 – жылдын июнь айында,
Тапшырып кызын астейдил.
Майданга жөнөйт эл менен.

Айзада эже ойноо бала кезинде
Ичиндеги кайгы – муңун билгизип.
Сырдачу экен, жалын жаштар чогулуп,
Кезектешип алам сабак айтышып.

Топ – топ учкан таранчы,
Тобуңду бузбай `саначы.



Топ аскердин ичинде,
Менин атам барбы карачы?

Кой кайтарган кыр ташта,
Козу – улагым бир башка.
Учкан куш салам айта бар,
Батышта жүргөн атама.

Ак зоонун башы шыргалаң,
Агарып бети куураган.
Мен атамы эстесем,
Арык бир койдой ыргалам.

Көк зоонун башы шыргалаң,
Көгөрүп бетти кургаган.
Кусаланаам атама мен,
Көтөрөм. койдой ыргалам.

Аскалуу зоодон жар көчтү,
Аталуунун көөнү өстү.
Атасы жок мен жалгыз,
Арман менен күн өттү.

Базарга барам эртелеп,
Минбей атым жетелеп.
Өзүмдүн атам болгондо,
Жүрбөйт белем эркелеп.

Болбосун согуш болбосун,
Ааламда тынчтык орносун.
Атасынан айрылган,
Армандуу мендей болбосун!

Согуш да бүтөт шаң менен,
Тирүүлөр келет ыр менен.
Дарексиз калды көп жоокер,
Аты аталбай, кара кагаз да жок.

Жалал-Абадская областная библиотека

Белгиленген бейити жок,
Калып калды канчалаган жигиттер
Айзада эже аман эсен чоңойот,
"Атам келет" – деп жүрүп.

Эчен жылдар күндөр өтүп кетсе да,
"Келет атам" бир элесин көрсөм деп,
Кусаланып эңсөө менен күн кечет.
Атама окшош ким бар экен? деп жүрүп.

Туугандарда окшошторду издептир,
Таятанын, тайэнени колунда.
Тарбиянын туруктусун алыптыр,
Чоң атасы көзү өтүп кеткенче.

Мезгил - мезгил келип сүйүп бетинен,
Маңдайынан сылап эркелеткенде.
"Жакшыман калган жарыгым
Уулуман калган туягым",-деп

"Кыз дагы болсоң шүгүр!
Баралыңа келгенде.
Окуурсуң куран атаңа" – деп ата
Көз жашын аарчып кетчүү экен.

Чоң ата, таята, тайэне да өтүшөт,
Айзада эже бой жетип жетилет.
Кусалык менен атасын,
Күн сайын күтөт сагынып.

Сырттан добуш шырт этсе,
"Атам келип калды" – деп,
Жүгүрүп чыкса эшикке
Эч нерсе көзгө көрүнбөйт.
Томсоруп кирет үйүнө.

Кай жакта атам калды деп,



Кай жерге башын койду деп,
Караанын көрүп жүрөөргө.
Атаганат арманай!

Сүрөтү турса не болмок?
Сүрөткө түшүп койбоптур.
Арманы батпай ичине,
Каргышы айтып согушка.
Уйку көрбөй түн бою,
Көз жашка жүзү жуулуп .
Ыйлай берчү буулугуп

Өмүр бою Айзада эже атасын,
"Келет го" – деп күтүптүр.
Чоң атасы Алибай ата,
Айткандай баралына эже келгенде.

Аты аталбай дареги жок атасын,
Элге угузуп, атап куран окутуп.
Эже өзү арбакка атап,
Атасынын ашын өзү бериптир.

Эгемендүү заманыбыз болгондо,
Галландия жергесинен бир кабар.
"Бар экен" – деп эл ичинде имиш сөз,
Ал жакка да эже өзү кайрылып,
"Кыргыз эмес", "Казак улут экен" – деп,
Ошол жактан так маалымат алыптыр.

Алибаев тирүү эле экен деп,
Дагы кабар эл ичинде тараптыр.
Аны дагы эже өзү тактаса,
"Алыбаев Курманаалы" болуптур.

Азыр эже 70 тен ашыптыр,
Дагы деле "Бир элесин көрсөм" – деп,
Кусаланып так маалымат ала албай.

Жалал-Абадская областная библиотека

Күтүп эже эңсөө менен жүргөнү,
Сагынганы көзүнөн байкалат.

Күткөнү келбей согуштан,
Канчалаган ата – эне,
Каргышын айтып согушка.
Караанын көрбөй балдарын.
Каргашып айтып арманын.
Картайганча күтүшүп,
Кетишти алар көз жумуп.

Шүгүрчүлүк келтириң,
Уул эмес кызымын деп.
Убайым тартпаң эжеке,
Ушунча жылдык өмүрүңүз.
Үлгүлүү болуп жумушта,
Үзүрүн көрүп учурда,
Үлгүлүү кары болуңуз.

Узактан – узак көп жашап,
Убайлуу уул, эстүү кыздын.
Ызатын көрүп жүрүңүз.
Ыймандуу келин жолугуп,
Ыңаалаган бөбөктүн,
Ырыскысы төгүлүп.

Жыл айланбай келээрге,
Арча бешик терметип.
Чоң эне болуп жүрүңүз.
Жар чакырып жалпыга,
Бешик тойду бериңиз!



## Дарексиз жоокер урпактары




Алгачкы мугалим Табалдиев Ороз

## Орозов Жалил

Мен 1941 – жылы 15 – майда мугалимдин үй – бүлөсүндө төрөлгөм. 1958 – жылга чейин азыркы №17- С. Далбаев атындагы орто мектепти бүтүп, ошол эле жылы Ош мамлекеттик педогогикалык институтун физика, математика факультетин бүтүп, 1963 – жылдан ушул убакка чейин математикадан сабак берип келе жатам. Окуу тарбия ишимдеги эмгегимди баалап Кыргыз ССРнин эл агартуу министирлиги тарбиянын “Ардак грамотасы” менен 1973 – жылы сыйландым. Район тарабынан берилген мактоо баракчаларым бар. Өзүмдүн атам Табалдиев Ороз Сузак районуна караштуу Кара – Дарыя айылында туулган. Жалал – Абаддагы педтехникумуда 1940 – жылга чейин математика мугалими болуп эмгектенет. 1942 – жылга чеийин Көк – Тоңду (Правда) мектебинде директор болуп иштейт. 1942 – жылы Фашистик Гитлердин огунан курман болгон. Биз балдары таята, тайэнемдин колунда тарбияландык. Курсакта күмөн калган баласынын атын атам айтып кетиптир. “Саламат” – деп экөөбүз атамдын кесибин аркаладык. Математик болдук. Азыр 4 уулум, 2 кызым, 9 неберем бар. Өз алдынча очор бачарбыз Кудайга шүгүр .

"Ата" деп тили чыга элек,
Бир жашка эми чыкканда.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кардуу согуш башталып,
Атасы кетет согушка.
Курсакта калат күмөнү

Жалил акенин бир боору,
Эсен аман төрөлсө.
"Саламат болсун экөө деп"
Ат коюп анан кетиптир

Көз жарып Асель энебиз,
Кызынын аты Саламат
Экөө калат ээрчишип,
Таятанын колунда.

Ардактап багып, өстүрүп,
Орто мектепти бүтүрөт.
Экөө тең кирип ээрчишип,
Билимдүү болот жогорку.

Эс алууга чакса да,
Арстанбап аймагында
Жогорку математик деп,
Эл оозуна айтылып,
Канчалаган жаштардын.
Жашап жүрөт жүрөгүнүн өзүндө.

Темир ата Таажи эне асырап,
Экөөнү тең эрезеге жеткизди.
Эч нерседен кемитпестен экөөнү,
Элге кошуп турмуш жолун бериштн.
Канткен менен өз атанын кумары.





Карындашы Орозова Саламат эже Арстанбап айыл өкмөтүнүн Гумкана айылында, ардактуу эс алууда, 3 уул, 2 кыздын апасы. 19 неберенин чоң энеси. Көп жашаңыз сый урматтуу! Уулу математик, ардактуу эс алуудагы Саламат эже.

## Орозова Саламат

Жүрөгүнө тагып алып "Тумары"
Качан эле кара кагаз келсе да.
Ыраа көрбөйт күчөй берет кусасы,
Аталууну көргөн сайын ичинен.

Атам дагы "кетип эле калат деп"
Күтөт эңсеп эчен жылдар өтсө да.
Атам келип эркелетет мени деит.
Бирок келбейт кан согушта жок болгон.

Буга окшогон эчен жоокер октолгон.
Көкүрөктө муңун айтып ыйлаган,
Жетимдердин көз жаштары сел болгон.
Жеңиш менен жеңил алып совет эл.

Тынчтык күндүн мунарасын тургузду,
Эмгектенсең эңсегениң болот деп

Жалал-Абадская областная библиотека

Совет эми туш тараптан өнүккөн.
Заманынан калышпастан зуулаган
Тарбиялады нечендеген уул-кызды,

Атасынын өз кесибин аркалап.
50 жылдан кебелбей,
Белсенин иштеп келатат.
Уул кызы үй – бүлөнү курушуп,

Өз алдынча очор бачар болушту.
Ыйык перзент неберенин үнү жаңырсын,
Майрам күндө маанайыңыз ачылсын.
Небере үйлөп, чөбөрөнү көтөрүп

Түгөйүңүз Улар экөөң тең карып,
Айлыңардын берекесин көтөрүп
Жаркылдаган жакшы каары болуңуз.
Балдардын тойлорунда жүрүңүз.

*20/12/2012ж*

## Атадан калган туяк
## Карыбеков Бөрүбайдын өмүр баянынан

Мен 1943 – жылы буудай орок мезгилинде Көк – Тоңду айылында жарык дүйнөгө келгем. 1950 – жылы Правда айылындагы 7 жылдык мектебинде окудум. 1958 – жылы Кызыл – Октябрь орто мектебине 8 – класска кирип, 1961 – жылы 11 – классты аяктадым. 1961 – 62 – окуу жылында Ош мамлекеттик пединститутунун физика – математика факультетинин физика бөлүмүнө кирдим. Ошол эле жылы советтик армияга кабыл алындым. Бир жыл армияда болуп, ден – соолугума байланыштуу бошодум. 1964 – жылы кайра окуумду улантып окудум. 1968 – жылы институтту ийгиликтүү аяктап, “физика мугалими” кесибин ээ болдум. 1969 – жылы алгач эмгек жолумду Ленин районунун Калинин колхозундагы



Калинин мектебинен баштадым. 1970 – жылы Кызыл – Октябрь (С.Далбаев) атындагы мектепте эмгектендим. 1971 – жылы Бел – Терек мектебине которулуп, 1968 – жылдын сентябрынан баштап Правда, азыркы (Жумалы) мектебинде иштеп жүрүп 2005 – жылы ардактуу эс алууга чыктым. Бош олтурганым жок бак өстүрүп иштеп жатам.

## Карыбеков Бөрүбайга

Атадан калган жалгыз туяк.
Улуу согуш күч алган убак,
Жаш жигиттер батышка жөнөп жаткан,
Жаңы гана баш кошкон жаш жубайлар
Коштошту эл катары узатышты.
Апасы ак батасын берип, ыйлап жөнөттү.
Өз баласын кан майдага,
Кайраттын жашын аарчып беттен сылап.
Курсакта жаш келиндин күмөнү бар.
Эне үчүн жүрөгү ак мүрөгү бар.
Кат келет баласынан көп узабай.
Түшүмдө “боору туттум апа” деген.

Сүйүнүп эне күтөт төрөлүшүн,
Айы жетип күнү бүтүп, мезгил келип,
Төрөлөт эркек бала добуш берип.
Этегине салып эне “Бөрүбай” деп,
Сүйүнүп тилек кылып “Ныяз” коет.

"Атасы аман – эсен өзү келип,
Көкүлүн өзү алсын малын союп”.
Жылдар өтөт, күндөр өтөт токтобой,
Улуу жеңиш күн да келди шаң менен.
Куштар сайрап гүлдөр жайнап .
Кеткендердин көбү келбей калышты,
Улуу согуш ааламаттай сел менен.

Ошолордун бири болуп Ж.Карыбек,

Жалал-Абадская областная библиотека

Дареги жок калды батыш тарапта.
Кутту энеси келет балам, келет деп,
Тилек чачын өзү келип алат" – деп

Бөрүбай мектепке окуп жүрсө да
Чачын оруп пахта байлайт учуна
Окуучулар чачын тартып ыйлатат
Айжан эне мектебине бир барып
Балдарга да түшүндүрөт сөз менен

"Күткөн ата" келбей калды дарек жок
Бөрүбайы 15 жашка жармашты
Айласыздан эне ыйлап зыркырап
Кан – каргышы салып айтып согушка
Эл чакырып, анан чачын алдырат
Карыбектен "бир туяк" калганына
Алла Таалам маңдайга жазганына шүгүр
Шүгүрчүлүк келтирип үлпөттөп багат баласын
Каякка барса жетелеп, ээрчитип жүрдү баласын.

Өз апасы Датка жеңени,
Үч жашка бала толгондо.
Өзүнүн тууган апасын,
Туш тарапка жумушка.
Айдайт экен чоңдор деп,
Төркүннү келип көчүрүп.
Алып кетет ээрчитип,

Ойно бала сагынып,
Ыйлаган күндөр көп болот.
Кусаланып кысылып,
Кежирлик дагы көп өтөт.

Ошондой кыйын күндөрдө,
Айдан энем кошо ыйлайт.
Күйүтүнө чыдабай,
Армандуу эне муң айтат.



"Атаңдан согуш айрыды,
Алаңдан төркүнү айрыды".
Убалың жетсин согушка,
"Кармаганы сен болгун.
Картайып калган убакта,
Караганы сен болгун" деп.
Оозунан тообо кетирет.

Тагдырдын болуп буйругу.
Датка жеңе чыгат турмушка.
Бак – дөөлөтү бардар эле жашашат.
Бирок бала көрбөйт ал жактан.
Бир даалай жыл өтүп кеткен убакта
Датка жеңе келет мектеп тарапка,
Окуп жүргөн баласына жолугуп.
Белек бечкек алып барып тапшырып
Анан кийин түшөт келген жолуна.

Зирек бала эч көңүлүн оорутпай,
"Биз ушунтип бөлөк калганга
Мага окшогон жетимдердин көз жашы
Жетсе экен каргашалуу согушка" – деп
Жөн гана жылуу жумшак сөз менен.

Кош айтышып узаптыр жолуна.
Орто мектепти ийгиликтүү аяктап,
Өзү сүйгөн кесибине тапшырып,
Физика мугалими адиске ээ болот,

Жаш муунга эс алууга чыкканча,
Билим берип жаш өмүрүн өткөзөт.
Эс алууга чыга электе жер алып,
Кара – Жыгач колотунан бөлдүрүп,

Питомниктин даалай түрүн өндүрүп
Көрктөндүрүп, бак чарбага айланты.
Айылдагы эл оозуна илинип,

Жалал-Абадская областная библиотека

Бул замандын Мичурини дедирип.
Канчалаган мөмө - жемиш өстүрүп,
Жашыл аалам Мекенине айлантты.

Шахзада экөө тең иштешип, баш кошуп,
Кудай берген перзенттерди чоңойтту.
Өз алдынча өз мекенин коргогон.
Адам болду эли ишине жараган.
Уулдан урмат, кыздан сый.
Узак жашап көргүлө.



## Кушбак Болуш баяны

Кушбак кедей болгон экен. Бир жактан келе жатса бир адам учурап: Сенин болочок балаңдын атын өзүм коюп берем дептир. Ошондон мал жандуу болуп, балалуу болуптур. Баласынын колдору кош экен. Ошндуктан, өз аты өзүндө экен деп, Кошалы койгон экен. Ошондо Кушбак ата да кошо жүргөн экен. Москвадан келип жерлерди бөлүштүрүп жүргөн бир орус аял да болгон экен. Токтогулга бара жатып, ашуудан өтүп бара жатса жолдун начардыгынан ал орус аял атка мине албай же жөө жүрө албай калат экен. Ошондо Кушбак ата тилмечтерге: айткылачы "эгер көнсө мен көтөрүп өтөйүн жаман жолдон" - дептир. Орус аял макул болуп, начар жолдон көтөрүп өтүптүр. Бардык жерлерди бөлүштүрүп бүтүп кеткенден кийин, Москвадан келген документтерде «Кушбак болуш» - деп буйрук келген экен.



Ошондон кийин Кушбак атабыз «Болуш» болуп иштептир.

Ата Мекендик согушка үч уулу Акмат, Алимжан, Мамажанды тең жөнөтөт. Эки уулу согуштан жеңиш менен келет. Ортончу уулу Алимжан кайтпай калат. 1941 – жылы согушка барганда Алимжан атабыз атчандар армиясында Укубаев Нурмамат ата менен бирге жүрүп, бир согушка кирип чыкканда «Аман калдык» - деп кучаташып сүйүнүшөт. Экинчи согушка киргенде кийин "издеп таппай койдум",- деп Нурмамат атанын айтып берген эскерүүсүндө бар.

Алимжан ата 1941 – жылы согушка жөнөгөндө 6 айлык Токтосун аттуу жалгыз уулу калат. Ал баласын райондун борборуна чейин өзү көтөрүп келип, "Кайрылып келер бекемин?! Баламдын мандайынан сүйөр бекемин?! Окко учуп келбей калсам, атымды алып жүрөөргө туяк болуп калаар бекен, жакшы бак! Токтосунду сага тапшырдым, сени кудайга аманат тапшырдым" деп жубайы Уулсун энеге тапшырып, согушка кете берет. Эчендеген дарексиз жоокерлердин катарында Алымжан ата кайтпай калат. Атам келет! Атам мени эркелетет! – деп, күтүп жүрүп. Согуш бүтүп келбей калгандан кийин үмүт үзөт. Уулсун эне баласын жетелеп Бел – Терекке төркүнүнө кетет. Балалык күндөрү тага журтунда, согуштун оор күндөрүндө өтөт. 5 – 6 жашынан баштап, молоташ айдап аттарын багат. Эшек менен Бел – Теректен Чарбакка эгин ташыйт. Ленинграддагы салгылашууга катышып, колунан мунжу болуп келген Байдалиев Алмамат авага тапшырып кетчү экен. Ошентип колхоздун ишин эл менен кошо аткарып, заман оңоло баштагандан кийин, азыркы №17 - С.Далбаев мектебин (№3 Кызыл – Октябрь) бүтүп Фрунзе шаарындагы Соода техникумун 3 жыл окуп бүтөт. Келип, Ачы рабКООПто, "Кызыл – Үнкүрдө", Ооган – Талаада, Гумканада соодада иштеп жүрдү, 7 жыл иштегенден кийин 1964 – жылы үйлөнүп, 2 кыздуу болгондон соң, 1967 – жылы өзүнүн атасы Алимжан атанын журтуна Акман айылына көчүп келет. Атасын угузуп, куран окутса, алысыраак туугандары «Алимжандан да туяк калган экен» - деп, Аллага шүгүрчүлүк келтирип ыраазычылык билдиришти. Азыр 8 баланын

атасы, 29 небере, 9 чибересибар, байбичеси Саткын экөө бактылуу чоң-ата, чоң-эне, таята, таэне болушкан. Кокустан күтүүсүз ажал 2014 – жылы 26 – июнда алып кетти.

"Атадан жалгыз калды", – деп,
Жетелеп жүрүп жетишкен.
Тага журтта эр жетип,
Үй – бүлөө куруп Саткынга.

Эки балалуу болгондо,
Ата – журттуң ушул деп,
Акман айыл жерине.
Көчүрүп келип табыштап.

Дарексиз кеткен атага,
Кастарлап куран окутат.
Элинин болуп мүчөсү,
Чоң ата, чоң энеси болушту.

Эс алууга чыгышып,
Уул үйлөп, кыз берип.
Небере эмес чеберге,
Чоң ата, чоң энеси болушту.

Кудайым берсин өмүрдү,
Мындан аркы өмүрүңөр,
Ачык болсун көңүлүңөр
Уул кыздын сыйларын
Оору сыркоо жолобой
Узак жашап көрүңүздөр!

**03/08/2013ж**



***Жазгым келет Колхоз куруп, элди үндөп.***
***Адилеттүү эмгектенген эл үчүн***
***Инсандарды атап жазам эскерип.***



## Улуу инсан Ирсалиев Турдумат ата урпактары

Ирсалиев Турдумат 1890-жылы Көк-Тоңду кыштагында төрөлгөн. Апасынан тогуз жашында калган. Эрезеге жеткенден баштан, колхоздо жумушчу болгон. Совет өкмөтү курулганда Назаров Жолдошту кулакка тартабыз деп куугунтукка алган. Туугандары менен ар кайсыл тарапка бекинип иштеп жүрүшкөн. Колхоз курула баштаганда активтуу болуп иштей баштаганда эле колхозго табелчи болгон. Сабатсыздыкты жоюу боюнча иштегендерди чогултуп окутууну үйрөткөн. Колхозго кампачы, ферма башчысы, бригадир болуп, андан орун басар болгон. Ошол убакта 3 колхоз болуп куралган, анын (Раистери) башкармалар Турдаали, Байболсун, Турдумат үчөө биригип, «Правда» колхозу болуп түзүлүп анын башкармасынын төрагасы Кара Жумабаев шайланган. Ошол убакта согуш башталып ,50 жашка чейинкилердин баарын согушка алып кетет Ошол убакта Ирсалиев Турдумат раис болуп дайындалат. Эки жылдан кийин Жалал – Абадка барып даярдоо курсунда окуп келгенден кийин дагы өз ишин улантат. Согуш бүткөндөн кийин элдин турмушун оңдоо башталат. Асанбек

дайындалат Турдумамат орун басары болгон. Ошол убакта элдин баарын буудай эгиш үчүн Акманга жөнөтөт. Түшүмүн жыйноодо дагы элди уюштуруп, элдин баардыгына эмгегине дан берип, элдин турмушу оңоло баштаган. Элди жетектеп, элдин турмушун оңдогону үчүн, бир нече сыйлыктарды алган. Үй – бүлөсүндө 9 баланы багып өстүргөн.Алар Турдуматова Айсара, Турдуматов Сатыбалды,Турдуматов Жумагул, Турдумаматова Пазилат,Турдуматов Полот,Турдуматова Пайиз, Турдуматов Абдырахман, Турдуматов Абдыкапар, Турдуматов Абдыжапар. Ар кандай кесиптин ээси болушуп эл керегине жараган атуулдар болуп,үй-бүлө күтүп очор бачар болуп өмүр сүрүүдө. Өзүнүн эле балдары эмес, согуш маалында көптөгөн жетим – жесирлерге жардам берип, жаманчылыктан алып чыккан. Атанын балдары жөнүндө баяндап кетейин. Турдуматова Майсара 1912 - жылы төрөлгөн. Согуш убагында жолдошу дарексиз жоокерлердин катарында калат. Тагайкулов Амантай, Тагайкулова Тургунса экөөнү чоңойтот. Согуштан кийин Улуу ата мекендик согуштун катышуучусу Султанкулов Жапаркулга баш кошуп, 3 кыз , 4 уулдуу болот. Майсара эже 4 кыз, 5 уулдун апасы болот. Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын бир нече китептин автору Жапаркулов Абдыманаптын апасы болгон.



**Турдуматов Сатыбалды**

Турдумаматов Сагыбалды 1928 – жылы 7 – ноябрда Көк – Тоңду айылында төрөлгөн. 1935 – жылы 1 – класска барган. 1942 – жылы 7 – классты бүткөн. 1948 – жылга чейин колхоздо



иштеген. 1948 – жылы окууга барып айдоочу кесипке ээ болгон. Правда колхозунда 14 жыл иштейт. 1962 – жылы Ленинский автобазада иштейт. Пенцияга чыгат. 42 жыл айдоочулук кесипте журуп, азыр пенсияда, тогуз бала тарбиялап өстүргөн, 25 неберенин , 10 чеберенин чоң атасы. Биринчиси уулу Турдуматов Мурат педиатр Кочкор – Атада физиотерепия бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. Неберелери учурда медакадемияда студент, калган неберелери өзү сүйгөн кесипте эмгектенишет.



**Турдуматов Абдырахман**

Турдуматов Абдырахман 1950 – жылы төрөлгөн. Кызыл – Октябрь орто мектебин 1967 – жылы бүтүп, Советтик Армияда Сахалин аралында кызмат өтөгөн. Ош мамлекеттик институттун башталгыч класстар бөлүмүн сырттан бүткөн. Правда орто мектебинде 25 жыл иштеп пенсияга чыккан, 6 кыз, 2 уулдун атасы. Уулдарын үйлөп, кыздарын турмушка чыгарып 21 неберенин чоң ата, таятасы, пенционер, чың ден соолук каалайбыз.

Жалал-Абадская областная библиотека



## Турдуматова Пайиз

Турдумаматова Пайиз 1947 – жылы 15 – октябрда жарык дүйнөгө келген. 1966 – жылы №17 - Кызыл – Октярь орто мектебин бүтүп, турмушка чыгып 1 кыз 2 уулду көрүп, тарбиялап өстүргөн. Учурда кадырман карылардын катарында. Кыргыз мамлекеттик медициналык институтту бүтүргөн. 2 кыз, 2 уулдун апасы. Уулу 1 уул, 1 кыздын атасы. Ал эми кичине уулу 2 кыз, 3 уулдун атасы. Өзүнүн айылында Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Шыдыр айылында ата – энесинин колунда.

### Келиндерге

Энелер кымбат баарынан,  
Энелер ыйык абыдан.  
Өз энеңдей сыйлай бер,  
Болосун сен да кайнене.

60тан ашсам да,  
Алпамыштай күчүм бар.  
Акылың болсо ай келин,  
Апалап жүрүп; күчүн ал.

Жетимиштен ашса да  
Дагы эле кыйын күчү бар.  
Эсиң болсо эй келин,  
Эркелеп жүрүп күчүн ал.

**Турдумаматова Пайиз**





## Турдуматова Пазилат

Турдумаматова Пазилат 1935 – жылы төрөлгөн. Учурда Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл – Октябрь айылында жашайт. 1 бала, 2 кызды чоңойткон. Азыр 4 уул, 2 кызды тарбиялап, өстүрүп турмуш туткасын карматкан. 25 неберенин, 15 чеберенин чоң эне, таэнеси. Айылдын көркүн көтөрүп, ак байбиче болуп, көп жашаңыз Пазилат эже!



**Турдуматов Жумагул**

Турдуматов Жумагул 1932 – жылы Көк – Тоңду кыштагында төрөлгөн. 1938 – жылга чейин боз үйдө чоңойгон. 1941 – жылы 1 – класска кирип, 1948 – жылы 7 – классты аяктайт. Жалал – Абад кыргыз орто мектебин 1951 – жылы бүтүргөн. Ошол жылы Правда мектебинде математика мугалими болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Бир жыл иштегенден кийин Бел – Терекке 7 жылдык мектеп ачылып, ал жерде математика мугалими болуп иштеген. 1953 – жылы Жалал – Абаддагы институтка математика факультетине кирип, 1955 – жылы «Кызыл диплом» менен

аяктайт. Ошол эле жылы Чкалов мектебине математика мугалими болуп орношот. 1957 – жылы Правда мектебине которулуп, ошол эле жылы үйлөнүп, ата – энесинин колунда бир жыл иштеген. Бул жерден Облононун буйругу менен 1958 – жылы Комитетерин 8 жылдык мектебинде математик болуп эмгектенген. Андан 1960 – жылы Кызыл – Туу 8 жылдык мектебине директор болуп 7жыл иштеген. 1966 – жылдан Правда сегиз жылдык метебине завуч математик мугалим дироктордун тарбиялык ишер боюнча орун басары болуп иштеген. 1991 – жылы пенсияга чыгып, мугалимдердин өтүнүчү менен 1995 – жылга чейин иштеген. Жумагул агайдын эмгеги жогору бааланып СССР – агартуу министиринин мактоо грамотасы Кыргыз СССР агартуу министирлигинин мактоо баракчасы Ош облоносунун мактоо баракчасы 3 райондук грамоталар менен сыйланган.Ленинский Базар – Коргон райондорунда 20 – жыл математика сексиясын башкарган. Жогорку категориядагы мугалим.

"Эл агартуунун отличниги"
"Эмгек ветераны"
"Лениндин 100 жылдык медалы"
"Комунистик мелдештин жеңүүчүсү" төш белгиси ыйгарылды

Согуш учурундагы жакшы кылган иши үчүн жеңиш төш белгилеринин ээси.

Үй – бүлө курган, өмүрлүк жубайы Турдумаматова Кенже менен үлгүлүү өмүр сүрүүдө. 3 уул 3 кызды тарбиялап өстүргөн, алар өзү сүйгөн кесиптин ээлери болуп, турмуш туткасын кармашты. Кенже эже өмүр бою башталгыч класстар мугалими болуп эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Бактылуу карылыктын доорун сүрүшүүдө. Турдумамат атанын урпактары тубаса таланты менен эл арасында кадыр - барктуу. Жумагул агай, маркум Полот аке, Абдыжапар колуна калем алып ырлар жазат. Эмесе окурмандарга агайдын ырларынан сунуштайлы.



## Сагынам

Мен да бала болгонмун,
Бала атка конгонмун.
Балалыгым туура келип согушка,
Машак терип, орогун да оргонмун,

Балалык доорун сүрбөдүм,
Бактылуу ойноп күлбөдүм,
Балалыгым туура келип согушка,
Кетмен чаап, чөбүн да оргонмун,
Он эки жашка толгонмун,
Мен да пионер болгонмун,
Кызыл жагоо тагынгам.
Алтымыштан ашсам да
Пионер күндү сагынам,
Он беш жашка толгонмун;

Мен да комсомол болгонмун,
ВЛКСМ төш белгини тагынгам
70 жаштан өтсөм да,
Комсомол кезди сагынам ,
Он сегизге толгонмун
Мен да студент болгонмун,
Теш белгини тагынгам.
60 жаштан өтсөм да,
Жаштык кезди сагынам.

**1995 – жыл 07.10**

## Сагыныч

Отличник төш белги,
Эми кайдан тагынам,
Барбай калсам мектепке
Күн сайын көрсөм окуучу;
Ак мектепти сагынам,
100 жылдык менин медалым,

Жалал-Абадская областная библиотека

Эми кайдан тагынам,
Барбай калсам мектепке,
Күн сайын саламдашкан,
Агайларды сагынам,
" Жеңүүчүсү", деген төш белги,
Эми кайдан тагынам.
Барбай калсам мектепке,
Эртелеп салам айтуучу,
Эжейлерди сагынам,

«Ардагер» деген медалды
Азыр төшкө тагынам,
Барбай калсам мектепке,
"Агай" – деп айткан сөздөрдү,
Абдан кыйын сагынам,

Москва, Фрунзе, Ош берген грамоталар
Эми мага керексиздей сезилет.
Кесиптешти окуучумду эстесем
Элжиреп жүрөк эзилет. **1994-жыл 8-ай**

## Артынан жазган арман ыр
## (Чойун Осмоналиев агайга)

Кырк жылдан ашык иштедиң,
Социялизим доорунда.
Кадырларды көп өстүрдүң,
Элдин калдың сообуна.
Колуң ачык эр элең,
Ташып турган көл элең.
Балдар мектеп десе жан берген,
Патриот неме элең.
Окуткан сени балдарың:
Райком, Опкомдордо иштеди.
Сенин талыкпас эмгегиң,
Ачып берди чоң жолду.



40 жыл директор болуп иштедиң,
Жаман болгон жок сенин иштериң.
Стажың 45 жылга айланды,
Сен окуткан балдарың
Депутат болуп шайланды.
45 жылдын ичинде
Жасадың жакшы иштерди.
Сен окуткан балдарың,
Министир болуп иштеди.
Чоен дос! Математик болсом да,
Адабиятчы болууга туура келди.
Ушул саптарды жазууга
Алла өзү шык берди.
Кош, досум көрүпөйбүз бул жерде,
Чын болсо ошол дүйнөдө
Этеби кечпи барганда
Буйруса көрүшөбүз ошол жерде.
Сага арнап арман ырды жазган
Айла жок сен үчүн 2 3 саатка
Акын боло калган
Эң жакын досторуңдун

**Т. Жумагул Ленин жолу газетасына чыккан**



## Окуучуларга

Мен силерди дайыма сагынам,
Өз баламдай өмүр тилеп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Жаратканга жалынам.
Саламдашпай өтүп кетсең жаныман
Сага эмес тарбиям жетпептир,
- деп мен өзүмө – өзүм таарынам,

Жашыңарда жакшы адам болсун деп,
Жакшы айттым, жаман айттым,
Балким тилим, колум тийгендир.
Ошол бала азыр дагы,
Көөнү ооруп жүргөндүр.

Өкүнөмүн ошондогу.
Сага тийген тилим менен колума,
Кечирип кой окуучум,
Ошол күнкү каталыкты
Азыр кайра алам мойнума ,

Жаман десе, силерди жаман десе
Ал сөздү ыраа көрбөйм ,
Силер менен бир туугандай дайыма ,
Бүт өмүрүм , өткөн чакты
Эстеп дайым сыймыктанам.

**Ж.Турдумаматов 17.12.07-жыл**

## Артынан жазган арман ыр

(0згенов Сайдилла агайга)

Кыйшык жолду баспаган,
Арам тамак татпаган,
Ала жипти аттабаган.
Аппак кардай таза элең досум,

Колуң ачык эр элең,
Калкыган көлдө кеме элен,
Достор десе жан берген.



Далдаңдаган жан элен досум.

Жетимиш жашка чыкканча,
Ыссык- суукту көп көрдүк.
Мына бүгүн табылбас
Бир данга пексердүк досум.

Досторумдун атынан
Арман ырды мен жазам.
Сен үчүн айла жок;
Сегиз саат акын боло калгам.

**Жумагул досуң**

**(Абдирайим, Канат, Марип, Токтогул, Туташбай, Оңолбек, Абдибасит) Агайга ден соолук бактылуу карылык каалайбыз.**



## Турдуматов Болотбек

Турдумаматов Болотбек өзү суктанып ырында жазгандай жемишке бай , көркке бай он алты канат боз үйдөй болгон жаңгактын арасында Арстанбаптын бир каптал боорунда жайгашкан Көк – Тоңду айлында 1940 – жылы төрөлгөн. Айылдагы сегиз жылдык окууну окугандан кийин Ооган – Талаа айылындагы №3 - Кызыл – Октябрь орто мектебинен 10 – классты аяктап. Фрунзедеги мамлекеттик университеттин журналистика факультетин бүтүргөн. Институтта окуп жүргөндө эле «Советтик Кыргызстан» , «Ленинчил жаш», «Ленин жолу» гезиттеринде кабарчы болуп иштеген. 1960 – жылдан 1965 – жылга чейин өзү окуган Правда мектебинде мугалим, гезиттерге кабарчы болуп эмгектенген. Жубайы

Ырыс Момошова эже экөө мектепти чогуу бүтүп ,Фрунзеге педагогикалык институтта окушуп, студенттик күндөрү өтөт. Бир уул, төрт кыздуу болушат. Кийин газеталарга атайын кабарчы болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеди. 1975 – жылы 5 – февралда 35 жаш курагында каттуу оору дарттан менен каза тапкан.

## Көк – Тондум

Узун жолду кыскартсаң
Айып болбос сырдашсаң,
Кыргызда адат сурашуу
Кайсыл жерден болосуз?

Мен өскөн айыл Көк – Тоңду.
Көргөнүңөр бар чыгаар,
Арстанбапта ким болду?
Укканмын бирок барбагам,

Угуудан абдан таңданып ,
Атайын анда барыңыз,
Атайын кулак салыңыз,
Илгери өткөн заманда,

Алты ага, ини болуптур
Ат арытып жер кезип,
Ашуу ашып, эл кезип,
Арстанбапка туш келип.

Мекендешип конуптур
Жемишке бай, көккө бай,
Жайлуу жерди табышып.
Алты ага ини ошентип,

Бейкутта жашап калышты
Эчен жыл өтүп билинбей
Жоон топ элге айланды



Төрттүлүк мал дүркүрөп,

Көрктөндү айыл аймагы.
Өскөнү менен канчалык
Сый кийими жок экен.
Бир айыл журттун ортодо

Бир «Көк – Тону» бар экен ,
Көрсөтүшүп бабалар
Келишкен атка минчү экен.
Атадан калган мурас деп

Аталып калган «Көк – Тондум»
Атайлап барып бир көрсөң
Ар дайым болот көп болгун.
Айылымда ошентип,
Айтылып жүргөн легенда,
Мактаныш эмес замандаш
Нукура чындык бар анда.
***П.Турдуматов***

## Апама арналган гүл десте

**(Бул ыр өзүнүн апасынын сөөгү кайсыл жерге коюлганы белгисиз баланын арманы тууралуу жазган)**

Сагынып жазында келемин апа
Таба албай мүрзөңдү издеп, турам канча
Жаш экем бир эстелик койдурбапмын,
Аттиң ай! Бул күнөөмдөн чектим жапа.

Сени издеп үңкүрлөргө үңүлөмүн,
Чыктым эми аягына жүгүнөмүн.
Кусалантпай ак бетиңден аймалатчы,
"Апам бар", – деп, жоктугуңа түңүлөйүн.

Жалал-Абадская областная библиотека

Жыты аңкып маңдайымда жийде бурак,
Дал болуп жансыздардай уулуң турат,
Ишениңиз окшоштурдум жытыңызды,
Жаш куюлуп көзүмөн мүрзөңү сурап.

Айтчы жийде мен издеген мүрзө кайда?
Жүз көрүшсөк кусаланган эне – бала.
Эмки жаз бурагынан жытташ үчүн,
Кулдук уруп, кумар канып келем сага.

Келдим апа дагы келдим сагына,
Өзүм эмес неберең бар жанымда
Бирок, сен жок , жашым ташып көзүмөн,
Басып жүрдүк арбактардын багында,
Күндөр үзбөй сен тарапты карайбыз,
Жаздын, жайдын ар бир аткан таңында,
Күндөр үзбөй күздө да келем апа,

Таба албай мүрзөңдү издейм, капа.
Жаш экем бир эстелик койдурбапмын,
Бул күнөөмдөн чектим жапа.

*Б.Турдуматов*

## Арстанбап

Көргөндө көздү талдырат
Арстанбаптын аймагы.
Чалкалап төгүп койгондой,
Алмасын айтпа андагы,ай

Он алты катар боз үйдөй,
Опал тартат жаңгагы.
Байлыгын жердин көргөң,
Ким болду экен багбаны.

Кыз болуп эгер калсачы,



Кызыгар беле канчасы.
Гүл азык берет жан берет,
Күлүңдөй бабаң бакчасы.

Көрүүгө тоону куштармын,
Токой менен тоо көрсөм.
Толуп калат тез бөксөм,
Обонго салат беленер

Бийикте туруп ыр сепсем,
Күүлөрүн куштун угамын,
Кулагым тосуп тутканын.
Койнунда жүрсөм дагы эле
Көрүүгө тоону куштармын.

## Оору жөнүндө

Ысытмам күч ,, денем жансыз жатамын
Көрбөптүрмүн таңдын кандай атканын
Акырыбы, жашоом барбы айта албайм,
"Көрөр бекем" дегем таңдын атканын!
Кое турса болоор эле шаштырбай
Көрөөр элем, эчен күндүн атканын.

Бул оору белгилүү экен баарына
Таяндым эми мен дарыга ,
Шыпаа болчу жан барбы? Аттин ай!
Чымындайменин кара жаныма,

Түгөнүп барат өпкөлөр,
Калган жок өмүр көп көрөөр.
Асылганын бул шумшук,
Оо, дүйнөгө өткөрөөр.

*Б.Турдуматов*

Жалал-Абадская областная библиотека



## Турдуматов Абдыкапар

Турдумаматов Абдыкапар 1952 – жылы 27 – июнь күнү колхозчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. 1959 – жылы Правда мектебинде 1 – класска барып, 10 – классты Бүтүп, 1972 – жылы Армияда кызматын өтөп келип, 1975 – жылы Кара – Суудагы №24- кесипчилик окуу жайында окуп, айдоочулук күбөлүгүн алган. Өзүнүн айылына келип, 1975 – жылы Ачы токой чарбасынын автобусун алган. 1998 – жылда менчикке сатып алып, ушул күнгө чейин элге кызмат өтөп жүрөт. 3 уул 2 кыздын атасы. Чоң уулу Фрунзеде окуу жайында бухгалтерияны бүткөн. Экинчиси ЖАГУну аяктаган. Кенже баласы өзү менен бирге. Кыздары турмушта өзү менен өзү, жубайы ардактуу эс алууда. 8 неберенин чоң – ата, чоң – эне, таята, таэнеси болушкан.

Темир тулпар башкарып,
Түйшүгүн тарттың айылдын.
Так аткарып дайыма,
Батасын алдың көп элдин.

Өмүрдү берсин кудайым,
Оорубай жүргүн ылайым.
Кошконуң менен тең карып,
Кудайым берген перзенттин.
Урмат сыйын тең көргүн.
Узактан узак көп жашап,
Уул - кыздын үйүнө



Айылдап экөөң бир жүргүң!



## Турдуматов Абдыжапар

1954 – жылы Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл айылында төрөлгөн. Алты айлык убагында өзүнүн апасы каза болуп калып, таенесинин колунда Кызыл айылында чоңойгон. Оштогу айыл чарба окуу жайында окуп суу адиси кесибин алган. Азыркы учурда суу – чарба тармагында СПАнын координатору болуп эмгектенет. Бир нече мактоо грамоталардын жана медалдардын ээси. 1989 – жылы СССРдин ВДНкасынын отличниги “Алтын медал” менен сыйланган. 2012 – жылы Суу - чарба тармагынын “отличниги” төш белгиси ыйгарылган. Үй – бүлөлүү төрт баланын атасы. алты неберенин чоң ата, таятасы.

### Ноорузум

Кел, Ноорузум, Ноорузум,
Кел, Ноорузум, Ноорузум.
Кел, Ноорузум, Ноорузум,
Теңир бизди коорусун.
Кышты, жазга алмаштырып,
Бейиш берген Ноорузум.
Кел, Ноорузум, Ноорузум,
Кудай бизди колдосун.
Алас айткан апалар,

Жалал-Абадская областная библиотека

Жакшылыкка жоорусун.
Кел, Ноорузум, Ноорузум
Жамандыкты коюшсун
Берекелүү жыл болуп,
Элим аман болушсун!

*А.Турдуматов*

## Бешик ыры

Таятаң келди жаркырап,
Артыңдан уул келсин деп,
Теңирден өмүр, ал сурап.
Неберебиз Гүлбурак,
Таенең келип гүл сунат.

Артыңдан кызыр келсин деп,
Арчадан бешик ал курап.
Жээнибиз Гулбурак,
Кудайдан өмүр биз сурап.
Ата – эне жана эл журтка,
Тага журт келди, ыр курап.

*А. Турдуматов*

## Сактайлычы аралды

Ананайын аралым
Керегиңе жаармын
Үлүшүмдү мен кошуп,
Суу болуп агып баарармын.

Оорусаң кошо ооруймун,
Соолусаң кошо соолуймун.
Кара калпак эл үчүн,
Суу жеткизип коргоймун.

Соолубас үчүн аралым,



Суу болуп агып барамын.
Кайрадан буугa айланып,
Ала – Тоодо каламын.

## Турдумат атага арнаймын

Кыргыздын кыйын күнүн тартып келген.
Кыйла жыл кыргыз элге кызмат берген.
Кыргызга Октябрдын нуру келип,
Колхоздоштурууга да салым кошкон.

Ар кандай татаалдыкты алга сүрөп,
Адамзаттын жүрөгүнө жете билген.
Ар тараптан эмгектенип эли үчүн,
Адилет адам бол деп үндөп келген.

Турдумамат атаны кудай колдоп,
Катарлап уул кыздарды түгөл берген.
Каалаган кесиптердин ээси болуп,
Калып калаар калкында эмгектенген.

Урпактары талантка бай инсан экен,
Уулдары Жумагул, Полот, Абдыжапар,
Укмуштай ырлар жазат эргүү менен
Улантат неберелер мезгили менен.

Туубаса Алла берген таланттарын.
Талыкпай иштеп жүрүп пайдаланат,
Талыкпай тарбия алып окуган жан
Тастыктап ар бир сөздөн таасир алат.

Эмгекчил ата урпагы,
Эл менен аман болгула,
Эчен жыл узап кетсе да,
Эмгекчил болуп элине.

Эл менен жашап калчуудай,

Эскирбес эмгек бергиле.
Алланын көзү түз болсун!
Ар дайым болуп эсен соо
Алдыңкы сапка кошулуп!
Ардактуу өмүр сүргүлө!

***7.07.03-жыл***



## Бакен ата баяны

1926 – жылы 22 – октябрда Базар – Коргон районуна караштуу Кеңеш айыл өкмөтүндө Кызыл – Октябрь айылында төрөлгөн. 1942 – жылы Кызыл – Октябрь мектебинин 7 – классын бүтүргөн, өзүнүн эмгек жолун өзү окуп бүткөн мектепте үч айлык даярдоо бөлүмүн аяктап келип, 1943 – 1944 – окуу жылында мугалим болуп баштаган, 1944 – 1945 – окуу жылынын башында Жай — Терек айылындагы «Большевик» орто мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгек жолун уланткан. 1948 – 49 – окуу жылында мурдагы Ачы районуна барып Ооган – Талаа айылындагы Кызыл – Октябрь (азыркы С Далбаев атындагы) орто мектебине дайындалат. Ушул жерде иштеп жүргөн мезгилинде райондук комсомол комитетинин мүчөсү болгон. 1949 - жылы сентябрь айында Ала – Бука райондук мамлекеттик коопсуздук комитетинин оперативдик кызматкери болуп 1954 – жылдын сентябрь айына чейин эмгектенген. 1954 – 55 – окуу жылында атайын жолдомо менен Ташкент шаарындагы



мамлекеттик окуу жайына жиберилип өз билимин өркүндөтүп келет. 1955 – 56 – жылдары Жалал – Абад облустук мамлекеттик коопсуздук комитетинде оперативдик кызматкер болуп эмгектенет. 1957 – 1959 –жылдары Ленин Сузак райондорундагы коопсуздук комитетин жетектейт. 1959 – жылдын октябрь айынан Базар – Коргон райондук партиялык комитетинин инструктору жана райком париясынын 1 - секретарынын жардамчысы болуп, 1963 – жылга чейин эмгектенет. 1963 – жылы мурдагы Энгельс атындагы колхоздо парткомдун секретары, төраганы орун басары болуп, 1965 – жылга чейин эмгектенет. 1959 – 63 – жылдарда райком партияда иштеп жаткан мезгилде партиянын жолдомосу менен КПСС БКнын Алматы шаарында жогорку партиялык мектепти ийгиликтүү аяктап, «төш белги менен сыйланган» . Колхоздо партиялык комитетти башкарып жүргөндө, колхоздордун парткомдорунун ичинен бир өзү райондук партия комтетинин мүчөсү болуп шайланып, партиялык, советтик иштердин уюштурулушуна эң чоң зор салым кошкон. Өзүнүн эмгек жолунда өрнөктүү өмүр сүргөн каарманыбыз Бакан ата мамлекет тарабынан көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. Комсомолдук борбордук комитетинин «Ардак граматасы» менен 1945 - жылы сыйланган. (7.04.1945ж) Москвада, 1941 – 45 – жылдарда тылда көрсөткөн кужурмөндүгү үчүн "Эмгектин каармандыгы" үчүн медаль менен сыйланат.1978 – жылы "Социалистик мелдештин жеңүүчүсү" деген төш белги ыйгарылды. Колхоздук өндүрүштө активдүү катышкандыгы, үчүн «Ардактуу колхозчу» деген наамга жетишкен. Биздин каарман өзүнүн эмгегин окуучуларга тарбия берүүдөн баштап, мамлекетибиздин саясатын пропагандалоо жана эмгекчилерге коммунистик тарбия берүүгө арнады. Ушул эмгектери бааланып, партиянын райондук, облустук Кыргызстан Борбордук комитеттеринин бир нече ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикабыздын тунгуч Президентинин жаңы жылдык куттуктоосун, алган Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2 – курултайында «Айылдын ардактуу атуулу» - деген, наам ыйгарылган. Бул өмүрү өрнөктүү Бакен атанын өздүк

архивинен карасак: 1949 - жылы Ала – Букада иштеген убакта №1- орто кечки мектепте окуп аттестат алат. 1952 – жылы КПССтин мүчөсүнө өтөт. 1979 – жылы парт билетин Ленин РКПнын комитетинен жаңылайт. 1962 –жылы КПСС БКнын жогорку партиялык мектебине сырттан тапшырып, дипломго ээ болот. В.П.№054487 «Диплом»

Москва 16.11.1968 –ж Ага КырКП Ош обкомунун Ардак грамотасын об.секратары С.Ибримов 1976-жылы тапшырып, 1977 – жылы Ош обкомуна мүчө.Совет айылынын депутаты болуп шайланган 005 номерлүү күбөлүгү бар. 1977 – 1984 – жылдары Эмгек «Ветераны»медалын алып, 1985 – жылы райодук Ардак грамота менен сыйлаган (А Мырзакаримовада алган).1987-жылы 13-февралда Улуу Ата-мекендик согушта тылдагы алдыңкы эмгеги үчүн медаль, 1988-жылы сентябрда тажырыйбалуу пропагандист катары XIX бүткүл союздук конференция да сүйлөгөн таамай сөздөрү сүрөтү менен "Эмгек жалыны газетасына жарыяланган" (ред А.Акжолов) 1990 - жылы «Ардак грамотаны» райондук аткаруу комитетинин төрөгасы К. Бегимкулов тарабынан алган. Кыргыз элинин мамлекетүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата 2003 – жылы Тунгуч президент А. Акаев "жаңы жылдык куттуктоосун" жөнөткөн жана Ошондой ошол эле жылы Кеңеш айылынын "Ардактуу атуулу" наамы берилген 2006 – жылы 80 жаш юбилейлик жашында Ардак китеби тапшырылган. Көзү өткөндөн кийин өзү жашаган көчөгө аты берилген.

## Өмүрү өрнөк адам
## Бакен ата жөнүндө баян

Октябрь нуру эң алгач,
Элиме тийген убакта.
Жарык дүйнөгө келип,
Төрөлүпсүз айылдан.

Катаал согуш болгон убакта,
7 жылдык билимге ээ болупсуз.



Өз айылдан атайын курс ачылып,
Агартуунун адиси болупсуз.

Эл ичинде катаал өкүм сүргөндө,
Эл аралап канчалаган жаштарды.
Топтоп келип зерикпестен үймө – үй
Көзүн ачып, кат сабатын жоюпсуз.

Татаал турмуш согуш бүтөөр убакта,
Жай – Терекке окуу бөлүмүнүн башчысы,
Болуп барып караңгы элди сиз үндөп
Далайларды даярдапсыз кесипке.

Ачы районунда Ooган – Талаада,
Кызыл – Октябрь орто мектебине.
Окуу бөлүмүнүн башчысы болуп,
Өрөөндөгү эчендеген жаштарды.
Тарбиялап, туура жолго салыпсыз .

Сатыбалды Далбаевдин Ooган – Талаа айылында мектепке атын коюу аземине катышып, сөз бергенде сүйлөгөнү азыр да менин эсимде. Бакен атанын окуучулары Сатыбалды Далбаев артист болду, Абдыкадыров Максат врач, Нышанов Бекболот педагог, Рахманов Козубай илимпоз, Чойбеков Ырыскул илимпоз жана башка алдыңкы инсандар чыкты.

## Бакен атанын сүйлөгөн сөзү

Чыйрак эле сабактан да жакшы эле,
Оюн койсо аткаруучу жан эле,
"Талантыңды бекер текке кетирбе
Окууга бар борбор шаар каалага" – деп,
Кеңеш айтып документтерин ырастап,
Мен жөнөткөм Москвага окууга!
Ошол бала Сатыбалды Далбаев,

Адам болду эл ишине жараган.

Жалал-Абадская областная библиотека

Сатыбалды "Ленин" болуп аткарып,
Мира болсо "Каникейди" аткарып,
Бүт ааламга кош жылдыздай жаркырап,

Кыргыз элди жер жүзүнө таанытты.
Сөзүн бүтүп сыйлуу жерге олтуруп,
Сарпай кийип бул өрөөндүн өзүнө.
Бакай ата, өзү болуп кайраттуу,
Ак батасын берген эле, тараарда.
Өзүм көрүп, сөзүн уккам, ошол азем убакта.

Жаралгандан Кызыр ата колдогон,
Эли үчүн жери үчүн жан үрөп,
Жакшылыкка жаралган улуу адам.
Алгачкы кызыл партиянын
Анык мүчөсү экенсиз.
Эл үчүн жанын үрөгөн.

Эл душмандарын тазалап,
Таасирдүү сөздөрү менен,
Тартипке өзү чакырган.
Такшалган кызматкер болуп,
Таанылган бүткүл союзга.

Алматы шаарындагы,
КПСС БКнын жогорку жайын,
Ийгиликтүү аяктап,
Төш белги менен сыйланган,
Айыл жерден райондук уюмдан,
Областан борбордон, Москвадан,
Тапшырылган ишти аткарып.

Тастыктап турат атанын,
Өкмөттүн берген сыйлыгы.
Орден, медаль, төш белги,
Бир нече мактоо баракча.
Баалуу документ көп эле,



Атанын архивинде бар экен.
Алла сүйгөн пенде экен,
Алима апа экөө тең,
Кудайым берип буларга:
Убалуу уул, кыйын кыз көрүп
«Баатыр эне» болуп жаркырап,
Алтын жылдыз ээси апа болуптур.

Бүт баардыгын тарбиялап өстүрүп,
Турмуштун жолун карматып,
Өзү сүйгөн кесибине окутуп,
Эли үчүн, жери үчүн үзүрлүү,
Эмгектенип эл үстүндө жүрүшөт.

Улуунун ишин улаган,
Уул кыздардын бардыгы,
Урматтуу ишке жараган.
Уюткулуу ата – энеси,
Урпактарга үлгү, болуп тараган.

Мындан нары эч жамандык болбосун,
Кудай колдоп, ийгиликтер шыр болсун!
Көрө албаган кара ниет бар болсо,
Өз алдынан ордун таппай жок болсун!
Ата – эне өткөндөрдүн рухтары,

Силер үчүн арбактары жар болсун!
Бир келген жарык дүйнөдө,
Барандуу эмгек жасапсыз.
Бакен ата айтылып,
Түбөлүк элде жашайсыз.

## Бакен атага айтылган каалоолор
## Урматтуу Баран ава!

Сизди кутмандуу 80 жылдык маарекеңиз менен Куттуктаймын! Сиз өрнөктүү өмүр жолун басып келе жатасыз. Ар кандай партиялык, чарбалык жооптуу кызматтарда иштеп, районубуздун өнүгүп өсүшүнө, талыкпай өз күч кубатыңызды жумшап келдиңиз.
Эл керегине жарап жаткан балдарды тарбиялап өстүрдүңүз. Сизге мындан ары да чын ден - соолук, бакубат турмуш, кутмандуу карылык каалаймын!
Базар – Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким А.Осмонов.
2006 – жылы Алтын тамгалар менен жазылган кызыл китепче тапшырылган.

Урматтуу, кымбаттуу эл сыйлаган, мен сыйлаган Ардактуу Бакен аке! Аке, сиз турмуштагы өз – чыйыр жолуңузду таап, татыктуу, бактылуу өмүр сүрдүңүз. Сиз билимиңиз менен тубаса акылыңыз, сезимталдыгыңыз, ички маданиятыңыз менен калың, элдин купулуна толгон адамсыз. Мекениңизге кызмат өтөгөн мээнеткеч инсансыз! Бүгүнкү 80 жылдык маарекеңиз кут болсун! Сиз бактылуу адамсыз. Айкөл Алийма жеңе! Төрөлгөндө эле кудай пешенеңизден бакыт чуурулуп койгон жансыз. Элибизде макал бар эмеспи. «Увазир жакшы, Хан жакшы, аял жакшы эр жакшы» - деген.
Ушул макал сизге арналып калган болуш керек, – деп, ойлоймун. Кымбаттуу эл сыйлаган, мен сыйлаган Бакен аке! Жеңе! Торколуу тоюңар куттуу болсун! Мен сиздин акылыңызга, айкөлдүгүңүзгө, адамгерчилигиңизге ыраазы болуп башымды ийем!!! Жеңе, аке!!! Балдардын урматын көрөт деген ушул. Ошол балдар неберелердин кашында дениңер сак болуп, көп – көп жашагыла. Сиздерди өтө кадырлап жакшы көргөнүмдү билдирем. Келиниңер Мираида Далбаева. Кыргыз элине эмгек сиңирген артисти.





## Абдалов Эргеш ким болон?

Абдалов Эргеш 1909 - жылы Базар – Коргон районунун Көк – Тонду азыркы (Правда) айылында төрөлгөн. Атасы Абдал өз заманына жараша кадырлуу адамдарынан болгон. Абдалов Эргеш беш бир туугандын экинчиси эле. Ал 11 жашка чыкканда атасы каттуу оорудан каза болуп, бардык жоопкерчиликти үй – бүлөнүн эң чоң эркеги болгондуктан өз мойнуна алган. Инилерин тарбиялап, окутуп, эрезеге жеткирип, үйлөп – жайлаган. Колхоздо талаачылык боюнча бригадир болуп иштеп турган. Бир тууган иниси колхоздо башкарманын орун басары, дагы бири колхоздун кампа башчысы болуп иштешкен. Бул бир тууғандар жаңы уюшулган “Правда” колхозунун өнүгүшүнө зор салымдарын кошушкан. Ал аңгыча согуш чыгып, согушка жарактуу бардык эркектер четинен майданга жөнөтүлө баштагандыктан, бул үй – бүлө дагы андан четте калышкан жок. Эл комиссариат атайын буйругу менен согуштагы жоокерлерди азык - түлүк менен камсыздап туруу максатында эл чарбасында иштегендерди атайын брон менен согуштан калтырышкан. Бирок, ага карабастан инилери Максут, Абылкасымдар биринчилерден болуп өз кызматтарын тапшырып майданга жөнөшкөн. Алар кеткенден кийин бир жыл өтпөстөн курман болгондугу жөнүндө кабар келген. Абдалов Эргеш эки иниси согушта курман болгондугун угуп, өз ыктыяры менен суранып 1942 –жылы күз айларында майданга жөнөгөн. Ал

Свердловск областында резервдик армияда бир нече ай атайын даярдыктан өтүшүп, ошол эле мезгилде Свердловск областынын Пышминск районунда Исеть станциясында турушкан. Адамдар жетишпегендиктен буларды Свердловск курулуш – монтаждоо башкармасынын Урал электрострой участкасында 4-5 ай иштешкен. Ошол жерде кызмат өтөп жүрүп каттуу ооруп, ошол ооруга байланыштуу Свердловск ВВКнын 1943 – жылдын 11 –май №9 - буйругу менен запаска бошотулуп, туулуп - өскөн жерине жөнөтүлгөн. Тагыраак айтканда 24 – майда 1943 – жылы №23 - буйругу менен толук запаска бошотулган. Туулган жерине 1943 – жылы июнь айында келген. Ошол мезгилде чарбада адам жетишпей, турмуш өтө оор, жетишпестик болуп тургандыктан, ден – соолугуна карабастан келген күндөн тартып колхоздо талаачылык боюнча бригадир, ошону менен бирге мал фермасынын башчысы болуп күнү – түнү тыным албай иштеген. Ошол каатчылык, согуш аябай күчөп, абал оорлошуп турган мезгилде өлкөдө ички душмандар, согуш качкындары көбөйүп эл чарбасына коркунуч туудуруп турган. Ушуга байланыштуу ички иштер эл комиссиаратынын атайын буйругу менен «Бандиттерге каршы күрөшүү бөлүмү (НКББ)» түзүлгөн. Жалал – Абад областы боюнча бул бөлүмдү кыргыздын биринчи генералы айтылуу Эргеш Алиев жетектеп, ыктыярдуу ыкчам отряддарды түзгөн. Бул өзгөчө бөлүмгө Абдалов Эргеш биринчилерден болуп өз каалоосу менен кирген. Негизги ишинен бошотулбастан бул бөлүмдө согуш аяктаганга чейин иштеген. Мезгилдин шартына байланыштуу адам жетишпегендиктен бир эле кызматкер бир нече милдеттерди аткарып күнү – түнү тынбай иштешкен. Абдалов Эргеш да мезгилдин шартына жараша бир эле мезгилде колхоздун фермасы башчысы, бригадир ошондой эле Кызыл Армия үчүн чогултулган фондунун жылкы фермасы, НКББнын ыктярдуу отрядынын кызматкери болуп иштеген. Кызматындагы жетишкендиктери, кыраакылыгы, кужурмөндүгү үчүн өкмөт тарабынан бир нече сыйлыктарга ээ болгон. Атап айтканда аты жазылган сый курал, грамоталар, жана башкабаалуу сыйлыктарга ээ болгон. Улуу Ата мекендик



согуш мезгилдеги каарман эмгеги үчүн, каармандык медалы, эмгектин жана согуштун ардагери төш белгиси , 25 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган Ардактуу эс алууга чыкканга чейин колхоздун ар кандай кызматтарында үзүрлүү эмгектенген. Кызмат менен эле чектелип калбастан тейлеп, анын тынч жана жакшы өтүшүн камсыз кылган. Элибизде айтылып жүргөндөй «Увазир жакшы хан жакшы», «Аял жакшы эр жакшы» дегендей анын ийгиликтерине жубайы Тагай кызы Тажинин салымы чоң. Таажи энебиз бир сырдуу, адамдарга туз жана туура мамиле кылган, орундуу сүйлөгөн акылман аял болгондуктан аны бардыгы сыйлаган. Мен кызматкердин аялымын дебестен башка аялдар кандай жумуш иштесе, ал да алар менен кошо иштешкен. Булар 5, уул 4 кызды тарбиялап өстүрүштү. Уул - кыздарын жогорку билимдүү кылышкан. Булардын уул кыздары, неберелери билим берүү системасында үзүрлүү эмгектенип, физика, математика предметтери боюнча жаш муундарды окутуп тарбиялап келе жатышат. Абдалов Эргеш 1988 – жылы 10 – ноябрда жубайы Тагай кызы Таажи 2002 – жылы 10 – ноябрда каза болушкан.

## Абдалов Эргеш авага

Октябрь нуру эң алгач,
Элиме тийген убакта.
Элинен чыгып суурулуп,
Он бир жашка толгондо
Атасынан ажырап,
Түйшүгүн тартып түгөлөй
Тууганга тирек тоо болуп,
Тарбиялап баш болуп,
Турмуштун жолун карматат.
Жаңыдан колхоз курулуп,

«Правда» аты коюлган.
Ошондо Абдаловдордон
Эргеш, Максыт, Абылкасым,

Үчөө тең кирип колхозго.
Түктөлүшүнө талыкпай,
Адал иштеп эл үчүн,
Татыктуу салым кошушат.

Кызыган эмгек маалында,
Каардуу согуш башталат,
Күн сайын эркек жарандар
Кан майданга жөнөшөт.
Абылкасым, Максыт инисин
Экөөнү бирдей жөнөтөт.

«Согушка азык – түлүк керек» - деп
Камдоо үчүн ишенип.
Өкмөттүн буйругу менен,
Эргеш аваны калтырат.

Эки иниси жыл өтпөй,
Курман болгон кабарды
Укканда күйүп чыдабай»
Суранып барат согушка,

Свердлов областынын,
Пышенский районунун.
Исеть станциясында,
Бир нече ай даярданып турушат.

Адамдар жетпей ошондо
Свердловский курулуш мантаж бөлүмгө.
Урал электро курулуш бөлүмүндө 4-5 ай
Кызмат өтөйт татыктуу.

Каттуу ооруп калгандыктан ошондо,
Свердлов ВВКнын 1943 – жыл 1 – майында
№9 буйругу менен запаска бошоп,
Туулуп өскөн жерине жөнөтүлөт.



Элине келсе эсен соо,
Элдин ички жана согуш качкындары.
Эл ичинде жакырчылык жокчулук,
Эркин ээлеп, эл кыйналган кез экен.

Оорусуна карабастан бул адам
Бандитерге каршы күрөш бөлүмүн,
Жалал – Абад областы боюнча (НКББ)га
Кыргыздын генералы биринчи
Жетектейт Эргеш Алиев.

Бул ыкчам бөлүмгө Абдалов Эргеш ава,
Каалоосу менен биринчи болуп кириптир.
Кыраакы кызмат эмгектен,
Бул өзгөчө бөлүмдө согуш бүткүчө иштептир.

Чарбада эркек жетишпей,
Бир адам бир нече жумуш аткарып,
Кызыл Армия үчүн чогулган,
Жылкыга зав ферма болуптур.
НКББнын ыктыярдуу отряддын
Кызматкери болуп иштеп тынымсыз.
Жеңиш үчүн! Фронт үчүн! – деген
Ураан алдында жылда эмгектенишет.

Тынчтык күн өкүм сүргөндө,
Өкмөт баалап эмгегин.
Күжүрмөн, кыраакы эмгеги үчүн
Бир нече мактоо, сыйлыктарга ээ болот.

«Аты аталган, сый курал» отряддан алат.
Улуу Ата-Мекендик мезгилиндеги
Каарман эмгеги үчүн!
«Каармандык медалы»

Эмгектин жана согуштун ардагери,
Төш белги медалы 25 жылдык,

Жалал-Абадская областная библиотека

Юбилей медалы ж.б. мактоо,
Грамоталар менен сыйланган.

Эс алууга чыкса да,
Айылда болуп насаатчы.
Ар кандай иште баш болуп,
Ак сакал болуп жүрдүңүз.

Аваны алга чыгарып,
Алдынкы сапка кошууга.
Алган жары Таажи эне,
Ар дайым болуп көмөктөш.
Ар кандай шартта болсо да,
Ар тараптан тейлеген.

Үйдө эне, сыртка чыгып колхоздо,
Эл катары чарбанын жумушун аткарып,
Жыл алыс курсак көтөрүп,
Беш уул, төрт кыз бир төрөп.

Тарбиялап, өстүрүп эрезеге жеткизген.
Балдарынын бардыгын.
Билимдүү адам болсо деп,
Басса – турса сураныл,
Бир кудайдан тилеген,

Тилегин берип кудайым:
Булардын кызы Бурмачач
Биолог болуп жогорку,
Иштеп жүрүп мектепте,
Эс алууда ардактуу.

«Математика илимдердин падышасы» дегенди,
Уулдары булардын: Аким, Карим, Акылы,
Жогорку билимдүү математиктер
Жаш муунга талыкпай татыктуу билим беришип,
«Эл агартуу отличниги» төш белгисин алышып,



Кадыр – барктуу атуулдар болушту.

Билимдүүнүн үй – бүлөсүн курушуп,
Жубайлары кошо иштеп мектепте,
Эс алуунун ардактуулары болушту.
Уул – кыздын баардыгын окутуп,
Инаят экөө тең иштешип, тең жүрүп,
Турмуш жолун өз алдынча карматып
Ыйык перзент, неберелер жетелеп,
Чоң ата, чоң эне да, таята да болушту.

Ата – ененин жолун жолдогон
Ардактуу адам болгула!
Ар дайым келсе уул - кызың
Алдынан чыгып ата – эне,
Балдарын сүйүп бетинен.
Ал сурап күткөн чоң бакыт.
Жашоого адам бир келет
Чагылгандын отундай
Баарыңдан калсын жакшылык
Балдарын улап калчудай.



## Улуу карыя Уметовдор жөнүндө

Айтылуу Арстанбап – Атанын жайлоолорун жыл сайын жайлап, Жаз жарым, Тогуз булак «Босого» жайлоолордо Үч чокуда балалык күнүбүздү өткөрчү элек. Сулайман аке 1990 - жылы ааламдан өткөн. Токтокан эже 2012 – жылы 29 – майда дүйнөдөн өткөн. Жай чилдеде Үч – чоку жайлоосуна барып,

жайлоолочубуз. Кайсыл айыл экени эсимде жок аппак сакал кызыл жүздүү карыя менен жыл сайын жайлоого кошо жайлоочу элек. Аппак көйнөк, кара кемзир кийген, жумшак сүйлөгөн сылык байбичеси бар эле. Мал жандуу өздөрүнө тың төрт түлүк малды толук кармаган инсандар эле. Кез кези менен балдары барып, кабар алышып кем өксүктөрүн жеткизип турчу. Неберелери Акпарали, Акылбек, Акпари күн сайын малым карашып тынымсыз эмгектенишип жайлоодон жакшы кайтышат эле. Ал мезгилде шерине жешет элек. Кез кезде келгенде чогуу болуп «шеринени» бирге эт жеп кымыз иччүбүз. Ал улуу карыя Нышанбай уулу Умет 1884 – жылы Арстанбап үрөөнүнүн Кызыл – Суу айылында кыш чилдеде төрөлгөн экен. Бой жетип жигит болгондо «Кек – Тонду» азыркы (Правда) айылынын тургуну, казак уруусунан Сагын кызы Шекер деген өтө сулуу кызга үйлөнөт, ал ар беш балалуу болушат. Касым,
Сулайман, Мусабек, Мурзабек жана кызы Буйзекен. Булар карыялар 1969 – жылы Үмөт ата каза тапкан .
1972 – жылы Шекер эне да дүйнөдөн кайткан.
Улуу Сулайман 9 уул, 5 кыздуу болгон. Уулдары:
Акылбек, Бейишбек, Жанышбек, Асанбек, Үсөнбек, Тайирбек, Каныбек, Жаныбек жана Зайырбек.
Кыздары: Акпари, Чыныгүл, Айчүрөк, Гүлмира жана Бактыкан.

Биз сөз кылып турган каарманыбыз Уметов Сулайман 1921 – жылы талаа гүлгө толуп, ашкана сут, каймакка толуп турган май айларында төрөлгөн дешет. Илгери оор замада 7 – классты эң жакшы деген байдар менен Ооган – Талаа айылында бүтүрүп, өзү зирек эсеп – кысалка тың болгондуктан, Ачы айылдык советке финогент же азыркы сөз менен айтканда элге салып салуу экен. Анан Оштогу айыл чарба техникумуна тапшырып, аны 1949 – жылы "Артыкчылык" диплому менен ийгиликтүү бүтүрүп Масы районундагы бригадир анан пахта талаасында агроном болуп иштеген. Ошентип иштеп жүрүп, масыдан азыркы Ноокен
районунан Кабыл кызы Токтоканга үйлөнүп, экөө баш кошкондон кийин, өзүнүн туулуп - өскөн жерине келишип,



Ачы айылдык соода ишканасында соодагер (магазинде) болуп чогуу иштеп калышат. Экөө тең, көптөгөн райондук жана областтык сыйлыктардын ээси болушкан. Токтокан апа 14 баланы өстүргөндүгү үчүн «Баатыр – Эне» ардактуу наамына ээ болгон. Анан дагы эң эле чоң үйдүн куттуу берекеси ар бир баласына өзүнүн көрөгөчтүгү менен айырмаланып жүргөн, улуу инсан болгонун баса белгилеп кете алам. Ошентип, Сулайман ата менен Токтокан апа көп жылдар бою бирге өмүр сүрүшүп 14 баладан 61 небере, 33 чебере жана 6 кыбыралуу болушкан. 14 баланын ичинен 7 баласы жогорку билимдүү, 5 баласы атайын орто окуу жайларын бүтүрүп элге жана мамлекетке кызмат кылууда. Улуу карыя Үмөттүн небереси Сулаймандын уулу Үсөнбек 1959 – жылы төрөлгөн. Билими жогорку, Фрунзедеги К.Н.Скрьябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. Бухгалтер - экономист, эмгек жолун 1983 – жылы Базар – Коргон айыл чарба башкармалыгында башкы экономист болуп баштаган андан соң райондук комунистик партиясынын жолдомосу менен 1989 – жылдан баштан Жалал – Абад региондор аралык жаңгак мөмө токой башкармасында башкы бухгалтер, 1997 – жылдан 2000 – жылга чейин Жалал – Абад областык финансы инспекцясында башкы эсепчи, андан соң ушул күнгө чейин райондор аралык жангак мөмө токой башкармасында башкы адис болуп ийгиликтүү эмгектенүүдө. Келинчеги Чынгараева Курманжан адистиги боюнча бухгалтер - экономист, эки уулдун жана эки неберелеринин урматтуу ата – энелери болуп өмүр сүрүүдө.



**Сулайман ата менен Токтокан апага арнаймын**

Уул кызы канча өмүр сүрүшсө,
Алар жашайт жүрөгүнүн өзүндө.
Улуу инсан урпагы,
Убалуу болуп элине,
Урматтап эмгектенишет.
Уулдан урмат кыздан сый,
Үлгүлүү жүрүшүп турмушта.
Үзүрүн көрүп жүрүшөт.

Канча жыл узап кетсе да,
Калыптанып калышкан.
Кадыр - баркын адамдын,
Колдоп койчу баркы бар.

Тарбия үйдөн башталат
Табигат өзү тартуулайт,
Түрдүү кесипти аркалап;
Талыкпай иштеп келатат.

Эмгеги жагып элине,
Эмгеги калган жеринде.
Эчен жыл иштеп эл үчүн,
Эмгектин болуп ардагер.
Эчен орден медалды,



Эсептеп таккан төшүнө.
Урпагы улап иштерин,
Урматтап ата арбагын.
Үлгүлүү өмүр сүрүшөт,
Үлпөттөп баккан балдары,

«Баатыр эне» жылдызын
Бапестеп сактап коюшкан.
Балдарынын устүндө,
Бардыгынын жүрөгүнүн ичинде.
Барганда куран окушат,
Белгилүү мезгил келгенде.

Алланын көзү түз болсун.
Арбактар дайым жар болсун,
Ар дайым болуп аман соо.
Ардайым бала чака тынч болсун!



**Баялиев Чырак**

Баялиев Чырак 1928 – жылы 18 – октябрда Аук айылында төрөлгөн. Айылда 7 жылдык билими менен табелчи болуп эмгектенет. 19 жашында 1940 – жылы 5 – январда Караева Лайли эже менен турмуш курат. Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Жалпы эле советтик жоокер катары согушка кетет. 1941 – жылдан немецтер менен согушуп 1945 – жылы жеңиш

менен келет. Май айынын аягында үйүндө болот. 1946 – жылы Партизан Нойгут колхозун болуп Аук да «Коммунизм» колхозу түзүлөт. Аукта эл аз болгондуктан Сузак районунун Кара – Алма айылынан, 40 үйлүүнү көчүрүп келген. Базар – Коргондон Дадабаев деген прокурор экөө барып бир ай жүрүп үгүттөп алып, кийин көчүрүп келген, Колхоздо Кампа башчысы болуп иштеген. Кызыл – Октябрда ГЭС курулуп, жарымы бүткөндө Токтогул ГЭСинин курулушу башталып, ошол бойдон калып кеткен. Базар – Коргон районунун керек жарак коомунда жети жыл кампада иштеген. Аук айылына Ломоносов мектебин тургузган. Экспедитор болуп иштеп туруп, Жалал – Абадда керек жарак союзунун кампасында 11 жыл иштеди. Малды бордоп семиртүү бөлүмүндө 5 жыл эгектенди. Октябрдын 60 жылдыгы атындагы колхоздо иштеп жүрүп, пенсияга чыкты. " Сталин берген медалын жоготуп койдум", - дейт Лайли эже. Улуу Ата Мекендик согушта ондогон орден медалдар менен сыйланган Согуштагы жеңиштин 25,40,50- жылдыктарында медалдар"Ардак белгиси орденин,"Эмгек ардагери"медалын алган . Жубайы Лайли эне 1926 – жылы, 19 –сентябрда туулган, эмгек ветераны. 6 – январь 2000 - жылы 6 яньварындаказа болгон. Жарык дүйнөдөн өткөзгөн өмүрүнүн баардыгы эл үчүн, соопчулук үчүн болгон 1953 – жылы Голгупан – Атага мечит кургузат. Тунике, тактайларын эшек менен ташышат. Өмүр бою эл үчүн эмгектенет. Андай ардактуу адам эл менен түбөлүккө жашай берет.

## Баялиев Чырак аваны
## (эскерүү)

Аук айылынан чыккан,
Асыл адам турбайбы.
Жети жылдык билим менен эл үчүн,
Табелчи болуп иштептир.

Он тогуз жашка жеткенде,
Немецтер келип киргенде,



Курал алып колуна,
Батышты көздөй барыпсыз.
Жалындаган жаш өмүрдүн бардыгын,
Согушчандар менен гана өтүпсүз.
Берлинге барып кол менен,
Кызыл Тууну илипсиз,

Эл үчүн камды көп көргөн
Чыныгы уулу экенсиз
1946-жылында Партизиан – Нойвуштан болуп
Туулуп - өскөн айылын
«Коммунизм» колхоз деп,
Өзүнчө болуп алыпсыз.
Элдин саны жетишпей
Базар – Коргондон Дадабаев деген
Прокурор экөө бир барып,
Кара – Алмадан элди үндөп,
Толук бир ай жүрүшүп;
40 үйлүү элди алып келет,

Колхозду куруп толуктап
Завхоз болуп иштептир.
Эл талабын жактаган
Райондо сельпоодо.

Жети жыл эмгектениптир
Ошол мезгил учурда
Кызыл – Октябрь айылына барып,
ГЭСти куруп суу менен

Токтогул ГЭСи келгенче
Пайдаланат эл толук
Туулуп - өскөн айылына
Ломоносов мектебин

Экспидетор болуп иштеп жүрүп тургузган
Эмгеги жагып элине.

Жалал – Абадда он бир жыл,
Областтык сельпоодо,

Складды башкарган
1958 – жылдарда
Көл Гупан – Ата мазарга,
Соопчулук иш жасап,
Биринчи болуп бул адам,
Мечитти куруп тургузган,
Эл менен иштеп талыкпай.
Эс алууга чыгыптыр.

Эмгегинин үзүрүн,
Өкмөт өзү баалаган.
Төшү толо тагынган
Орден, медаль, жылдыздар,

Жөн эле санап карасам
Он бир даана бар экен
Элдин уулу экенин
Эли баалап сунуштап
«Баялиев Чырак» - деп
Ал жашаган көчөгө
Атын коюп алыптыр.

Өмүрү өрнөк адам деп,
Ушуну айтсак жарашат
Чырактай нуру чачырап
Асыл адам экени,
Эл оозунда айтылат
Тарбия берип жаштарга
Түбөлүк аты сакталат

Өмүрлөш жубайы Лайли эже
Асырап баккан балдарды,
Арбагың бизди колдо деп,



Ар дайым окуйт куранды.
«Өмүр бизден өтүп кетти
Эл эмгегинен эскерсин»

**(С.Нуркулова)**



## Базар – Коргон районунун Беш – Бадам айылынын тургуну маркум Нурбеков Авазбек ажы ата жөнүндө болмокчу

Нурбеков Авзбек 1938 – жылы Базар – Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Беш – Бадам айылында төрөлгөн. 1947 – жылга чейин ата – энесинин колунда тарбияланып келген. 1947 – жылдан 1954 – жылга чейин Беш – Бадам айылында билим алды. 1954 – 1957 – жылдарда Базар –Коргон мектеп интернатында 8 – класстан баштап 10 - классты бүтүргөн. 1957 – жылы Жалал – Абад ВВД техникумуна кирди. 1958 – жылдан 1964 – жылдары мал чарбасында учетчик болуп иштеген. 1972 – жылдары Жүгөрүгө бригадир болуп иштеди 1974 – 1981 – жылдары кара мал, кой жылкы, ферма башчысы болуп эмгектенген 1981 – 1985 – жылдары мал чарбасы жана тоют даярдоо боюнча башкарманын орун басары болгон. 1993 – 95 - жылдары ферма башчысы 1995 – жылдан ушул күнгө чейин «Нур Абды» фермердик чарбанын башчысы болуп иштеп келген. Алты баланын атасы. Мал чарбада иштегенди жакшы көргөн адам.

Жалал-Абадская областная библиотека

## Нурбеков Авазбектин алган сыйлыктары жана эмгеги

2008 – жылы мусулмандык парзын аткарып ажылык сапарга барып келет. 2010 – жылы 28 – декабрда Нурбеков Авазбек ажы дүйнөдөн өтөт. Өмүр бою маңдай тери менен эмгектенип өмүр өткөргөн. Нурбеков Авазбек ажынын жасаган эмгектери жогорку бааланып, Кыргыз Республикасынын «Ардак грамотасы» менен 1970 – 1973 – жылдык эмгеги үчүн В.И.Лениндин 100 жылдык юблейлик медалы жана 1973 – жылы «Эмгектин артыкчылыгы үчүн медалы менен » 1975 – жылы «Социалисттик жарыштын жеңүүчүсү» төш белгиси 1977 – жылы «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. СССРдин «Ардак белгиси» ордени ыйгарылган. Бир нече жолу айылдык Кеңешке депутат болуп шайланган Калктын турмуш шарттарын жакшыртууга, аларды адептүүлүккө, ынтымакка тарбиялоодо чон салымын кошкон. Эл арасында кадыр баркка, терең - урмат сыйга ээ. 2005 – жьшы ардактуу эс алууга чыккан Жалал – Абад областтык мамлекетгик администрациясы тарабынан айыл чарба тармагына сиңирген эмгегинде көп жылдык үзүрлүү эмгегин эске алуу менен Кыргыз Республикасына сиңирген эмгеги үчүн өзгөчөлөнгөн пенсияга сунушталат. 41 жылдык татыктуу эмгеги эске алынып билими кесиби зоотехник Нурбеков Авазбекти Кыргыз Республикасына сиңирген эмгеги үчүн өзгөчөлөнгөн пенсияга көргөзүүнү сунуштайт. ийгиликтерин эске алып Кыргыз Республикасынын өзгөчөлөнгөн пенсиясына сунушталат.





## Нурбекова Айнура

Улуу инсан Нурбеков Авазбек ава эл үчүн кызмат өтөгөн. Кызы Нурбекова Айнура Авазбековна атасынын ишин улап келет.Ал 1967 – жылы 16 – январда төрөлгөн . Жогорку билимдүү Азыркы учурда Кыргыз өкмөтүнүн Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүндө эмгектенет. Кыргыз Республикасынын премьер – министринин коомдук кабылдамасынын сектор башчысы болуп иштейт. Үй – бүлөлүү алты баланын энеси.

### Айнура айымга

Атанын жолун жолдогон,
Ойлогон ишин койбогон,
Эл үчүн иштеп талыкпай,
Эсен соо, аман жүрө бер.
Кудайым берген перзентти
Өз колуң менен өстүрүп,

Кызыңды берип узатып,
Уулуңду үйлөп сый менен.
"Жакшы уул маңдайындагы жылдыз,
Жакшы кыз жакаңдагы кундуз" – дейт,

Кундузу болуп жакаңын,
Кызы болуп атанын,

Жалал-Абадская областная библиотека

Көп улуттуу кыргыз эли ишине,
Калыстык менен карагын,

Ыйык перзент неберени жетелеп,
Кошконуң менен тең карып
Уулдан урмат, кыздан сый,
Узак жашап эл менен,
Урмат сыйын көрө бер!

**Нурбеков Авазбек ажынын бир тууган карындашы, Мырзайым акушер – гинеколог, ардактуу эс алууда.**



## Мырзайымга

Ымырыкай наристелердин
Эченин эсен төрөлтүп,
Энелер менен иштешип,
Эмгектен таап кадыр барк.
Эл ичинде кадырлуу
"Умай эне" болупсуз.
Эмгектин көрүп үзүрүн
Узак жашап көрүңүз.
Уул кыздын урмат сыйын
Улгайбай жашап жүрүңүз.



## Арноо

Балалык күндөн эмгекти,
Эсепчи болуп баштаптыр.
Бир келген жарык дүйнөдө,
Талыкпай иштеп эл үчүн.
Тарыхта изи калчуудай,

Төрт түлүк малдын сырларым,
Тажабай иштеп иликтеп,
Тартуулай элге бериптир,
Уул кыздарды өстүрүп.

"Жогорку билимдүү бол" – деп
Улуу насаат сөздөрдү,
Үзбөстөн айтып жеткизип
Балдарынын баардыгы

Билимдүү адам болуптур,
Мусулман парзын,
Аткарып Авазбек ажы ата,
Айылында ардактуу болуп
Төрт жыл өмүр сүрүптүр

Аллага башты ийебиз,
Ажал жетсе кетебиз.
Ал дүйнөгө узатып
Ал жакта бейиш берсин деп
Ар дайым бата кылабыз

Уул кыздарыңызга өмүр берсин,
Кыргыз элимде из калтырган
Алдыңкы атуулдардан болсун

Жалал-Абадская областная библиотека

Чын жүрөктөн каалоом ушул.
Авазбек ажы атанын урпагы.



## Кыргызбай ажы баяны
## Урпактары Мааданбек Козубаев

Сыдык болуштун жакын тууганы Казакпай экөө бир турган орустун армиясынан калып. Кыргызбай ажы болот. Орустар менен Питерге чейин барат алардын бийлиги, өкүм сүрүп турган убакта. Орустун банкерин өлтүрүп коеот. Орустар менен келишпестиктер өкүм сүрүп турган убакта. Сыдык болуш Токтогулду бийлекте мезгили экен. Кыргызбай ажыны качырып Такталыктын давандан өткөздүрөт. Кыргызбай ажынын атасы Кушбек ажы болот. Ал ажыга барып, ошол жакта калат. Кыргызбай ажы атасына барып ажы болуп келет. Алар эки бир тууган болушат Мама, Кыргызбай деп. Мамадан бала жок. Кыргызбай ажыдан Айдана кыз калат, Калымбет жалгыз уул, эки уул эки кыз. Козубай, Маши, Пайиз (Майиз экинчи apaдан) Кыргызбай ажы Айдана эжеден. Парпи, Батви, Буажан, Кыргызбай ажы Кызыл – Сууга Көчөрдүн кыштоосуна Мечит курган. Ал мечиттен молдо Ботобай авалар намаз окуган экен. Калымбет ава өзүнө тың адам болот. Киши колдуу болуп өткөн дешет. (Калымбет өлдү жер) Калымбетов Козубай аке 1928 – жылы Кызыл – Суу кыштагында туулган. Айылдык мектепте сабаты



## Арноо

Балалык күндөн эмгекти,
Эсепчи болуп баштаптыр.
Бир келген жарык дүйнөдө,
Талыкпай иштеп эл үчүн.
Тарыхта изи калчуудай,

Төрт түлүк малдын сырларым,
Тажабай иштеп иликтеп,
Тартуулай элге бериптир,
Уул кыздарды өстүрүп.

"Жогорку билимдүү бол" – деп
Улуу насаат сөздөрдү,
Үзбөстөн айтып жеткизип
Балдарынын баардыгы

Билимдүү адам болуптур,
Мусулман парзын,
Аткарып Авазбек ажы ата,
Айылында ардактуу болуп
Төрт жыл өмүр сүрүптүр

Аллага башты ийебиз,
Ажал жетсе кетебиз.
Ал дүйнөгө узатып
Ал жакта бейиш берсин деп
Ар дайым бата кылабыз

Уул кыздарыңызга өмүр берсин,
Кыргыз элимде из калтырган
Алдыңкы атуулдардан болсун

Жалал-Абадская областная библиотека

Чын жүрөктөн каалоом ушул.
Авазбек ажы атанын урпагы.



## Кыргызбай ажы баяны
## Урпактары Мааданбек Козубаев

Сыдык болуштун жакын тууганы Казакпай экөө бир турган орустун армиясынан калып. Кыргызбай ажы болот. Орустар менен Питерге чейин барат алардын бийлиги, өкүм сүрүп турган убакта. Орустун банкерин өлтүрүп коеот. Орустар менен келишпестиктер өкүм сүрүп турган убакта. Сыдык болуш Токтогулду бийлекте мезгили экен. Кыргызбай ажыны качырып Такталыктын давандан өткөздүрөт. Кыргызбай ажынын атасы Кушбек ажы болот. Ал ажыга барып, ошол жакта калат. Кыргызбай ажы атасына барып ажы болуп келет. Алар эки бир тууган болушат Мама, Кыргызбай деп. Мамадан бала жок. Кыргызбай ажыдан Айдана кыз калат, Калымбет жалгыз уул, эки уул эки кыз. Козубай, Маши, Пайиз (Майиз экинчи ападан) Кыргызбай ажы Айдана эжеден. Парпи, Батви, Буажан, Кыргызбай ажы Кызыл – Сууга Көчөрдүн кыштоосуна Мечит курган. Ал мечиттен молдо Ботобай авалар намаз окуган экен. Калымбет ава өзүнө тың адам болот. Киши колдуу болуп өткөн дешет. (Калымбет өлдү жер) Калымбетов Козубай аке 1928 – жылы Кызыл – Суу кыштагында туулган. Айылдык мектепте сабаты



жоюлгандан кийин Жалал – Абаддагы интернатта Жунусов Мааткарим, Садыков Кадырбек, Калымбетов Козубай аке бирге окушат. 10 – классты бүткөндөн кийин Ачы районунда маданият бөлүмүнүн башчы болуп иштейт. Бир тууган атасы камалып калгандыгына байланыштуу кызматынан четтетилген, 1962 – жылы «Ачы» токой чарбасында жапайы алманы иштетип даярдоо бөлүмүнүн ишин жүргүзөт. Кызыл – Суу дагы аялдарды жумуш менен камсыз кылат. Кийин багбан болуп калды. 1978 – жылы менчик жылкылардын мингичтерин өкмөткө тартуу болгон. Козубай аке өзүнүн атын өкмөткө бербей баласынын тоюна сойгон. Кийин 1979 – жылы мамлекетке тапшырбай койгондугу үчүн, учурдун атка минээрлери куугунтуктап жүруп, сотолгон. Оштогу Араван кыш заводунда «Колонияда» жүрүп ден – соолугунан ажырап келген 1981 – жылы 2 – топтогу майып болуп, пенсияга чыкты. Пенсия жашында дагы 5га жерди ижарага ажыратып алып мөмө – жемиштерди эгип, көбөйтүп алмаларды улап жаратылышты көрктөндүрөт. 2000 – жылы 13 – июлда дүйнөдөн өттү. Жубайы Таажи эже «Баатыр эне» наам алган, экөө 10 баланы, 4 уул , 6 кызды эрезеге жеткизди. 10 баладан 42 небере, 31 чебере көрду. Адал эмгек менен элдин алдында кадыр – барктуу оорду бар. Улуу баласы Маданбек Ленин районунда комбайнында иштеп жүрүп "Социалистик эмгектин жеңүүчүсү" болуп мактоо грамоталар менен сыйланган. 1987 – жылы алдыңкы комбайнга, жеңил автомашина менен сыйланат. Техниканын эне – атасы болуп жаралган экен. Машиненин тетиктерин мыкты билген өз ишинин адиси. Канчалаган жаштардын устаты болуп техниканыбашкарууну үйрөттү.

## Таажи эжеге

Ардактап багып өстүргөн,
Уул кыздарын баардыгын,
Турмуштан таап өз ордун,
Энеге уят келтирбей,
Өтүү эрктүү үй – бүлө болуп,

Жалал-Абадская областная библиотека

Өмүр сүрүп келетат,

Түпкү тегин сурап билсек,
Улуу саяк элинен .
Тоолуу кыргыз жеринен.
Ата тегин сурасак ,
Аллага дилин жиберген,
Ажыга барып жөө жалан
Парызын өтөп Меккеден
Жаратканга берилген

Ажылык милдет аткарган,
Кыргызбай ажы өтүптүр,
Соопчулук иш үчүн,
Мечит салган айылга,
Кыргызбай ажы атадан.
Калымбет менен Айдана
Калымбет ага артында

Эки уул эки кыз калат
Айдана сындуу энеден
Парпи, Батви, Буажар
Бак дөөлөттүү ак жүздүү
Байбиче болуп өтүшкөн.

## Калымбетов Козубай акеге

Багбан эле бактын сырын жат билген.
Жаратылыштын, жашыл аалам сырдашы,
Төрт түлүк малды кошо кармап мурунтан.
Бак дөөлөттүү, үйү толо чүрпөлөр.

Адилеттүү жашап өткөн жан экен,
Арендага алып токой ичинен.
Алган жериң ар тараптан асырап.
Адамзаттын көз кумарын кандырган



"Мөмө – жемиш мекенине айланткан",
Адамзаттын жасап кеткен эмгеги,
Келечекте тиет элге кереги,
Козубай аке качан өтүп кетсе да

Кулпуруп өсүп турат бактары,
Тун баласы алып ата кесибин,
Бак дарактын түрүн эгип өстүрүп.
Мөмөлөрү бышып түшкөн убакта

Эс алып калсаң олтуруп,
Элестейт бейиш төрүндөй
Куттуу болсун өзүң эккен чарбалар
Канчалаган жылдар өтүп кетсе да

Картайган кезде ээрчишип
Ыйык перзент неберелер жетелеп
Тууганга тирек тоо болуп
Таянарга зоо болуп
Айннура экөөң тең каарып,
Жек жаатка баш болуп

Уулдан урмат, кыздан сый
Экөөңөр бирдей тең көрүп
Айылдын көркүн көтерген
Бактылуу кары болгула!

**Эмгектенген эл үчүн малын багып, жайды жайлай кыш чилдеде тынбаган. Малчылардын алдынкысы жылкычысы, койчусу!**



## Жылкычы Осокеев Орунбай ата жөнүндө баян

Осокеев Орунбай 1874 – жылы Арстанбаптын Жарадар айылында дыйкандын үй – бүлөсүндө кеч күздө төрөлгөн. Атасы Осоке 7 жашында өтүп кетет. Орунбай ошол убакта атасынын бир тууган иниси Жунусаалынын колунда калат. Буруш энебиз баласын таштап, Аркага Токтогулга турмушка чыгып кетет. Ошентип Орунбай Жарадар айылында чоңоет. Орунбай бойго жеткенден кийин авасы Көк – Тонду айылынан Бекбоо кызы Карачач деген кызга үйлөндүрөт. Ошентип Орунбай ата экөө 14 балалуу болушат. Алардын 10 баласы каза таап андан 2 кыз , 2 уул калат. Октябрь революциясынын жеңиши келип, тоо койнундагы биздин Арстанбап аймагына дагы келип жетет. Колхоздоштуруу мезгили башталат. Эң алгач Орунбай атага колхоз болгондо 7 байтал курап берет, ошентип жылкычы болуп калат. Ошол 7 байталды 25 башка жеткизет. 20 баш бээден 19 кулун алат. Ударник болуп Бишкекке барат. Экинчи жолу барганда патифон менен сыйланып келет. Дагы бир чакырышканда Москвага жөнөтөт. Сталиндин колунан «Ленин» орденин алат. Экинчи жолу чакырылганда Москвага делегат болуп бара жатканда 1941 – жылы капыстан согуш чыгып кетип, Ташкенттин жолунан кайтарат. Согуш убагында да жылкычы болуп иштейт. Ошондой эле фермалык кызматты да аткарат. Өзү тандап жылкычыларды көп адамдарды иштеткен. Кызыл – Суудан Үмөт, Муса, Оогандан Кадыркул , согуштан кийин Кызыл – Суудан Жусубалы, Касым, Калыгул деген жылкычыларды алдыңкы жылкычыларга кошуп иштеткен.



Ошол убакта Темир деген раис болуп Өмүрзак деген айыл өкмөт Оогандa иштешкен экен. Ошентип иштеп жүрүп жылкынын санын 200гө жеткириптир . Өмүрүнүн акырына чейин жылкычы болуп өткөн. Орунбай аксакал 1975 – жылы Кызыл – Суу айылында февралда дүйнөдөн кайтты. Тагдырдын буйругу менен 3 аял менен өмүр сүрөт. 1 – синен 2 уул, 2 кыз калат. 2 – синен 2 уул. 3 – сүнөн 3 уул, 2 кыз болгон экен. Бул баян өзүнүн баласы Орунбай уулу Калбайдын айтуусу боюнча жазылган.



## Орунбаев Паяз

Орунбаев Паяз 1929 – жылы Базар – Коргон районунун Могол айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл – Суу айылында жылкычынын үй – бүлөсүндө төрөлгөн, Айылдан кат сабаты жоюлгандан кийин Жалал – Абаддагы ветеринардык техникумду бүтө,т Алгач Ветврач болуп иштеген. Ушул эле айылдан Тиленова Алийма эже менен баш кошуп 10 баланы тарбиялап өстүргөн. Анын тубаса: тамырчы жана сынчы болгондугу эл арасында айтылып жүрөт. Жылкынын күлүктүгүн кулунунда билчү экен. Ооруган адамдарды тамырынан эле билип, айтып оорусунан сакайтчу дешет Мал жандуу болуп, төрт түлүк малдын баардыгын кармап, асырай билген. Он баланын атасы. Балдар - кыздарын туура тарбиялап өстүргөн. Ар кандай ишке көзү жеткен, мээнеткеч адам, акыл – насаатын эч кимден аябаган ак ниет инсан дешет. Атасы Осокеев Орунбай ата өмүр бою жылкычы болуп иштеп жүрүп, «Ленин»

орденин Москвага барып Сталиндин колунан алган дешет. Апасы Карачач эне болсо Курманжан Датка энебиздин урпактарынан болгон экен.

Эми чыныгы каарманыбыз Паяз акеге келсек, өз иши менен чектелбестен мал кармаган, желе тартып кулун байлаган. Көгөндөп козу – улак кармаган. Кымызды үзбөй жасап, Алима апа бул өрөөндүн баарына таанылган. Ошол кезде Алима апанын кымызын ичпеген адам болбосо керек. Жолдон өткөн жолоочуга, мал издеген жараандарга «келгиле» деп дасторконун жайнатып, кымызын куюп узатып ,даам таткызып, жөнөтчү деген сөз бар. Алима апа ак көңүл, кичи пейил болгондуктан «Көктүн суусун аябаймын» келгиле ,татып кеткиле деп узатчу экен. Өмүрү өткүчө дастаркону жайылып кененчилик менен өттү. Алар 5 уул , 5 кызды тарбиялап өстүрдү. Азыркы шартта заманга жараша чоң бизнесмендер Россия, Турция, Кытай жана башка мамлекеттерге барып, каттап турушат.
Улуу баласы Шамшарбектин балдары чоң – ата, чоң - энесинин кесибин улап Арстанбап жолуна "Алима апа кымызын" ачып көптөгөн эс алуучуларды камсыздандырат. Ата – эненин журтун сактап, Адилбек олтурат. Мурдагы ата – энесинин кесибин улап мал – жандуу болуп, жер сууларын кармап, айылда алдыңкы атуулдары катары үй –бүлөсү менен жашап жатышат.



**Айылдын алдыңкы уулу Паязов Сактанбек**

Паязов Сактанбек 1955 – жылы Жалал – Абад областынын Базар – Коргон райондагы Мөгол айыл



өкмөтүнө караштуу Кызыл – Суу айылында төрөлгөн. Мектепти бүтүп, Ленин Жол кесиптик окуу жайын бүтөт. 1975 – жылы Ачы токой чарбасында комсомолдук бригада түзүп Ак - Коргонго жумушчу болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. 1976 – жылы КМУнун эсептөө экономист адистиги боюнча күндүзгү бөлүмүнө тапшырат. 1980 – жылы бүтөт. Студент убагында Фрунзе шаарында кечки мектепке сабак берип эмгектенет. 1978 -1982 – жылдарда коомдук чарбанын тамак – аш бөлүмүндө финансы экономист болуп иштейт. Райондо 1982 – 87 – жылдарда кыргыз соода контролдоо башкармасында башкы текшерүүчү болот. 1987 – 1989 – жылдарында Чүй областынын Чүй рапксобунда төрөга болот. 1990 – 92 – жылдарда Сокулук райпотребсоюз башкармалыгынын башчысы болуп иштейт. 1992 – 93 – жылдарда Жалал – Абад областынын мамлекеттик администрациясында уюштуруу бөлүмүндө инструктор болуп иштеген. 1993 – 1995 – жылы Базар – Коргон райондук мамлекеттик администрациясынынбашчысынын орун басары болуп иштейт. 1995 – жылы Ачыдагы мөмө – жемишти иштеп чыгаруу заводдо директор болуп эмгектенет. 1997 – 2000 – жылдарда Аламүдүн райондук финансы Банкын жетектейт. «Арис» программасынын координатору болгон. 2000 - 2001 – жылдарда Аламудун районундук акиминин биринчи орун басары болуп дайындалган. 2001 – 2003 – жылдары Токтогул районунда акими болгон. 2003 – 2004 – жылдарда Жалал –Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгынын башчысы ошондой эле бүткүл дүйнөлүк азия банкынын тендердик коммисиясынын мүчөсү болгон. 2004 – 2005 – жылдары Нарын областына караштуу Нарын районунун акими болуп шайланат. 2005 – жылы Бабаш – Ата акционердик коомунун башчысы болуп дайындалат. 2006 – жылы Бизнестик кординаторунун аткаруу бөлүмүнүн башчысы болуп шайланат. 2012 – жылы 25 – ноябрда Аламудун районунда Фрунзе айылда кеңешинин депутатыболуп шайланган. Азыр жергиликтүү кеңешинин төрөгасы. Үй –бүлөлүү 5 баланын атасы, 3 кыз , 2 уул, 7 неберег чоң –ата таятасы.

Жалал-Абадская областная библиотека

## Сактанга

“Жакшы уул асмадагы жылдыз”- дейт,
“Жакшы кыз жакандагы кундуз” - дейт.
Кызыр – ата дайым сени колдосун,
Асмандагы чолпон жылдыз өндөнүп.

Кыргыз элдин өтүнүчүн актаган,
Анык элдин өз баласы болгунуң.
Эл алдында жүзүң дайым ак болсун.
Кыргыз элиң даңктап сени ырдасын.

Көрө албас кара ниет бар болсо,
Өз алдынан изин таппай жок болсун.
Кудай колдоп кызматыңда ишиңде,
Айыл жерден өсүп чыккан кадр деп

Ишиң калсын, кылым жашап калчуудай,
Төшүң толо орден - медал жык толсун.
Эли журтуң колдоп сени мактасын,
Кызматыңда чалынуулар болбосун.



## Бактылуу үй – бүлөлөр!

Эмики сөз Базар – Коргон районуна караштуу Кызыл – Октябрь айылында кадыр – барктуу, өнүп – өскөн алдынкы үй-бүлөө туурасында болот, Эргешов Шарабидин ата жөнүндө кеп жүрөт. Ал 1929 – жылы, 1 – январда Меке – Турпак айылыда




төрөлгөн. Жаш кезинде ата – энеден ажырап, атасынын бир тууганы Бурма эне өзүнүн бир тууган баласындай тарбиялап өстүргөн. Эсепчилик кесибине ээ болгондон кийин энеси Мавлянкул кызы Гүлпарды алып берет. Эргешова Гүлпар эже менен бактылуу өмүр сүрүп, он бир уул, кыздын ата – энеси болушат. Балдарынын бардыгы турмуштан ордун тапкан. Он бир уул – кыздан кырк небере, он жети чебере көрүшөт. Айылды алдынкы жаркын карылары катары өмүр сүрүп, "Эмгектин ардагери" медалдарды ээси болгон. Эргешова Гүлпар «Баатыр эне» болуп алтын жылдыздан ээси. Алланын буйругу менен Эргешов Шарабидин 2008 – жылы ,Эргешова Гүлпар эне 2013 – жылы дүйнөдөн кайтышты.

Уулду таптың эркелеп,
Үмүтүң, айга көкөлөп.
Шүгүр дейбиз баарыбыз,
Урмат – сый көрдүң ээрчишип.
Кызды бир таптың экөөлөп,

Кыялып күнгө көкөлөп,
Каниэт кылып жүрөлү,
Кыздардын көрүп сыйларын
Кымбаты болдуң төр-төрлөп.

Аллага башты иебиз,
Ажал келсе кантебиз.
Ал дүйнө кеттиң ээрчишип,
Ал жактан «БЕЙИШ» - берсин деп,
«ООМИН» - деп, бата кылабыз!

Жалал-Абадская областная библиотека



## Маркум Бегимкулов Карыбекти эскерүү

Бегимкулов Карыбек 1947 – жылы, 29 – сентябда колхозчунун үй – бүлөсүндө туулган. Балалык күнү Могол айылында өтөт. 1965 – жылы 11 – классты Кызыл – Октябрь орто мектебинен бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институтуна тапшырып, 1971 – жылы бүтөт. Жогорку билимдүү агроном кесибине ээ болот. Эмгек жолун 1971 –жылы Кызыл – Жар совхозунда агроном – энтомолог кызматында баштайт . Андан кийин прфсоюз уюмунун төрагасы болуп иштейт. 1975 – жылы Рахманжан атындагы колхозго башкы агроном , 1976 – 1978 – жылдарда Ленин районунун айыл чарба башкармалыгында ага агроном. "Сейдикум" совхозунда бөлүм башчы болуп иштептир. 1978 – 80 – жылдары райондук партия комитетинин уюштуруу бөлүмүндө инструктор кызматын өтөйт1980-1982- жылы Райондук элдик контролдоо бөлүмүнүн төрөгасы болуп иштеген. 1982 – 1984 – жылдарда Ташкеттеги жогорку париялык мектепти бүтүргөн. 1984 – 90 – жылдары "Октябрдын 60 жылдыгы" колхзунун паркомунун секретары болуп иштеген. Карыбек Бегимкулов депуттатарынын, райондук советинин төрагасы болуп шайланган. Ошол эле жылдан тартып партиялык комиттетин биринчи катчысы болуп эмгектенет. 1993 – жылы "Ачы токой чарбасында директор. 1994 – 96 – жылдары райондук экономика комитетинин төрагасы, 1996 – 1999 – жылдарда Сейдикум айыл өкмөтүндө кызмат кылат. 1999 – 2003 – жылдарда райондогу "нан" заводдун жетектейт. 2005 – жылы оорудан августа дүйөдөн кайткан.




төрөлгөн. Жаш кезинде ата – энеден ажырап, атасынын бир тууганы Бурма эне өзүнүн бир тууган баласындай тарбиялап өстүргөн. Эсепчилик кесибине ээ болгондон кийин энеси Мавлянкул кызы Гүлпарды алып берет. Эргешова Гүлпар эже менен бактылуу өмүр сүрүп, он бир уул, кыздын ата – энеси болушат. Балдарынын бардыгы турмуштан ордун тапкан. Он бир уул – кыздан кырк небере, он жети чебере көрүшөт. Айылды алдынкы жаркын карылары катары өмүр сүрүп, "Эмгектин ардагери" медалдарды ээси болгон. Эргешова Гүлпар «Баатыр эне» болуп алтын жылдыздан ээси. Алланын буйругу менен Эргешов Шарабидин 2008 – жылы ,Эргешова Гүлпар эне 2013 – жылы дүйнөдөн кайтышты.

Уулду таптың эркелеп,
Үмүтүң, айга көкөлөп.
Шүгүр дейбиз баарыбыз,
Урмат – сый көрдүң ээрчишип.
Кызды бир таптың экөөлөп,

Кыялып күнгө көкөлөп,
Каниэт кылып жүрөлү,
Кыздардын көрүп сыйларын
Кымбаты болдуң төр-төрлөп.

Аллага башты иебиз,
Ажал келсе кантебиз.
Ал дүйнө кеттиң ээрчишип,
Ал жактан «БЕЙИШ» - берсин деп,
«ООМИН» - деп, бата кылабыз!



## Маркум Бегимкулов Карыбекти эскерүү

Бегимкулов Карыбек 1947 – жылы, 29 – сентябда колхозчунун үй – бүлөсүндө туулган. Балалык күнү Могол айылында өтөт. 1965 – жылы 11 – классты Кызыл – Октябрь орто мектебинен бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы айыл чарба институна тапшырып, 1971 – жылы бүтөт. Жогорку билимдүү агроном кесибине ээ болот. Эмгек жолун 1971 –жылы Кызыл – Жар совхозунда агроном – энтомолог кызматында баштайт . Андан кийин прфсоюз уюмунун төрагасы болуп иштейт. 1975 – жылы Рахманжан атындагы колхозго башкы агроном , 1976 – 1978 – жылдарда Ленин районунун айыл чарба башкармалыгында ага агроном. "Сейдикум" совхозунда бөлүм башчы болуп иштептир. 1978 – 80 – жылдары райондук партия комитетинин уюштуруу бөлүмүндө инструктор кызматын өтөйт1980-1982- жылы Райондук элдик контролдоо бөлүмүнүн төрөгасы болуп иштеген. 1982 – 1984 – жылдарда Ташкеттеги жогорку парияльк мектепти бүтүргөн. 1984 – 90 – жылдары "Октябрдын 60 жылдыгы" колхзунун паркомунун секретары болуп иштеген. Карыбек Бегимкулов депуттатарынын, райондук советинин төрагасы болуп шайланган. Ошол эле жылдан тартып партиялык комиттетин биринчи катчысы болуп эмгектенет. 1993 – жылы "Ачы токой чарбасында директор. 1994 – 96 – жылдары райондук экономика комитетинин төрагасы, 1996 – 1999 – жылдарда Сейдикум айыл өкмөтүндө кызмат кылат. 1999 – 2003 – жылдарда райондогу "нан" заводдун жетектейт. 2005 – жылы оорудан августа дүйөдөн кайткан.





Жубайы Майрамкан 1948 – жылы 1 – майда Бел – Терек айылында кызматчынын үй – бүлөсүндө туулган. Карыбек менен баш кошуп, 38 жыл ынтымактуу , бактылуу үй – бүлөө болушкан. 2 кыз, 3 уулду тарбиялап өстүргөн. Туң кызы Гүлшайыр айыл чарба институтту бүткөн. Шартка байланыштуу мугалимдик кесипте эмгектенет. Университеттен орус тил адабияты адистигине ээ болгон. Учурда Ош облусунун Өзгөн районундагы №5- Ленин атындагы гимназия мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. Үй – бүлөлүү 2 уул, 1 кыздын апасы. Уулу Бекимкулов Айбек Карбекович Россиядан жогорку билимге ээ болгон. Учурда райондук "Айыл банктын башчысы". Үй – бүлөлүү, 4 кыз 1 уулдун атасы. Бактыбек Жалал – Абаддагы коммерциялык институтту бүткөн. Учурда дыйкан чарбаны жетектейт. 3 кыз, 1 уулдун атасы. Гүлкайыр кызы ЖАМУну бүтүп, өзүнчө очор бачар 1 уул, 1 кыздын апасы . Кенже уулу Каныбек жогорку билимдүү адис, банк системасында эмгектенет. Үй – бүлөлүү, эки кыздын атасы. Жубайы Майрамкан неберелерди чоңойтуп, чебере эркелетип, элдин алдында кадыр барктуу. Уул кыздарыңыздын урмат сыйын көрүп узак жашап, ден соолукта бол демекчибиз.

Жалал-Абадская областная библиотека



## Маркум Бегимкулов Карыбекке арнаймын

Токтоо мүнөз, жөп жөнөкөй жан элең.
Топту жарып алга чыккан күлүктөй
Топ адамды таң калтырып каратып,
Тактайт элең чындыкты иликтей.

Кээде олтуруп, калем алып ыр жазып,
Канчалаган окуучунун баарына
Кулк мүнөзүң, бой келбеттин сүрөттөп,
Кагаз бетин бир шилтемден толтуруп,

Кол колуна өз өзүнчө берчү элең.
Бүтүп мектеп учкан куштай тарадык.
Билим алдың борбор калаадан.
“Баба дыйкан өз баласы болом”, – деп,

Билим алып башкы агроном болдуң сен
“Кесибиң өмүр шеригиң, кесибиң ырыс кешигиң”
Кесибиң менен иштедиң,
Келген жерди оңдодуң.

Кез келген улуу - кичүүнүн
Баарына өзүң тил таап,
Көңүлүн алып жөнөтүп,



Ак батасын алгансың.

Тарбиялап өстүргөн, 5 перзеттин баардыгын.
Труктуу адам болсо деп,
Турмуш жолун карматып,
Турмушка өзү бериптир.

Алланын болуп буйругу
58 жашында чын дүйнөгө кетиптир.
Аттиң ай, 60тан ашпайт белең,
Ардактуу эс алууга чыкпайт белең.

Алма бак, жангактарды ырга айлантып,
Алтындай чыгармалар жазбайт белең.
Коом менен кошо өстүң жарышып,
Калышпастан шыдыр кетти арышың.

Канчалаган жамаатыңды жетектеп,
Калк ичинде жашап калды жакшы ишиң.
Талантыңдын тактыгынын күбөсү,
Таланттуулар “өмүр дарыя” ырыңды.

Тамшандырып созолонтуп ырдашат,
Таңкы булбул үнү сымал бүгүнкү.
Өзүң жазган “Бир шилтемдер” канчадыр,
Өзгөрүлбөй бир жерлерде жаткандыр.

Өмүрүңдүн мынчалыгын билгенде,
Өз жубайың бала – чакаңды чогултуп,
Өз үйүнө мурас кылып койгондур.
Аллага башты ийебиз, ажалы жетсе канебиз.

60 жашка жетпестен ал дүйнө көздөн кетпестен.
Эмгеги калды жеринде,
Элеси калды элинде
Эр азамат балдарын

“Эсен бол” деп тилейбиз. **2.06.2015ж**



## Турсунбаев Калмурза

Турсунбеков Калмурза 1929 – жылы колхозчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Балалык күнү согуш мезгилине туш келип жалпы эле жылдагы жаш балдар сыяктуу эмгектенет. Согуш бүткөндөн кийин Советтик Армиянын катарына барып Грозный шаарында 1951 – 1954 - жылдары 4 жыл милдет өтөйт. Коммунистик эмгектин жеңүүчүсү төш белги менен сыйланган. Кыйраган кыштактарды калыбына келтирүү мезгилине катышат. Ошол жактан айдоочулук кесипке ээ болуп өмүр бою айдоочу болуп Энгельс колхозунда эмгектенип жүрүп, 1987 – жылы дүйнөдөн өткөн. Бул каарманыбыз ак иштеп, маңдай тери менен колхоздо алдынкы катардагы саптарга кошулат. Эмгегин эске алып, көзү өткөндөн кийин 2008 – жылы Райондук атайын комитети тарабынан өзү жашаган көчөгө аты коюлган. Көмтөгөн ардак грамоталар социалистик эмгектин жеңүүчүсү ордён, медалдын ээси. 1959 – жылы баш кошкон, жубайы Маразикова Саадат эже 1983 – жылы 20 – октябрда «Баатыр эне» 10 баланы тарбиялап өстүрдү. Атасы бир баласын үйлөп коюп 1987 – жылы дүйнөдөн кайтты. Балдары: Садык 1960 – жылы төрөлгөн, Харков шаарынан



иниститутттун энергетика бөлүмүн бүткөн, 5 кыз 1 уулдун атасы. Гулсара 1963 – жылы төрөлгөн. Кооперативный техникумду бүткөн. 2 уул 2 кыздын апасы. Таалайбек 1960 – жылы төрөлгөн Киевден айыл чарба академиясын бүткөн. Эмгек жолун туулуп өскөн айылынан колхоздо механик болуп баштаган. КПССпш мүчөсү болуп СНГде иштейт. Подполковник 2 кыз 1 уулдун атасы. Анарбек 1970 –жылы чек арачы. Кылычбек 1973 – жылы төрөлгөн жумушчу дыйкан. 1 кыз 1 уулдун атасы. Жамийла 1975 –жылы төрөлгөн технолог. Элмира 1977 – жылы төрөлгөн орус тили мугалими ЖАГУдан бүткөн. Бакыт 1980 – жыл энергетик жогорку билимдүү. Нургул 1984 –жылы төрөлгөн тарыхчы жогорку билимдүү. 10 баладан 33 небере 1 чеберенин чоң – эне таэнеси.

### Саадат эжеге

Түйшүгүн тартыш түгөлөй.
Тулчулук менен күн кечип.
Тарбиялап өстүрүп,
Туруктуу мүнөз эрк менен,
Тууруна көндүрүп,
Турмуштун жолун карматты
Өз ордуна койдунуз.

Мындан бир аркы өмүрдү
Эч оорубай эсен соо,
Эл ичинде жүрүнүз
Өзүнүз бакан балдардын
Үзүрүн көрүп, көп жашап,
Айылдын көркүн көтөргөн
Ак байбиче болунуз!



**Бөрүбаев Тешебай ажы баяны. Чоң атасы саяктардан Ысык – Көлдөн келген. Жусупбай уста, Раман, Момунажы, Тешебай ажы Жамалидин**

Бөрүбаев Тешебай 1924 – жылы Базар – Коргон районуна караштуу Чарбак айылында төрөлгөн. Чарбактан 5 – классты бүткөн. Өмүр бою эмгек майданында жүрүп элдин арасында кадыр барка ээ болгон. Бөрүбаев Тешебай ажынын өкмөт тарабынан алган сыйлыктары. Коммунистик эмгектин ударниги төш белгиси 1970 – жылы «Лениндин 100 – жылдык юблейи» медалы соц мелдештин жеңүүчүсү, төш белги менен сыйланган. 1977 – жылы 120 – тонна жапайы алма тапшырып. Ош областык советке депутаттыка шайланган. Мурда айылдык райондук советерге депутат болгон. 1973 – жылы бир нече мактоо грамоталар менен сыйланган. Октябрь ревалютциясынын 60 – жылдык медалы, 1977 –жылы өкмөт тарабынан баалуу сыйлыктарды алган. Он баланын атасы 8 уул 2 кызды жубайы экөө тарбиялап өстүргөн. 1997 – жылы Ажыга барып айылда кадыр барктуу аксакал аталардан болуп жүрдү. Мусулманчылык парзын өтөгөн.

**04.01.2008-жыл.**

**Тешебай ажы атага**

Талыкпай иштеп талаада.



Бир келген жарык дүйнөдө,
Таман акы, мандай тер менен,
Ак эмгектин акыбетин көрүнүз.

Жараткан берип тартуусун,
Сегиз уул эки кыз.
Перзентиңиздин баардыгы,
Өзүнчө тутун булатып,
Үй – бүлөлүү болуптур.

Ажылык милдет аткарып,
Аркада калган муунга
Алланын жолун үйрөтүп,
Ал дүйнөгө кетипсиз.

Балдарыңыз бардыгы
Атанын жолун жолдошуп,
Ар дайым болуп эл менен.
Алдынкы сапка кошулсун,
Тешебай ата ажынын,
Арбагы дайым колдосун!



**Ормонов Турсунбай**

Айылдын алдынкы инсаны Ормонов Турсунбай 1949 – жылы 10 – мартта Жалал – Абад облусунун Базар – Коргон районуна караштуу Могол айыл өкмөтүнүн Ооган – Талаа айылында `жумушчунун үй – бүлөсүндө төрөлгөн. `7 – жашта

1 – класска барып, 1966 – жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, ошол эле жылы почтага электро монтажник болуп иштеп эмгек жолун баштаган. 1970 – 1971 – жылдарда Ооган – Талаада
Киномеханик болуп иштеген, 1971 – 1973 – жылдарда Ленинградтта Советтик Армиянын жоокердик милдетин к абийирдүүлүк менен аткарат. Бир нече сыйлык, төш белги менен сыйлант. Сержант наамын алат. 1973 – жылы өз айылына почточу болуп иштөө менен өз ишин так туура иштегенинен өзгөчөлөнүп бир нече ак диплом акчалай жана башка сыйлыктар менен сыйланат. Элдин алкышына ээ болот! Он жылдан ашык өндүрүштүк, техникалык байланыш башкармалыгынын ардак тактасына сүрөтү илинген. "Ударник коммунистического труда", "За трудовой доблест" жана министрлик тарабынан "Кыргызстандын эмгек сиңирген байланышчысы" – деген, наамга ээ болот! 1982 - жылы КПССке мүчө болот. 1983 – жылдын май айында Ооган – Талаа байланыш бөлүмүндө башчы болуп иштейт. 1994 – жылдын апрель айында Көк – Тонду айылынынын почтасына башчы болуп которулат. 1997 – жылы түштүк аймактык телестанциясында (ТУРМ-1) ишканасына которулат. Арстанбап айылынан жогору Бабаш – Ата тоосундагы Дөөрөт – Коргондогу станциясында 4 жыл иштейт. Ал жерден дагы Кыргызстадын калкына телекөрсөтүү, радио уктуруу менен бир нече алкыш жана акчалай сыйлыктарды алган. Газетага жарыяланат 2001 – 2003 –жылдарда Базар – Коргон райондук "Кыргыз почтасында" иштеп жүрүп 2003 – жылы август айынан кайра Көк –Тонду почта байланыш бөлүмүн жетектеп иштеп жүрүп, 2009 - жылы ардактуу эс алууга чыгат. Пенсия убагында дагы райондук почтада 3 жыл иштейт. 1994 – жылы Анаркан деген кызга баш кошуп, 4 уул, 1 кыздуу болушат. Ар бири өз – өзүнчө очор – бачар болуп, ардактуу эс алууда. 9 небėренин чоң ȧта таятасы. 2015 – жылы 6 – июлда бул дүйнө менен кош айтышып кетти. Анын жаркын элеси эл менен кошо түбөлүкө жашай берет.



## Турсунбайга

Мектепте окуп "5" менен
Мүнөзүң болчу кеп - кенен.
Мээнет менен иштедиң,
Мекен үчүн ак дилден.

Ар кандай жумуш болсо да,
Адал иштеп аткарып.
Ар кадай жерге барсан да,
Абийирдүү болдуң макталып.

Эс алуу мезгил кут болсун!
Эне – ата болуп балдарга,
Ээрчишип Анаркан экөөң,
Эл алдында жүргүлө.

Мындын бир наркы өмүрүн,
Мейманда жүрүп өткөрүп,
Мээримдүү болуп уул - кызың,
Мезгилдүү жашка барганда,
Маңдайдан сылап жүдөтпөй,
Маанайың менен тең карап,
Максатыңа жеткизсин!

*С.Нуркулова*



## Айылдын асыл карыялары эле

Базар – Коргон районунун Арстанбап айыл өкмөтүнө караштуу Бел – Терек айылында жашап өткөн кадырман

карыялары жөнүндө баян. Кыдыралиев Борбу 1901 – жылы туулган. Кыдыралиева Сайыпжамал эне 1905 – жылы туулган. Экөө бой жетип баш кошкондон баштап, өмүр бою жашап келген. Кыйынчылыктарды да бирге көтөрүшүп, Өктөм, Шаами, Үмүт, Аптоокан, Сонунбү аттуу уул кыздарды чоңойтушуп турмуш туткасын карматат. Ала – Тоо кыргыз жергесине Октябрдын нуру келип, колхоздоштрууда биринчилерден болушуп киришип эмгектеишет. Улуу Ата Мекендик согуш убагында Көк – Жангак шахтысында кызмат өтөйт. Согуштан кийин, кыйраган кыштактарды калыбына келтирүгө катышат. Борбу ата Чельябинскийге барат. Ал жерде жаш балдар аялдар менен иштешет. Ачарчылык жокчулук өкүм сүрүп өлүм көп болот. Сталинге кат жазышып, коммиссия чакырат ал жерде бошотулуп, поезд менен келе жатышып, карды ачып бир базарга туш келет. Бириси белиндеги кемерин чечип берип, 1 кг өрүк как алып жешип, Жалал – Абадка келип түшөт. Базар – Коргонго келип биреөнүн үйүндө жатышат. Ал үйдөн бир кесе жарма ичишип, ошону менен Жапашка жетип барат. Ал эми Сайыпжамал эне болсо ат баш жетелеп, соко айдап, кырман бастырып, машак топтотуп, согушка "Фронт үчүн, жеңиш үчүн" деген ураандын негизинде дан чогултуп Чарбакка эшек менен жөөтүшөт. Катаал ачарчылык убакта аркага (Токтогулга) эки жолу барып дан көтөрүп келип, балдарын багып аман эсен чоңойтот. Экөө колхоздун койун багат. Кара мал багып алдыкы саанчы болот. Сайыпжамал эне колунан келгенин элден аябаган эл үчүн өмүр сүргөн эне болгон. Ал убакта тигүү машина жокко эсе болчу. Сайыпжамал эне өзүнүн кол машинасы менен айылдын кийим кечелерин тигип, көп балалуу үй – бүлөлөргө кийим менен камсыз кылган. Эмгеги менен элге жаккан биреөнүн ала жибин аттабаган, эч кимдин көөнүн орутпаган таза инсандар эле. Мына ошол асыл карыялар узак өмүр сүрүштү айылдын алдынкы кутман карыялары болуп, Борбу ата 1996 – жылы 25 – январда, ошол эле жылы Сайыпжамал эне 15 – майда оо дүйнөгө сапар тартышты. Балдары Шаами ава 10 баланын атасы. Үмүт эже 11 баланын апасы. Аптокан эже 1 уул 1 кыздын апасы. Сонунбү эже 3 уул 3 кыздын апасы.



Жогорку билимдүү усулчу мугалим пенсионер. Урпактарынын баардыгы өз ордунда үлгүлүү өмүр сүрүүдө.

Кадырман карыялар деп,
Кадыры калды элинде.
Кастарлап эккен бактары,
Катарлаш өсүп мөмөлөп.
Калкында калды түбөлүк

**27.11.2014ж Нурклова С**

## Сонунбү эжеме

Дүйнөнүн окуп тарыхын,
Түбөлүк таптың азыгың.
Бир үйгө кирип бүлөсүң,
Бир үйдө өзүң энесиң.

Эки үйдүн өтөп түйшүгүн,
Эмгектен кадыр таапсың.
Жетелеп эчен жаштарды,
Жетилтип койдуң жолуна.

Сага айта турган бул сөзүм,
Ак эмгек таап кадырман.
Ардагер болдуң айылдан,
Дениң сак болуп ар качан
Убайын көрүп көп жаша.

## Кыргыздын ыйык жерлери

Жай чилдесинин ортосунан ооп келген мезгил эле. Биз «Кеңеш» айылынын Ж.Аттокуров көчөсүндөгү жашаган бирге чай ичип жүргөн түргандары элек. Кара –Шорого баруунy чечтик. Таң эрте жалдаган машинабыз келди. Бардыгыбыз олтуруп жөнөдүк. Эң аксакалыбыз Саадат эжем, Карамат эже,

Написа, Мейманжан, Анара, Замира, Айнура, Бактыкан, Санабар, Үмүт, жана өзүм. Бирден неберелеребиз бар. Жол жакшы барууга мүмкүнчүлүк бар экен. Өзгөн районунун Салам – Алик Айыл өкмөтүнөн нары шоссе жол менен барат экен. Жолдун эки жагында, аралаш токойлор жангак алма, алча, ыргай, шилби, карагат четин ж.б жыгач өсүмдүктөр. Туп тунук көк кашка суу күн батыш жакка карай агып жатат. Сайды бойлоп бал челектер коюлуп, аарычылар жайгашкан. Көз жоосун алган аска зоолор шагылдар зоолорго жанашып өскөн арча карагайлар, сай бойлото тиккендей аккайындар акчечек ж.б бадалдар. Кара – Шорого жакын калганда Шланбапта экология сактоочулардын руксаты боюнча өттүк. Ошол дем алган жерибизде таштанды таштап булгабоо үчүн баштыкча берди. Андан ары жол таттык жолдун эки тарабы тең ушунчалык кооз. Ырахаттануу менен гана баратабыз. Сайдын сол жагы көгүш тарткан таштар күнгө чагылышып жалтыраганы көрүнөт. Катмар – катмар болуп таштардын дагы башкача касиети бар сыяктанат. Желе тартылган кулун байланган жылкычылар, кымыз саткан кызыл жүздүү, кымыз жасаган кыргыздын келин кыздары. Сай бойлото каз катар тигилген ак боз үйлөр. Ал жерде магазин, дары кана элге керектелүүчү нерселердин баары бар. Ортоорок барып, бир боз үйгө жайгаштык. Бардык шарты бар экен. Жаш жубайлар тосуп алды. Алып барган коюбузду союп, биз сүйгөн тамагыбызды жасап, өздөрү эле тейледи. Биз болсо айлана чөйрөгө көз чаптырып, суктана карап эс алып олтурдук. Андан соң дары чөптөрдөн тердик. Бийик белдерге буту жеткендер чыкты. Тилла менен Үмүт экөө жогору жакта Т.Усубалиевдин дачасын көргөнү барып мөңгүнүн тегерегинен жаш ышкын кымыздыктарды терип келишти, солкулдаган жей турган убагы экен. Ал жерде бетеге чөптөр төшөлүп жатат. Каптал жактары аппак болуп кымыздык ышкын гүлдөгөн убагы экен. Чайырлар балдыркандар түрдүү түстүү гүлдөр, көз жоосун алган сулуулук. Көк тиреген бийик тоолор жакта уларлар жашайт дешти. Суурлар чээнге кирип кеткен экен. Үнүн укпадык канчалык карап олтурсак дагы көзүң тойбогон



сулуулук, кереметтүү касиеттүү жер экенине ынандым. Катмар – катмар таштардын алдынан тунук булактар. Ал суудан саарынан идиштеп алып келип кайтканга чейин ичтик. Мен өзүм Арстанбап – Атамын кызы болгондуктан, жаратылыш менин жүрөгүмүн тереңинен орун алган. Аны мен эч качан жашырбаймын. Жаратылыш жүрөгүм менен кошо жашайт. Көзүм өтсө дагы жазган жазуум калат, кудай буйруса. Өзүмө суроо пайда болду. Ошол жерден жаратылыш коргогон корукчулар болсо, бир аз маалымат ала кетсем дегем, барган куну жолуктура албадым. Кайтаар мезгилибизде:

Форма кийген жигиттер жүрөт чатырдын алдында. Ошол жерге өзүм басып барып, сураштырсам Койлубаев.С башкы токойчу экен. Маалымат берүүсүн сурадым, өзү жазып берди: Кара –Шоро улуттук жаратылыш паркы болуп 1996 – жылы августь айында 453 Т токтомдун негизинде уюшулган. Аянты 14миң 200га ошол учурда директор болуп Жээнбеков Болот эмгектенген. Деңиз деңгээлинен 2500метр бийиктикте турат. «Кызыл китепке кирген жапайы жаныбарладын бардыгы жашайт. Бул корукта өскөн чөптөрдүн жүздөн ашыгы даары чөптөргө кирип. Жапайы жаныбарлардан: аюу, кийик, элик, сүлөөсүн, суур, кашкулак, карышкыр, ж.б сайроочу куштар жашайт. Учурда Башкы токойчу Койлубаев.С. Садырбаев Акматов Эрмек кароол болуп эмгектенишет деп сөзүн бүттү. Өзгөн району. Андан кийин элдин баары жабылып кезектешип идиштерге суу алып жатышат. Биз дагы суу алганы барып көзүм түштү Кара - Шоронун дары суулары.

Өнөкөт Гастрит

Ашказандын жаратына

Он эки эли ичегинин каналдарына

Аялдардын оорусуна

Кант ооруларына дарылык касиети бар экен.

Химиялык составы:

Гидро карбарит Нсо3-100-1300

Сульфат -so4-

Хлор -св-300-460

Калций -са-40-70
Натрий калый -Nak-450
Магний -Mg-50-45
Темир -Fe-6-12
Баардыгы: 2700 – 2900 бар экендигин афишадан жазып алдым.
Мындан канча жылдар мурда эле элдер келип,
ден соолугун тазартып сууларын алып барып айыл апаларага таратып ооз тийгизгени эсимде. Кудай насип эткен экен 66 жашымда көрдүм. Кыялданып жазгым келди. Мен журналист же тилчи эмесмин. Атаганат! Жогорку окуу жайында бүткөнүм жок. Турмуш шартка байланыштуу Жалал – Абад педегогиялык окуу жайын
дагы 1968 – жылы сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1971 – жылы башталгыч класс мугалим кесибине ээ болдуп. Базар – Коргон районундагы №17 С.Далбаев атындагы мектепте иштеп жүрүп, 50 жашка толгуча иштедим. 1997 – жылы 21 – январдан баштап эс алуудамын.

## Өз оюмду ортого салгым келди

Кыргыз элинин жалпы эле жараны аппак чачтуу энелер катары айткым келет. Мен айтпасам, сен айтпасаң, ал айтпаса анда ким айтат. Кыргыз элинин, кереметтүү кен байлыктуу жеринен, жашыл аалам жараткан жакшынакай жаратылышыбызды туура пайдаланып асырап сактай билсек. Жогоруда олтурган мамлекет башчылары, кен байлыктуу жерлерибизди «иштет» деп берип койгондугу өкүнүчтүү. Эмне үчүн өз жерибиздин кен байлыктарын өздөштүрүүгө кудурет жетпейт. Туш таранта мигранттар жүрөт. Илим - билимдүү кырчындай кыргыздын улан кыздары сыртта иштеп жатышат. Эгемендүүлүктүн жыйырма төрт жылдык майрамын майрамдоонун алдында турабыз. Канчага чейин бирин – бири сындап, которулуп, папка талашып жүрө берет. Кагылайын кыргыз элинин башчылары, карапайым элди дагы ойлогулачы. Кен байлыктуу кыргыз жерин өздөштүрүп, завод, фабрика курса даары чөптөрдү иштете турган



цехтерди курса сыртта жүргөн жаштарыбыз өз элине келип, оокат тиричилигин өткөзөр эле го чиркин! Азыркы учурда ким кор болуп жатат?! Эс алууга чыккан карыялар, жаш наристелер – деп жооп берер элем. Эмне үчүн дегенде? Көпчүлүк үйлөрдө неберелер кыздан дагы бар, уулдан дагы бар жок дегенде бирден – экиден бар. Ата - энеси кайда деп сурасаң?

– Россияда деп жооп аласын! Бактылуу карылыкка кудай жеткизсе жетет жеткизбесе жок. Ал кудайдын колунда кээ бирлери бир жашка толбогон балдар мектепке чейинкилер, мектептин жашындагылар бар. Бири – бири менен урушат ыйлашат ойношот аны көргөн чон – эне, таенелер арачы болуп күн көрөт. Ден – соолугунан ажырап жатат. Кээ бирлери бар, неберелерин багып ата – энелерин бутуна тургузууга көмөктөш болгондор деле бар. Беш кол барабар эмес. Айылда бардыгын көрүүгө болот. Ата – энеин мээримин көрбөгөн балдардын тарбиясы, өз ата – энесине кийин кандай болоор экен. Мындан он – он беш жылдан кийин Улуттук менталитетибиз эмне болот?! Бул жөнүндө ойлонуп башка мамлекетен күтпөй эле өз элибиздин каада – салтын, үрп – адатын кармап. Өз жер суу, кен байлыктарыбызды өздөштүрсөк кыргыз
мамлекеттүүлүгүн бекемдеп алдыга алып чыгууга мезгил жетти. Адам баласы баардык нерсени сатып алууга болот, бирок тарбияны сатып алууга болбойт. Тарбияны таза берсең бактылуу карылыгың, туура эмес тарбияланып калса ал кайгылуу кааралыгың.

Кымбаттуу көп улуттуу кыргыз элим. Өз элиң алтын бешигиң экендигин унутпайлы. Кыргыз элим, жерим үчүн, сулуу жаратылшыш көмүскөдө жаткан кен байлыктарыбыз үчүн «Бир жеңден кол бир жакадан баш чыгарып» ынтымакка келип иштели кагылайын кыргыз элим.

**Нуркулова С. 25.05.2015ж**

Жалал-Абадская областная библиотека



## Колхоздун түптөлүшүнө салым кошкон алдынкы чабан Маткадыров Жолдош аке жөнүндө баян

Азыркы Жалал – Абад областынын Базар – Коргон районуна караштуу Могол айыл өкмөтүнүн Чкалов айылындагы кадырман атуулу маркум Маткадыров Жолдош 1922 – жылы дыйкандын үй – бүлөсүндө туулган. Балалык күнүнөн баштап колхоздун койун багып, кой артынан жүрүп өмүр сүргөн. Согуш убагында карыган ата – энесин багып, колхоздун экономикасын көтөргөн. Согуш бүткөндөн кийин Ырысбүү эже экөө баш кошуп, 9 балалуу болушат. Койлордон жыл сайын жакшы төл алып, жүндөрүн тапшырып, алдынкы чабан болуп өмүр сүрөт. Уул кыздарынын баардыгын окутуп, өзү сүйгөн кесиптин ээси болушат. Баардыгын турмуштун туткасын карматып, Жолдош аке 2010 – жылы о, дүйнөгө сапар тарткан. Алдынкы чабан болуп өмүр сүргөнүнөн бир далай сыйлыктардын, ардак грамоталардын орден медалдардын ээси болгон. Коомчулук тарабынан колдоого алынып, өзү жашаган көчөгө тирүү кезинде эле аты коюлган. Артында балдары бар, элдин алдында жүзү жарык. Жубайы Ырысбүү эже 1924 – жылы төрөлгөн. Бактылуу карылыктын доорун сүрүп, балдарынын сүйүктүү апасы чоң эне жана тайенеси болуп жашоодо. Эмгектин ветераны "Баатыр эне" узак жашап айылдын көркүн көтөрүп жүрө бериңиз.



### Экөөңө

Тунарып жамгыр жааса да,
Туяктап түшүп артынан.
Түгөлдөп козу койлорун,
Түгөйлөр тынбай эмгектен.

Туруктуу эмгектенишип
Турмуштун жолун карматып,
Түшүрүп койду жолуна.
Кар бороон уруп ызгардуу

Күч алып ууп турса да.
Кыш чидени тоготпой,
Кайтарып козу койлорун.
Куткарып ууру бөрүдөн.

Канча жыл өмүр сүрүштү
Эмгектен кадыр барк таап
Эмгекчил элдин алдында
Экөөнүн тең көөнү шат.

Эмгектен болуп ардагер,
Эмгегин текке кетирбей.
Эли сыйлап аларды,
Элинде аты сакталып,

Көчөгө атын коюшту.
Уулдан кыздан небере,
30дан ашып кетиптир.
Чөбөрөлөр жетелеп,
Тойлору болгон убакта
Ак бата берип балдарга
Ар дайым төрдө болуңуз.

**С.Нуркулова**



## Туң кызы Саадат жөнүндө өзүнчө сөз

Жолдошова Саадат 1949 – жылы Чкалов айылында чабачынын үй – бүлөсүндө төрөлгөн. Чкалов айылынан 5 – классты бүтүрүп шарттка байланыштуу (азыркы С Далбаев) атынндагы №17 Кызыл – октябрь орто мектептен улантат ошол мезгилде көмөкчү мектеп инетнатта жашап 1966 – жылы орто мектепти аяктайт. Ден соолугуна байланыштуу 1967 – жылы Жалал – Абад мед окуу жайына тапшырып, 1970 – жылы Базар – Коргон районуна караштуу. Ооган – Талаа айылындагы аймактык оору канага келип, "мээриман айым" болуп, эмгек жолун баштаган. Бир мекемеде 40 жыл кызмат өтөп, ардактуу эс алууга чыккан. Өз ишинин устаты болуп ардак тактадан орун берген. Райондук социялистик эмгектин жеңүүчүсү, областык эмгектин жеңүүчүсү төш белгилердин ээси бир нече мактоо грамоталар менен сыйланган. Элдин алдында кадыр барктуу бир уул бир кыздын ардактуу апасы. 5 неберенин чоң эне, тайенеси. Учурда жеке ишкерчилик менен алектенет.

### Саадатка арноо

Кырк жылдап кызмат өтөпсүң,
Кыш чилде жайдын күнүндө.
Күн түндөп эмгектенипсин,



Кырчындай жаштык мезгилде.
Кыл тамыр издеп ийнелеп,
Канчалаган адамга
Кайрадан өмүр улапсын.
Канча жыл жашап өтсөң да,

Кадырман болуп элиңде,
Калк ичинде айтылып,
Кайрадан жашайт эмгегиң.
Мындан бир наркы өмүрдө,

Кайраттан кайтпа эч качан.
Кадимкидей эрк менен,
Неберелердин тойюнда,
Карсылдап өзүң бийлегин.



## Ботобай ата жөнүндө баян

Ботобай ата Базар – Коргон районундагы Могол айыл өкмөтүнө караштуу .Кызыл – Суу айылында жашап өткөн. Ботобай ата бала кезинен арапча билим алып, 9 жашында медресени бүтөт. Арапчадан казак элинин Кызжибек дастанын жатка айтып, комуздун коштоосу менен айылдагы жашаган элдерге айтчу экен. Бир уул бир кызду болгондо кийи аялы каза болуп калат. Эки баласын колхоздо устачылык менен иштеп жүрүп багат. 1938 – жылы сентябь айында Токтогулдан

Жалал-Абадская областная библиотека

толкун апа 1910 – жылы төрөлгөн экен. 1932 – жылы төрөлгө Токтокан кызы 1934 – жылы төрөлгөн Акимжан уулу жана Керез аттуу балдарын ээрчитип, ушул Кызыл – Суу айылда жашап калат. Кийин Молдо Ботобай ата менен турмуш куруп экөө 5 баланы тарбиялап өстүрүшөт. 1947 – жылы Абдирашит аттуу уулду болушат. Баардык балдарын турмуш жолдоруна түшүрүшөт. 1941 – 1945 - жылдары Улуу Ата Мекендик согуш учуру болот. Балдарын багат деп согуштан бошотот. Тылдагы жумуштун баардыгы жаш балдар менен аялдар аткарат. Кызжибек дастанын айтканда өзүнүн уулу Максут жаттап калат. Жалал – Адатагы кесипчилик техникалык окуу жайына окуп, турмуш шартка байланыштуу Жалал – Абадта үй – бүлө куруп иштеп жашап калат. Күндүзү талаага чыгып, техникалар менен иштейт. Кечинде "Барпы театрда" Айнагүл, жаштарга, катка жооп, ж.б элдик ырларды комуздун коштоосу менен аткарып жүрөт. Орто – Азия айылынан Касиет аттуу кыз менен турмуш куруп, 4 балалуу болот. Талаада техникада иштеп жүргөн жеринен кырсыктан каза табат. 3 кыз 1 уул калат. Өзү өтө таланттуу адам болгон экен. Өзүнүн кесипчилик техникалык окуу жайында жазган конспектиси менен атасынын айткан Кызжибек дастанын жана өзүнүн жазган бир чоң дептер көрүп суктанасын. Тилекке карышы ыр дептерин учурда таба албадык. 1959 – жылы жазып кагазга түшүргөн дептерин ушул мезгилге чейин сактап жүрүп, менин колума берген эркек баласы Ботобаев Шекербек.





## Атадан калган мурас

(Шекрбек Максутовичке)

Төрт жашар убакта атасынан ажырайт,
Тогуз жашка жеткенде апасы да өтүптүр.
Тоголок жетим болуп төрт нaристе калыптыр,
Тайене келип энтелеп, төртөөнү багып асырайт.

Каарылыгы жеткенде ал дагы өтөт дүйнөдөн,
Үйдө калган төртөөнү тагасы келип алып кетет.
Орто – Азия айылында, бир үйдө багып чогултуп,
60 жашка жетпестен таганын да көзү өтөт.

Ошондой шартта жүрсө да,
Атаман калган мурас деп,
Аздектеп сактап жүргөнүн,
Таң калып окуп карасам,

Кызжибек дастаны бар экен.
Саргайган кагаз бетинде,
Көк сыя менен жазылган.
Өчпөгөн сөздөр бар экен.

Кол жазмасын атамын,
Сактап жүрөм атайын.
Кандай татаал шатта да

Жалал-Абадская областная библиотека

Катып жүржөм атайын.

Башка нерсе жоголсо,
Маани бербейм анчейин.
Атамдан калган мурас деп,
Жарыкка чыкса бул дастан.

Арбагы болсо ыраазы,
Бир максатка жетермин.
Сүрөттөн эле көрбөсөм,
Билбеймин ата мээримин.

Сыймыктанып сактадым,
Кол жазманын калганын.
Жарым кылым баланын,
Жүрөгүнүн тереңине салганын.

Мезгил келип очор бачар болгондо,
Атасынын кол жазмасын көрсөттү.
Баарыбызда ата менен бала бар.
Баркын билер билбегени дагы бар,

Төрт жашында өткөн атасынын дептерин,
54 жыл толук сактап бекитип,
Ыйык туткан атасынын мурасын.
Шекербектей ата – уул кайда бар!?

Ата арбагы дайым өзү жар болсун!
Кызыр ата бирге болуп жылоолоп,
Бала чака алган жары тынч болуп,
Шаарынардын берекесин көтөргөн.
Аппак сакал аталардан болуңуз.

**30.01.2013ж**





## Ботобаев Абдирашит

Ботобаев Абдирашит 1947 – жылы Базар – Коргон районудагы Могол айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл – Суу айылында төрөлгөн. 4 – классты Кызыл – Суудан бүткөндөн кийин 5 – класска Ооган – Талаа мектебине окуп жүргөндө: атасы кенже бала менин дагы илимим керек деп, өзүнчө арапчага окутат. Кийин Жалал – Абадтагы Авто мектебин бүтөт. 1965 – жылы советтик армияга чакырылып, деңиз флотунда 3 жыл кызмат өтөйт. 1968 – жылы армиядан келип, Ачы токой чарбасында эмгек жолун баштаган. 1970 – жылы Сулайманова Акпариге үйлөнөт. 6 уул 5 кыз көрүшөт. Учурда алтоо жогорку билимдүү. Өздөрү каалаган кесиби менен эмгектенүүдө. 1968 – жылы армиядан келип Ачы токой чарбасына айдоочу болуп иштеп, союз тарkaганга чейин бир кесипте эмгектенген. Өкмөт тарабынан

10чу беш жылдыктын "Ударниги".
11чи беш жылдыктын "Ударниги"
Социялистик мелдештин жеңүчүсү.
Кызыл жылдыз төш белгилери менен сыйланган.

Айылдык советинин эл депутаты болуп шайланган. Жубайы Акпари "Баатыр эне" 23 неберенин чоң ата, чоң эне, тайята, тайенеси. Райондун ардактуу атуулу көп жылдан бери "Ооган – Талаа" айылынын ыймамы болуу менен бирге улуу молдо Ботобай атанын кесибин аркалап, Арстанбап өрөөнүндө кадыр барктуу элдин сый урматына ээ болгон таза инсан.
Маңдай тер менен мал тапкан,
Ак эмгек менен үй – бүлө баккан,

Ашыкча сөз сүйлөбөй
Алланы жолу ушул деп,
Адалдыкта адам бол деп үндөгөн.

Уул кыздын бардыгын
Билимдүү болуп өссүн деп,
Өзү сүйгөн кесибине жараша
Адистике ар бирисин түздөгөн.

Коом менен кошо өсүп келатат,
Уул - кыздынын баардыгы катарынан.
Заманынын агымына жараша,
Үйлөүшүп, турмуш жолун кармашкан.

Уул - кыздын урмат сыйын көргүлө,
Бай байбиче экөөң бирге тең карып,
Небереден чөбөрөнү жетелеп
Узак жашап айылдашып жүргүлө.

## Эл ичи өнөр кенчи



## Ботобаев Шекербек

Ботобаев Шекербек 1962 – жылы 1 – июнда Жалал – Абад шаарында туулган. Балалык чагында ата – энесинен жаш ажырап, Орто – Азия айылында өтөт. Советик армияны бүтүп келгенден кийин айдоочулук кесипке ээ болот. Тубаса таланттуу адамдын уулу болгондуктан аккордион тартат,



комуз чертет, ыр ырдайт. Үй – бүлөлүү 2 уул 4 кыздын атасы. 10 неберенин чоң ата, таятасы. Кээде илхом келгенде калем алып ыр жазган да өнөрү бар. Шекербектин калемине таандык ырлар менен таанышабыз.

Талантты берген кулайым
Ыр жазбай кантип турайын.
Ак барак бетин толтуруп,
Ыр десте кылып сунайын.

Үйрөнүп балдар окусун,
Алар да ырлар токусун.
Кийинки балдар окушуп,
Жүрөктөрү толкусун.

***Жалал – Абад 10.02.2013ж. Эркин – Тоо 13 үй. Шекербек Ботобаев "Эл ичи өнөр кенчи"***

## Издеп жүрөм

Издеп жүрөм мен гүлдөрдүн арасынан,
Издедим махабаттын калаасынан.
Анда да жолукпадың келбедиңби,
Жүрөгүмдү ооруганын сезбедиңби.

Издедим кумдуу чөлдүн арасынан,
Сурадым кайберендин баласынан.
Анда да жооп күтүп ала албадым,
Жер бүтүп, андан нары бара албадым.

Колума канат бүтүп уча албадым,
Кусамын кусалыктан туталандым.
Кайрылып келесиңби издетпестен,
Учурган учкан куштай туталандым.

**Шекербек 2012ж**

## Кетпесин жүрөк жарылып

Аздектеп салган көрпөчөм,
Сагынам сени көрбөсөм.
Тагдырым кудай туш кылса,
Бир күнү жетем өлбөсөм.

Эрте кеч эстеп өзүңдү,
Элестеп жоодур көзүңдү.
Сагынам сени сагынам,
Андагы айткан сөзүңдү.

Жүрөктүн берсе даарысын,
Жүрөктөр кантип карысын.
Жолугуп койсоң сен эгер,
Унутам муңдун баарысын.

Кнүдө эстеп күндө сагынам,
Жете албай жүрөм зарыгып.
Аясаң боло жүрөктү,
Кетпесин бир күн жарылып.

**Сөзү: Шекербек Ботобаев 2000ж**

## Жашоо арманы

Бул жашоого кимдер келип кетпеген,
Көп жашап да мүдөсүнө жетпеген.
Нечен кылым өтүп жатат арадан,
Жашоо улайт өз түйүнүн чечпеген.

Жандырмагын чече албайсын байлаган,
Бой тумардай ички сырга айланган.
Биз жашайбыз түпкүрүдө дүйнөнүн,
Ачык айтпай муңдун ичте күйгөнүн.



Кетет ичте арман болуп көп сырлар,
Кетет дагы жазылбаган көп ырлар.
Токо атабыз ырдап бүтпөй бул кеткен,
Аягына ким ырдады ким жетти.

Ырыспай да Алмашым деп ырдады,
Ыры менен бүт жүрөгү сыздады.
Издеп жүрүп ыры менен эңсетен,
Алмашына жетпей жүрүп бул кетти.

Нечен акын төкмө өтпөгөн,
Нечен ырын бал тилинен төкпөгөн.
Кайран Чубак арман менен ырдаган.
Көп жашабай арабыздан ал кеткен.

**Автор: Шекербек Ботобаев 2003ж**

## Төңкөрүш (2005 – жыл 24 – март)

Обон жазып иштеген ырчы эмесмин,
Башын кашып сындаган сынчы эмесмин.
Айтпасак да дебесек да бүт көрүштү,
Ушул жазда болуп өткөн төңкөрүштү.

Ыйы жетти окшодубу бейм жаратканга,
Бүт көтөрүлүп кыргыздар баратканда.
Автоматчан темир зоот кийинишен,
Ок атышты ошол топтор кийинишкен.

Окко учту жалын жүрөк эр жигиттер,
86 эр азамат шейит кетти.
Боздоп ыйлап ата – энелер бүктөлүштү,
Жетим жесир көз жаштары селдей акты.

Оо кагылайын көп улуттуу кыргыз элим,
Ынтымак тынчтыкты бир сактайлы.

Келечек муундарга мурас кылып,
Туруктуу эгемендүү мамлекет калтыралы.

**Шекербек Ботобаев**

## Нышанов Сайдилла



Могол айыл айматындагы Кызыл – Суу айылынын жашоочусу Сайдулла Нышанбай уулу 1953 –жылы төрөлгөн. Жубайы Зуура менен 7 баланын ата – энеси. 7 неберенин чоң ата, чоң эне таята, тайенеси. Ош шаардык политехникалык инистуттун «Курулуш» бөлүмүн аяктап «инженер куруучу» адистигине ээ болгон. Союз убагында газета бетинен орун алып жарыяланып турган. 8 – класстан бери жазып келемин.

Кызыл – Суу айылынын тургуну Нышанов Сайдилла бир топ жылдардан бери жазып жүргөнүн билем. Окурмандарга Сайдилланин калемине таандык ыр саптарын сунуштап жатам. Окурмандар өздөрү окуп сындасын.

## Айлуу түн

Айлуу түн –нурун чачканбы?
Бүгүнкү күн бизди кутуп тургандай
Айлана тып – тынч мемирейт
Бул дүйнө магдырап уктап жаткандай.

Алыскы көргөн асманга,



Кыз жигит турду ыкташып.
Бир адам болуп жанашып
Агарып атса тандагы аларда болду өтүнүч.

***Нышанов Сайдулла***

## Арстанбабым

Арстанбап кыргыз жергеси,
Ажайып кыргыз бермети.
Арстанбап аскасы бийик,
Карасан топ – топ болуп улар учкан зоолорунда.

Алардын артындагы мергенчилер,
Көтөрүп жондоруна мылтык аскан.
Арстанбап аскалары асыл таштан,
Карасаң көз чаптырып туш тарапка.

Тоолордон агып чыккан мөлтүр булак
Урунуп таштан ташка төмөн кулайт
Арстанбап калың токой дашманында
Кени көп мөмө жемиш жайнайт.

Аралап токойунда басып чыксаң,
Чыгалгыс бир өзүн сен кумарынан.
Арстанбабым ажайып көрүнөсүн,
Көргөнду көнүлдөрүн бөлдүрөсүн.

**Нышанов Сайдулла**

## Аял жөнүндө асыл сөз

Жакшы аялды карасан, гүлдөп турган «бак»
Жаман аялды карасан – соолуп калган көр турмуш

Жакшы аял тийип турган күн
Жаман аял кирип турган түн

Жалал-Абадская областная библиотека

## Жаштык жана карылык.

Жазгы ачылган гулдөрдөй,
Жаштыкта ойноп күлөсүң.
Кыз жигит болуп бир басып,
Бак аралап айлуу түндө жүрөсүң.

Жаштык менен карылык,
Бирин бири сыйлаган.
Дос болушат турбайбы,
Жаштык менен жакшылык.

Асмандагы күн сымал,
Ай ааламдын баарыма.
Мээрим чачып турбайбы,
Байкалбастан акырын.

Жылып турган болуттай,
Өтүп жатат бул жаштык.
Шыбыт добуш билдирбей,
Чачтарыма ак басып.
Кележатат карылык.

## Өмүр жана өлүм жөнүндө ой толгоо

Ичээр сууң, өмүр күнүн бүткөн соң
Калалбайсың бул дүйнөдө бир минут.
Ай талаада, кадам шилтеп басканга
Калабызго жапжалгыз түбөлүктүү,
Калабыз кара турпак астында

Бул жашоодо бирге өмүр сүрөлүчү,
Бул дүйнөдөн көргөн чүрпөлөрүбүздү,
Ызат сый эч оорубай аман жүрүп,
Мандайлашып урмат сыйын көрөлүчү,



Өлөмүн деп, өлө албаймын бүгүн мен,
Өлбөймүн деп калалбаймын дагын мен,
Өкүм бүйрүк келесе чындык кудайдан,
Өтөр турмуш мен жыйнаган дүйнө эч нерсе эмес
Кете берем аттанып эң алыскы сапарга,
Өмүр деген кээде узун кээде кыска ушундай.

*С.Нышанов 2013-ж ноябрь*

## Кыргыздын кыйын кыргыздары (Курманжан энебиздин 200 жыл)

Кыялданып кыргыз элдин тарыхын,
Карап чыктым, ой жүгүртүп барактап.
Ар мезгилдин мезгилине жараша,
Акылманы ойчулу да, баатыры да бaратат,
Эр азамат эркектерге жараша.

Тээмур дагы эки кылым илгери ,
Курманжандай датка чыккан Алайдан.
Акыл калчал орустарга кол берип,
Элди сактап ынтымакка үндөгөн.

Дастандарда аты калды айтылып:
Каныкейдей, Айчүрөктөй, Сайкалдай,
Акмөөрдөй, Гүлсүндөй, Ажарадай.
Кылымдардан кошо жашап келетат.
Аты калды түбөлүкө сакталып.

Октябрь нуру эң алгач.
Элиме тийтен кезинде,
Мектепке тартып кыздарды.
Жаңыдан билим бергенде,
Таластан чыкты Алтынай,
Ноокаттан чыкты Уркуя,
Арстанбаптан Кульша эже,

Жалал-Абадская областная библиотека

Бишкектен Кундучалова апабыз,
Эл башкарып, бүт өмүрүн арнап.

Карапайым жумушчудан малчыдан,
Зууракан да, Керимбүбү, Телегей,
Пахта терип Өлмаскан да, Анакыз,
Тракторчу Саадат, Тургун сыяктуу,
Баатырлары бар кыргыздардын кызынан.

Согушта да курал алып колуна,
Тамарадай жоокер кыз бар кыргызда,
Маданият адабият жагынан.
Мыскал, Даркул, Бакен эже Сабира,
Бүбүсара, Мира жеңе Койсун ж.б,
Сахнаны дүркүрөтүп гүлдөтүп,
Бүт дүйнөгө кыргыздыгын тааныттЫ.

Калем алып ырлар жазып элине:
Нуркамал, Нинекан, Тенти, Майрамкан,
Зууракан, Субаилда, Гүлсара, Момуновалар,
Поэма, проза, поезия дүйнөсүнө киришип,
Канчалаган чыгармалар жазышып,
Пайдубалын түзүп койду тургузуп,

Аларды ээрчип эчен кыргыз кыздары,
Иштеп жүрөт эл көзүнө көрүнүп.
Атап айтсак укук коргоо жагынан
Чолпон Баекова, Сыдыкова Света К-нын,
Жолун жолдоп юристи көп кыргыздын.

Эжелердин жолун жолдоп.
Бактыгүл, Тазагүл, Нуржамал, ·
Фатима, Тазагүл, Нуржамал ж.у.с
Акыны көп, Ала – Тоолук кыргыздын,

Обон созуп кыргыз тоосун жаныртып,
Саламаттай, Розадай, Салимадай,



Алтынайдай, Гүлшайырдай, Гүлзаттай,
Ырчысы бар тамшандырган кыргыздын,

Аялдардын бүт баардыгын жактаган ,
Ачык сөздү туурай айтуудан кайтпаган,
Артараптан колдоо алып аялды,
Аябастан эмгектенип келатат;
Бусара Р. Ак. Роза, Акбагышова Замира,
Агартууда Ишенгүл Болжурова ж б
Булар дагы улуу кыргыз кыздары,

Уюткулуу кыргыз элим улам өсүп баратат,
Депутаттар кыргызымдын кыздарынан аралаш
Жаңы заман курабыз деп турганда,
Башаламам өкүм сүрүп калганда.

Бүт түйшүгүн моюнга алып кыргыздын,
Кыраакы кыз Роза Отунбаева Исаковна.
Ишке кирди Курманжан Датка эне колдо деп,
Элдик депутаттары Жылдыз, Айгүл, Дамира,
Эл талабын талашып. жер шаарына таанылды,

Кыргыздын кызы «Ажо» деп дүйнөнүн эли карады
"Ажо кыз" элди башкарды белгилеген убактта
Атамбаев Алмазга салтанат менен тапшырды.
Сайрандап жүргөн ООНдо
«Улуу кыргыз кызы – деп, ,
Тарыхта калды жазылып,

***С.Нуркулова Бишкек.Э/ 2011-жыл***

## Менин айылым

Таластык акын айткандай тоолорум менин жүрөгүм!
Мен токойдо төрөлгөм бешигине бөлөнгөм.
Жайда жайлоо, жазда токой аралап,
Түстүү гүлүн терип жыттап тагынып.

Жалал-Абадская областная библиотека

Туш тарапка чуркап, ырдап ойногом.

Өмүр өтүп мен улгайып баратам,
Жаратылыш жылда өзгөрүп жашарат,
Күздө түшүп жалбырактар саргайып,
Жазда кайра жакшынакай гүл ачат.

Мөмө байлап куштар сайрап шаң менен
Мезгилинде бышып түшөт мөлтүрөп.
Төрт мезгил тең топ келишкен сулуулук,
Көңүлдү көккө өзү эле көтөрөт.

Жазгым келет: жерлеримдин сулуулугун,
Аккар кетпес тоолорумдун улуулугун,
Жан – жаныбар мекендешип алышкан.
Мен жашаган мен туулган айылдан.

## Ой толгоолор

Кыргыз элдин мээрими кайда кетти,
Кадырман элдин салтын касиети.
Кайдыгерлик таш боордук мүөздөргө,
Кыргыз эл кантип кирип баратабыз.

Эгемен болобуз деп эңсеп жүрдүк,
Эчендеген эр азамат аттуулар.
Эркинине ээ боло албай, зарлап сыздап,
Эч нерсе аткара албай курман болдук.

Эгемендүү эл болдук кан төгүлбөй,
Энчисин колго алган аккуу куштай,
Эл мүлкүн энчи кылып бөлүп алды.
Эл үстүдө иштеген чиновниктер.

Эл менен эч эсептешпей эч коркпостон,
Энчилеп эбин таап союз мүлкүн.
Эч коркпой менчик кылып бөлүп алып,



Эмгекчил элдин көбү жарды болду.
Карапайым кыргыз элдин маңдай тери,
Кай жактарда жер которуп эмгектенип.
Күнүмдүк кара курсак жашоо үчүн,
Кул болуп сырт жактарда иштеп жүрөт.

Баласына карабай ыңаалаган,
Башка жакка кетип жатат оокат издеп,
Баш аламан өкүм сүрүп үй – бүлөөдө,
Бузулуп турмушунан ажырашты.

Тирүүлөй жетимдердин саны өстү.
Турмуш куруп башка улутка баш кошушуп,
Туш тарапка сүйүү издеп чыгып кетип,
Такыячан кыргыз кыздар кор болушту.

Кыргыз элим ойлонгун келечегиң,
Кайжакка баратабыз ой жүгүрткүн.
Карылар өтүп кеткен мезгилинде.
Келээр бекен балдарың мээримине.

Бой жеткен такыячан кыздар кетет,
Бой жетпей баш көтөргөн балдар кетет.
Бул жерде эмгектенсе болот десең,
Иш жок деп ийин кысып туруп берет.

Укмушта болбогон үрп – адаттар:
Уюткулуу кыргыз элди бузуп жатат.
Улгайган ата – энелер ар бир үйдө
Уул – кыздын балдарын багып жатат.

Ыйык перзент неберени баккан жакшы,
Ата – эненин көз алдында өскөн жакшы.
Алла берген перзенттерин ата – эне
Өз көзү менен өкөө бирге болуп,
Турмушун өз ордуна койгон жакшы

*С.Нуркулова 14.03.2013ж*

Жалал-Абадская областная библиотека

## Күзгө

Кут болсун алтын күздүн берекеси,
Пенде үчүн белен болгон ырыскысы.
Маңдай тер акыбетин,
Кырмандап алып жатат түшүмдөрүн.

Жер энем мээрим төгүп адам үчүн,
Энчисин берип жатат түркүн – түркүн.
Кыш чилде ызгаар суук келген кезде,
Камыкпай кышкы ойунду көп ойнойсун.

Эмгектен алтын күздүн күнү менен,
Уктабай аракеттен түнү менен.
Кычырап кыш келетат ыгы менен,
Камдагың отун көмүр жемиң менен.

"Камдууга кар жаабайт" дейт карыялар,
Камынсаң тың жашайсын санаркабай.
Кардың ток үйүң жылуу, кийим бүтүн,
Капарсыз күзөтөсүн кышты күчүн.

**Нуркулова С 1.11.2013ж**

## Кайрылуу
## (эгемен күнгө арноо)

Эгемен болобуз деп эңсеп жүрдүк,
Эчен жыл эмгектенип ээрчип жүрдүк.
Эринче ээ болсом деп сүйлөгөндү,
Эч кимге билдирбестен тыйып койдук.

Эгемендүү кыргыз элим өсө бергиң,
Ынтымак ырыскыңды ала бергин.
Кыргыздын Ала – Тоосу жашыл төрү,
Төрт түлүк мал жайылып, көркө келсин.



Ар түрдүү кен байлыктар ишке кирсин,
Түрлөнүп даркан талаа дангa толсун.
Жапайы өскөн мөмө жемиш бактар,
Пенде үчүн ырыскысын дайым берсин.

Жаштарга өмүр менен нысап берсин,
Элди аралап Кызыр ата дайым жүрсүн.
Ата – энесин жатак үйүнө тапшырбастан,
Каарысын өзүлөрү өз үйүндө багып жүрсүн!

***С. Нуркулова 30.08.2013ж***

## Жаштарга

Кантейин тагдыр мени сынап жүрдү,
Көкүрөктө нечен сырлар тунуп жүрдү.
Канчалык татаалдыкта жүрсөм дагы,
Көөдөнүмдө чыгармалар жашап жүрдү.

Мезгил келип эс алууга чыкканда,
Мээрим төгүп неберелер басканда.
Мага "Алла" түртку берди шекилик,
Маңдай чачка аппак карлар чачканда.

Уйку качып уйгу – туйгу боломун,
Ушу учурда калем алып колума.
Уручкеме сыр жашырбай ичиме,
Урпактарга насаат жазып койомун.

Окуучума жетип калса сырларым,
Ойун түздөп калса экен ылайым.
Опол тоодой байлык үчүн шашпастан,
Омоктуу ой ыйман берсин кудайым.

***С. Нуркулова 3.10.2013ж***

## Ажыга барган айымга

Кудайга жагып ишиңиз,
Канча жыл тилек кылдыңыз.
Кудайым колдоп жол берип,
Ажыга барып келдиңиз.

Алланын көзү түз болсун!
Ааламда тынчтык бек болсун!
Ар дайым болуп ынтымак,
Адамзат көөнү шат болсун.

Уулдан урмат кыздан сый,
Узак жашап көрүңүз.
"Умай эне" "Ажыхан"
Улуу элдин ичинде,
Узактан узак көп жашап,
Үлгүлүү өмүр сүрүңүз.

**С. Нуркулова 2.11.2013ж (Базар – Коргон)**

## Китепти сүйгөндөрдүн эсиндемин

Турмуштун агымына көнүп жүрдүм,
Таланты таптап өзүм багып жүрдүм.
Талкууга түшпөй карып калган кезде,
Тартуулап китеп кылып жазып койдум.

Өмүрлөр өтүп жатат учкан куштай,
Өзгөлөр өзү билсин барктагыдай.
Өзүмө ой чабыттар келген кезде,
Элиме ыр калтырам окугудай.

Байлыкка, дүнүйөгө кызыкпаймын,
Чындыкты чыркыратып мен жазамын.
Эстесе эстебесе замандаштар,



Китепти окугандын үйүндөмүн.

**С. Нуркулова 20.05.2015ж**

## Алик Кулматовдун 50 жашына арваймын.

50 жаш сага кут болсун,
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Аздектеп салган үйлөрүң,
Кут береке неберете жык толсун.

Күн сайын сенин сезимиң,
Күүлөнө берсин үндөрүң.
Жүрөгүнүн тереңинен ээлесин,
Сенин үнүң обондоруң жаңырып.

Жашап калсын, түбөлүкө эл менен,
Кылымдардан кылым өтүп кетсе да.
Кыргыз элдин жүрөгүндө тең согуп,
Алик жашайт түбөлүккө үн менен.

**С. Нуркулова 16.05.2015ж**

## Кудагыйым Гулмирага
(Таласта)

Ак тойлор сизге кут болсун
Ырыс кешиктүү иш болсун
Аздектеп күкөн күйө жан,
Акылман айкөл жан болсун,

Алла эгем берген пендеге
Жаклышыктардын баарыдыгы
Үйүңүзгө жык толсун.
Жыл айланбай келерге,

Неберелер төрөлсүн
Арча бешик термелип
Ыңаалаган наристе үнү угулсун
Ааламда тынчтык бек болсун
Элимдин көөнү шат болсун

Аллага башты ийебиз,
Ажалы жетсе кантебиз,
Атасы болуп бул күндө,
Алакан жайып астейдил,

Алкоосун айтса не болмок,
Асан кудамын арбагы,
Араңарда жүргөндүр,
Ал дүйнөдө суйунуп,
Алакан жайып тургандыр,

Эжени көрүп сиңди өсөт,
Сиңдилери ээрчишип,
Акылдуу эстүү кыз болуп,
Кыргызга кызмат кылышсын.

*Нуркулова С 25.08.2012*

**КУДАМА**
**(Ботобаев Шекербек Максутовичке)**

Атадан калган туяк – деп,
Асырап сизди өстүргөн.
Асыл адамдар экен.
Апаныздын төркүнү.

Бой тартып Армиядан келген кезде,
Келдиңиз ата журттун мекенине,
Урук тууган кеңешип баары колдоп,
Баш коштунуз өзүбүздүн жээн кызга.



Турмуш жолун түз кармаган экөөңөргө
Алла эгем аяган жок тартуусунан
Шүгүрчүлүк эле келтиргиле,
Үйүңөрдө чурулдаган неберелерге

Аллага шүгүр деп келме айтың,
Азыр сиз алты уул кызга атасыз
Сиз эмес бүткүл «саяк» эл сүйүнду
Бүгүнкү келин тойго сиз жеткенче

Келин той сизге кут болсун!
Ынтымак ырыс кут консун
Аздектеп алган келинжан
Акылман айкөл жан болсун!

*С.Нуркулова 8/ -012-жыл*

**Эмгектин ардагери Кожонров Капардын жесирине Караматка арналат!**

Жети – Кошкон айылынан (аркалык маала)
Жетилип бойго жеткенде,
Жигиттин гүлү Капарга,
Жетелешип баш коштуң.

Турмуштун тутуп туткасы,
Түбөлүк куруп нускасын,
Түгөйлөш басып ээрчишип,
Турмуштун таттын жакшысын.

Жалындай келин кезинде,
Жаш наристе үйүңдө.
Жык толо калды атасыз,
Жалдырап жашы көзүңдө.

Кудайдын болуп буйругу,

Курдаштын көзү тийгендей.
Кырчындай жап – жаш кезинде,
Капарың өттү дүйнөдөн.

Тулчулук түшүп башыңа,
Тиричилик өткөздүң.
Тынбастан кетмен көтөрүп,
Тердеп бир жүрүп нан таап.
Тел чигип балдар турганча,
Түгөлөй өмүр өткөздүң.

Жер эне менен сырдаштың,
Жел менен кошо муңдаштың.
Жаратканга шүгүр!
Жетилтип койдун балдарды,
Жеткизип жуптан бардыгын.
Жекеден үйдү тургузуп
Жамааттап баарын жайлатың.

Балдарга өзүң баш болуп!
Баш ээнди эскерип,
Баарыбызды чакырып,
Багыштап бата алганың,
Баарына жагат бул ишиң!

Ушул күн сага кут болсун!
Ырыс кешиктүү иш болсун!
Балдарыңдын үйлөрү,
Кут береке, наристеге жык толсун!

Мындан бир наркы өмүрүн,
Ачык болсун көңүлүн!
Балдарыңдын алдында,
Уулдан урмат, кыздан сый,

Узак жашап көрө бер!
Айлыңды көркүн көтөрүп,



Ак байбиче боло бер!

**6.11.2013жыл**

## Шахра Талиповага
## Арналат 60 жаш кут болсун

Аргендей үнүн созгондо.
Адамдын баарын караткан.
Алланын берген талантын,
Аздектеп элге тараткан.

Эл үчүн иштеп талыкпай,
Эл кызы Шахра кызыбыз.
Эл алдында сахнадан
Эргип бир көрүп турабыз.

Бүгүнкү күндө Шахрабыз,
60 жашка толуптур.
Бүтүндөй кыргыз эл эмес,
Дүйнөнүн эли угуптур.

Кут болсун ушул күнүнүз,
Күн сайын алга жүрүңүз!
Кудайым берген талантты,
Кулпунтуп элге сунуңуз!

Улгайба Шахра эч качан!
Урматтап элиң турганда,
Убайын көргүн уул – кыздын,
Урмат – сыйга бөлөнгүн

Убайым тартпай эч качан,
Узактан - узак көп жашап,
Укулуктуу ырлырың,
Унуткус кылып бериниз!

С.Нуркулова

Жалал-Абадская областная библиотека

## Суктанамын

Кара шоро сулуу жер,
Жараткан берген улуу жер.
Карагай Арча, Кайындар,
Аралсап басып ачкын чер.

Жапжашыл күнгөй мекени,
Миң түстүү өскөн гүл экен.
Түр боек көп салынган,
Төшөлгөн килем өзү экен.

Шар аккан суунун боюнда,
Каз катар боз үй тигилген.
Меймандарды тейлеген,
Женекей кыргыз эл экен.

Көз жоосун алган көк жондор,
Мелжиген сулуу жай экен.
Кайберендер ээрчишип,
Мекендеген жер экен.

Мөнгүнү кууп коктудан,
Кымыздык ышкын издесең,
Кайсыл мезгил болсо да.
Жер эне сунат сен жесен,

Бул жерди барып көргүлө,
Бир келген жарык дүйнөдө,
Ажал жетип күн бүтсө,
Калат да бир күн дүйнөдө.

19/ 2012

## Тынчтык болсо

Жылжып аккан тунук булак көп экен,
Түрдүү бир дартка даба экен.



Пенделерим ден – соолукта болсун да,
Алла – Таала өзү берген дары экен.

Мына эми ыйык жерди көкөлөтүп,
Көрукка айландырды эгемен эл.
Сактай билгин өздөштүрүп,
Ачылбай кендер жатат байлыгың көп.
Жазылбай сырлар жатат ырдай турган,

Өздөштүр кыргыз элим өркүндөткүн.
Башка элге өздөштүр деп берип койбо,
Иштеткин Кыргызстан өз эркиңче.
Көз жоосун алган сулуу жаратылыш,
Бул жердин таштары алтын, суусу дары.
Жайнаган чөптөрдүн баары дары,
Аралаш өсөт экен токой дагы,

Дагы эгип жашыл токой өстүрө бер.
Ал жерде эмгектенген корукчулар,
Көзүндүн карегиндей сактай бергин.
Рахатын көрөсүнөр тынчтык болсо.

20/ -2012-ж

## Из калсын

Жай чилде дем алышта бир барабыз,
Алыстап кеткен сайын сагынабыз.
Өскөн жер, өзөн суулар, тунук булак,
Шар аккан шаркырытма аппак суулар.

Түбүндө майда балык сүзүп жүрөт.
Көлчүктө бака чардап ырдап жүрөт,
Ал өйүз бул өйүздүн бүт баарында,
Ар түрдүү гүлдөр жайнап өсүп турат,
Тоо этектеп аккан суунун агымына,
Аңкыган атыр жыттуу шамал келет,
Пендеге мээрим төгүп Алла Таала.

Жапайы өсүмдүктөн мөмө берет,

Эмгектен жылдын баардык мезгилинде,
Байлыгын, бактын да өз жеринде.
Жандилин, менен сүйүп эмгектенсен,
Эккен багың калат өз элинде.

**13/ -2012-жыл**

## Элдик макал – лакаптар

- Жакшы болсон жатык бол,
  Улук болсон сылык бол!

- Өздү жаттай сыйлагын,
  Жат жанынан түнүлсүн!

- Көр кассаң кен каз,
  Өзүн барып түшөсүн!

- Куру келген күйөөдөн,
  Куурай көтөргөн күл өйдө.

- Тайлуу бээге жолобо, тайы тебет башына!

- Жакшы – адам тырышчаак,
  Жаман – адам урушчаак!

- Ишенбегин досуңа, саман тыгат постуңа!

- Өгөй эне гөөр сок, гөрдө жатып кол булгайт!

- Жакшы болуш аста – аста, жаман болуш бир паста!



- Жаман менен бир жүрсен, каласьш уятка,
  Жакшы менен бир жүрсөң жетесин муратка

- Таш менен урганды аш менен ур!
  Эр эмгегин жер жебейт!

- Сабыр кылып жашасан жетесин муратка, Сабыр кылбай жашасан каласын уятка!

- Эт жакшысы картадыр,
  Заадисине тартадыр!

- Туулгандын турпагы алтын,
  Турмушуң жакшы болсо,
  Тууганын жакын.
  Турмушуң жүдөө болсо,
  Бардыгы аксым.

- Тайгаланбас туяк болбос,

  Жанылбас жаак болбос!

- Жеймин дейсин куйрукту,
  Кудай берет буйрукту.

- Көк тирреген кудаярхан дагы, колу талып которулат.

- Ажалдан коркпо, арам ой, эки жүздүүлүктөн корк.

- Өзүнүн башындагы төөну көрбөй,
  Бирөөнүн башындагы чөптү көрөт!

- Өздөн чыккан жат жаман,

Өзөктөн чыккан өрт жаман

- Бар болсон кайрымдуу бол,
Жок болсон эмгекчил бол!

- Өмүр бир келет, өкүнбөй өтүү үчүн,
Өзүңө эрктүү күч керек!

- Чар каргалар чаркылдап турса,
Булбулдун үнү басылат.

- Бөрү карыса бир койчолук алы бар!

- Жаман адам өз агасын агалай албай,
Өзгөнүн улагасын сагалайт.

- Эмгегиң каттуу болсо,
Жегениң таттуу болот!

- Жашыңда берсин мээнетти,
Карыганда берсин дөөлөттү.

- Өнөрүң болсо өргө чал,
Өнөрү бар өлбөйт,
Элинде калсын ибарат

- Эңкейгенде эңкейгин башың жерге тийгенче,
Кекейгенге кекейгин төбөң көккө жеткенче

- Кесибин ырыс эшигиң

- Жаман эркек жер тандайт,
Жаман аял эр тандайт.



- Маңканын күлгөнү жаман,
Жамандын күйгөнү жаман.

- Эр сыйлабаган аялдын,
Тулчулук берсин жазасын,
Ат сыйлабаган эркектин,
Жөөчүлүк берсин жазасын.

- Эки эшек бири – бирине күлүксүнөт,
Эки жинди бири - бирине түзүксүнөт.

- Өз балаңа да сылык – сыпа сүйлөгүн,
Өзүмчүл кылып үйрөтүп кийин өкүнүп жүрбөгүн,

- Тал – чыбыктын ийилгени сынганы,
Жаш адамдын уялганы өлгөнү

- Уста менен бир жүрсөн,
Өнөр жолун аласын,
Ууру менен бир жүрсөң уятына каласын.

- Иче турган ашыңа,
Какырба да түкүрбө!

- Жаманга айткан кайран сөз,
Өлгөнгө ыйлаган кайран көз!

- Сөздү уккан адамга айт,
Сууну сиңген жерге чач.

- Жети өлчөп бир кес.

- Адам болоор кишинин

Жалал-Абадская областная библиотека

Адам менен иши бар
Адам эмес кишинин
Эмне менен иши бар

- Эшигин көрүп төрүңө өт,
Энесин көрүп кызына өт.

- Эрине теңелген аял,
Эңгиреп көчөдө калат.

- Турмуш чытырман токой,
Турмуштун арабасын экөө тең,
Адашпай жолун таап сүдүрсө,
Экөө тең бактылуу болот.

- Сыйлаганга сый келет,
Сыр аяка бал келет,
Сыйласаң, сый көрөсүн,
Ыйлатсан ый көрөсүн.

- Атандын тешесин жоготпо,
Апандын оймогун жоготпо.

- Алдыңа келген жоодон коркпо,
Аркаңдан келген доодон корк.

- Ойноп сүйлөсөн да ойлоп сүйлө.

- Буттан жыгылган турат,
Тилден жанылган турбайт.

- Адам баласынын башына,
Ар иш келип, ар иш кетет,



Акыл менен калчап,
Аны көтөрө билүү керек.

- Адам тирүүсүндө баркталбайт,
Өлгөндөн кийин данкталбайт.

- Өмүр соодасы көңүл соодасы.

- Түсүнө караба, түбүнө кара.

- Кызга кырк үйдөн тыюу.

- Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

- Куда болгуча сынаш,
Куда болгондон кийин,
Кул да болсо сийлаш.

- Жакшы уул мандаңдагы жылдыз,
Жакшы кыз жакадагы кундуз.

- Жаман сөз жан кеитет
Жакшы сөз жан ээргитет.

- Бир күн туз ичкен жериңе,
Миң күн салам айт.

- Айдаганың беш эчки ышкырыгың таш жарат.

- Сагызган сактыгынан өлбөйт, Суктугунан өлөт

- Ат бир баскан изин үч басат.

- Атасы болушчаактын баласы тентек,
  Энеси болушчаактын кызы эрке.

- Эркенин бир аты жинди болот.

- Кыздын эркеси биттин сиркеси.

- Адамдын эки аты болот,
  Жакшы деген бир ат бар кууса жеткис,
  Жаман деген бир ат бар жууса кеткис.

- Алыскы жердин нанынан,
  Өз жериндин саманы артык.

- Башың жетсе да булутка,
  Өткөн күнүңдү унутпа.

- Таш тушкон жер оор.

- Сынчынын сынаар өтүгү майрык.

- Казга тенелип карганын буту сыныптыр.

- Аялдардын чачы узун, акылы кыска.

- Жакыр келсе досунан мал аяган жигитпи,
  Эл четине жоо келсе жан аяган жигитпи.

- Ырыс- алды ынтымак!

- Эки дөө урушса бей ажал чымын өлөт.

- Достуктан ыр жаралат, Кастыктан муң жаралат.



- Эркекке ишенгиче, эки босогоно ишен.

- Ат айланып казыгын табат,
  Тегирмен айланып турумун табат.

- Бир эркек менен өткөн аялды,
  Аял десе жарашат.
  Эки эрге тийген катындан,
  Эмшейген кемпир жакшыраак.
  Үч эрге тийген катындан,
  Таргыл эшек жакшыраак.

- Жаман катын белгиси
  Калдырак кылат терини
  Карыз кылат эрини.
  Жакшы катын белгиси
  Булгары кылат терини
  Мырза кылат эрини.

- Адам баласына кызыр назар кылбаса,
  Эшек базарга далдалчы боло албайт.

- Жоо өткөндөн кийин,
  Кылычыңды ташка чап.

- Темирди кызыгында сок.

- Сабырдын түбү сары алтын.

- Жабыгып жүрсө жигитти,
  Жакырсың деп кордобо.
  Ташыркаса буудаңды,
  Баса албайт деп болжобо.

Жалал-Абадская областная библиотека

- Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын.
  Араба сынса отун, өгүз өлсө гөш.

- Казга теңелип, карганын буту сынат.

- Жылуу сөзө жыланды ийининен чыгат.

- Жылан ийрилигин билбей,
  Бакаы майрык дейт.

- Уулу бар узун сүйлөбө,
  Кызы бар кыйын сүйлөбө.

- Катынын эптүү болсо,
  Эрдин кадыр тапканы.

- Катынын гөйрөн болсо,
  Эрдин карызга батканы.

- Катынды башынан, баланы жашынан башта.

- Куру сөз менен кубанткан адамдан корк,
  Көйнуңда жатып тил албага бүлөңдөн корк.

- Ак мойунга азгырылганын
  Адамдык касиеттен калганын.

- Өз үйүңдөн таппаган бакыты,
  Эч жерден издеп таба албайсын.

- Жер бузулса токтойт,
  Эр бузулса токтобойт.



- Өткөн өмүр, калган көңүл табылбайт

- Өз балаңды өзүң асырабай,
  Өзгөгө бактырганың барып турган наадандыгың.

## Аягы!

Урматтуу окурман колуңуздагы китептин максаты. Улуу эмгекчил инсандардын басып өткөн жолу, өмүр баяндары киргизилди. Кыргызымдын карапайым адамдары кандай жөнөкөй болушкан, алар жакшылыктарга кандай гана зор эмгеги менен, сабрдуулугу менен жетишишкен. Жогорудагы инсандар Кыргызымдын мекенчил аттуулдары, келечектеги кыргыз аттуулдары да, ар кандай қыйынчылыка тик туруп, өз мекени үчүн көп жетишкендиктерге жетишсе дейм! Ошону менен бирге курчап турган дүйнөнү, жаратылышы адам баласынын жан шериги экенин ар бир адам жүрөгүнүн
тереңинен орун берүүгө тийиш. Өмүрү өрнөк адамдардын басып өткөн жолу кийинки муундарга үлгү болуу менен бирге эл үчүн ийненин учундай пайдасы болсо, анда мен бактылуумун! – деп өзүмдү сезээр элем!

**Автор**

## Мазмууну


- Сүрөт ........................................
- Автор жөнүндө.................................................1
- Аймактын алдынкы инсандары. Иштерман жылы 2013 – жыл ..............................................2
- Сунуш пикир А.Акжолов.......................................3
- Салкын эжеге арноо ...........................................4
- 50 жашта арноо ..................................................5
- Арноо ....................................................................5
- Жер соорусу арстанбап санжырасы китебине карата Пикир .....................................................................5
- Ийгиликтер коштосун ...........................................6
- Дыйкан атам жөнүндө баян ...................................6
- Мен дыйкандын кызымын .......................................7
- Нагыз дыйкан ........................................................9
- Осмоналиев Жаныбекке арноо ..............................10
- Алдынкы теримчи ак алтын устаты ......................11
Жазгым келет: бүт өмүрүн агартууга арнаган мөмөлөрү туш тарапта жайнаган
- Бактылуу карыя жөнүндө баян ...............................13
- Ажы атага .............................................................15
- Айылды дүйшөнү. Өмүр баяны Тагаев Адиш (өз аты Абдилла) ..............................................................16
- Тагаев Адиш агайга ..............................................18
- Тагаев Дурусбекти эскерүү ...................................20
- Улуу Ата Мекендик согуштун учкучу Долдоев Эргеш ава жөнүндө сөз ........................................................21
- Эргеш авага ..........................................................27
- Билим саяпери.......................................................29
- Бекболот агайга.....................................................30
- Илимпоз агай.........................................................33
- Рахманов Козубай агайга.......................................34
- Мырзабек Култаев агай .........................................35
- Мырзабек агайга ...................................................37
- Алдынкы асыл адамдар эле ..................................38
- Агай менен эжеме ................................................40
- Өзгөнов Сайдилла агай .........................................41
- Агайга ...................................................................42
- Укубаева Кимсан эже ...........................................43
- Кимсан эжеге ........................................................47
- Алдынкы агартуу үй – бүлөө ................................49
- Ардактуу эс алууда, үлгүлүү үй – бүлө болуп таанылган Сизге .........................................................................51
- Эл мугалими ........................................................51
- Агайга ..................................................................52
- Жубайыма ............................................................53
- Үлгүлүү үй – бүлөлөр ..........................................54
- Экөөнө ..................................................................55
- Укубаева Турсун эже ...........................................57
- Турсун эжеге арноо ..............................................58
- Алыбаев Курманали Ураимович ...........................60
- Курманали агайга .................................................61
- Коргоо ..................................................................62
- Сакенге ................................................................63
- Кесиптештер Касымбеков Акимбекти эскерет .........64
- Касымбеков Акимбектин жүрөгүнөн чыккан физика ыр саптары .............................................................65
- С. Далбаев атындагы эмгек жамааты эскеребиз асыл сапат кыйялын .........................................................66
- Кыска жана нуска жашады ....................................66
- Эмгек жамааты. Бейиште болсун гүл десте ............67
- Аттиң арман (Саламаттыкы) ................................68
- Жүрөктө калган так (кызына) ...............................69
- Кызы Айканы эскерүү ...........................................70
- Агартуунун алдынкысы сен элең ..........................71
- Кочкоров Равшанбек (мүнөздөмө) ........................71
- Равшанбекке арналат............................................72
- Тоо койнунан чыккан тскөй жылдызы Алимага .........74
- Алиймага..............................................................75
- Оморов Нурмамат ................................................76.
- Нурмамат агайга ..................................................77.
- Жаткан жериң жайлуу болсун ..............................78
- Гүлүйпага ............................................................78
- Абдыкадырова Мастөтө .......................................79
- Мастөрө эжеге арнаймын .....................................80
- Өмүр баян ...........................................................81
- Классташым маркум Күмүш Акимбекованы эскерүү ....82
- Карбаев Кайбар ....................................................83
- Карбаев Кайбар агайга .........................................85
- .......................................................................86

Жазгым келет: жаратылыш коргогон сакчылардын алдынкысын алардын жалындаган жаш өмүрдүн баардыгын жашыл аалам токойуна арнаган.

- Жаратылыш жана мен ..........88
- Примназаров Кеңешбек..........94
- Чындыктын арты өкүнүч..........95
- Жердештериме..........98
- Бегматов Акматали ..........99
- Акем менен жеңеме ..........101
- Абдрешов камчыбек ..........102
- Абдрешов Камчыбек акеге эскерүү ..........103
- Мамбеталиев Мамасадык ..........106
- Мамасадык акеге ..........108
- Тун кызы Айчүрөк ..........110
- Айчүрөккө арноо сөз ..........111
- Долдоев Анарбай токойчу ..........112
- Анарбай акеге ..........113
- Айыл акыны жана ардагери Бегматов Мырзабек аке ..........115
- Арстанбабым ..........117
- Бегматов Мырзабек акеге арнаймын ..........117
- Арстанбап – Ата токой чарбасынын ардактуу алуулу Кыргызбаев Жакыпбек жөнүндө баян ..........119
- Жакып акеге ..........120
- Алланын сүйгөн адамы ..........121
- Арноо ..........122
- Жашыл аалам жаратылыш адамы жөнүндө баян ..........124
- Сизге ..........126
- Токойду өстүрүү үчүн күрөшкөн инсан ..........127
- Абдураим ажы акеме арнаймын ..........128
- Эламанов Абдумалик Исмаилович ..........129
- Арноо ..........130
- Жашыл ааламга жаш өмүрүн арнаган инсан ..........131
- Мамаш жездеге арноо ..........133
- Касымбекова Сабира ..........135
- Сабирага арноо ..........136
- Мамаева Адаш ..........137
- Адашка ..........139
- Досматов Азимжан жөүндө ..........141
- Азимжанга арнаймын ..........142
- Кимсанов Рыскул ..........143
- .Арноо сөз ..........143
- Айылдын алдынкы уулу ..........145
- Бактыбекке арнаймын ..........145
- Кыпчаков Ырысмамат (Садабай) ..........146
- Экөөңө арнаймын ..........148
- Кудайбердиев Жусумамат ..........149
- Кыргыз элине кайрылуу ..........150
- Койлобаев Сардарбек ..........152
- Сардарбекке ..........153
- Жазгым келет: ден соолуктун сакчысын, өмүр үчүн ажал менен кармашкан, ак халатчан дарыгерлер жакшысын.
- Караев Ырысбек ..........154
- Караев Ырысбекке ..........155
- Орункүлгө ..........156
- Атадан калган туяк ..........157
- Үлгүлүү үй – бүлөлөр кут болсун ..........159
- Сеитова Зулфия ..........161
- Ак халатчан үй – бүлөлүү Артыкбаев Асанбек жөнүндө баян..........163

Жазгым келет: улуу согуш каргышынын айынан дареги жок жоокерлерди эскерип: "Атам келет эркелетет" – деп жүруп, алар эми өксүү менен каарыган.

- Айзада эже атасыны күтөт ..........166
- Айзада эжге арноо ..........168
- Алгачкы мугалим Табалдиев Ороз ..........173
- Дарексиз жоокер урпактары Орозов Жалил ..........173
- . Орозова Саламат ..........175
- Атадан калган жалгыз туяк ..........176
- Карбеков Бөрүбай ..........177
- Кушбак Болуш баяны ..........180
- Жазгым келет: колхоз куруп элди үндөп, адилеттүү эмгектенген эл үчүн, инсандарды атап жазам эскерип.
- Улуу инсан Ирсалиев Турдумат ата урпактары ..........183
- Турдуматов Сатыбалды ..........184
- Турдуматов Абдырахман ..........185
- Турдуматова Паяз ..........186
- Келиндерге ..........186
- Турдуматова Пазилат ..........187
- Турдуматов Жумагул ..........187
- Сагынам ..........190
- Сагыныч ..........190
- Окуучуларга ..........192

- Артынан жазган арман ыр ........................................193
- Турдуматов Болотбек ........................................194
- Көк – Тондум ........................................195
- Апама арнаган гүл десте ........................................196
- Арстанбап ........................................197
- Оору жөнүндө ........................................198
- Турдуматов Абдыкапар ........................................199
- Турдуматов Абдыжапар ........................................200
- Ноорузум ........................................200
- Бешик ыры ........................................201
- Сактайлычы аралды ........................................201
- Турдумат атага арнаймын ........................................202
- Бакен ата баяны ........................................203
- Өмүрү өрнөк адам. Бакен атага ........................................205
- Бакен атанын сүйлөгөн сөзү ........................................206
- Бакен атага айтылган каалоолор ........................................209
- Абдалов Эргеш ким болгон? ........................................210
- Абдалов Эргеш авага ........................................212
- Улуу карыя Уметовтор жөнүндө ........................................216
- Сулайман ата менен Токтокан апага арнаймын ........................................219
- Баялиев Чырак ........................................220
- Баялиев Чырак аваны эскерүү ........................................221
- Нурбеков Авазбек ажы ата жөнүндө ........................................224
- Нурбеков Авазбек сыйлыктары жана эмгеги ........................................225
- Нурбекова Айнура ........................................226
- Айнура айымга ........................................226
- Мырзайымга ........................................227
- Арноо ........................................228
- Кыргызбай ажы баяны. Урпактары Маданбек Козубаев ......229
- Таажы эжеге ........................................230
- Калымбетов Козубай акеге ........................................231
- Эмгектенген эл үчүн малын багып, жайын жайлап, кыш чилдеде тоңбогон малчылардын алдынкысы жылкычысы койчусу Осокеев Орунбай ата жөнүндө баян........................................234
- Орунбаев Пааз ........................................235
- Айылдын алдынкы уулу Паязов Сактан ... ........................................236
- Сактанга ........................................238
- Бактылуу үй – бүлөлөр ........................................238
- Маркум Бегимкулов Карыбек ........................................240
- Маркум Бегимкулов Карыбекке арнаймын ........................................242
- Турсунбаев Калмурза ........................................244
- Саадат эжеге ........................................245
- Бөрүбаев Тешебай ажы ........................................246
- Ормонов Турсунбай ........................................247
- Айылдын асыл карыялары эле ........................................249
- Кыргыздын ыйык жерлери ........................................251
- Өз ойумду ортого салгым келет ........................................254
- Колхоздун түптөлүшүнө салым кошкон алдынкы чабан Машкадиров Жолдош аке жөнүндө баян ........................................256
- Экөөңө ........................................257
- Тун кызы Саадат жөнүндө өзгөчө сөз ........................................258
- Саадатка арноо ........................................258
- Ботобай ата жөнүндө баян ........................................259
- Атадан калган мурас ........................................261
- Ботобаев Абдырашит ........................................263
- Ботобаев Шекербек ........................................264
- Издеп жүрөм ........................................265
- Кетпесин жүрөк жарылып ........................................266
- Жашоо арманы ........................................266
- Төңкөрүлүш 2005 – жыл 24 – март ........................................267
- Өмүр баян Нышанов Сайдилла ........................................268
- Айлуу түн ........................................268
- Арстанбабым ........................................269
- Аял жөнүндө асыл сөз ........................................269
- Жаштык жана карылык ........................................270
- 197 Өмүр жана өлүм жөнүндө ой толго ........................................270
- Кыргыздын кыйын кыздары........................................271
- Менин айылым ........................................273
- Ой толгоолор ........................................274
- Күзгө ........................................276
- Кайрылуу (эгемен күнгө) ........................................276
- Жаштарга ........................................277
- Ажыга барган айымга ........................................278
- Китепти сүйгөндөрдүн эсиндемин ........................................278
- Алик Кулматов 50 жаш арноо ........................................279
- Кудагыйым Гүлнарага ........................................279
- Кудама ........................................280
- Караматка ........................................281
- 60 жаш кут болсун Ш. Талиповага ........................................283
- Суктанамын ........................................284
- Тынчтык болсо ........................................285

Жалал-Абадская областная библиотека


- Из калсын ..........235
- Макал лакаптар..........286
- Аягы ..........295


*Чуркулова С*

*Аймактын чыгаан инсадары*


Коректор
Сулайманова Даткайым

Мукабасын иштеп чыккан
Аюпов Таалай

Компьюторго калпка салган
Сулайманова Даткайым

Форматы
Көлөмү
Нускасы 100

Тип. "ЖК.Сулайманов" басмаканасы
Жалал – Абад шаары. Көк – Арт к/ч
Жамашев көчөсү №133 үй.